# ХРИСТИАНДАР АЗ. ИСАНЫ УГУШСУН

# HRİSTİYANLAR HZ. İSA'YI DİNLESİNLER


## ХАРУН ЯХЬЯ (АДНАН ОКТАР)
## HARUN YAHYA (ADNAN OKTAR)

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı "Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**

Kayışdağı Mah. Değirmen sokak No: 3

Ataşehir - İstanbul

Tel: (0216) 660 00 59

Baskı: SEÇİL OFSET

100 Yıl Mahallesi MAS-SİT Matbaacılar Sitesi

4. Cadde No: 77 Bağcılar - İstanbul

Tel: 0 212 6290615

BASKI TARİHİ: NİSAN 2013

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч калуу мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

• Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

• Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

• Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# Мазмуну


БАШ СӨЗ: ХРИСТИАНДАР АЗ. ИСАНЫ УГУШСУН
Бул китептин максатын туура түшүнүү эмне үчүн маанилүү?............................

КИРИШҮҮ: ХРИСТИАНДЫК НЕГИЗИ БИР ТАВХИД ДИНИ .........................

1-БӨЛҮМ: ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР БОЮНЧА ИНЖИЛ КИЙИНЧЕРЭЭК БУРМАЛАНЫП КЕТКЕН
Христиандар Инжил өзгөртүлгөн болушу мүмкүн деп ойлогондо динден чыккан болушпайт..........................................................................................

2-БӨЛҮМ: ҮЧ КУДАЙ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ
Аллах себептерден аруу-таза жана балалуу болгон эмес.....................................

3-БӨЛҮМ: АЗ. ИСА (АС) КРЕСТКЕ АСЫЛГАН ДЕГЕН ЖАҢЫЛЫШТЫК
Аз. Иса (ас) крестке асылган деген көз-караш жөнүндө төрт Инжилдеги карама-каршылыктар ..........................................................................................

4-БӨЛҮМ: ХРИСТИАНДАРДЫН АЛЛАХ КОРКУУСУ ЖАНА АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ БОЮНЧА ЖАҢЫЛЫШТЫКТАРЫ
Чыныгы ыйманда Аллах сүйүүсү Аллах коркуусу менен бирге болот .............

5-БӨЛҮМ: АЗ. ИСА (АС)ДЫН КУДАЙ ЭКЕНИНЕ ИШЕНГЕНДЕР БЕЙИШКЕ КИРЕТ ДЕГЕН ЖАҢЫЛЫШТЫК
Чыныгы ыймандуулар кыйынчылыктар менен сыналышат ................................

6-БӨЛҮМ: КЭЭ БИР ХРИСТИАНДАРДЫН АРМАГЕДДОН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ
Акыр заман дажжал фитнасы боло турган доор ..................................................

7-БӨЛҮМ: КЭЭ БИР ХРИСТИАНДАРДЫН МУСУЛМАНДАР ЖӨНҮНДӨ ЖАҢЫЛЫШ КӨЗ-КАРАШТАРЫ..........................................................................

8-БӨЛҮМ: АЗ. ИСА (АС) ЖЕРГЕ ТҮШТҮ
Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) азыр жер бетинде ..........................................

9-БӨЛҮМ: КЭЭ БИР ЕВАНГЕЛИСТТЕРДИН АНТИХРИСТ (ДАЖЖАЛ) КӨЗ-КАРАШЫНЫН КООПТУУЛУГУ ....................................................................

КОШУМЧА БӨЛҮМ: ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ ..................................

# БАШ СӨЗ
# ХРИСТИАНДАР ИСА МЕСИХТИ УГУШСУН

## Бул китептин максатын туура түшүнүү эмне үчүн маанилүү?

Бул китепти окуган Христиан бир туугандарыбыз түшүнүшү зарыл болгон өтө маанилүү бир чындык бар: китептин жазылуу максаты – эч Христиан бир туугандарыбызды сындоо, аларды жамандоо, Инжилди толугу менен жокко чыгаруу же Христиандык динин жок кылуу эмес.

Мусулмандар Бакара Сүрөсүнүн 136-аятында айтылгандай: «Биз Аллахка, бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахим, Исмаил, Исхак, Йакуб жана урпактарына түшүрүлгөнгө, Муса жана Исага берилген менен пайгамбарларга Раббинден берилгенге ыйман келтирдик. Алардын эч бирин башкасынан бөлбөйбүз жана биз Ага өзүбүздү тапшырганбыз» дешет. Ошондуктан Мусулмандар да дал Христиандар сыяктуу Инжилдеги акыйкат өкүмдөргө моюн сунууга, терең маанилүү баяндарды бийик тутууга милдеттүү.

Бир Мусулман Мусулман болуу менен бирге ошол эле учурда **ЧЫНЫГЫ БИР ИБРАХИМИ (Ибрахим пайгамбарга ишенет)**, **ЧЫНЫГЫ БИР НУХИ (Нух пайгамбарга ишенет)**, **ЧЫНЫГЫ МУСЕВИ (Муса пайгамбарга ишенет)**, **ЧЫНЫГЫ ИСЕВИ (Иса пайгамбарга ишенет)**. **БҮТ ПАЙГАМБАРЛАРДЫ КАБЫЛ АЛЫП, СҮЙҮП, МАКТАЙТ ЖАНА БИЙИК ТУТАТ**. Христиандар менен бирге Мусулмандар да биз жашап жаткан акыр заманда Аз. Иса (ас)дын келишин күтүп жатышат. Ошол эле учурда тынчтыктын жана сүйүүнүн дини болгон Исламдын бир талабы катары **ЧЫНЫГЫ МУСУЛМАНДАР КУРАНДА КИТЕП БЕРИЛГЕНДЕР (АХЛИ КИТАП) ДЕП ТААНЫТЫЛГАН ХРИСТИАНДАРДЫ ЖАНА ИУДЕЙЛЕРДИ СҮЙҮҮ, АЛАРДЫ КОРГОП КОЛДООГО МИЛДЕТТҮҮ**.

Куранда Аз. Иса (ас), Аз. Мариям (ас), Христиандар жана Инжил макталган көптөгөн аяттар бар. Христиандыкка кийин кошулган кээ бир туура эмес ишенимдер Куранда оңдолгону менен, Куран Акыйкат бир китеп болгон Инжилдин Аллахтын вахийи бир Китеп катары түшүрүлгөнүн тастыктайт. Куранда **ХРИСТИАНДАР МЕНЕН ИУДЕЙЛЕР «КИТЕП БЕРИЛГЕНДЕР» КАТАРЫ ӨЗГӨЧӨ БИР СТАТУСКА ЭЭ ЖАНА АТЕИЗМГЕ КАРШЫ МУСУЛМАНДАРДЫН ДОСУ.**

Ошондуктан Китеп берилгендерди туура, ишенимдүү Тоорот жана Инжил өкүмдөрүнө баш ийүүгө чакыруу, аларга тууранЫ көрсөтүп, алардын мындан да динчил жана мындан да чын ыкластуу болушуна шарт түзүү, аларды Аллахка бир жана жалгыз деп ыйман кылууга чакыруу Мусулмандардын милдети. Бул Аллахка ишенгендердин арасында бир туугандык, жакындык жана биримдиктин орун алышы үчүн да өтө маанилүү.

Бул китептеги Христиан бир туугандарыбызга арналган сөздөрдүн максаты – чын ыкласка, туура жолго, б.а. акыйкат Инжилге бир чакыруу. Христиандарды Аз. Иса (ас)га вахий кылынган акыйкат Инжилде жок, туура эмес

нерселерден жана жалган кошумчалардан тазалай алуу **ЖАНА АЛАРДЫН ЧЫНЫГЫ ИНЖИЛДИН ӨКҮМДӨРҮНӨ МОЮН СУНГАН, ЧЫНЫГЫ ХРИСТИАНДАР БОЛУШУНА ШАРТ ТҮЗҮҮ.**

Христиандардын чын ыкластуу динчил болушу Мусулмандар катары биз да каалаган бир нерсе. Биздин милдетибиз – Аллахтын Курандагы **«жакшылыкка буюруу жана жамандыктан тосуу»** (Али Имран Сүрөсү, 104) жана китеп берилгендерди тавхидге (Аллахтын Жалгыздыгына) чакыруу (Али Имран Сүрөсү, 64) буйруктарына ылайык кээ бир Христиан бир туугандарыбызды билбестен түшкөн жаңылыштыктарынан кайтара алуу, аларга акыйкатты жана тууранЫ көрсөтө алуу. Мына ушул себептен бүт ыймандуулар сыяктуу Христиандарды да бул коркунучтарга карата эскертүү, Аллах билдирген акыйкат өкүмдөргө, акылга жана логикага чакыруу өтө маанилүү.

Бул китепте акыйкат дин болгон Христиандыктын ичине көп жылдар ичинде кирген жана Куранда бир коркунуч катары эскертилген ишенимдер каралат. Бул жаңылыштыктарды кабар берген Куран аяттары белгиленүү менен бирге, негизи Христиандардын өздөрүнүн Ыйык Китеби болгон Инжилден бул жаңылыштыктарды четке кага турган далилдер сунулат. Бүт ишенимдердеги сыяктуу Христиандык ишениминде да өтө радикалдуу көз-караште болгон, сөз кылынган бул туура эмес ишенимдеринде өтө бекем турган, Куранды стереотип менен караган Христиандар болушу мүмкүн. Андай Христиан бир туугандарыбызга бул жерде жазылгандарды объективдүү көз менен окушун жана айтылгандарды жапжаңы бир көз-караш менен акыл калчап баа беришин кеңеш кылабыз. Бул аларды Инжилдин өкүмдөрүнөн алыстатпайт, тескерисинче, Аллахтын уруксаты менен, ИНЖИЛДИ АНДАН ДА ЧЫН ЫКЛАСТУУЛУК МЕНЕН БААЛАШЫНА ЖАНА ИНЖИЛГЕ ТОЛУГУРААК МОЮН СУНУШУНА себепчи болот.

# Китептеги Аллахка карата урматка туура келбеген бүт сөздөрдөн Аллахты аруулайбыз.

**Рахман Рахим болгон Аллахтын аты менен**

**Айткын: Ал Аллах жалгыз. Аллах Самед (бүт баары Ага муктаж, түбөлүктүү, эч нерсеге муктаждыгы жок). Ал төрөгөн эмес жана төрөлгөн эмес. Жана эч нерсе Ага тең эмес. (Ихлас Сүрөсү, 1-4)**

# КИРИШҮҮ
# Христиандык негизи бир тавхид дини

Ыйык жерлерде жашаган иудейлер арасында чыккан Христиандык дини Аз. Муса (ас)дын шарияты менен жашаган чын ыкластуу иудейлердин Аз. Иса (ас)га моюн сунушу менен жайылган. Аз. Иса (ас)га моюн сунган иудейлердин өзгөчөлүгү болсо – бул Аллахка Бир жана Жалгыз деп ыйман келтириши.

Бирок бул тавхид (Жалгыз Кудай) ишеними Аз. Иса (ас) асманга алынып, Христиандык путпараст аймактарды көздөй жайылган соң өзгөрүп кеткен. Аз. Иса (ас) Христиандык динине кийин кошулган үч кудай ишеними себебинен кудай катары көрүлүп башталган (Аллахты аруулайбыз). Бул жалган ишенимдеги Христиандар Улуу Аллахтын Заты Аз. Иса (ас)да бир адам абалында денеге келген деп башташкан жана бул ишенимди жайылтышкан.

Үч кудай же үчтүү бирдик ишеними –Аллахты аруулайбыз- «ата, уул жана ыйык рух»тан турат деп айтылган үчтүү бир Аллах ишеними маанисинде колдонулууда. Христиандык ишенимин өзгөрткүсү келген ар кандай кишилер ошол доордун Рим императору Константиндин башчылыгы жана колдоосу менен өздөрүнө Тоорот менен Инжилдеги «Аллахтын уулу» сөздөрүн далил катары алышкан. Аз. Иса (ас) Аллахтын чыныгы уулу деп айтышып, ага кудай сыпатын ыйгарышкан. Чындыгында болсо Тоорот менен Инжилдеги «Аллахтын уулу» сөздөрү бүт ыймандуулардын Аллахтын сүйүктүү кулдары экендигинин сонун бир айтылуу формасы. Матай Инжилинде бул чындык *«Тынчтык орнотуучулар бактылуу, анткени алар “Кудайдын уулдары” деп аталышат»* (Матай, 5:9) деп ачык айтылган. Аз. Иса (ас) жөнүндө колдонулган бул сөз да ушундай мааниге келет, Инжилдеги «уул» сөзү Аллахтын бир, сүйүктүү кулу маанисине келет жана эч качан Аллахтын чыныгы уулу (Аллахты аруулайбыз) маанисине келбейт.

Христиандыкка кийин кошулган жана тавхид ишенимин жыгууну көздөгөн бул туура эмес жана өтө кооптуу сөз акырындап Христиандык дининин эң чоң талабы жана шартына айландырылган, жана ал тургай бул ишенимге моюн сунбагандар динден чыккан кишилер катары көрүлүшкөн. Бул үч кудайлуулукту жактаган кээ бир поптордун башчылыгында бир кысымчылык жана мажбурлоо ыкмасы аркылуу коомдорго кабыл алдырууга аракет кылынып, Христиандык динине зордук менен кошулган. Үч кудай ишенимине каршы чыккандар катуу жазаландырылып, өлкөлөрүнөн сүргүнгө айдалышкан жана, ал тургай, өлтүрүлүшкөн. [Бул темада терең маалымат алуу үчүн караңыз: *Hz. İsa (as) Allah'ın Oğlu Değildir, Allah'ın Peygamberidir (Аз. Иса (ас) Аллахтын уулу эмес, Аллахтын Пайгамбары), Adnan Oktar (Аднан Октар – Харун Яхья), www.globalkitap.com*]

Бир нерсеге өзгөчө басым жасоо керек: Христиандыкка кийин кошулган үч кудай ишеними же кээ бир Христиандар айткандай үчтүү бирдик ишеними **Тоороттo да, Инжилде да жок**. Инжилдин эч бир жеринде үч кудай ишеними айтылбайт, бирок ошого карабастан үч кудайлуулук диндин шарты катары көрүлөт. Чындыгында болсо диндин шарты катары кабыл алдырылган жана Аз. Иса (ас)ды Аллахтын уулу деп көрсөтүүгө аракет кылган бул ишеним өтө чоң бир жаңылыштык жана өтө кооптуу. Христиан бир туугандарыбыздын көпчүлүгү бул коркунучтун чоңдугун толук билбей келишүүдө. Улуу Аллах Куранда бул коркунучтун чоңдугун мындайча сүрөттөйт:

**«Рахман балалуу болгон эмес» дешти.**

**Ант болсун силер өтө ЖАМАН НЕРСЕНИ кылып-келдиңер.**

**МЫНДАН УЛАМ АСМАНДАР ТАЛКАЛАНЫП, ЖЕР ЖАРЫЛЫП ЖАНА ТООЛОР КУЛАП ТАЛКАЛАНЧУДАЙ БОЛГОН.**

**Рахмандын баласы бар дешкени үчүн (ушулар болчудай болгон.)**

**Рахман (Аллах)ка балалуу болуу жарашпайт.**

**Асмандар менен жердегилердин (бүт адамдардын жана бүт нерсенин) баары Рахман (Аллах)ка кул болуп гана келет.**

**(Мариям Сүрөсү, 88-93)**

Аллах мындай кадамды, б.а. Иса (ас)ды Аллахтын баласы деп айтууну андан улам асмандар жана тоолор талкаланып кулай турган бир кадам деп сыпаттоодо. Чын ыкластуу Христиандар Аллахтын каарына тийген мындай чоң коркунучту сөзсүз көрүшү зарыл. Инжилге көп кылымдардан соң кошулган жана бүт каршы чыгууларга карабастан, чоң бир фитна ичинде, мажбурлоо жолу менен кабыл алдырууга аракет кылынган үч кудай ишениминин негизи чыныгы Инжилге карама-каршы келээрин байкашы керек. Догмалардан кутулуп акылга салып анализ кылуулары зарыл.

Албетте «коркунучту көргүлө» деп айтуу өмүр бою жалаң гана үч кудайлуулук тарбиясын алган бир Христиан үчүн жетиштүү бир сөз болбошу мүмкүн. Мына ушул себептен үч кудай пикиринин жана ушул сыяктуу Христиандык ишенимине кийин киргени ыктымал болгон жагдайлардын терең, Инжил сөздөрүнө таянып жана далилдер менен көрсөтүлүшү зарыл болууда. Мындай далилдер алдыда сунулмакчы. Китепте үч кудай ишеними жөнүндө үч бөлүмдө сөз кылынат.

Алардын биринчи бөлүмү үч кудай ишениминин Инжилге жана Христиандык ишенимине кийин киргенин далилдеген тарыхый маалыматтардан турат. Бул бөлүмдө ошондой эле үч кудай түшүнүгүнүн Тоороткo таянган бир негизи жок экени да каралат.

Экинчи бөлүмдө болсо чын ыкластуу Христиандарды Инжил тексттери жана Куран аяттары негизинде ойлонууга жана кээ бир чындыктарды көрүүгө багыттоо максатталууда. Христиан бир туугандарыбыз ал саптарды окуганда чын ыкластуу бир динчилдин эмне үчүн үч кудайлуулукка ишенбеши керек экенин түшүнүшөт жана мунун Аллахтын мыйзамында эч болушу мүмкүн эместигин апачык көрүшөт.

Үчүнчү бөлүмдө болсо акыл жана абийир менен караган бир адамдын өмүрүн толугу менен өзгөртө турган бир чындык баян кылынат. Бул заттын чыныгы жүзү темасы. Заттын чыныгы жүзү жөнүндө берилген маалыматтардын негизинде «көрүнүү (чагылуу)» түшүнүгүн толук түшүнүүгө болот, жана үч кудайлуулукту таңуулоого аракет кылган пикирдик негиз толугу менен четке кагылган болот.

# Куран мурдакы Китептерди тастыктоочу. Курандан Китеп берилгендер да жоопту

Бул темага кирүүдөн мурда өтө маанилүү бир жагдайга басым жасоо керек. Колуңуздагы китепте ар кайсы жагдайларды түшүнүү үчүн Инжилден тышкары, Курандан да далилдер берилгенин көрөсүз. Мунун себеби – **Курандын чындыгында Мусулмандардын китеби болгон сыяктуу, Христиандардын да, Иудейлердин да китеби болушу.**

Куран жөнөтүлгөн акыркы акыйкат китеп. Корголгон; ушул себептен ичинде ар кандай карама-каршылык жана логикасыздыктар жок. Бул жөнүндө Раббибиздин Пайгамбарыбыз (сав)га вахийи бар: **«Сага окутабыз, сен**

**болсо унутпайсың»** (Аъла Сүрөсү, 6). Аллах Куранды коруй турганын **«Албетте бул бир Курани Керим. Сакталып-корголгон бир Китепте (жазылуу).»** (Вакыа Сүрөсү, 77-78) аяттары менен да билдирген.

Куран таза вахий. Тоорот менен Инжилдин өзгөртүлбөгөн бөлүмдөрү сыяктуу адамдын ичине бейпилдик жана нур берет. Акылы жана абийири менен караган бир адам муну заматта көрөт. Куранды окур замат муну түшүнөт. Башка далилдин кереги жок. Эч бир абийир Курандын кооздугуна жана тууралыгына каршы тура албайт. Куран кереметтүү услубу, укмуш тактыгы, абийир менен рухка өтө жеткиликтүү кайрылышы, чынчыл түшүндүрмөлөрү, жылуу баяны, кемчиликсиз далилдери жана ичинде эч бир карама-каршылыктын жоктугу сыяктуу касиеттери менен окуган кишиде заматта күчтүү бир ишеним пайда кылат. Акыйкат (Аллахтан түшкөн) китеп экени ачык көрүнүп турат. Улуу Аллах муну Куранга тиешелүү жаратылган жана таң калтырган Куран кереметтери менен да бекемдеген. (Бул тема жөнүндө тереңирээк маалымат үчүн караңыз: *Куран кереметтери 1-2, Андан Октар – Харун Яхья, ky.harunyahya.com*)

Христиандар Куран жөнүндө билиши керек болгон маанилүү бир чындык бар: Куран өзүнөн мурдакы китептердин өкүмдөрүн жокко чыгаруу үчүн түшүрүлгөн эмес. **Тескерисинче Куран Тоорот менен Инжилдеги акыйкат өкүмдөрдүн тууралыгын тастыктоо жана акыйкатты жана тууранчы көрсөтүү үчүн түшүрүлгөн.** Ошондуктан бир Мусулман үчүн Курандан мурдакы китептердин бар экенин тануу арам. (Кээ бир Мусулмандар мындай пикирде болушу мүмкүн, бирок алар Куран жөнүндө маалыматы жок, ошондуктан Исламдын маңызын да билбеген бир катар сабатсыз радикалдуу пикирдеги адамдар. Бул жерде ал радикалдардын логикасына карап эмес, Курандын ачык аяттарынын негизинде сөз кылынууда.) Мусулмандар Курандагы вахийдин талабы катары бүт пайгамбарларды кабыл алышат жана чын жүрөктөн өтө сүйүшөт. Аз. Мухаммед (сав) биздин пайгамбарыбыз болгон сыяктуу, Аз. Муса (ас) да, Аз. Иса (ас) да биздин пайгамбарыбыз. Куранда буйрук кылынгандай бирөөсүн башкасынан бөлүшүбүз мүмкүн эмес:

**Айткыла: «Биз Аллахка, бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахим, Исмаил, Исхак, Йакуб жана урпактарына түшүрүлгөнгө, Муса жана Исага берилген менен пайгамбарларга Раббиңден берилгенге ыйман келтирдик. Алардын эч бирин башкасынан бөлбөйбүз жана биз Ага өзүбүздү тапшырганбыз.» (Бакара Сүрөсү, 136)**

Ошондуктан бир Мусулман ошол эле учурда **чыныгы бир Мусеви (Муса пайгамбардын үммөтү) дагы, чыныгы бир Исеви (Иса пайгамбардын үммөтү) дагы**. Ошондой эле Куран боюнча бир Мусулман Тоорот менен Инжилдин Куранга туура келген бөлүмдөрүнө моюн сунат. Мусулман бүт пайгамбарларды чын жүрөктөн сүйүп, кабыл алган сыяктуу, акыйкат Инжилди жана акыйкат Тооротту да кабыл алууга жана Куранга туура келген бөлүмдөрүнө моюн сунууга милдеттүү.

Куран мурдакы акыйкат китептерди жана пайгамбарларды тастыктагандыктан, **чыныгы Иудейлик (Мусевилик) менен чыныгы Христиандык (Исевилик) Куранда**. Ошондуктан чыныгы Исевилик менен чыныгы Мусевилик Куранды кабыл алуу жана Мухаммеди болуу менен гана мүмкүн болот. Мына ушул себептен **Курандан бир гана Мусулмандар эмес, бүт Мусевилер жана бүт Христиандар да жооптуу**.

Аллах Куранды Китеп берилгендер (Иудейлер менен Христиандар) үчүн бир нур жана апачык бир китеп кылып жөнөткөнүн бир Куран аятында төмөнкүчө кабар берген:

**Эй Ахли Китап (Китеп берилгендер) китептен жашырып жаткандарыңардын көпчүлүгүн силерге түшүндүргөн жана көпчүлүгүнөн өткөн элчибиз келди. Силерге Аллахтан бир нур жана апачык бир китеп келди. (Маиде Сүрөсү, 15)**

Курандын Инжил менен Тооротту тастыктоочу катары жөнөтүлгөнү аяттарда мындайча айтылат:

**Айткын: «Жебраилге ким душман болсо, (билип койсун) чындап аны (Китепти) Аллахтын уруксаты менен өзүнөн мурдакыларды (Тоорот менен Инжил) тастыктоочу жана ыймандуулар**

**үчүн хидаят жана сүйүнүчтүү кабар берүүчү кылып сенин жүрөгүңө түшүргөн Ал. (Бакара Сүрөсү, 97)**

**Ал сага Китепти акыйкат жана өзүнөн мурдакыларды тастыктоочу кылып түшүрдү. Ал Тооротту жана Инжилди да түшүргөн эле. (Али Имран Сүрөсү, 3)**

Бүт бул аяттардан Курандын Христиндардын жана Иудейлердин өз китептерин тастыктаган, аларга туура менен туура эмести көрсөткөн, карама-каршы пикирде калганда аларды жойгон, бүт нерсенин эч кемчиликсиз түшүндүрмөсүн көрө турган бир китеп катары түшүрүлгөнү анык. Христиан менен иудейлердин Куранга моюн сунушу керек экени башка бир Куран аятында мындайча билдирилген:

**<u>Эй китеп берилгендер (иудейлер менен христиандар),</u> бир катар жүздөрдү өчүрүп артына бура электе же ишемби адамдарын (ал күнү тыюуну укпагандарды) каргыштаган сыяктуу аларды да каргай электе, <u>жаныңардагыны (Тоорот менен Инжилди) тастыктоочу катары түшүргөнүбүзгө (Куранга) ыйман келтиргиле.</u> Аллахтын буйругу аткарылат. (Ниса Сүрөсү, 47)**

Башка бир аятта Куранга моюн сунууга чакырылганга карабастан, өз китептерине гана моюн сунууда өжөрлөнгөн китеп берилгендер Куранга чакырылып, Курандын алардын китептерин тастыктоочу катары жөнөтүлгөнү эскертилүүдө:

**Аларга: «Аллахтын түшүргөндөрүнө ыйман келтиргиле» деп айтылганда: «Биз бизге түшүрүлгөнгө ыйман келтиребиз» дешет жана андан кийинки (Куран)ды танышат. <u>Чынында болсо ал (Куран) жандарындагы (китепти) тастыктаган бир чындык.</u> (Аларга) Айткын: «Эгер ишенген болгонуңарда, мурда эмне үчүн Аллахтын пайгамбарларын өлтүрчү элеңер?» (Бакара Сүрөсү, 91)**

Улуу Аллах мындан мурда Тоорот менен Инжилдин хидаят (туура жол) булагы экенин, бирок эми чыныгы хидаят булагынын башка китептердин бүт сахих баяндарын тастыктаган Куран экенин да аяттарда бизге билдирет:

**Ал сага Китепти акыйкат жана өзүнөн мурдакыларды тастыктоочу кылып түшүрдү. Ал Тоорот менен Инжилди да түшүргөн эле. Мындан (Курандан) мурда (алар) адамдар үчүн бир хидаят эле. Тууралы туура эместен айырмалоочу (Фуркан)ды да түшүрдү. Чындыгында Аллахтын аяттарын тангандар үчүн оор бир азап бар. Аллах кудуреттүү, өч алуучу. (Али Имран Сүрөсү, 3-4)**

Курандын бул өзгөчөлүгү башка бир аятта кайталанып, мындан тышкары ошол эле аятта Куранды ар кандай түшүндүрмөнү камтышы жана чыныгы ыймандуулар үчүн бир хидаят экени да кабар берилет:

**Ант болсун, алардын кыссаларында таза акыл ээлери үчүн сабактар бар. (Бул Куран) ойдон чыгарыла турган бир сөз эмес, өзүнөн мурдакылардын тастыктоочусу, бүт нерсенин «ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана ыйман келтире турган бир коом үчүн бир хидаят жана мээрим. (Йусуф Сүрөсү, 11)**

Аллах Куранда иудейлерге төмөнкүчө кайрылат:

**<u>Жаныңардагы (Тоорот)ту тастыктоочу кылып түшүндүргөнүмө (Куранга) ыйман келтиргиле;</u> аны тангандардын биринчиси силер болбогула жана аяттарыбызды аз бир мүлккө алмашпагыла. Жана Менден гана корккула. (Бакара Сүрөсү, 41)**

Христиан бир туугандарыбыз бир нерсени туура эмес түшүнбөшү керек: **жогорудагы сөздөр аркылуу эч бир Христиандан Инжилге жана Аз. Иса (ас)га болгон жакындыкты таштащы талап кылынган жок.** Мындай нерсени талап кылуу Мусулмандар үчүн арам. Динибиз боюнча, Аз. Иса (ас)ды же Инжилдин бар экенин танган бир киши динден чыккан болот. Бул жердеги чакырык – Христиандар Куранды түшүнүшү, Куранга ишениши жана аларга Курандан берилген далилдерге ынанышы үчүн жасалган бир чакырык. Бул Христиандардын мындан

да кемчиликсиз Христиан болушу, Аз. Иса (ас)ды мындан да көп сүйүшү үчүн жасалган бир чакырык. Себеби бир Христиан Мухаммеди болгондо гана, Курандын акыйкат экенине ишенгенде гана өзүнүн динин жакшыраак түшүнөт жана Аз. Иса (ас)ды толук сүйө алат.

Христиан бир туугандарыбыз төмөнкү маанилүү жагдайга көңүл бурушу керек: **Куранга моюн сунуу жана Аз. Мухаммед (сав)га ыйман келтирүү Христиандардын колунан Аз. Иса (ас)ды албайт. Тескерисинче аларды бул куттуу пайгамбарыбызга андан да жакындатат.** Куранды окуган жана кабыл алган бир адам кемчиликсиз бир Исеви (христиан) да, кемчиликсиз бир Мусеви (иудей) да, Нухи да, Ибрахими да, Йусуфи да, Мухаммеди да болот. Бүт пайгамбарларды кабыл алып, бооруна басып, толук ыймандуу болгон болот. **Аларга тууранын көрсөткөн, алардын китептерин тастыктаган, алар үчүн улуу бир хидаят булагы болгон Курандын бар болушу жана эч өзгөрбөгөн болушу Ахли Китап (китеп берилгендер) үчүн да өтө зор бир немат-жакшылык.**

Аллах аятында Куранга толук моюн сунган Ахли Китаптын бар экенин кабар берген жана аларды акыретте Кабатынан бир сыйлык менен сүйүнчүлөгөн:

> **Күмөнсүз, Ахли Китаптан (китеп берилгендерден) Аллахка, силерге түшүрүлгөнгө жана өздөрүнө түшүрүлгөнгө –Аллахка терең урмат көрсөтүп- ишенгендер бар. Алар Аллахтын аяттарын аз бир наркка алмашышпайт. Мына ушулардын Раббилери Кабатында сыйлыктары бар. Күмөнсүз Аллах эсепти өтө бат жасоочу. (Али Имран Сүрөсү, 199)**

Китептин алдыдагы бөлүмдөрүндө Курандан берилген далилдерди ушул жерде берилген маалыматтар негизинде баалоо керек.

# Пайгамбарыбыз (сав)дын сахих Тоороттун окулушун колдогону жөнүндө хадистер

*Муслим мындайча риваят кылган: «Эбу Хурейре Аз. Пайгамбар (сав)дын айтканына күбө болгонун риваят кылган; «Мурда Аз. Мухаммед (сав) айткан, Ахли Китаптар Тооротту иврит тилинде окушчу жана Мусулмандар үчүн арапчага которушчу.» (Mişkatu'l Masabih, 1. Kitap, 6. Bölüm, s. 42)*

*«Аль-Хафыз эль-Зехеби жазат, иудейликтен Исламга өткөн Абдуллах Ибн Селам Аз. Пайгамбар (сав)га келди жана ага «(Кечээ түнү) Куранды жана Тооротту окудум» деди. Ал болсо жооп берди, «Муну бир түн оку жана беркисин болсо башка бир түнү оку».» (Al-Thalabi, Al-İman al-Thalabi Tathkarar al-Huffadh, 1 Cilt, s. 27)*

*«Аз. Мухаммед (сав)дын жакын чөйрөсүнөн Абдуллах Ибн-и Амр көп Тоорот окучу экен. Бир түнү түшүндө бир колунда бал, экинчисинде май кармап турганын, кээде бал кармаган колунан, кээде болсо май кармаган колунан жегенин көрөт. Абдуллах Ибн-и Амр түшүн Аз. Мухаммед (сав)га айтып берет. Аз. Мухаммед (сав) Абдуллахтын түшүн эки китеп, б.а. кээде Тоорот кээде болсо Куран окушу менен жоруйт.» (Buhârî, Sahîh-i Buhârî, 6. cilt, 987. hadis, s. 439)*

*Эбу Саид эль- Худриден: Пайгамбарыбызга (сав): «Эй Аллахтын Пайгамбары! Исраил урпактарынан булак алсак болобу?» дедик. Мындай деди. «Ооба, Исраил урпактарынан да булак алсаңар болот, эч зыяны жок. Алардан бир нерсе алып өткөрсөңөр, билип койгула, жандарында андан кызыктуу маалыматтар да бар.» (Hanbel, Müsned, 111/12, hadis no:11034)*

*Абдуллах б. Амр б. Астан; Расулуллах мындай деди: «Исраил урпактарынан да булак алсаңар болот, зыяны жок.» (Hanbel, Sahih Müsned, 11/159, H.no: 6486)*

# 1-БӨЛҮМ
# ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР БОЮНЧА ИНЖИЛ КИЙИНЧЕРЭЭК БУРМАЛАНЫП КЕТКЕН

## Христиандар Инжил өзгөртүлгөн болушу мүмкүн деп ойлогондо динден чыккан болушпайт

Христиан бир туугандарыбыздын көпчүлүгү Инжил кийинчерээк өзгөртүлгөн дегенге катуу реакция көрсөтүшүп, муну эч кабыл алышпоодо. Себеби муну бир «динден чыгуу» деп түшүнүшүүдө. Албетте, Христиандардын моюн сунган китебин бурмаланып кеткен деген пикирлерди терс реакция менен кабылдашы түшүнүктүү көрүнүш. Бирок мунун эч сөз кылбаш керек болгон жана «динден чыгууга» себеп боло турган бир анык өкүм болуп болбогонун түшүнүү үчүн бир аз ойлонуу, Христиандык тарыхын кароо жана булардын баарынын негизинде Инжилди кайра анализдөө зарыл.

Дагы бир жолу баса белгилей кетчү болсо, Инжил Мусулмандар катары биздин да китебибиз. Ошондуктан Инжилдин өзгөртүлгөн жана туура эмес жоромолдонгон болушу биз каалаган нерсе эмес. Бирок бул болгон нерсе жана бизге Куранда да кабар берилген. Демек бул бурмалоону көрсөткөн далилдерди жана тарыхый окуяларды караш керек. Албетте, бул чыныгы Инжил жок деген мааниге келбейт. Инжилдин өзү бүгүнкү күнгө чейин корголуп келген. Азыр бир жерде жашыруун турат жана Аллахтын уруксаты менен сөзсүз табылат. Ошондуктан негизгиси Инжилдин акыйкат өкүмдөрүн көрө алуу, Куранга карап баалоо жана акыл менен абийирге ылайык ойлонуу маанилүү.

Учурда Христиан бир туугандарыбыз тарабынан колдонулуп келе жаткан төрт Инжил жөнүндө сөзсүз билүү жана ойлонуу керек болгон дагы бир жагдай бар:

**Бул китепте сиз окуй тургандар Мусулмандар чыгарган тыянактар же пикирлер эмес. <u>Тескерисинче китепте айтылгандар Христиандардын өздөрүнүн булактарына таянат.</u>**

Мурда *Аз. Иса (ас) Аллахтын уулу эмес, Аллахтын Пайгамбары (Hz. İsa (as) Allah'ın Oğlu Değildir, Allah'ın Peygamberidir)* аттуу китебибизде терең каралган Христиандык тарыхына тиешелүү маалыматтарга бул жерде эске салуу максатында кыскача гана токтолобуз:

# Тарыхый булактардан Христиандыктын жайылышы жана үч кудай ишениминин булагы

- Баштапкы доордогу Христиан документтери менен Христиан жамааттарын анализ кылганыбызда, Аз. Иса (ас)дын **Аллахтын бар экени жана жалгыздыгы жөнүндө Аз. Муса (ас)дан да, Аз. Мухаммед (сав)дан да башкача бир окууну алып келбегенин көрөбүз.**

- Аз. Иса (ас)дан кийин Христиандык апостолдор (шакирттер) тарабынан жайылган. Алар өзгөчө Ортоңку чыгыш, Иерусалим, Антиохия, Урфа сыяктуу тавхид (жалгыз кудай) ишеними өкүмчүлүк кылган аймактарда динге чакырык жасашкан. Бул аймактар Пайгамбарлар чыккан аймактар болгондуктан, **тавхид ишенимине ансыз да жакын болгон көп кишилер бат эле Христиандыкты тандашкан.**

- Ал доорго чейин болбогон үч кудай ишениминин Христиандыкка кириши болсо, Аз. Иса (ас)дан көп убакыт өткөндөн кийин, Христиандыктын грек-рим путпарастыгы өкүмчүлүк кылган аймактарда жайылышы менен келип чыккан.

- Буга Египеттеги Александрия, Греция, Италия жана Анатолия сыяктуу аймактарда путпарасттыктан кайткан Христиандардын мурдакы ишениминин таасири менен атын «үч кудай (троица)» койгон бир Христиандыкты түзүп башташы себеп болгон.

# Путпарасттык үч кудай ишенимине кандай негиз болду?

 Тарых бою путпарасттар puттардын (идолдордун) арасынан дайыма үч путту башкаларынан жогору деп санашкан. Алардын эң чоңун Ата, экинчисин Апа, үчүнчүсүн болсо Уул деп кабыл алышкан. Буга кээ бир мисалдар төмөнкүдөй:

- Индия путпарасттыгында үч кудай түшүнүгү бар. Ал үч кудай Брахма, Вишну жана Шива.
- Куранда арап путпарасттыгында да үч кудай пикиринин бар экенине ишарат кылынат: **«Көрдүңөрбү, кабар бергиле; Лат менен Уззаны. Жана үчүнчү (пут) болгон Менатты(н кандайдыр бир күчү барбы)?»** (Нежм Сүрөсү, 19-20)
- Христиандыктан мурдакы доордо Сирия жана айланасында да үч кудай ишениминин кеңири жайылганы белгилүү.
- Ошол сыяктуу Египет путпарасттыгында да Осирис (Ата), Исида (Эне) жана Гор (уул) **үч кудайы** бар.
- Персия путпарасттыгы болгон **Митраизм да үч кудайлыкты жактаган бир жалган ишеним**. Биздин заманга чейинки кылымдарда Анатолияда жана Европада кеңири жайылган.
- Рим жана грек путпарасттыгында да үч кудай пикири жана ишеними бар. Зевс, Юпитер жана Аполлон байыркы Грециянын **үчтүк кудайлары**. Ансыз да Христиандыктын үч кудай пикиринин рим менен грек путпарасттыгынан келгени белгилүү.
- Грек мифологиясында көп санда ата кудай, уул кудай бар. Ал тургай, Платон бул үч кудайлуулукту формулалаштырып, калп «кудайлардын» **«логос» (сөз) деген бир уулу жана «софос» (акылмандык) деген бир кызы** болгонун жактаган. Белгилүү болгондой, Христиандыкта **Аз. Иса (ас) үчүн колдонулган аттардын бири «логос».**

Америкалык теология профессору доктор Пол Р. Эдди (Dr. Paul R. Eddy) да буга көңүл буруп, *"Was Early Christianity Corrupted by Hellenism?"* (Баштапкы Христиандык эллинизм тарабынан бузулганбы?) темалуу макаласында мындай жоромол жасаган:

> *Вавилонго чейин созулган байыркы дүйнө бою үчтүк топтор менен путпарасттык кудайларга сыйынуу кеңири тараган эле. Бул таасир Аз. Исадан мурдакы жана кийинки кылымдарда Египетте, Грецияда жана Римде да өтө көп көрүнчү. Апостолдор (шакирттер) өлгөн соң ушул сыяктуу путпараст ишенимдер Христиандыкты каптай баштаган...* ***Платон үч кудайлыкты азыркы формада үйрөтпөгөн болсо да, анын философиялары бул доктрина үчүн бир алдыңкы даярдык сыпатында эле.*** *(Dr. Paul R. Eddy, Was Early Christianity Corrupted by 'Hellenism'?, http://www.xmark.com/focus/Pages/hellenism.html)*

Көбүнчө путпарасттыкта, өзгөчө грек жана рим путпарасттыгында үчтүк кудайлардан эң чоңунун өлүмдүү аялдарга үйлөнгөнүнө жана ал үйлөнүүдөн дайыма эркек бала төрөлгөнүнө жана ал туулган балдардын да кудай экенине ишенилип келген.

-  Өлүмдүү бир аялдан төрөлгөн кудай бала ишеними бүгүнкү Христиандыктагы үч кудай ишенимине өтө окшошот.

Грек философиясында философтор физикалык аалам жөнүндө ой жүгүртүшүп өз ойлорунда кудай жөнүндө бир пикирге барышкан. Бирок өзгөрбөс жана түбөлүктүү деп кабыл алган кудайдын кандайча болуп аягы бар, өзгөрүүчү жандыктарды жарата алганын түшүнө алышкан эмес. Ушул себептен **заттык бир нерсе** аркылуу ааламдын пайда болушун түшүндүрүүнө аракет кылышкан.

Бул көз-караш боюнча, мисалы бир бала эне-атадан төрөлгөн сыяктуу, аалам пайда болушу үчүн да кудай менен жандыктар арасында болушу керек болгон ортомчулар, б.а. иерархиялык кудайча жандыктар болушу керек экенин айтышкан. Бул иерархия боюнча эң жогорку кудай авторитетти жана башталууну (б.а. жаратууну), калгандары убакыт жана мейкиндиктеги дүйнө иштерин, экинчи баскычтагы кудайлар болсо жаза берүү жана сыйлык берүү сыяктуу иштерди орундатышат.

Бул ойдон чыгарылган кудайлар менен кудайчалар көбүнчө эң негизгисинен башталып дайыма «үчтүү бир бирдик» катары белгиленген жана аталган. Ошондуктан үч кудай же үчтүү бирдик ишеними путпарасттык доордо пайда болгон кеңири тараган бир ишеним формасы.

Уильям Варнер (William Varner) Аз. Иса (ас)дын чакырыгын уккан еврей эместердин (Ыйык Китепте еврей эместер үчүн колдонулган бир ат. Аз. Иса доорундагы римдиктер үчүн колдонулат) көз-карашынын ушул пикирлердин негизинде калыптанганын айтат жана сөзүн мындайча улантат:

> *Алардын Аллахтын уулу пикирлери көп кудайлуу пикирге таянып курулган. Ушул себептен бул көз-караштарын Аз. Иса менен апостолдорунун (шакирттеринин) Жалгыз Кудайлуу ишенимине айлантышы өтө кыйын эле. Чыгыш жана эленизм пикирлери өкүмчүлүк кылган, жана натыйжада хандар менен башка ыйык кишилер Аллахтын уулу деп аталган бул аймакта Аз. Иса да Аллахтын уулу деп жарыяланды. (William C. Varner, "Jesus the Son of God")*

# Үч кудай ишеними менен грек мифологиясындагы Дионис каарманы арасындагы окшоштуктар

Үч кудай тараптарларынын Аз. Иса (ас) жөнүндөгү сөздөрүндө б.з.ч. 1000-жылга чейин уланган деп болжолдонгон грек мифологиясындагы Дионис каарманына да окшоштуктар бар:

-  Дионис **өлүмсүз бир кудай атадан төрөлгөн өлүмдүү кудай уул**.

 Дионис Семала аттуу **өлүмдүү бир энеден** төрөлгөн.

 **Өлүмдүү адамдар тарабынан өлтүрүлгөн.**

 Дүйнөгө **куткаруучу кылып жөнөтүлгөн**.

 Дионис денеси менен өлгөн соң кайрадан денеси менен тирилет.

 Дионис жарым Кудай болуп туруп адамдар арасында **адам көрүнүшүндө жана адамдардын алсыздыктары менен жашаган**.

 Дионис өзүнүн адамдар тарабынан тутулуп өлтүрүлүшүнө **өз эрки менен бир жан аябастык кылып** уруксат берген.

 Байыркы Грецияда Дионисти ээрчүүчүлөр Дионисти эстөө жана ыраазычылык билдирүү үчүн **эт жеп шарап ичишчү**. Муну Дионистин этин жеп канын ичүүгө теңешчү жана бул бизди Дионискe жакындатат деп ишенишчү. Иоанн (Жакан) Инжилинде бул путпарасттык ритуал кызык абалда Аз. Иса (ас)га тууралангaн:

*«Силерге чындыкты айтып коёюн, адам уулунун денесин жеп, канын ичпесеңер, өмүргө ээ болбойсуңар. Ким менин денемди жеп, канымды ичсе, ал түбөлүк өмүргө ээ болот, мен аны акыркы күнү тирилтем. Анткени менин денем – чыныгы азык, каным – чыныгы суусундук. Денемди жеп, канымды ичкен адам менин ичимде болот, мен анын ичинде болом.» (Иоанн (Жакан) 6:53-56)*

Башка бир бөлүмдө болсо Иса өз колу менен апостолдоруна (шакирттерине) шарап ичирет жана аны менин канымдай кабыл алгыла дейт:

*«Тамак ичип отурушканда, Иса нан алып, Кудайга ыраазычылык билдирди. Андан кийин нанды сындырып, шакирттерине берип жатып: «Алгыла, жегиле. Бул менин денем», – деди.» (Матфей (Матай) 26:26)*

*«Анан чөйчөктү алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аны шакирттерине узатып жатып, мындай деди: «Баарыңар мындан ичкиле. Анткени бул – көптөрдүн күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн төгүлүп, жаңы келишимди беките турган менин каным.» (Матфей (Матай) 26:27, 28)*

# Путпарасттык ишенимге окшоштурулуп чыгарылган үч кудай ишеними кантип жайылтылды?

 Христиан тарыхчы жана теологдор үч кудай ишениминин алгач Павел (Pavlus) тарабынан жайылтылганы жөнүндө бир пикирде. Бул боюнча тарыхый документтер жана Павелдин 4 Инжилде орун алган каттары эске алынганда, бул пикирдин тууралыгы көрүнөт.

 **Павел Аз. Иса (ас)дын апостолу (шакирти) эмес.** Апостол болуу мындай турсун, тирүү кезинде ага өтө каршы чыккан бир киши. Аз. Иса (ас) асманга алынгандан төрт жыл өткөн соң кокустан көз-карашы өзгөргөнүн айтып, өзүн апостол деп жарыялаган жана алгачкы Христиан жамаатынын арасына кирген.

 Павелдин максаты Христиандыкты Батышта жайа алуу эле. Ал максатта Батыштын ар кайсы аймактарына тынымсыз каттар жөнөтүп, ал каттардын 14ү «өзгөртүлгүс» ыйык текст катары Инжилге кошулган.

 Павел иудей калкы сүйлөгөн арамей жана иврит тилинен тышкары **грек тилин да жакшы билген бир Рим жараны болгон. Римдиктерди жакшы таанып, аларга карата кандай саясат жүргүзүш керек экенин да жакшы билген.**

 Ошондуктан Павел Батышта өз пикирлерин жайылта алуу үчүн **ал аймактын путпарасттык ишенимине туура келген бир Христиандык ишенимин түзгөн** (анын айткандарынын ал путпараст коом тарабынан туура эмес жоромолдогон болушу ыктымалдыгы да албетте бар). Ата жана Уул түшүнүктөрүн Рим путпарасттык ишенимине тууралап, путпарасттыктагы ата жана уулдар түзгөн үчтүк теңир ишенимине окшош бир түшүнүк иштеп чыккан. Муну Христиандык ушундай ыкма менен оңой жаңылат деп үмүттөнгөн үчүн жасаган болушу толук ыктымал.

 Инжилге кошулган **каттарында ата жана уул сөздөрү көп орун алган.**

 Христиандыкка кошулган бул путпарасттык ишеним –Батыштын путпарасттык көз-караштарына туура келгендиктен- **аймакта оңой гана жайылган**. Акырындап Батыш Рим жана Византия аймактары материалдык жана саясий жактан күчтөнгөндө, Чыгыш Христиандыктын тавхид (жалгыз кудай) ишенимине карата кысымчылдык саясат башталган. Чыгыш Христиандыктын тавхид ишенимин жок кылууга аракет кылынган жана бул аракеттер бир топ ийгиликке жеткен.

# Жыйындарда «көпчүлүк добуштар менен» түзүлгөн Инжил тексттери

 Үч кудай ишеними алгач жана расмий түрдө Христиандыкка **б.з. 325-жылы Никей Собору (жыйыны)** аркылуу киргизилген. Ал Собор Рим императору Константиндин катышуусу менен жасалган.

 Мындай бир жыйындын жасалуу себептери төмөнкүлөр болгон:

- *Рим Императорлугунун Христиандык жайылган аймактарды көздөй кеңейиши.*
- *Бул кеңейүү себебинен путпарасттар менен Христиандар арасында пикир келишпестиктердин чыгышы жана императорлуктун бөлүнүү коркунучуна дуушар болушу.*
- *Императорлук экиге бөлүнбөшү үчүн эски путпарасттык дин менен жаңы Христиандык арасында синтез бир ишенимди пайда кылуу керек деген пикирдин жаралышы жана бул багытта иш-аракеттердин жүргүзүлүшү.*

 Бул жерде айтылгандай путпарасттык аймактарда уруш чыгуу ыктымалдыгын Христиандыкты өзгөртүү аркылуу жоюуга мүмкүн деп ойлошкон. Изникте чогулган бул жыйындын аягында ички башаламандыкты чечүү жолу **Инжилге үч кудай ишенимин кошуу деп чечим алынган жана ал чечим ишке ашырылган.**

 Ал жыйында үч кудай ишенимин жактаган 4 Инжил сахих (ишенимдүү) деп кабыл алынган.

 Сакталып калган бир канча кол жазмадан тышкары, тавхид (жалгыз кудай) ишенимин жактаган башка Инжилдер болсо «еретик», б.а. «жолдон чыккан» деп жарыяланып, **күйгүзүп жок кылынган**.

 Тавхид ишенимин жактагандар да «еретик», б.а. «жолдон адашкан» бир ишенимди жактаган деген себеп менен камакка алынышкан. **Еретиктиктин жазасы болсо күйгүзүп өлтүрүү болгон.**

 **Христиандыктан чыгаруу** ысмы жана тажрыйбасы тарыхта алгач үч кудайлуулукка каршы чыккандарга карата чыгарылган бир чара болгон. Папалык, Рим жана Византия саясатчылары үч кудайлыкты сындагандарды

жана үч кудайлыкты тангандарды күйгүзүп өлтүрүү сыяктуу ар кандай жазаларга тартышкан. Инквизиция деген соттор ушул максатта курулган.

-  Ал доордо алгачкы жана сахих жазууларга таянып Александриялык поп Арий баштаган тавхидге таянган Арийчилик кыймылы да натыйжалуу болгон. Бирок мындан кооптонгон **Римдиктер 411-жылы ал далилдер менен китеп турган Александрия китепканасын өрттөп жиберишкен.**

# Чиркөө түзгөн «диний догма» жана Христиандарга жүктөлгөн ага баш ийүү мажбурлугу

-  «Догма» сөзүнүн диний бир мааниге кириши үч кудайлыкты жактаган Христиандар тарабынан жасалган.

-  Диний догманын кыскача мааниси мындай: *«Христиан ишеним доктринасы бир гана Папалык же Чиркөө авторитети тарабынан калыптандырыла алат жана ага ошол калыпта ишенүү шарт.»*

-  Башкача айтканда, бир Христиан өз дини боюнча эмнеге ишенип эмнеге ишенбешине ыйык китепке таянып өзү чече албайт. **Анын эмнеге ишенип эмнеге ишенбешин Чиркөө аныктайт.**

-  Мисалы, бир адам «мен үч кудайлыкты четке кагам жана Аллахтын Бир жана Жалгыз Жаратуучу экенине, Аз. Иса (ас)дын болсо анын уулу эмес, пайгамбары экенине ишенем» десе, ал **эми Христиан болбой калат**. Окуган ыйык китептен, жүргүзгөн изилдөөлөрүнөн муну түшүнүп, акылы, абийири, терең ойлонуу жөндөмү менен мындай туура жыйынтыкка барса да, баары бир Чиркөө тарабынан **Христиан деп кабыл алынбайт**.

-  Бир киши «Христиан» деп кабыл алынышы үчүн абийирдик, илимий жана акыл тажрыйбалары көрсөткөн чындыкты көрмөксөн болушу жана **Чиркөө мажбурлуу кылган ата, уул жана ыйык рух деп аталган үчтүү бирдик ишенимин кабыл алышы зарыл.**

-  **Бул ишеним формасын Чиркөө ушундай кылып калыптандырган жана ушул формада ишенүү бир Христиан үчүн мажбурлуу нерсе.**

-  Диний догма же башкача айтканда **диний мажбурлуу кабыл алдыруу** мына ушул.

-  Бул – учурда Христиандардын көпчүлүгү эч четке кагууга мүмкүн эмес деген өкүм менен кабыл алган үч кудай ишенимине мынчалык бекем турушунун жалгыз себеби. Чиркөө жана Папалык Рим империяторлугунун түзүлүшүнө жараша калыптангандыктан, үч кудай ишениминин булагы да Чиркөө болгон. Инжилдин бурмаланганын кабыл алуу же үч кудайлыкты четке кагуу мына ушул себептен **«динден чыгуу»** деп кабыл алынууда.

-  Чындыгында болсо, «динден чыгууга» алып келет деген бул өкүмдөрдүн баары Аз. Иса (ас)дан бир канча кылымдан кийин пайда болгон, **Чиркөө чыгарган ишенимдер. Көп Христиан бир туугандарыбыздын мындан кабары да жок.**

Апачык көрүнүп тургандай, тарыхта Папалык менен Чиркөө дайыма ыйык китеп жөнүндө бир авторитетке ээ болгон. Ал тургай, ыйык китепке кайтуу маанисине келген реформа жана Протестандык кыймылына карабастан абал ушундай.

# Христиандыкка кийин жана ар кандай этаптар менен кошууга аракет кылынган үч кудай ишеними

- **«Үч кудайлык» эч бир ыйык текстте жок.** Ысым же окуу катары Христиандыктын –же башка акыйкат диндердин- эч бир ыйык окуусунда жок. Муну Христиандар өздөрү да кабыл алышат.

- Үч кудайлык ишеними тарых ичинде ойдон чыгарылган жана Инжилге бир канча этапта киргизилген. Булар кыскача төмөнкүдөй:

    - Аз. Иса (ас) кудай деген сөздөр 325-жылы Изник Соборунда (жыйын),
    - Ыйык Рух кудай деген сөздөр 381-жылы Стамбул Соборунда (жыйын),
    - Аз. Иса (ас)дын бири адамдык жана экинчиси кудайлык болуп эки табияты бар деген сөздөр болсо 451-жылы Кадыкей Соборунда кабыл алынган.

- Үч кудайлык 381-жылы Стамбул Собору аркылуу белгилүү бир формага келгени менен, үч кудайлык элементтери жана араларындагы байланыш жөнүндө эч качан бүт баары кабыл алган бир чечимге келе алышкан эмес.

- Матфей (Матай) Инжилинин «ата, уул жана ыйык рух атына чокунуңуз» деген сүйлөмүнөн тышкары, **эч бир ыйык текстте Ыйык Рух сөзү үч кудайлыктын биринчи эки элементи болгон ата жана уул сөздөрү менен бирге эскерилген бир сүйлөм дагы жок.**

- **Ал тургай, Ыйык Рухтун кудай экени жөнүндө Инжилдин эч кайсы жеринде бир сөз жана ишарат жок. Тескерисинче кээ бир Христиан булактарында Ыйык Рухтун, Куранда айтылгандай, «Рухъул Кудүс», б.а. Жебраил (ас) маанисине келээри белгиленет.**

- Матфей (Матай) Инжилинин акыркы бөлүмүнө 4-кылымда кабыл алынган үч кудай ишенимине туура келиши үчүн 28/18, 20 деп номерленген бөлүккө «ата, уул жана ыйык рух аты менен чокунуу буйругу» **кошулган**.

- Төртүнчү кылымда расмийлешкен үч кудай доктринасы биринчи кылымда жазылган **текстке кошулуп**, ушундайча ал текст Собордун (Жыйындын) алган чечими менен Матфей Инжилине тууралаштырылган. Кийин жасалган бул кошумчалар менен **тавхид (жалгыз кудай) ишенимин жактаган бир текст үч кудай ишенимин ишарат кылган абалга келтирилген.**

- Дээрлик бүт адамдардын бир эле темада ар башка пикири болгон. Ошондуктан баары бир-биринката кетирүү, жолдон адашуу жана динден чыгуу менен айыпташкан. **Ал тургай кээде бир ишенимдеги үч кудайчылар дагы башка-башка көз-караштарда болушкан.**

# Үч кудайлык ишениминде чиркөөнүн акыркы чечими: «Үч кудайлык акыл жана логиканын темасы эмес, ойлонуп түшүнүүнүн кереги жок»

- Үч кудайлык биринин артынан экинчиси уюштурулган жыйындар (собор), иш-аракеттер, алынган чечимдер менен тынымсыз жаңы формага келип, Инжилдеги ар кайсы сөздөр кайрадан жоромолдонуп, **мурда**

**четке кагылган сөздөр кокустан сахих (ишенимдүү) деп кабыл алынып Инжилдерге кошулуп, кээ бирлери болсо чыгарылып салынган.**

- Мындай укмуш парадоксалдуу шарттарда чиркөө үч кудай догмасынан кайтпаш үчүн **алып келинген жаңы сунуш жана сын-пикирлерге карата калыптанганга аракет кылган.**

- **Үч кудай ишеними менен байланыштуу кайчы пикирлер жана талаштар бүгүнкү күнгө чейин аягына чыккан жок.** Бул багытта акыркы чечим 1443-жылы Флоранс Соборунда алынган. Бирок ал жыйын да бул темадагы кайчы пикир менен карама-каршылыктарды жойгон эмес жана талаш-тартыш көпкө чейин созулган.

- Эч бүтпөгөн бул талаш-тартыштарды токтотуу максатында Папалык 1868-1870-жылдары арасында (Аз. Иса (ас)дан толук 1870 жылдан кийин) уюштурган Биринчи Ватикан соборунда **үч кудайлык АКЫЛ ЖАНА ЛОГИКАНЫН ТЕМАСЫ ЭМЕС, ыйман темасы болгон бир СЫР деген чечим чыгарган.** (Const. "De fide, cath", IV)

- Башкача айтканда ичинен чыккыс туюкка айланган үч кудай темасы акыл, логика жана сахих Инжил аяттары талап кылган туура сын-пикирлерди, карама-каршылыкты толук жоюу максатында Чиркөө тарабынан «сыр» деп жарыяланган. Б.а. адамдарга мындай пикир берилген: **«Бул тема жөнүндө эми ойлонуунун кажети жок!».**

- Бул саптар төмөндө тереӊ каралат.

# Инжилдин өзгөрбөшүн жактаган Чиркөөнүн сахих кабыл алган 4 Инжилге расмий жасаган «кошумча-алымчалары»

- Колдогу сахих (канон) кабыл алынган ыйык тексттердин кол жазма нускаларынын эң эскилери 3-кылымга чейин жетет. Б.а. алар **Аз. Иса (ас)дан үч жүз жылдан кийин жазылган**. Ар бир ыйык текст кол жазмаларында **нуска жана сөз айырмачылыктарынын бар экени белгилүү.**

- Ал тургай, тексттерде жазылганы кабыл алынган эң эски жылдардан **бир топ кийинки окуялар жана кишилерден да сөз кылынат.**

- **Иоанн (Жакан) текстинин эң эски нускасы болжол менен б.з. 200-жылына чейин жетет жана Иоанн текстинин өзүнүн эле 10 миңден ашык ар түрдүү нускасы бар. Ал 10 миң түрдүү нуска арасындагы өтө маанилүү айырмачылыктардын саны 200 миңге жетет.**

- Башаламандыкты жоюу үчүн **көп Инжилдерде көп түшүндүрмөлөрдүн кошулганы байкалат.** Ал түшүндүрмөлөрдө төмөнкүдөй сөздөр кездешет: «Башка эски авторитеттер боюнча бул сүйлөм же сөз жок», «башка эски авторитеттер мындай... окушкан.», «башка эски авторитеттер кошушкан» же «башка эски авторитеттер төмөнкү сөздү таштап кетишкен» сыяктуу.

- Holy Bible *(Revised Standart Version, New York Glasgow 1971)* чыгарылышында Марк Инжилинин биринчи сүйлөмүндө Аз. Иса (ас) жөнүндө «Аллахтын уулу» деп айтылат. Ал жерге бир-бирден мындай түшүндүрмө жасалган: **«башка эски авторитеттер (Аллахтын уулу) сөзүн жазышкан эмес.»**

 Сахих деп кабыл алынган 4 Инжилдин араларында маанилүү айырмачылыктар жана карама-каршылыктар бар. Бирок бул айырмачылыктар ал Инжилдер менен эле чектелбейт. **Ал Инжилдердин ар биринин эски кол жазмасы жана басып чыгарылган нускалары арасында да айырмачылыктар бар.**

 Мисалы, Матфейдин тексти стандартташтырылып жатканда **анын мурдакы басып чыгарылган нускаларынын кол жазмаларындагы айырмачылыктар, кемчилик жана ашыкчалыктар каалоого жараша тандалган.** Ошондуктан кайсы сөздүн туура жана жарактуу деп кабыл алынышы керек экенин түшүнүү мүмкүн эмес.

 **Марк Инжили Изник Соборунда кабыл алынышы үчүн ал Инжилдин акыркы бөлүмүндөгү кээ бир сүйлөмдөрдү чыгарып салынышы зарыл көрүлгөн.** Себеби ал жердеги сөздөр үч кудай догмасына толугу менен карама-каршы келет.

 **Башка Инжил жазуучуларынын эмгектеринен ар кайсы бөлүмдөр алынып, Марк Инжилине бир бүтүү абзацы даярдалган.**

 **Иоанн (Жакан) Инжилинен Аз. Иса (ас)ды иудейлердин месихи катары тааныткан сүйлөмдөрдүн баары алынып салынган.** Анын ордуна адамзаттан-жогору бир Иса фигурасы киргизилген.

*(Prof. Dr. Mehmet Bayrakdar, Bir Hristiyan Dogması Teslis, Ankara okulu yayınları, Eylül 2007, s. 163)*

Кээ бир топтор тарабынан Иоанн тексти 110-жылы жазылган деп кабыл алынууда. Анда апостол (шакирт) Иоанн жок дегенде 140-150 жыл жашаган болушу керек, бул болсо мүмкүн эмес көрүнүүдө. Мындан тышкары, Иоанн текстинде кийинки доорлорго тиешелүү маалыматтардын болушу бул текстти жазгандардын апостол Иоанн болушу жөнүндө күмөн жаратат.

Башка Инжилдер Аз. Иса (ас)дын иудейлердин месихи, б.а. Аз. Давуд (ас)дын урпактарынан келген жана Израилди куткара турган киши экенине басым жасашкан. **Иоанн Инжилинде болсо грек Христиандарды ыраазы кылбаган бүт иудей түшүнүктөрү алынып салынган.** Грек философиясынын таасири Иоанн Инжилинде апачык көрүнөт.

 Кийинки жылдары Чиркөө тарабынан ойдон чыгарылган деп кабыл алына турган ар кандай Инжилдер жана ал Инжилдерден тексттер көп убакыт бою сахих (ишенимдүү) деп кабыл алынып келген. Ал период бою аларга да моюн сунулган жана аларды туура эмес дегендер динсиз деп кабыл алынган.

 Мисалы, **4-кылымда бир Христиан мазхабы Инжилдеги китептердин санын 23 деп кабыл алса, ошол эле мазхап бир канча кылымдан соң бул санды 27ге чыгарган.**

# Үч кудайлык темасындагы карама-каршылыктар, логикасыздыктар жана негизсиздиктер себебинен пайда болгон жаңы мазхаптар

 Ыйык Рух кийин үчтүү бирдиктин бир бөлүгү деп чечим чыгарылган соң үч кудай темасындагы талаштар жана түшүнбөстүктөр аябай көбөйгөн.

 Ал талаштар натыйжасында Ыйык Рух атадан да, уулдан да чыгышы керек деген бир түшүнүк чыгарылган. **Ал үчүн «уулдан» маанисине келген белгилүү филиокве түшүнүгү үч кудай догмасына кошулган.**

- Ушул себептен жана кийин пайда болгон ар кандай маселелерден улам **1054-жылы Рим чиркөөсү католик жана православ мазхаптары (конфессиялары) болуп эки мазхапка бөлүнгөн.**

- Филиоквени кабыл алган католик чиркөөсү (жана кийин андан бөлүнүп чыга турган протестан чиркөөсү) **Ыйык Рухтун атадан да, уулдан да чыкканын кабыл алып**, ансыз да башаламан болгон үч кудайлыкты (троица) өтө башаламан кылып салган.

- **Филиоквени кабыл албаган православ чиркөөсү Ыйык Рух атадан гана келет дейт.** Бул эки чиркөө арасында бүгүнкү күнгө чейин уланып келген үч кудайлык темасындагы эң чоң пикир келишпестик филиокве менен байланыштуу.

- Ошондуктан **Ыйык Рухтун үч кудайчылар тарабынан кудай деп кабыл алынышы уул кудайдын кабыл алынышынан 56 жылдан кийин болгон.**

Үч кудай башаламандыгын чечүү аракеттери кыскача төмөнкүдөй: (Аллахты аруулайбыз) ачык жана расмий түрдө Аз. Иса (ас)дын кудайлыгы **325-жылы Изник (Никей) соборунда** жана Ыйык Рухтун кудайлыгы **381-жылы Стамбул соборунда** чечилген. **431-жылы Эфес** жана **451-жылы Кадыкей соборлорунда** Аз. Иса (ас)дын бири адамдык экинчиси кудай болгон эки табияттуу экени, **447-жылы жана 589-жылдагы Толедодо уюштурулган соборлордо** болсо Ыйык Рухтун Аз. Иса (ас)дан экени, б.а. филиокве маселеси каралган жана Стамбул собору чечимине кошулган. Бул жердеги кыскача негизги окуялардан көрүнүп тургандай, ар собордо (жыйында) Христиандыкка башаламандык үстүнө башаламандык кошулган.

Кайра айтып кетүү керек: жогоруда берилген бүт маалыматтар Мусулмандар эмес, өзгөчө **Христиан тарыхчы жана теологдор** алган, жалпылай кабыл алынган жана далилдерге таянган маалымат жана тарыхый документтер. Бул маалыматтар Христиандык тарыхынын кандайча болгону жана учурдагы Инжилдин кантип калыптанганы жөнүндө бизге өтө негизги маалыматтарды берүүдө. Үч кудайлык ишениминин чындыгында Инжилде жок экенин далилдөө максатында маанилүү тарыхый маалыматтарды сунууда.

Бүт бул далилдерди көргөн соң бир адам Инжилди бул тарыхый маалыматтар менен бирге баалап, «акыл жүгүртүп», «ойлонуп» тууралорды түшүнүүгө аракет кылышы зарыл. Минтип акыл жүгүртүү үчүн төмөнкү суроолорду логика жана абийир менен таразалоо туура болот:

- Ар бир акыйкат динге түшүрүлгөн ар бир акыйкат китеп бирөө гана. **Христиандыкта 4 башка Инжилдин болушу жана алардын ар биринин өз-өзүнчө сахих (ишенимдүү) деп кабыл алынышы кандайча мүмкүн болот?**

- 4 китептин ар бири сахих болсо **араларындагы карама-каршылыктар, олуттуу маани боштуктары жана тарыхый маалыматтарда өтө олуттуу айырмачылыктар кантип чыгышы мүмкүн?**

- Акыйкат динге жөнөтүлгөн акыйкат китеп кантип **бир-биринен негизги ыйман маселесинде айырмалуу болгон китептер арасынан «көпчүлүк добуш менен»** аныкталышы мүмкүн?

- Көпчүлүк добушка ээ боло албаган тавхид (жалгыз кудай) ишенимин жактаган Инжилдер жана алгачкы кол жазмалары **эмне үчүн күйгүзүлүп жок кылынган?**

- Тавхид ишенимин жактагандар **эмне үчүн өлүм жазасына тартылышкан? Мындай душмандыктын жана жырткычтыктын себеби эмне?**

- 4 Инжил жана ал Инжилдер менен бирге Христиандыкка кошулган үч кудай ишеними 4-кылымда кабыл алынган. **Ал убакка чейин ал Инжилдердин жана үч кудайлыктын бар экенин билбеген Христиандардын абалы кандай болот?**

 Ыйык Рухтун кудай деп кабыл алынышы болсо бир топ кийинки жылдарга таянат. Ал кезге чейин Ыйык Рухту кудай деп кабыл албаган **Чиркөө да кошо башка бүт Христиандар күнөөкөрбү?**

 Чиркөө сахих деп кабыл алган тексттердин жазуучулары Матфей (Матай), Марк, Лука (Лукман) жана Иоанн (Жакан) Чиркөө тарабынан «вахий алган кишилер» деп кабыл алынган. Бул кишилер пайгамбарларбы? **Пайгамбарлардан тышкары адамдардын –апостол (шакирт) болсо да- вахий алышы кантип мүмкүн?** Анда ал апостол **пайгамбар сыпатына жеткен болбойбу?**

 **Бир кишинин вахий алып албаганы Чиркөө тарабынан көпчүлүк добуш менен кантип аныкталышы мүмкүн?**

 **Бир кишинин вахий алганын добушка коюу менен аныктап анан ал жазган тексттерге –көп өзгөртүүлөр киргизилген соң- «өзгөртүүгө болбойт жана өзгөргөн эмес» деген өкүмдү кантип коюуга болот?**

 Эгер ал 4 Инжил өзгөртүүгө мүмкүн эмес өкүмүндө болсо, көп жылдар бою **Чиркөө кантип ал китептерге кошумчаларды жасап, кээ бир жерлерин оңдоп, кээ бир жерлерин алып салууда?**

 Чиркөө тарабынан 4 Инжилге кийин кошулган бөлүмдөргө ал кезге чейин эч бир Христиан моюн сунбаган болот. **Анда ал кезге чейинки ал Христиандардын абалы кандай болот?**

 Бир Христиан кандайча болуп жашоосун жана ишенимин сахих Инжил аяттарына, абийирине жана акылына карап эмес, **Чиркөө белгилеген жана болгондо да маал-маалы менен өзгөртүүлөр киргизип турган бир ишенимге карап гана тартипке салышы керек?**

 Бүт акыйкат диндердин негизи болгон жана бүт башка акыйкат диндерде ачык жана так белгиленген Аллахтын бар экени жана Жалгыздыгы боюнча эмне үчүн бир гана Христиандыкта **бир-биринен айырмалуу мынча көп көз-караш бар?**

 Ар бири башка башка санда китеп кабыл алган бир-биринен айырмалуу Христиан мазхаптарынын (конфессияларынын) кайсынысы туура жолдо? **Кайсынысынын китептери өзгөрбөс жана четке кагылгыс даражада сахих (ишенимдүү)?**

 Бир эле мазхапта кандайча болуп убакыт ичинде китеп саны 23төн 27ге чыгарылышы мүмкүн? Кайсысына ишенүү жана кайсысын туура деп кабыл алуу керек?

Бул суроолорго үч кудай тараптары эч бир Христиан чыныгы мааниде логикалуу, акылдуу, түшүнүктүү, ынандырарлык, ачык жана так бир жооп бере албайт. Үч кудайлык аты менен келип чыккан бул укмуш башаламандыкты түшүндүрүү мүмкүн эмес.

Жогорудагы суроолордо тарыхый маалыматтарга таянып 4 Инжил боюнча карама-каршылыктардын кээ бирлери гана токтолдук. Үч кудай ишениминин логикасыздыгы болсо негизги маселе. Чын ыкластуу Христиандарды үч кудай ишеними жөнүндө күмөнгө сала турган жагдай ушул терең жана тамырынан башталган логикасыздык болушу керек. Буга алдыда токтолобуз.

# Тоороттy тастыктоочу кылып жөнөтүлгөн Инжил тавхид ишенимин да тастыкташы керек

Үч кудай тараптары бир Христиан башында жогорудагы тарыхый маалыматтарга таянган сөздөрдү жана жоромолдорду өз оюнда туура деп кабыл албашы мүмкүн. Бирок бул учурдагы Инжилдердин 27 түрдүү Инжил арасынан тандалгандыгы тууралуу чындыкты өзгөртпөйт.

Христиандыктын акыйкат китеби катары 4 башка Инжил Собордун (Жыйын) чечими менен аныкталган. Бул анык бир чындык. Бул 4 Инжил арасындагы карама-каршылык менен айырмачылыктар да тануууга мүмкүн эмес даражаларда. Ошондуктан чын ыкластуу бир Христиан Чиркөөнүн догматик чечимдерин бир тарапка коюп, акылы жана абийири менен ой жүгүртүшү, аларды «бир сөзү да өзгөртүлбөгөн» китептер катары кабыл алуу жөнүндө бир аз ойлонушу керек. Бир сөзү да өзгөртүлбөгөн деп айтылган ал китептер **түздөн-түз Чиркөөнүн өзү тарабынан көп жолу өзгөртүлгөн. Бул Христиан тарыхый булактары белгилеген бир жагдай.** Учурдагы Инжил басылмаларында орун алган эски Инжил нускаларындагы түшүндүрмөлөргө байланыштуу шилтемелер дагы муну түшүнүүгө жетиштүү.

Бул жерде өзгөчө басым жасоо керек болгон бир жагдай – бул Аз. Иса (ас) менен апостолдордон соң үч кудай ишеними орун алган 4 Инжил кабыл алынганга чейин өткөн 3 кылым бою жашаган Христиандардын акыбалы. Ал кишилер болгон чын ыкласы менен Аз. Иса (ас)га жана Инжилге моюн сунса дагы, Чиркөө мажбурлаган догма боюнча, динден чыккан деген өкүмгө киришүүдө. Бул кантип мүмкүн болот? Эскертүүчүсү келген бир акыйкат дин жана анын ыйык китеби турганда, адамдарды ошончо убакыт бою чындыктарды билбестен жашаган деп ким айта алат? Аллах албетте мындай нерсеге жол бербейт.

Ошондуктан алгачкы кол жазмалар бар болгон, Инжилдин чыныгы тили болгон арамий тили колдонулуп жаткан, ошондуктан жок дегенде көбөйтүү жана которуу каталары болбогон 4-кылымдан мурдакы доор эмес, кийинки доор жөнүндө күмөн кылынышы керек. Шакирттерден кийинки доор – бул чоң ыктымалдык менен Аз. Иса (ас) жаздырган Инжилдин (Аз. Иса (ас)дын өзүнө келген вахийди өз доорунда жаздырган болушу толук ыктымал) чыныгы нускалары болгон жана ишке ашырылган бир доор. Иудей дининин уландысы болгон тавхид (жалгыз кудай) ишеними ушул себептен ал доордо сакталган. Инжил, Куранда белгиленгендей, Тоороттy тастыктоочу кылып жөнөтүлгөн. Ошондуктан сахих Инжилде иудей дининин негизги ыйман шарты болгон жалгыз кудай ишеними да тастыкталган болушу керек. Куранда Раббибиз мындай деп билдирет:

> **Алардын (пайгамбарлары) артынан жандарындагы <u>Тоороттy тастыктоочу кылып</u> Мариям уулу Исаны жөнөттүк жана ага ичинде хидаят жана нур болгон, алдындагы <u>Тоороттy тастыктоочу</u> жана такыбалар үчүн жол көрсөтүүчү жана сабак болгон Инжилди бердик. (Маида Сүрөсү, 46)**

Кээ бир Христиандар Аз. Иса (ас)дан соң шакирттер (апостолдор) үч кудай ишенимин жайган, ал тургай ошол жолдо өлгөн дешет. Чындыгында болсо бул бир бурмалоо. Аз. Иса (ас)дын жанындагы чыныгы шакирттердин эч бири эч качан үч кудай ишенимин жакташкан эмес, жакташы да мүмкүн эмес. (Үч кудай ишенимин жайганы белгилүү болгон жалгыз киши – бул Павел (Пабыл) жана учурда көптөгөн Христиан теолог жана Христиан булактар тастыктагандай, Павел Аз. Иса (ас) менен эч жолугушкан эмес, ал тургай анын убагында ага каршы чыккан бир киши болгон.) Аз. Иса (ас) менен шакирттери Инжил вахий кылынаардан мурда бүт башка алгачкы Христиандар сыяктуу иудей (Муса пайгамбар алып келген) дининде эле жана Израил коомунан эле. Алгачкы Христиандарда болсо эч үч кудай ишеними жок эле. Алар Тоороттy тастыктоочу катары жөнөтүлгөн китебинде Тоорото апачык кабар берилген тавхид (жалгыз кудай) ишенимин көрүшкөн. Эң кызыгы учурдагы Христиандар аларды «еврей Христиандар» деп өздөрүнө кошушпайт. Аз. Иса (ас) ага вахий келе электе бир иудей жана ошол эле учурда Израил урпактарынан эместей болуп.

Ошондуктан 4-кылымдан мурдакы доор иудей тавхид диринин бир уландысы болгон, чоң ыктымалдык менен Инжилдин чыныгысы менен өкүм кылынган, ушундан улам тавхид ишеними өкүмчүлүк кылган бир доор болгон. Буларга таянсак, Рим императорлугу өкүмчүлүк кылган, путпарасттык жана путпараст үч кудай ишеними императорлук менен бирге дүйнөгө жайылган жана Инжилдин чыныгы тили болгон арамий тили унутулуп, грекче колдонулуп баштаган, саясий уруштар, ички согуштар жана дин согуштары өкүмчүлүк кылган 4-кылымдан кийинки доор бидаттар (динге кийин кошулган кошумчалар) жана Христиандыкка кошулган жаңы өкүмдөр жагынан күмөн менен каралышы керек болгон бир доор болгон. Ошондуктан жогоруда берилген тарыхый маалыматтарды ушул жагынан жакшы анализдеш керек.

# Аллах албетте вахий кылган акыйкат китепти коргоого кудуреттүү

Кээ бир Христиандардын Аллахтын бир нур кылып жөнөткөн акыйкат китеп болгон Инжилдин убакыт ичинде өзгөргөнүн жана туура эмес жоромолдонгонун кабыл алгысы келбешин, албетте, түшүнүүгө болот. Бурмаланган бир акыйкат китепке моюн сунуу пикиринен тынчсызданып жаткан болуулары мүмкүн. Бирок чын ыкластуу Христиандар төмөнкү чындыкты эске алышы керек: **учурдагы Инжилдин көп бөлүгү туура. Аз. Иса (ас)га түшүрүлгөн чыныгы Инжил өтө терең жана хикматтуу баяндардан, сонун түшүндүрмөлөрдөн турган Аллахтын вахийи жана Куранда макталат.** Мусулмандар да Христиандар сыяктуу ал өкүмдөргө моюн сунууга милдеттүү.

Бирок муну менен бирге **Инжилдин чыныгысы, б.а. бурмаланбаган бүтүнү ансыз да корголгон**. Жашырылган жерде табыла турган күнүн күтүп жатат. Аллахтын уруксаты менен Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын чыгышын көрө турган азыркы доордо **Инжилдин чыныгысы табылат. Ошондуктан Христиандар ишенгендей эч өзгөрбөгөн бир Инжил бар.** Бул жердеги биздин сын-пикирлерибиз учурда акыйкат деп кабыл алынган, бирок ичинде көптөгөн логикасыздыктарды камтыган 4 Инжилдин өзгөртүлгөн жана туура эмес жоромолдонгон бөлүмдөрүнө багытталган. Андай бөлүмдөрдүн бар экени чын ыкластуу көз менен караган бир Христиан оңой гана көрө ала турган даражада ачык. Бул китептеги сөздөр аркылуу чын ыкластуу Христиан бир туугандарыбыз акылга, абийирге жана логикага чакырылууда.

Улуу Аллах албетте адамдарга жол көрсөтүүчү кылып түшүргөн акыйкат китептерди коргоого кудуреттүү. Кээ бир Христиандар Инжилдин бурмаланган болушу жөнүндөгү сөздөрдү кабыл албаш үчүн Раббибиздин ушул бийик сыпатын далил кылып көрсөтүшөт. Чындыгында болсо бул жерде жакшы түшүнүү керек болгон жашыруун бир терең маани бар:

Кайра кайталап кетүү керек: Аллах албетте Өз китебин коргоого кудуреттүү. Улуу Аллах бүт ааламда бүт нерсени кемчиликсиз жаратууга да кудуреттүү. Бирок ааламдагы бүт нерсе кемчиликсиз эмес. Ааламда кемчиликтер жана каталар бар жана аларды да Аллах жараткан. Аллахтын кемчиликтерди жаратышынын өзгөчө бир хикматы бар. Кемчиликтер аркылуу бул дүйнөнүн убактылуу бир сыноо мекени экендиги, Аллахтын алдында алсыз пенделер экендигибиз жана дүйнөнүн эмес акыреттин чыныгы мекен экендиги дайыма акылыбызда болот. Кемчиликтер болгондо адам бой көтөрбөйт, Аллахтын алдындагы алсыздыгын жана Аллахка муктаж экендигин дайыма билет.

Далилдери апачык болгон Ыйык Китептин бурмаланышы да Аллахтын уруксаты жана каалоосу менен болгон бир окуя. Бир хикмат менен, Аллахтын өзгөчө бир сыноосу үчүн ушундай жаратылган. Аллах ушундай жараткан болсо жана ал темадагы далилдерди ачык көрсөтүп жатса, ал темада катуу, ийкемсиз болуу эмес, анын түбүндөгү хикматтарды көрүү жана түшүнүү керек.

Христиан ааламынын учурда муну менен сыналып жатканы анык. Абийирлерине моюн сунууга чакырылышууда.

Бул абал Аз. Иса (ас)дын келиши жана чыныгы Инжилдин изделиши үчүн керек болгон бир мажбурлук экени да белгилүү.

Бул сыноо менен туура эмес ишенимдердин дүйнөнү капташы, адамдардын динди жамынып башаламандыкка жана кан төгүүгө түртүлөөрү жана Аз. Иса (ас) менен Аз. Иса (ас)дын келиши үчүн Тооротто, Инжилде жана Куран жана хадистерде билдирилген акыр заман белгилеринин чыгаары анык. Ошондуктан чын ыкластуу Христиандын милдети – бул Инжилдин чыныгы өкүмдөрүн издөө жана ишке ашыруу.

Бирок ошол эле учурда Христиандар Курандын акыйкат китеп болгон Инжилдин өкүмдөрүнүн баарын камтыганын да билиши керек. Акыйкат Инжилдин өкүмдөрү Куранда бар жана ушул себептен Мусулмандар да акыйкат Инжилге моюн сунууга милдеттүү.

Куран Инжилди тастыктоочу акыйкат бир китеп. Ошондуктан Мусулмандар – Мухаммеди болуу менен бирге акыйкат Инжилди ишке ашырган бир Исеви жана акыйкат Тооротту ишке ашырган бир иудей. Ушул себептен чын ыкластуу бир Христиан дагы Инжилдин чыныгысына моюн сунгусу жана акыйкат Инжил менен өкүм бергиси келсе, анда Куранда ал өкүмдөрдүн баарын табат. Акыйкат Инжил – Куранда Улуу Аллах мактаган ыйык китебибиз. Аллах Инжилдин жөнөтүлгөн доордо адамдар үчүн жол көрсөтүүчү болгонун Куранда мындайча билдирет:

> **Ал сага Китепти акыйкат жана өзүнөн мурдакыларды тастыктоочу кылып түшүрдү. Ал Тооротту жана Инжилди да түшүргөн эле. Мындан (Курандан) мурда (алар) адамдар үчүн бир хидаят эле... (Али Имран Сүрөсү, 3-4)**

> **Алардын (пайгамбарлары) артынан жандарындагы Тооротту тастыктоочу кылып Мариям уулу Исаны жөнөттүк жана ага ичинде хидаят жана нур болгон, алдындагы Тооротту тастыктоочу жана такыбалар үчүн жол көрсөтүүчү жана сабак болгон Инжилди бердик. (Маида Сүрөсү, 46)**

> **Кийин алардын изинен элчилерибизди бири-биринин артынан жөнөттүк. Мариям уулу Исаны да аркаларынан жөнөттүк; <u>ага Инжилди бердик жана аны ээрчигендердин жүрөктөрүнө бир боорукердик жана мээрим салдык.</u> (Бир бидат катары) Чыгарган кечилдикти болсо Биз аларга жазбадык (буйрук кылбадык). Аллахтын ыраазычылыгы үчүн (чыгарышты), бирок аны чындап аткара алышпады. Биз алардан ыйман келтиргендерге соопторун бердик. Алардан көпчүлүгү бузукулар. (Хадид Сүрөсү, 27)**

Жыйынтыктасак, Христиан бир туугандарыбыз Куранды –стереотиптерге таянып четке кагуудан мурда- ушундай көз-караш менен окушу зарыл. Чын ыкластан Аллахтан тууранын туура эместен айырмалоочу бир акылды тилеген ар бир адам Аллахтын бул улуу жакшылыгына ээ боло алаарын унутпаш керек.

# 2-БӨЛҮМ
# ҮЧ КУДАЙ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

## Аллах себептерден аруу-таза жана балалуу болгон эмес

Үч кудай жаңылыштыгы китепте үч бөлүмдө каралат:

Биринчи бөлүмдө Чиркөө 1870-жылы чыгарган үч кудайлуулук бир «акыл жана логиканын темасы эмес, ал жөнүндө ойлонбош керек болгон бир сыр» деген чечим жөнүндө сөз болот. Үч кудай башаламандыгынын кантип убакыт ичинде «ойлонбош керек болгон» бир догмага айлантылганы баян кылынып, чын ыкластуу Христиандар Аллахтын сыпаттары жөнүндө терең ойлонууга чакырылат.

Экинчи бөлүмдө кээ бир Христиандардын үч кудай пикиринин динге жана логикага туура келбешине Инжил жана Тооротон далилдер келтирилип, бул темада Христиандар терең ойлонушу керек болгон ар кандай логикалар сунулат.

Үчүнчү жана акыркы бөлүмдө болсо Христиандарга заттын чыныгы жүзү темасында өтө маанилүү маалыматтар берилет. Заттын чыныгы жүзү менен байланыштуу берилген ал маалыматтар үч кудай жаңылыштыгы таянган бүт пикирлерди толук жоюп, Христиан бир туугандарыбыздын жашоосун өзгөртө турган, ушул күнгө чейинки көз-караштарын толугу менен кайра карап чыгышына шарт түзө турган жаңы бир акыл, жаңы бир түшүнүктү сунат.

## 1- БӨЛҮМ
## Жаратылган бүт нерседе «ойлоно алган бир коом үчүн аяттар бар» (Нахл Сүрөсү, 11)

Колдорубуздун, клеткаларыбыздын, ДНК, белок, фермент сыяктуу түзүлүштөрдүн; ар кандай жаратылган жандыктардын, канаттуулардын учушунун, балыктардын сүзүшүнүн, жалбырактардын фотосинтез кылышынын, асмандардын, жылдыздардын, планеталардын, күндүн, айдын, дарактардын жазда жашылданышынын, жандыктардын кышкы уйкуга жатышынын, күндөрдүн 24 саат болушунун, жамгырлардын, карлардын, кыскасы, биз көрүп билген, уккан, бар экенинен кабардар болгон бүт нерсенин бир максаты бар. Булардын баарын ойлонбостон, эмне үчүн бар экенин түшүнбөстөн, алардын карап өтүп кетип жашай берүү оңой. Кээ бир адамдарды башкалардан айырмалаган эң негизги айырмачылык – бул оңойду ээрчибеши, жаратылган бүт нерсе жөнүндө терең терең ойлонушу. Аллах Куранда да, Инжилде да терең ойлонуу өзгөчөлүгүнүн ыймандууларга тиешелүү бир өзгөчөлүк экенин билдирген.

Эгер адам ойлонбосо, өзүнүн да жашоосунун да жаратылуу максатын түшүнбөйт. Эгер ойлонбосо, каяктан келгенин, кандай жоопкерчиликтери бар экенин жана кайда бараарын билбестен, өмүрүн бош, максатсыз өткөрүшү мүмкүн. Бирок адамдын башка жандыктардан айырмаланып, акылы, абийири, ойлонуу жана сындоо жөндөмү бар. Ошондуктан маанилүү бир жоопкерчилиги бар. Кантип жана эмне үчүн жаратылганын ойлонуу, Жаратканды түшүнүү жана Анын алдындагы жоопкерчиликтерин орундатууга милдеттүү. Адам бул жоопкерчилигин билмексен болуп жашашы да мүмкүн. Бул анын тандоосу. Адамдар мына ушул тандоосуна жараша бөлүнүшөт. Ыйман келтиргендерди, акыл жүгүрткөндөрдү жана акыретте утукка жете тургандарды башкалардан айырмалаган эң чоң айырмачылык – бул Жаратуу далилдери жана аяттар жөнүндө терең ойлонушу жана Жаратуучубузду талап кылынгандай түшүнө алышы.

Инжилде жана Тооротто да терең ойлонуунун маанисине көңүл бурулат:

***... Ойлонбойсуңарбы?*** *Түшүнбөйсүңөрбү? Жүрөгүңөр ошончолук катуулаштыбы?* ***(Марк, 8:17)***

*Менин айткандарым жөнүндө ойлон. Теңир болсо сага бардыгын түшүнүүгө жардам берет. (Павелден Тиметейге 2-каты, 2:7)*

*Бир туугандарым, алган чакырыгыңарды ойлонгула... (Павелдин Корунттуктарга 1-каты, 1:26)*

*... Асмандагы баалуулуктардын (Аллахтын Кабатында баалуу болгон нерселердин) артынан түшкүлө... Жер жүзүндөгү эмес, асмандагы (Аллахтын Кабатындагы) баалуулуктарды ойлонгула... (Павелдин Колосалыктарга каты, 3:1-2)*

*Теңирдин иштери улуу, алардан ырахат алгандар дайыма аларды ойлонот. (Псалтирь (Забур), 111:2)*

*Ошентип булардын баарын ойлонуп калчадым жана мындай жыйынтыкка бардым: чынчылдар, билгелер жана кылгандарынын баары Аллахтын колунда... (Насаатчы, 9:1)*

*... алдында ойлонгон сайын корком Андан (Айуб, 23:15)*

*Төшөгүмө жатканда Сени эстеймин, түнү бою терең терең Сени ойлойм. (Псалтирь (Забур), 63:6)*

*Ырахатын Теңирдин Мыйзамынан гана алат жана түнү-күнү ал жөнүндө терең терең ойлонот. (Псалтирь (Забур), 1:2)*

*Теңирдин иштерин эстейм, Ооба, өтмүштөгү кереметтерин эстейм. Кылгандары жөнүндө терең терең ойлоном, бүт иштери жөнүндө көңүл коюп токтолом. (Псалтирь (Забур),77: 11-12)*

*Алдыңкылар топтолуп мени жамандашса да, мен кулуң Сенин эрежелериңди терең терең ойлоном. Кеңештериң менин ырахатым, мага акыл берет. (Псалтирь (Забур), 119: 23-24)*

*Канчалык сүйөм Мыйзамыңды! Күн бою ойлоном ал жөнүндө. Буйруктарың мени душмандарымдан билге кылат, себеби дайыма акылымда алар. Бүт мугалимдеримден акылдуумун, себеби кеңештериң жөнүндө ойлоном. (Псалтирь (Забур), 119: 97-99)*

*Аллахтын кылганын ойлон: Анын ийгенин ким түздөй алат? Жакшы күндө бактылуу бол, бирок жаман күндө жакшылап ойлон... (Насаат, 7: 13-14)*

*Ук, Айуб, токтоп ойлон Аллахтын укмуш иштерин. (Айуб, 37:14)*

*Мыйзам Китебинде жазылгандарды тилиңден түшүрбө. Баарын көңүл коюп орундатуу үчүн түнү-күнү аны ойлон. Ошондо ийгиликтүү болосуң жана максатыңа жетесиң. (Джошуа, 1:8)*

*Өткөн күндөрдү эстеп, бүт кылгандарын терең терең ойлонуп, колдорунун ишин карап катып жатам. Колдорумду Сага ачып жатам, жаным кургак топурак сыяктуу Сага суусады. (Псалтирь (Забур), 143:5-6)*

*Теңирден гана корккула, Ага жакындык менен жана бүт жүрөгүңөр менен кулчулук кылгыла. Анын силер үчүн кандай чоң иштерди жасаганын бир ойлонгула! (Биринчи Шемуел, 12:24)*

*Сенин буйруктарыңдан ырахат алып, аларды сүйөм. Урмат жана сүйүү сезем буйруктарыңа, терең терең ойлоном эрежелериңди. (Псалтирь (Забур), 119: 47-48)*

*Кылгандарың урпактан урпакка шүгүрчүлүк менен эскерилет, күчтүү иштериң жарыяланат.* ***Керемет иштериңди ойлоном;*** *адамдар улуулугуңду, улуу бийиктигиңди сүйлөшүшөт. (Псалтирь (Забур), 145:4-5)*

Улуу Аллах Куранда да Ага кайрылып ыйман келтиргендердин Жаратуу далилдери жөнүндө ойлонгон адамдар экенин жана ушундайча Аллахтын улуу кудуретин талап кылынгандай түшүнө алаарын кабар берген:

> **Алар турганда да, отурганда да, жатканда да Аллахты эстешет жана асмандардын жана жердин жаратылышы жөнүндө ойлонушат. (Жана айтышат:) «Раббибиз, Сен буларды жөн гана (максатсыз) жаратпадың. Сен абдан Улуксуң, бизди оттун (тозоктун) азабынан сакта.» (Али Имран Сүрөсү, 191)**

Чыныгы бир динчил боло алуу үчүн терең ойлонуу маанилүү. Чыныгы диндин үстүртөн жана ойлонбостон жашалышы мүмкүн эмес. Терең ойлонуу – ыймандуу Мусулмандар да, Иудейлер да, Христиандар да терең концентрация болушу керек болгон бир ыйман шарты. Терең ойлонгондо гана Аллахтын улуулугун жана бийиктигин терең түшүнүүгө болот жана ошондо гана Ыйык китептердеги сахих жана терең сөздөрдүн жашыруун жана руханий маанилерин байкоого болот. Дин үйрөнүп жана жаттап ала турган гана бир жашоо формасы эмес.

# Ватикан соборунун чечими «Үч кудай темасы акыл жана логикадан алыс бир сыр, аны ойлонуунун кереги жок»

Аллахтын бар экенин терең ойлонуу зарылдыгын Христиан бир туугандарыбызга айтышыбыздын өзгөчө бир себеби бар. Бул себеп – Чиркөөнүн Христиандарга сунуштаган «ойлонбоо» доктринасынын канчалык туура эмес экенин көрсөтө алуу.

Эске сала кетсек, 4-кылымдан бери эч бүтпөгөн жана сансыз жыйындарда талкууланып аягына чыгууга аракет кылынган үч кудай темасы акыркы жолу 1868-1870-жылдары арасында уюштурулган Биринчи Ватикан соборунда (жыйынында) эч түгөнбөгөн талаштарды токтотуу максатында мындайча жыйынтыкталган: «Үч кудайлык бир акыл жана логиканын темасы эмес, ошондуктан бир сыр бойдон калышы керек».

Чиркөө белгилеген дагы бир догма Аз. Иса (ас) пайгамбар кылып жер жүзүнө жөнөтүлгөндөн болжол менен 1900 жылдан кийин ыйман шарты катары Христиандыкка кошулган. Чиркөөнүн бул чечимине моюн сунган Христиандар учурда үч кудай темасын эч ойлонбош керек болгон бир ыйман сыры деп кабыл алууну туура көрүшүп, ал тургай муну апачык жакташууда.

Чиркөөнүн ойлонбоо жөнүндөгү фатвасынын (өкүмүнүн) жалгыз себеби үч кудайлыктын чоң бир жаңылыштык болушунан келип чыккан. Аллах, албетте, ар бир ойдон чыгарылган жана жалган нерсени логикасыздыктар, акылсыздыктар, карама-каршылыктар жана жеңилүүлөр менен жаратат. Үч кудайлык да ушундай. Мындай логикасыздыктарды билген Чиркөө ушул себептен кайра эле догма салтын уланткан. Себеби Христиандыктын башталышынан бери бир азга акылын жана логикасын колдонгон жана ушул себептен расмий макамдар тарабынан «жолдон чыккан» деп жарыяланган Христиандар бүт бул логикасыздык жана акылсыздыктарды билишкен. Же үч кудайлыкты толугу менен четке кагышкан же болбосо башкача түшүнүп

өзгөртүшкөн. Ошондуктан Чиркөө ойлонуп акылын иштеткенде үч кудай ишенимине каршы чыга турган топтордун пайда болоорун билет.

Учурда «үч кудайлык – ал жөнүндө ойлонбош, түшүнүү үчүн аракет кылбаш, жана түшүнбөстөн баш ийиш керек болгон бир сыр» деп ишенген көптөгөн Христиандар бар. Бизди ойлонбошко үндөгөн бир динибиз бар деп ойлошуп, Аллахты түшүнбөстөн жашообузду уланта алабыз деп ойлошууда. Муну көбүнчө ачык айтышпайт. Бирок бул жердеги «түшүнө албастыкты» кадыресе көрүшүп, бүт нерсени түшүнүүгө күчүбүз жетпейт, ошондуктан ойлонуп жооп табууга аракеттенүүдөн бир майнап чыкпайт деп айтуудан тартынышпайт.

Албетте бүт нерсени түшүнүүгө кудуреттүү болуп жаратылган эмеспиз. Бирок Аллах бизге Өзүнүн Кудуретин апачык көрсөткөнүн жана муну ыйман менен ойлонуп түшүнүү мүмкүн экенин билдирген. Бизди жараткан Улуу Кудуретти түшүнүү биздин бир милдетибиз. Бир адам аны жараткан Аллахты таанытбастан кимге кантип ибадат, кимге кантип дуба кылаарын билбестен, кандай бир дин түшүнүгүнө ээ болот? Жаратылыштагы сырларды кантип ачат, акыретти кантип түшүнө алат? Аллахтын дайыма аны угуп, көрүп тураарын кантип түшүнө алат? Динчил болуу үчүн ойлонуу, Аллахты түшүнүү, Аллахтын улуулугун түшүнө алуу шарт. Бул ыймандын тереңдешинин эң негизги элементтеринин бири.

Үч кудайлыкты жактаган кайсы гана Христианга жолукпаңыз, ага үч кудайлык жөнүндө узатылган суроолорго сөзсүз өтө логикасыз, түшүнүксүз, кызыктай логикадагы башаламан жоопторду берет. Болгондо да ар бир Христиан үч кудайлыкты ар башкача түшүндүрөт. Себеби үч кудайлык жөнүндө эмне айтып жатканын көбүнчө өздөрү да билишпейт. Үч кудайлыкты акыл жана логика менен түшүндүрүүгө аракеттенген Христиандар үч кудай деп сүрөттөгөн нерсесинин да тышына чыгышат. Кээ бирлери түшүнүүгө аракет кылышат, бирок эч натыйжа чыкпайт. Кээ бирлери бир логика куруууга, аны болсо формулалар менен түшүндүрүүгө аракеттенишет. Көпчүлүгү болсо эч аракет кылышпайт. Чиркөө аларга таңуулаган «ойлонбоо» жолун тандашып, сурагандарга «бул тема бир сыр, ошондуктан ал жөнүндө ойлонууга милдеттүү эмеспиз» дешет.

Албетте, ойлонбой койсок баары өтө оңой. Анда жоопкерчиликтер да сыртынан караганда жоголот. Ойлонуунун кереги жок деген бир адам түшүнүү мүмкүн болбогон бир Аллахтын (Аллахты аруулайбыз) кантип жаратканын, кантип жараткан нерселерин башкараарын, Аллахтын алдындагы жоопкерчиликтерин, Аллахка кантип сурак берээрин да ойлонуунун зарылчылыгы жок дейт. Анда жашоо өтө жеңилдөөт. Чындап эле учурда Христиандардын көпчүлүгү ушундай абалда жашашууда. Бул албетте бир катар Мусулмандарга жана Иудейлерге да тиешелүү. Бирок өзгөчө үч кудайлык темасында Христиандарга сиңирилген аң-сезим аларды толугу менен Аллах жана Анын жаратkандары жөнүндө терең ойлонуудан тоскондуктан, алар үчүн абал кооптуураак. Көпчүлүгү жекшемби күндөрү чиркөөгө баруу жана Аз. Иса (ас)дын Аллахтын уулу экенине ишенүү менен гана Аллахтын ыраазылыгына жана бейишине жете алабыз деп ойлошууда. Бул болсо Христиандардын көпчүлүгүн байкабастан ширк ичинде жашоого; дүйнөгө берилүүгө; адал-арамдарды карабашына; Аллахтын ыраазылыгына жетүү үчүн дуба кылуу жана чиркөөгө баруудан тышкары эч нерсе кылбоого; атеизм, дарвинизм, коммунизм, материализм, терроризм сыяктуу Аллах ишенимине каршы чыгарылган агым жана идеологияларга каршы күрөш жасабашка; дүйнөдө динчилдерге, байкуш адамдарга болгон кол салуулардан бейкапар жашоого жана бүт дүйнөгө көздөрүн жумуп өз үйүнүн кичинекей дүйнөсүндө гана өмүрүн улантышына түртүүдө. Албетте анча-мынча мындай эместер да бар. Бирок Христиандардын көпчүлүгүнүн ушундай абалда экенин эч ким тана албайт жана буга эч ким каршы чыга албайт. Кандайдыр бир Христиан дүйнөдөгү орточо бир Христиандын жашоо калыбынын түпкүрүндө ушундай экенин өтө жакшы билет. Ойлонбостон жашоо алып келген динчилдик мына ушундай динчилдик болот. Христиандар мындай бир дин түшүнүгүнүн кооптуулугун көрүшү зарыл.

# «Үчтүн биримдиги жалгыз кудай маанисине келет» деген алдамчылык

Үч кудай темасы менен байланыштуу эң чоң алдамчылыктардын бирөө, балким эч чоңу – бул кээ бир Христиандардын үч кудай аты менен негизи Бир Аллах айтылып жатат деген сөздөрү. Өзгөчө үч кудайлыктын путпарасттык ишеним менен байланыш курулушунан тынчсызданган кээ бир Христиандар «биздин айтайын дегенибиз үч элементте бириккен жалгыз Кудай» дешет. Көбүнчө бул сөздү өздөрү да жакшы түшүнө беришпейт жана түпкүрүндө апачык үч кудай ишенимин сүрөттөшөт.

Кээ бир үч кудайчылар «үч элементте бир даана баалуу таш биригет, ошондуктан үч элемент кудай» дешсе; кээ бирлери «ата эң чоң, башкалары атадан келет»; кээлери «үч кудай арасында бир эмгек бөлүшүү бар»; кээ бирлери болсо «уул атадан, Ыйык Рух болсо уулдан келет» дешет. Үч кудайлык жөнүндө ушуга окшогон сөздөрдүн саны өтө көп. Бирок баары башаламан кылып айткан бул үч кудайлык догмасы менен негизи Жалгыз Аллахты айтып жатабыз дешет. Эгер чындап эле жалгыз Аллах ишениминде болушса, албетте бул жакшы, бирок бул үчүн жасаган жогорудагыдай түшүндүрмөлөрү такыр туура эмес.

Бир нерсе өтө маанилүү: **Инжил толугу менен Христиандарга Аллахтын Жалгыз экенин айтат.** Инжилде Аллахтын Жалгыздыгын айткан жана Жалгыз Аллахка кул болууга буйруган өтө көп тексттер бар. Жана ал тексттердин баары апачык. Ал эми экинчи тараптан, Инжилдин эч бир жеринде үч кудай сөзү кездешпейт, жана үч кудайлыкка далил көрсөтүүгө боло турган бир сөз дагы жок. Далил катары көрсөтүлгөн тексттердин баары – бурмаланып жоромолдонгон, кашаанын ичине Аллахтын уулу жана Ыйык Рух сөздөрү кошулган, толугу менен башка маанидеги сөздөрдү атайылап үч кудайга далилдей кылып жоромолдогон тексттер. **Инжилде Жалгыз Аллах ачык жана так айтылат, үч Кудай болсо Инжилдин эч бир жеринде жок.**

Үч кудайчылар өздөрү чыгарган үч кудайлыктын үч элементи болгон ата, уул жана Ыйык Рухтун бир жагынан өз-өзүнчө заттар, экинчи жагынан жалгыз «баалуу буюм» экенин, кандайча болуп үчтүн үч дагы, бир дагы экенин эч түшүндүрө алышкан эмес. Бул чоң парадоксту дайыма билип келишкен. Жана ошол сыяктуу үч кудайдын кантип ар башка кызматтарды аркалашын; жаратуу иши атага тиешелүү болсо, кантип башкаларынын бул өзгөчөлүккө ээ боло албаганын; төрөбөгөн, төрөлбөгөн, убакыт менен мейкиндиктен көз-карандысыз болгон жалгыз Кудайдын кантип убакыт менен мейкиндик ичинде ар башка заттарга бөлүнгөнүн эч түшүндүрө алышпайт. Жана түшүндүрүшү да мүмкүн эмес.

Үч кудайчылар айткандай эгер үч кудай бүт тарабынан тең болсо –муну үч кудайлыкты жактаган көпчүлүк Христиандар жакташат- анда ритуалдарда бирөөсүнө сыйынуу алардын логикасы боюнча жетиштүү болушу керек. Бирок үч кудайчы Христиандар үчөөсүнө бирдей сыйынуу керек деп ишенишет. Бул дагы үч кудайлыктын (троица) үч башка кудай тутунуудан көп айырмасыз бир ишеним экенин көрсөтөт.

Үч кудайдын жалгыздыгы пикири укмуш логикасыз бир сөз. Бүт нерсеге кудуреттүү, бүт баарынын Ээси болгон, алардын баарын жоктон жараткан Аллахтын үч башка зат болуп көрүнүшүнүн кандай муктаждыгы бар? (Аллахты аруулайбыз) Болгондо да жалгыз Кудайга ишенээрин айткан үч кудай тараптарлары Мусулмандар менен Иудейлердин тавхид ишеними болгон «Аллахтын абсолюттук Бирөөлүгү жана Жалгыздыгы» сыпатын толук түшүнүшпөөдө. **Тавхид ишениминде Аллах Абсолюттук Бирөө, Жалгыз, БИР ТЕҢДЕШИ, ӨЗҮНӨ ОКШОШУ ЖОК. ЭЧ НЕРСЕ АГА ТЕҢ КЕЛЕ АЛБАЙТ, ЭЧ НЕРСЕ АГА ОКШОЙ АЛБАЙТ. Аллахтын Жалгыздыгы ушундай.** Ошондуктан үч кудай ишеними эч качан тавхид ишеними боло албайт. Үч кудайлык (троица) менен Бир Аллахка ишенээрин айткандар же алданып калышкан, же жалган айтышууда.

Бирок эң негизгиси – бул мындай башаламандыктын эмне кереги бар деген суроо. Жалгыз Аллахка ишенүүнүн көңүл тынчтыгы, бейпилдиги жана бакыты турганда, мынчалык татаал, бир-бирине туура келбеген жана укмуш башаламан сөздөрдү айтуунун кандай кажети бар? Бүт бул башаламандыктын ордуна түздөн-түз Бир

жана Жалгыз болгон Улуу Аллахка ишенүү, Бир жана Жалгыз Кудай катары Ага кайрылуу бир топ жакшы. Баарын көрүп турган жана билген Жалгыз Аллахтын бар экени бир бакыт. Дайыма биз менен болгон, дуба кылганыбызда бизде уккан, ал тургай көкүрөктөрдөгү жашыруун сырларды да билген жана ага жооп берген, баарын башкарып турган Улуу Раббибиздин бар болушу канчалык чоң бир немат-жакшылык. Үч кудай ишениминин башаламандыгы ичинде сыгылган кээ бир Христиан бир туугандарыбыз тавхид ишениминин мындай сонундугун билишпейт. Аллахка мынчалык жакын болуунун сонундугун билишсе, үч кудайлыктын аларды кантип Жараткандан алыстатканын түшүнүшөт. Аллахтын улуулугун билүү, Аллахка Бир жана Жалгыз Кудай деп ыйман кылуу, Аллахтын кудуретин жакшылап түшүнүү эң чоң бакыт.

**Айткын: «Мен болгону бир эскертүүчүмүн. <u>Жалгыз, каардуу Аллахтан башка бир Кудай жок.»</u> «Асмандардын, жердин жана экөөсү арасындагылардын Раббиси, улуу жана кудуреттүү, кечиримдүү.» (Сад Сүрөсү, 65-66)**

# Акыйкат динде башаламандык жок, эгер башаламандык болсо анда жалган ишенимден күмөн санаш керек

Аллах жараткан акыйкат диндердин баары өтө оңой. Диндин өкүмдөрү ойлонуу кыйын болгон, түшүнүксүз, сыр катары кала турган абалда эмес. Улуу Раббибиздин бар экени апачык. Аллахтын бар экени, Аллахтын жаратуу чеберчилиги, Аллахтын жараткан нерселерине жакындыгы жана өкүмдарлыгы да оңой гана түшүнүлө турган нерселер. Динде эч татаалдык жок. Абийири жана акылы менен караган бир адам Улуу Жаратуучунун бүт нерсенин Ээси жана бүт нерсенин Өкүмдары болгон Жалгыз Жаратуучу экенин, «бүт нерсеге кудуреттүү» сыпатынын бир шарты катары уулдуу болууга муктаж эмес экенин, бүт нерсе-жандыктарга эң жакын экенин, Андан башка эч бир Күч жок экенин толук түшүнө алат. Ошондуктан үч кудай ишенимин жактагандар жана аларды ээрчигендер жаңылышууда.

Эгер динде үч кудайчылардагы сыяктуу бир башаламандык бар деп айтылса анда аны күмөн менен караш керек. Ал жерде акыйкаттын ордун жалган ээлеген болот. Эгер Өзүнүн улуу эмгектерин эң кичинекей атомдо, ири көлөмдөгү ааламда же бир атомдун тереңдиктеринде да апачык көрсөткөн Улуу Аллахтын сыпатын түшүндүрүү жана түшүнүү мынчалык татаал абалга жеткен болсо, анда ал жерде шайтандын оюнунан күмөн саноо керек.

Бир гана Жаратуучу бар жана ааламдагылардын баары ал Улуу Жаратуучунун чеберчилигине ишарат кылат. Аларды жоктон жараткан Аллах аларды дайыма башкарып, көзөмөлдөп турууга да, албетте, кудуреттүү. Раббибизге жетүү үчүн ортомчулардын кереги жок. Башка ойдон чыгарылган кудайларга да муктаждык жок (Аллахты аруулайбыз). Аллах бизди бизден жакшыраак билет, бизди дайыма көзөмөлдөп турат. Ошондуктан чын ыкластуу Христиандар бир башаламандык ичинде экенин байкап, акыйкат диндин тунук, түшүнүктүү жана өтө ырахаттуу тавхид (жалгыз кудай) ишенимине жүрөктөрүн ачышы керек. Куранда мындан башка бир жолдун «карама-каршылык» экенин Аллах билдирген:

**Эгер алар да силер ишенгендей ишенишсе, албетте туура жолду тапкан болушат; жок эгер жүз бурушса, <u>алар албетте бир карама-каршылык ичинде.</u> Сага аларга каршы Аллах жетиштүү. Ал угуучу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 137)**

# Үч кудайлык ишеними Аллахты түшүнө алуунун алдындагы чоң бир тоскоолдук

Үч кудайлык ишенимин Чиркөөнүн өзгөртүлгүс доктринасы катары көрүп учурда ага моюн сунган Христиандардын балким эч чоң көйгөйлөрүнүн бири – бул алардын Аллахты талап кылынгандай тааный албашы, Аллахтын сыпаттарын толук түшүнө албашы. Улуу Аллах ири чоңдуктардагы жана изилдеп түшүнүү да өтө татаал болгон кичинекей бүт ааламдарды, бүт ааламды ЖОКТОН жараткан. Жоктон учу-кыйырсыз бир ааламды жараткан, анын ичиндегилердин баарын бир тең салмактуулук жана тартип ичинде пайда кылган, адамды жана бүт башка жандыктарды бул кереметтүү система ичинде кемчиликсиз жараткан, адамга бир тагдыр берген Аллах, албетте, жараткан ар бир жандыгын көзөмөлдөп коргоого да кудуреттүү. Раббибиз бүт нерсени билет. Ал бүт нерсени көрөт, бүт нерсени угат. Андан эч нерсе жашыруун эмес. Анын кабары болбостон бир даана жандык бир демин дагы ала албайт, бир даана жалбырак да кыймылдай албайт, бир электрон дагы ордунан жыла албайт. Аллах кааласа, булардын баарын жок кылууга жана кайрадан эч белгисиз жаңы бир сулуулукта жоктон жаратууга кудуреттүү. Аллах үчүн бул албетте өтө оңой. Раббибиздин бир гана «Бол» буйругу менен бүт нерсе болуп калат.

Аллах ар бир көздүн көргөнүн көрөт, ар бир үндү угат. Ар бир көздүн көрө турганын да, ар бир кулактын уга турганын да негизи Ал жараткан. Куран бизге көрсөткөн Исламды толук түшүнө албаган кээ бир Христиандар Исламда Аллах адамдардан алыс деген бир түшүнүк бар дешип, үч кудайлык догмасын өз ойлорунда туура көрсөтүүгө аракеттенишет. Чындыгында болсо Аллах бизден алыс эмес, дайыма биз менен. Аллах бүт тарапта жана Ислам бул чындыкты Куран аяттары аркылуу адамдарга кабар берет. Тескерисинче үч кудайлык ишеними Аллахты алыс көрөт. Ушул себептен Аллах Аз. Иса (ас)ды ортомчу (себепчи) кылып гана кулдарына жете алат деген пикир үстөмдүк кылат. Мына ушул көз-караш Аллахты жакшы түшүнө албоодон, жакшы тааный албоодон келип чыгат.

Аллах бизден алыс деп ойлогон кээ бир Мусулмандар албетте бар. Бирок алардын булагы Куран эмес, өздөрү чыгарып алган жалган ишенимдер. Ошондуктан алар жактаган нерсе Исламда жок. Чындыгында Аллах бизден алыс деп ойлогон кээ бир Мусулмандар менен Аллах бизге ортомчулар аркылуу жете алат деп ойлогон үч кудайчы Христиандардын түшүнүгү окшош. Улуу Раббибиз Куранда;

**«Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан жакыныраакпыз.» (Каф Сүрөсү, 16)**

**«Эми Раббиңдин өкүмүнө сабыр кыл; себеби чындыгында сен Биздин көз алдыбыздасың...» (Тур Сүрөсү, 48)**

**«...Кургактыкта жана деңиздеги бүт нерсени Ал билет. Анын кабары болбостон, бир жалбырак да түшпөйт; кара жер койнундагы бир даана дан болсун, бардык суулуу же кургак нерселер болсун (бардыгынын кабары) Анык китепте бар.» (Энъам Сүрөсү, 59)**

**«...Ал жашыргандарыңды да, ачыкка чыгаргандарыңды да билет. Себеби Ал көкүрөктөрдөгү жашыруун сырларды билүүчү.» (Худ Сүрөсү, 5)**

**«...Жерде жана асманда эч нерсе Аллахтан жашыруун калбайт.» (Ибрахим Сүрөсү, 38)**

аяттарында жана ушул сыяктуу дагы көптөгөн аятта кабар бергендей, адамга **ЭҢ ЖАКЫН экенин апачык билдирген. Эч ким, эч бир нерсе адамга Аллахтан жакыныраак эмес. Ар бир көздөн Аллах көрөт, ар бир кулактан Аллах угат.** Аллах бир катар Мусулмандар менен Христиандар ойлогондой асманда эле эмес, **БҮТ ТАРАПТА.** Бир жалбырак түшкөндө, аны көргөн эч ким болбосо да, Аллах аны сөзсүз көрүп, билет. Жердин астындагылар, деңиздин канчалаган километр тереңиндегилер, клеткаларыбыздын ичиндегилер жана эч көрүнбөс

бир аалам болгон атомдор, электрондор, кварктар бизге белгисиз болсо да, Аллах алардын ар бирин ар дайым билет жана ар дайым көрүп турат.

Бир-биринен айырмалуу, ар кандай сыпаттагы үч кудай бар деген үч кудайчылар Аллахтын мына ушул саптарда баяндалган улуулугун, бийиктигин, кудуретин билишпейт. Муну билишсе, Аллах бизге ар кандай ортомчулар менен жетет деген пикиринин туура эместигин заматта түшүнө алышат. Аллах ортомчуларга, себептерге муктаж эмес. Ал жаратылганды али жаратыла электе билет, көкүрөктөрдөгү сырлардан кабардар.

Бул чындыкты жакшыраак түшүнүү үчүн «көрүнүү (чагылуу) түшүнүгүн, ал үчүн болсо заттын чыныгы жүзүн билүү керек. Ошондо Христиандар бул айтылгандардын баарынын метафизикалык бир ишеним эмес экенин, Аллах апачык адамдарга билдирген бул чындыктын илимий жактан далилденгенин жакшыраак түшүнүшөт. Бул тема үчүнчү бөлүмдө терең каралат.

# 2- БӨЛҮМ

# Улуу Аллах балалуу болгон эмес

Улуу Аллах бүт нерселердин Өкүмдары, жаратылган бүт нерселердин Ээси. Аллах бүт себептерден жогору, көз-карандысыз, себеби ишке ашкан бүт окуяларды жана ал окуялардын ишке ашуу себептерин да Өзү жаратат. Дүйнөдөгү бүт нерселер белгилүү себептерден көз-каранды ишке ашат. Бирок Раббибиз ал себептерге муктаж эмес. Аталык, балалык, балалуу болуу сыяктуу адам жашоосуна тиешелүү нерселерди да Раббибиз жараткан. Ошондуктан «Аллах балалуу болду» (Аллахты арууулайбыз) дегендер Аллахтын улуулугун жана сыпаттарын түшүнбөй жатышат. Улуу Раббибиздин кандайдыр бир нерсени жаратуу, кандайдыр бир нерсени жасоо үчүн каалашы гана жетиштүү. Эч нерсе Андан алыста эмес. Ал жаратылганды эң жакшы билүүчү, жаратаардан мурда тагдыр кылып аныктоочу.

Аллахка уул таңуулагандар – Раббибиздин бул сыпаттарын билбегендер же жакшы түшүнбөгөндөр. Мурда да эске салып кеткендей, Аллах Куранда Раббибизди түшүнө албагандардын мындай мамилесинин олуттуулугун төмөнкү аяттары менен билдирген:

> **«Рахман балалуу болгон эмес» дешти. Ант болсун силер өтө жаман нерсени кылып-келдиңер. Мындан улам АСМАНДАР ТАЛКАЛАНЫП, ЖЕР ЖАРЫЛЫП ЖАНА ТООЛОР КУЛАП ТАЛКАЛАНЧУДАЙ БОЛГОН. Рахмандын баласы бар дешкени үчүн (ушулар болчудай болгон.) Рахман (Аллах)ка балалуу болуу жарашпайт. Асмандар менен жердегилердин (бүт адамдардын жана бүт нерсенин) баары Рахман (Аллах)ка кул болуп гана келет. (Мариям Сүрөсү, 88-93)**

Аяттардан апачык көрүнүп тургандай, Аллахка бала ыйгаруу бүт ааламды талкалай турганчалык оор, Раббибиздин каарына себеп боло турган өтө чоң бир кылмыш. Куранда Раббибиздин балалуу болбогонуна көп аятта басым жасалган. Аяттарда Раббибиздин балалуу болуудан аруу-таза экени, «төрөбөгөн жана төрөлбөгөндүгү», эч нерсенин Ага тең келе албашы апачык айтылат. Бул жөнүндөгү аяттар төмөнкүдөй:

> **Айткын: Ал Аллах жалгыз. Аллах Самад (бүт нерсе Ага муктаж, Ал түбөлүктүү, эч нерсеге муктаждыгы жок). Ал төрөгөн эмес жана төрөлгөн эмес. Жана эч нерсе Ага тең эмес. (Ихлас Сүрөсү, 1-4)**
>
> **Көңүл бургула; чындыгында алар ойлоп чыгарган жалганынан улам «Аллах төрөдү» дешет. Алар, эч күмөнсүз, албетте жалган сүйлөп жатышат. (Саффат Сүрөсү, 151-152)**

**«Аллах балалуу болду» дешти. Ал (мындан) улуу; Ал эч нерсеге муктаж эмес. Асмандардагы жана жердегилердин баары Аныкы. Силерде бул жөнүндө бир далил да жок. Аллах жөнүндө билбеген бир нерсеңерди айтып жатасыңарбы? (Йунус Сүрөсү, 68)**

**Эгер Аллах балалуу болгусу келгенде, жараткандарынан каалаганын албетте тандамак. Ал улуу; Ал жалгыз, каардуу Аллах. (Зүмер Сүрөсү, 4)**

Улуу Раббибиз бүт ааламдын абсолюттук Өкүмдары, Раббибиз эч бир ортокко же жардамчыга муктаж эмес (Аллахты аруулайбыз). Ал каалаганда «Бол» дейт жана ал болот. Аллах аяттарында мындай дейт:

**Асмандардын жана жердин мүлкү Аныкы. Өзүнө бала тутпаган, мүлкүндө шериги болбогон жана ар бир нерсени эң назик ченем-өлчөм менен жараткан Зат. (Фуркан Сүрөсү, 2)**

**Жана айткын: «Мактоолор (хамд) балалуу болбогон, мүлктө шериги жок жана алсыздыктан улам жардамчыга да (муктаж) болбогон Аллахка.» Жана Аны такбир кыла алышыңча такбир кыл. (Исра Сүрөсү, 111)**

**Аллахтын балалуу болушу эч мүмкүн эмес. Ал улуу. Бир иштин болушун чечсе, ага: «Бол» деп гана айтат, ал ошол замат болуп калат. (Мариям Сүрөсү, 35)**

Улуу Аллах «Аллах балалуу болду» дегендерди КУРАН менен эскертип-коркутаарын билдирүүдө. Демек үч кудайлык жаңылыштыгын жасаган Христиандарга Куран туура жолду көрсөтөт. Аллах аларды Куран аркылуу бул маанилүү катадан тосууда:

**(Бул Куран) «Аллах балалуу болду» дегендерди эскертип-коркутат. Бул жөнүндө өздөрүнүн да, аталарынын да эч кандай маалыматы жок. Ооздорунан чыккан сөз канчалык олуттуу. Алар жалганды гана сүйлөшүүдө. (Кехф Сүрөсү, 4-5)**

Жогорудагы аяттарда, мындан тышкары, Аллах балалуу болду дегендердин бул жөнүндө өздөрүнүн да, алардан мурдакылардын да эч кандай маалыматы жок экени, б.а. мунун толугу менен бир алдамчылык экени айтылууда. Аллах сабатсыз-илимсиздик менен чыгарылган бул сөздүн кооптуулугун Куранда **«ооздорунан чыккан сөз канчалык олуттуу»** деп эскертүүдө.

Раббибиз балалуу болбогонун билдирген бир аятта, ошондой эле, Аллах менен бирге башка бир кудайдын жок экенин кабар берүүдө:

**Аллах эч бир балалуу болгон эмес жана Аны менен бирге эч бир Кудай жок; эгер болгондо, ар бир кудай албетте өзүнүн жаратканын алып кетмек жана (кудайлардын) кээ бирлерине үстөм болмок. Аллах алардын таңуулаган сыпаттарынан улуу. (Мүминун Сүрөсү, 91)**

Бул аят үч кудай тараптары болгон Христиандардын эки сөзүн тең –Аз. Иса (ас) Аллахтын уулу жана Аз. Иса (ас) кудайлык сыпатына ээ деген сөздөрүн тең- толугу менен четке кагууда.

Улуу Аллах Куранда Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)га бул сөздү айтып келген кишилерге мындай деп айтышын вахий кылган:

**«Айткын: «Эгер Рахмандын баласы болгондо, ага сыйынгандардын биринчиси мен болмокмун.» (Зухруф Сүрөсү, 81)**

«Аллахты талап кылынгандай тааный албоо» сөзү менен Аллахтын аяттарда айтылган улуу сыпаттарын түшүнбөөчүлүк айтылууда. Себеби бир адам үч кудай ишенимин кабыл алышы үчүн Аллахтын бүт нерсенин Өкүмдары экенин; жаратуу жана жашатуу үчүн эч бир себепке, жардамчыга муктаж эместигин; Аллах кааласа балалуу болууга кудуреттүү экенин, бирок мындан аруу-бийик экенин; бир нерсени каалаганда «Бол» деген буйрукту беришинин гана жетиштүү экенин; жердин, асмандын, бүт нерселердин Анын буйругуна моюн

сунаарын түшүнө албай жаткан болушу керек. Аллахтын эч нерсе үчүн Өзүнөн башка кудайларды жаратууга муктаждыгы жок. Аллах али төрөлө электе төрөлө турганды, али айтыла электе айтыла турганды, али карала электе көрүлө турганды, көкүрөктөрдөгү жашыруун сырларды, КЫСКАСЫ БААРЫН түбөлүк мурдатан түбөлүк чексизге чейин билет. Раббибиз бир аятында мындай деп билдирет:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Аллахтын чексиз күч-кудуреттүүлүгү Инжил тексттеринде болсо мындайча айтылат:

*... Ал бүт нерсенин үстүндө өкүм сүрүүчү, түбөлүккө чейин мактала турган Аллах. (Павелдин Римдиктерге каты, 9:5)*

*... Күчү бүт нерсеге жетүүчү Раб Аллах, сенин иштериң улуу жана таң калыштуу иштер... (Аяндар, 15:3)*

*Аллах кыла албаган эч нерсе жок. (Лука (Лукман), 1:37)*

*...Аллахтан (Аллахка тиешелүү) болбогон башкаруу жок. Бар болгондорду Аллах курган. (Павелдин Римдиктерге каты, 13:1)*

*Бүт нерсенин булагы Ал; бүт нерсе Ал тарабынан жана Ал үчүн бар болду. Түбөлүккө чейин Ага улуулук болсун. (Павелдин Римдиктерге каты: 11-36)*

Бүт нерсе Ага моюн сунган. Эч нерсе эркин, өз-алдынча эмес. Ар бири сөзсүз Раббибизге моюн сунууга милдеттүү. Аллах мына ушундай каршы тургус, улуу жана жогорку бир кудуретке ээ:

**...Чындыгында болсо асмандарда жана жерде эмне бар болсо –кааласа да, каалабаса да- Ага моюн сунган... (Али Имран Сүрөсү, 83)**

# Аз. Иса (ас) терең Аллах сүйүүсү менен жашаган бир КУЛ

Инжилде Раббибиз мындай деп буюрат:

*Аллах силерди жаман жолдоруңурдан кайтарып ыйыктоо үчүн кулун (Аз. Иса (ас)ды) ортого чыгарып алгач силерге жөнөттү. (Ыйык элчилердин иштери, 3:26)*

Аллах бир Куран аятында болсо мындай деп билдирет:

**Месих жана жакындаштырылган (жогорку даражалуу) периштелер Аллахка кул болуудан эч өздөрүн тартышпайт. Ким Ага ибадат кылуудан «өзүн тартып» мамиле кылса жана бой көтөрсө (билиши керек,) алардын баарын алдында чогултат. (Ниса Сүрөсү, 172)**

Инжил менен Куран аяттарында апачык белгиленгендей, Аз. Иса (ас) Аллахтын бир кулу. Жана Куран аятында баса белгиленип айтылгандай, Аз. Иса (ас) Аллахка кул болуудан ырахат алган, Аллахка өзүн тапшырган, Аллахка терең бир сүйүү менен жакындык сезген өтө сонун бир пайгамбар. Анын Аллахты терең сүйүү менен орундаткан кулчулук милдети кээ бир Христиандар үчүн кабыл алынгыс жагдай. Анын сүйүү жана

терең ырахат алуу менен орундаткан Аллахка кул болуу милдетин өз ойлорунда туура эмес көрүшүп, четке кагышууда.

Куран аяттарына жана төмөндө терең карала турган Инжил тексттерине карабастан, Аз. Иса (ас)дын бир кул катары гана жаратылганын кабыл албагандардын көпчүлүгү чоң ыктымалдык менен сабатсыздыктан ушундай катага түшкөн болуш керек. Аз. Иса (ас)га болгон сүйүүлөрүнөн, эгер анын «кул» экенин кабыл алсак, анда анын баркы түшөт, ага керектүү урматты көрсөтпөгөн болобуз деп ойлошууда. Чындыгында болсо Аз. Иса (ас)дын чын көңүлдөн, сүйүп жана бактылуулук менен, бир ибадат катары орундаткан кулчулук милдети Аз. Иса (ас) үчүн өтө чоң бир немат-жакшылык жана албетте анын баркын эч түшүрбөйт. Тескерисинче мындай бир сүйүү менен Аллахка кулчулук барктуу пайгамбарыбыз Аз. Иса (ас)ды эсе эсе барктуураак кылып, анын бейиштеги макамын жогорулатып, аны өтө көп адамдардын сүйүктүүсү кылган. Аллахты ыраазы кылууга аракеттенген бир кул жана пайгамбар болуу, өмүр бою Аллахты улуулаган жана Аллахка кошумчасыз ыйман келтирген мынчалык терең акылдуу бир адам болуу – Аз. Иса (ас) үчүн немат-жакшылыктардын эң чоңу.

Аз. Иса (ас)дын Аллахка бир кул катары гана жаратылганы башка аяттарда да билдирилген бир чындык:

> **(Иса) Айтты: «<u>Күмөнсүз мен Аллахтын кулумун.</u> (Аллах) Мага Китепти берди жана мени пайгамбар кылды.» (Мариям Сүрөсү, 30)**

Башка бир аятта болсо Аз. Иса (ас)дын өлүмдүү экени, башка адамдар сыяктуу өлгөн соң акыретте кайрадан тирилтилээри билдирилген:

> **«Салам мага; туулганым күндө, өлө турганым күндө жана тирүү болуп кайрадан-тургузула турганым күндө да.» (Мариям Сүрөсү, 33)**

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Аз. Иса (ас) Аллах белгилеген убакыт келгенде кайрадан жер жүзүнө түшөт жана Аллах буйругандай Аз. Мехди (ас) менен бирге элчилик милдетин толуктайт. (Буга китептин алдыңкы бөлүмдөрүндө токтолобуз.) Аз. Иса (ас) бул дүйнөдө өз милдетин аяктаган соң бүт өлүмдүү адамдар сыяктуу көз жумуп, руху бейишке алынат. Бүт адамдардыкы сыяктуу, анын да бүт тагдырын; өмүр бою анын башына келген бүт окуяларды Аллах жараткан. Көрсөткөн бүт кереметтерин да Аллах жараткан. Аз. Иса (ас) аларды өзү эмес, Аллахтын ага болгон мээрими натыйжасында жасаган. Аз. Иса (ас) дүйнөдөгү өмүрү бою Аллахка болгон күчтүү ыйманын билдирип, адамдарды Аллахтын туптуура жолуна чакырган. Аз. Иса (ас)дын адамдарды Аллахка ыйман келтирүүгө жана Ага кулчулук кылууга чакырышы Инжилде да айтылган анык бир чындык:

> *Иса ага мындай жооп берди: «Аллахың болгон Раббиге сыйын, бир гана Ага кулчулук кыл» деп жазылган.» (Лука (Лукман), 4:8, Матфей (Матай), 4:10)*

Куранда болсо Аз. Иса (ас)дын адамдарды Аллахка ыйман кылууга чакырганы мындайча кабар берилет:

> **Чындыгында, Аллах менин да Раббим, силердин да Раббиңер. Демек Ага кулчулук кылгыла. Туптуура жол ушул. (Мариям Сүрөсү, 36)**

# Христиандар сырдуу чечмелөөнүн маанисин көрүшү керек

Тооротто айтылган «уул» сөздөрүн чечмелеп жатканда кээ бир чын ыкластуу Христиандар түшкөн эң чоң ката – бул алардын ал сөздөрдү түз мааниси менен алышы, сырына карап чечмелей албашы. Инжил сөздөрүн, ал тургай Тооротту чечмелегенде да ушул эле катаны кетиришет. Чындыгында болсо сырдуу чечмелөө – Аллахтын сөзүн түшүнүү үчүн маанилүү бир сыр жана терең ойлонууга шарт түзүүчү маанилүү бир муктаждык.

Аллахтын сөздөрү ачык, түшүнүктүү, маңыздуу жана терең маанилүү. Бирок Улуу Раббибиз Өз сөздөрүндө кээде мухкем (мааниси жана баяны түз), кээде болсо мутешабих (бирден көп мааниге келген, белгилүү деңгээлде чечмелөө жана жоромол талап кылган баян) маанилерди жашырат. Мутешабих маанилерди көрө алуу үчүн ал терең маанилүү сөздөрдөгү терең маани жана сырларды ыйман көзү менен баалаш керек. Сырдуу (батын-и) чечмелөө мына ушул.

Улуу Раббибиз бул терең маанилерди кээде салыштыруулар аркылуу кабар берген. Мисалы, бир Куран аятында Аллах **«Аллахтын жибин бекем кармангыла. Бөлүнүп жарылбагыла...»** (Али Имран Сүрөсү, 103), башка бир аятта болсо **«Күмөнсүз аяттарыбызды жалганга чыгаргандар жана аларга карата бой көтөргөндөр, алар үчүн асмандын эшиктери ачылбайт жана трост (же төө) ийненин тешигинен өткөнгө чейин бейишке киришпейт...»** (Аьраф Сүрөсү, 40) деп айтылат. Бул аяттар кээ бир кишилер тарабынан түз мааниси менен алынып чечмелениши да мүмкүн. Бирок чындыгында эки аятта тең жасалган салыштыруулар өтө терең маанилүү бир баян формасы, жана адамдар ал жөнүндө ойлонгон сайын тереңдей ала турган маанилер жашырылган. Раббибиз «Аллахтын жиби» салыштыруусу менен адамдардын Аллахка жана Ал көрсөткөн жолго бекем карманышын, анда чечкиндүү болууларын кеңеш кылууда. Ошондой эле Раббибиз «трост ийне тешигинен өткөнгө чейин» салыштыруусу менен болсо аятта айтылган кишилердин –Аллах каалабаса- бейишке эч качан кире албашын таасирлүү бир салыштыруу менен кабар берүүдө. Бул өтө кооз жана терең бир баян. Бирок муну туура түшүнүү үчүн бул жерде сырдуу чечмелөө жасоо керек.

Бул абал, Курандагы сыяктуу, Тоорот жана Инжилге да тиешелүү. Мисалы, Инжилдеги бир текстте сырдуу мааниси жагынан жоромолдонушу керек болгон, терең маанилүү бир баян төмөнкүдөй:

> *Аларга салыштыруулар менен сүйлөшүмдүн себеби мындай. Себеби «көрүп туруп көрүшпөйт, угуп туруп угушпайт жана түшүнүшпөйт.» Ышайанын алар жөнүндө айткан бул пайгамбарчылыгы аткарылып жатат: "Кулагыңар менен угуп турасыңар, бирок түшүнбөйсүңөр; көзүңөр менен карап турасыңар, бирок көрбөйсүңөр. Анткени бул элдин көкүрөгү сокур болуп калган, кулагын жаап, көзүн жумуп алган, ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт, кулактары укпайт, түшүнүшпөйт жана Мага кайрылышпайт. Кайрылышканда, аларды айыктырмакмын". (Матфей (Матай), 13: 13-15)*

Ушуга окшош мисалдарды Тооротton да берүүгө болот:

> *Дүлөйлөр, уккула, сокурлар, көрүш үчүн карагыла!... Сен көптү көрдүң, бирок байкаган жоксуң, кулагың ачык болду, бирок эч нерсе уккан жоксуң. (Ышайа, 42: 18, 20)*

> *Анан мага Теңирден сөз болду: «Адам уулу! Сен козголоңчул тукумдун арасында жашап жатасың. Алардын көрө турган көзү бар, бирок көрүшпөйт, алардын уга турган кулагы бар, бирок угушпайт, себеби алар – козголоңчул тукум. (Жезекиел, 12: 1-3)*

Куранда мындай окшоштуруу төмөнкүчө орун алат:

> **Андай болсо дүлөйлөргө сен угузмак белең же көр жана апачык бир адашууда жүргөндү хидаятка (туура жолго) жеткирмек белең? (Зухруф Сүрөсү, 40)**

> **Дүлөй, дудук, көр. Ошондуктан кайтышпайт. (Бакара Сүрөсү, 18)**

Куран, Инжил жана Тоороттогу бул баяндарда айтылган, албетте, физикалык бир сокурлук же физикалык бир дүлөйлүк эмес. Бул жерде руханий сокурлук, руханий дүлөйлүк жана руханий дудуктукка басым жасалууда. Бул сөздөрдө айтылган адамдар – Аллахтын бар экендигинин бүт далилдери көз алдыларына тартылып, маңдайында турса да аны көрө албаган, Аллахты тааный албаган адамдар. Руханий сокурлук менен дүлөйлүккө жеткен андай адамдарга Аллах каргыш айтууда.

Эгер бул жердеги маани кадимки маанидеги сокурдук же дүлөйлүк маанисинде алынса, албетте, ал өтө туура эмес жоромолдорго себепчи болот. Андай туура эмес жоромолдордон качынуу үчүн сырдуу чечмелөө жасоонун мааниси чоң. Себеби Аллах бул терең маанилер аркылуу адамдарга өтө чоң жана маанилүү кабарларды берип, аларды туура жолго жеткире турган сырларды жашырууда.

## Инжилдеги «уул» сөзүн сырдуу чечмелөө жолу менен караш керек

Эң биринчиден муну баса белгилеш керек: сырдуу чечмелөө кемчилиги Исламда да, Иудейликте да, Христиандыкта да ар кандай формада кездешүүчү бир абал. Ошондуктан муну кээ бир Христиандарга гана тиешелүү бир кемчилик катары кабыл албаш керек. Бирок бул жерде темага ылайык Христиан бир туугандарыбызга тиешелүү жагы гана каралууда.

Сырдуу чечмелөө жасай алуу кээ бир Христиан бир туугандарыбыздын жаңылыштыкта болушунан улам өтө чоң мааниге ээ болууда. Себеби көп жылдардан бери уланып келген Аз. Иса (ас) Аллахтын уулу деген жалган ишеним (Аллахты аруулайбыз) – сырдуу чечмелөө кемчилигинен келип чыккан өтө маанилүү жана кооптуу бир туура эмес чечмелөө. Инжилдеги жана жогоруда айтылгандай Тоороттогу «Аллахтын уулу» сөздөрү ал сөздөрдөгү түз маанилери менен алынып, терең маанилери эске алынбастан кандай турса ошол бойдон чечмеленген.

Чындыгында болсо ал жердеги «уул» сөзү, мурда да айтканыбыздай, Аллахка руханий жакындыкты, сүйүүнү, тандалган болууну, достукту билдирет. Аллах сүйүктүү жана тандалган кулу үчүн белгилеген өтө терең бир баян.

Христиандар «Аллахтын уулу» сөзү аркылуу физикалык бир маанинин айтылбаганын, бир кулдун Аллахка руханий жакындыгына басым жасалганын түшүнүшү керек. Терең мааниси жагынан караганда бул кайрылуу формасы аркылуу терең бир маанинин берилгенин жакшы түшүнүшөт.

# Аз. Иса (ас)дын Аллахтын уулу эмес экенине Инжилден далилдер

Кээ бир Христиандар Аз. Иса (ас)дын бир кул гана болгону Куранда гана кабар берилген деп ойлошу мүмкүн. Чындыгында болсо Христиандардын өз китеби Инжил Аз. Иса (ас)дын сыналган, дуба кылган, тамак жеген, чарчаганда уктаган, Аллахка кулчулук кылган бир адам экенин апачык жана ар кандай түрдө кабар берген. Үч кудай тараптары Христиандар канчалык Мусулмандар берген үч кудайлыкка каршы далилдерге каршы чыгышпасын, Аз. Иса (ас)дын Аллахтын уулу эмес экенин өздөрүнүн китеби, б.а. Инжил айтууда. Пропаганда жана стереотиптерден тазаланган ар бир акыл жана ар бир абийир Инжил сөздөрүнүн ачык, чечмелөөсүз, таза маанилеринин ушундай экенин заматта түшүнөт.

Аз. Иса (ас)дын Аллахтын уулу эмес экенине, анын Аллахка кул гана болгон бир адам экенине байланыштуу Инжилден далилдер төмөнкүдөй:

## Аз. Иса (ас)дын төрөлүшү, ата-бабасы, жакындары

Белгилүү болгон тарыхый маалыматтар боюнча, Аз. Иса (ас) Аз. Давуд (ас)дын урпактарынан. Аз. Иса (ас) эл арасында таанылган бир киши болгон. Элдер анын кимдин урпактарынан экендигин, каерде төрөлүп чоңойгонун билишкен. Аз. Иса (ас)дын үй-бүлөсүн да элдер жакшы таанышкан. Ошондуктан ал дагы, башка бүт адамдар сыяктуу санжырасы жана төрөлүшү белгилүү болгон бир адам:

*Байыртадан бери ыйык пайгамбарлардын оозу аркылуу билдиргендей, кулу Давуддун (Дөөт) тукумунан биз үчүн бир куткаруучу чыгарды; душмандарыбыздан, бизди жек көргөндөрдүн баарынын колунан куткарды. (Лука (Лукман) 1: 69-71)*

*Ибрахим уулу, Давуд уулу Иса Месихтин санжырасы жөнүндө маалымат мындай... (Матфей (Матай) 1: 1-2)*

*Алдынан жүргөн жана арттан келген топтор мындай деп кыйкырып жатышты: «Давуд уулуна даңк! Раббинин аты менен келгенге мактоолор болсун, эң жогорудагыга даңк!» Иса Иерусалимге киргенде бүт шаар «Бул ким?» деп кыймылга келди. Эл болсо «Бул – Галилеянын Назарет шаарынан чыккан Иса пайгамбар», – деп жооп берип жатты. (Матфей (Матай) 21: 9-11)*

*Мариямдин уулу, Жакып, Жусуп, Жүйүт жана Шымондун бир тууганы жыгач уста эмеспи бул? Кыз бир туугандары бул жерде, арабызда жашайт го?.. (Марк 6:3)*

## Аз. Иса (ас)дын адамдык өзгөчөлүктөрү

Аз. Иса (ас)дын бир адам болушу – үч кудайлуулукту түбүнөн жыгуучу маанилүү бир жагдай. Канчалык үчтүү бирдик (троица) жактоочулары Аз. Иса (ас) жер жүзүндө материалдык бир зат, б.а. бир адам кейпинде көрүнгөн, ушундайча адамдарга кол жеткизген деген сыяктуу үстүртөн бир логика сунушпасын, бул Аз. Иса (ас)дын башка адамдар сыяктуу адамдык өзгөчөлүктөрүнүн болушунун үч кудайлык ишенимин толугу менен жокко чыгарганын жаба албайт. Periштелер да адам кейпинде көрүнө алышат. Бирок жогорку табиятынын бир чагылуусу катары тамактануу, чарчаганда дем алуу сыяктуу муктаждыктардан алыс. Демек бир кудай мындай адамдык муктаждыктар менен жер бетинде көрүнгөн деп айтуу такыр туура эмес (Аллахты аруулайбыз).

Инжилде Аз. Иса (ас) менен байланыштуу берилген маалыматтардан бул куттуу адамдын «Аллахтын уулу эмес, Аллахтын куттуу бир элчиси катары баяндалганы» апачык көрүнүп турат. Анын да башка адамдар сыяктуу өмүр сүргөнү көрүнүп турат. Ал да башка адамдар сыяктуу төрөлүп, наристелик, балалык жана жаштык доорлорунан өткөн. Тамактануу муктаждыгын сезгенде жанындагы шакирттери менен бирге Аллахка шүгүр кылып тамак жеген, кеч киргенде башка адамдар сыяктуу чарчап, уктоо муктаждыгын сезген. Мындан тышкары, Аз. Иса (ас)дын жуунуу, тазалануу сыяктуу физикалык муктаждыктарынын бар экени Инжилде айтылат. Бүт мындай адамдык муктаждыктар үч кудайлык пикирин толугу менен четке кагат. Аз. Иса (ас) бир кул, бир пайгамбар болгондуктан жана ар бир адам сыяктуу сыналгандыктан, адамдык өзгөчөлүктөр жана муктаждыктар менен жаратылган. Муктаждыктар менен кемчиликтер алынып салынган жер болсо – албетте бейиш гана.

Аз. Иса (ас)дын адамдар айткан кудайлык сыпатын четке каккан адамдык өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу Инжил тексттеринин кээ бирлери төмөнкүдөй:

*Иса жетилип, акыл-эске толду, Аллах жана адамдардын сүймөнчүгү болду. (Лука (Лукман) 2:52)*

*Алар менен дасторкондо отурганда Иса нан алып, шүгүр кылды жана нанды бөлүп аларга берди. (Лука (Лукман) 24:30)*

*Кубанычтан дагы эле ишене албаган, таң калган шакирттеринен: «Силерде жей турган бир нерсе барбы?» деп сурады. Ага бир кесим куурулган балык беришти. Иса аны алып алардын алдында жеди. (Лука (Лукман) 24:41-43)*

*Ачыткысыз нан майрамынын биринчи күнү шакирттер Исанын жанына келип: «Пасах тамагын сага кайсы жерге даярдап берүүбүздү каалайсың?» – деп сурашты. (Матфей (Матай) 26: 17)*

*Андан соң Иса Левинин үйүндө тамак жеп жатканда... (Марк 2:15)*

*Иса андан соң үйгө кетти. Кайра ушундай бир көпчүлүк чогулгандыктан, Иса менен шакирттери тамак да жей алышпады. (Марк 3: 20)*

*Дасторконго отуруп тамак жеп жатышканда Иса «Силерге туурасын айтайын» деди, «силерден бирөө, мени менен тамак жеген бирөө мага чыккынчылык кылат.» (Марк 14:18)*

*Бир фарисей Исаны тамакка чакырды. Ал фарисейдин үйүнө барып, дасторконго отурду. (Лука (Лукман) 7:36)*

*... Иса сапардан чарчагандыктан кудуктун жанына отурган эле. Саат он эки чамасы эле. Самариялык бир аял суу алганы келди. Иса ага «Мага суу бер, ичейин» деди. (Иоанн (Жакан) 4: 6-7)*

*Иса кайыктын уч тарабында бир жаздыкты жазданып уктап жаткан эле... (Марк 4: 38)*

*Иса аларга «Келгиле, өзүбүз жалгыз ээн бир жерге барып, бир аз эс алалы» деди. Келген кеткендер ушунчалык көп болгондуктан, алардын тамактанганга да убактысы жок эле. (Марк 6: 31)*

*...Сапардан чарчаган Иса кудуктун жанына отурду... (Иоанн (Жакан), 4: 4)*

## Аз. Иса (ас)дын да сыноолордон өтүшү, сыналышы, шайтандын аны да адаштыруу үчүн аракет кылышы

Инжилде Аз. Иса (ас)дын Аллах тарабынан сыналган, сыноого алынган бир адам экени ачык айтылат. Аллах сыноого алып, сыноолордон өткөргөн бир адамдын Аллах болушу, албетте, мүмкүн эмес (Аллахты аруулайбыз). Шайтан жолдон адаштыруу үчүн аракет кылган бир адамдын андай сыпатка ээ болушу мүмкүн эмес. Аллах Инжилде Аз. Иса (ас)дын сыналган жана Аллахка кулчулук кылган бир адам экенин кабар берген:

*(Аз. Иса (ас):) «Мен сыналган кезде мени менен бирге сабыр кылгандар силерсиңер.» (Лука (Лукман) 22: 28)*

*Анан Иблис (шайтан) Исаны бийикке чыгарып бир заматта ага дүйнөнүн бүт өлкөлөрүн көрсөттү. Ага «булардын баарынын башкаруусун жана байлыгын сага берем» деди. «Булар мага тапшырылды, мен болсо каалаган кишиме берем. Мага сыйынсаң, баары сеники болот.» Иса ага мындай деп жооп берди: «Теңириң Раббиге сыйынып, бир гана Ага кулчулук кыласың» деп жазылган.» (Лука (Лукман) 4: 5-8)*

*Иблис Исаны ар тараптан сынаган соң белгилүү убакытка анын жанынан кетти. (Лука (Лукман) 4: 13)*

## Аз. Иса (ас)дын атасыз төрөлүшү үч кудайлык көз-карашына бир далил боло албайт, Аз. Адам (ас) апасыз да, атасыз да төрөлгөн

Үч кудайлык тараптары Христиандар өз пикирлерине далил катары Аз. Иса (ас)дын атасыз кереметтүү төрөлүшүн көрсөтүшөт. Чындыгында болсо муну күчтүү бир далил деп ойлоп жатышканда, Аз. Адам (ас)дын апасыз да, атасыз да жаратылганын ойлонушпайт. Аз. Адам (ас) эч кандай себеп жана ортомчусуз Раббибиздин «Бол» буйругу менен бейиште жаратылган. Мындай жаралуу баарынан кереметтүү. Бирок анткен менен эч бир Христиан Аз. Адам (ас)га кудайлык сыпатын таңуулаган эмес. Ошондуктан кээ бир Христиандар үч кудайлыкка далил катары айткан бул логика толугу менен жараксыз. Эч качан жана эч качан Аз. Иса (ас)га таңуулоого аракет кылынган кудайлык сыпатына далил болбойт.

Аз. Адам (ас)дын жаратылуусу Инжил менен Тооротто мындайча айтылат:

*Себеби алгач Адам, анан Обо (Хавва) жаратылды. (Биринчи Тиметей 2: 13)*

*РАББИ Теңир Адамды топурактан жаратты жана мурдуна жашоо демин үйлөдү. Ошентип Адамга жан кирди. (Башталыш 2: 7)*

## Инжилдеги «Аллахтын баласы» сөздөрүнүн эч бири физикалык мааниде алынган эмес, Аз. Иса (ас)га гана чыныгы бала мааниси берилген

Инжилде көп жерде «Аллахтын баласы» же «Аллахтын балдары» деген сөздөр колдонулат. Кийинчерээк терең карала тургандай, Аллахтын баласы сөздөрү сүйүүнү билдирүү үчүн колдонулган. Бир адамдын куттуу, ишенимдүү, сөзүнө бекем жана Аллахтын сүйүктүү кулу экендигин көрсөткөн бир сөз. Ошондуктан эч качан чыныгы –физикалык- бала маанисине келбейт. Бул сөз Инжилде өтө көп жерде жана көп кишиге карата колдонулган, бирок эч биринде бул сөз физикалык мааниде кабыл алынган эмес. *«Тынчтыкка чакыргандар кандай бактылуу! Себеби алар Теңирдин балдары деп аталышат.»* (Матфей (Матай) 5: 9) деп айтылгандай, тынчтыкка чакыргандар Аллахтын сүйүктүү жана барктуу кулдарынан болот. Муну эч бир Христиан чыныгы бала маанисинде түшүнбөйт, муну башка бир мааниде чечмелебейт.

Бирок Инжилде Аз. Иса (ас) үчүн колдонулган «Аллахтын баласы» сөздөрү гана физикалык мааниде алынган. Бир эле сөздөр болгонуна, башкача бир сөз колдонулбаганына карабастан, Аз. Иса (ас)га гана чыныгы баласы сыяктуу бир сыпат таңууланган. Бул абал Аллахтын баласы сөзүнүн чыныгы маанисинен бурмаланганын жана атайылап Аз. Иса (ас) жөнүндө гана башка мааниде колдонулганын көрсөтүүдө. Инжилде Аллахтын баласы же балдары сөзү кездешкен кээ бир тексттер төмөнкүчө:

*(Аз. Иса (ас):) «Бирок силер душмандарыңарды сүйгүлө, жакшылык кылгыла, эч нерсе күтпөстөн карыз бергиле. Ала турган сыйлыгыңар чоң болот, Улуулар Улуусунун балдары болосуңар. Себеби Ал жакшылыкты билбеген жана жаман кишилерге карата ырайым кылат.» (Лука (Лукман) 6: 35)*

*Бүт нерсеге кудуреттүү Рабби айтат «Силерге Ата болом, силер болсо балдарым, кыздарым болосуңар.» (Корунттуктарга экинчи кат 6: 18)*

Бул жерде, ошондой эле, ыйык тексттерде Аз. Иса (ас)дын адам баласы деп сыпатталышынын 80 жолу кездешээрин да белгилеп кетүү керек. Үч кудай тараптары Христиандар аны ар кандай жол менен бурмалоого аракеттенгени менен, адам баласы сөзү Аз. Иса (ас)дын эне тили болгон арамий тилинде «барнаша», б.а. «адам» маанисине келген өзгөчө бир сөз. Ошондуктан адам баласы сөзү ал тилде адам сөзү менен бирдей мааниге келет. *(Prof. Dr. Mehmet Bayrakdar, Bir Hristiyan Dogması Teslis, Ankara Okulu Yayınları, Eylül 2007, s. 168)*

## Инжилдеги «Ата» сөзү да салыштырмалуу мааниде жана бүт адамзатка кайрылат

Инжилде бала сөзүнөн тышкары «Ата» сөзү да колдонулат. Ал жердеги Ата сөзү мээрмандык, сүйүү жана боорукердик маанилерине келип, ал сөз аркылуу Аллахтын рухун алып жүргөн, бейиш менен сүйүнчүлөнгөн жана Аллахка руханий жакын кишилер максатталат жана, албетте, эч качан бул сөз түз, чыныгы мааниде колдонулган эмес. Бирок үч кудайчылар Инжилде мааниси ушунчалык ачык болгон бир сөздү ал Инжил тексттеринде салыштырмалуу мааниси менен алышып, Аз. Иса (ас)га кайрылган тексттерде болсо Аз. Иса (ас)дын биологиялык атасы маанисинде алышууда. Бул – ачык бир адаштыруу жана мааниси так нерсени бурмалоо гана.

Инжилде «ата» сөзү колдонулган жана салыштырмалуу мааниде колдонулганы апачык болгон тексттердин кээ бирлери төмөнкүдөй:

*Демек, берген садакаңар жашыруун калсын. Жашыруун жасалганды көрүүчү Атаңар силерге сыйлык берет... Себеби Атаңар эмнеге муктаж экениңерди силер Андан али сурай электе билет. (Матфей (Матай) 6:4, 8)*

*«Чынчылдыгыңарды адамдарга мактануу максатында көрсөтүүдөн качынгыла. Болбосо асмандардагы Атаңардан сыйлык ала албайсыңар. (Матфей (Матай) 6: 1)*

*Бирок силер дуба кылаарыңарда ички бөлмөңөргө кирип эшикти жапкыла жана жашыруун болгон Атаңарга дуба кылгыла. Жашыруун жасалганды көрүүчү Атаңар силерге сыйлык берет. (Матфей (Матай) 6: 6)*

## Инжилдеги «Теңирдин балдары» сөзү да салыштырмалуу мааниде колдонулган

Инжилде көп текстте орун алган «Теңирдин балдары» сөзү аркылуу ыймандуулар айтылат жана руханий жана салыштырмалуу бир жакындыкка ишарат кылынат. Ал адамдардын куттуу, Аллах Кабатында барктуу, Аллахтын ыраазылыгына жетээри үмүт кылынган кишилер экенине басым жасалат. Ал жерде эч качан кудайлык сыпаты жөнүндө сөз болбойт. Инжилдеги «ата», «бала» жана «Теңирдин балдары» сөздөрүн стереотипсиз карагандардын баары ал сөздөрдүн салыштырмалуу мааниде колдонулганын, Аллахтын жакындыгын, боорукердигин, сүйүүсүн жана мээрмандыгын көрсөтүү үчүн атайын ушул сөздөрдүн колдонулганын оңой гана түшүнө алат. Инжилде көп колдонулган бул сөздөрдүн Аз. Иса (ас)га келгенде эмне үчүн башкача чечмелениши болсо түшүнүксүз. Маани албетте өзгөрбөйт, сөздөр ошол эле салыштырмалуу мааниде колдонулат, бирок үч кудайчылар атайылап башкача чечмелешет.

Инжилде «Теңирдин балдары» сөздөрү кездешкен тексттер төмөнкүдөй:

*Аны кабыл алып атына ыйман кылгандардын баарына <u>Теңирдин балдары</u> болуу акысын берди. (Иоанн (Жакан), 1:12)*

*Сүйүктүү бир туугандарым, азыртан эле <u>Теңирдин балдарыбыз,</u> бирок эмне болоорубуз али бизге көрсөтүлө элек. Бирок Месих (Машайак) көрүнгөндө ага окшош болоорубузду билебиз. Себеби аны бүтүндөй көрөбүз. (Иоанндын (Жакандын) биринчи каты, 3:2)*

*Теңирди сүйүп, буйруктарын орундатуу менен <u>Теңирдин балдарын сүйөөрүбүздү түшүнөбүз.</u> (Иоанн (Жакан), 5:2)*

## Ата сөзүнүн салыштырмалуу мааниде колдонулганына бир мисал – ал сөздүн Аз. Ибрахим (ас) үчүн колдонулушу

Инжилде Аз. Ибрахим (ас) ыймандуулардын «атасы» деп таанытылат. Бул жерде да ата сөзүнүн салыштырмалуу мааниде колдонулганы анык, жана ал сөз аркылуу Аз. Ибрахим (ас)дын лидерлигине, мээрмандыгына, аны ээрчигендерге жол көрсөтөөрүнө басым жасалган.

*Ушул себептен убада Теңирдин берешендигине таянуу жана Ибрахимдин бүт урпактары коопсуздукка алынуу үчүн ыйманга көз-каранды кылынган. Ибрахимдин урпактары Ыйык Мыйзамга баш ийгендер эле эмес, ошондой эле Ибрахимдин ыйманына ээ болгондор да. <u>«Сени көп улуттардын атасы кылдым»</u> деп жазылгандыктан, Ибрахим ыйман кылган Теңирдин –өлүктөргө өмүр берүүчү, бар эмести буйругу менен бар кылуучу <u>Теңирдин- көзүндө баарыбыздын атасы.</u> (Римдиктерге кат, 4:16)*

*«Биздин атабыз Ибрахим» деп жооп беришти. Иса «Ибрахимдин балдары болгонуңарда, Ибрахимдин кылганын кылмаксыңар» деди. (Иоанн (Жакан), 8:39)*

## Инжилде «Жаратуучу ордуна жаратылганга, өлүмсүз Аллахтын ордуна өлүмдүү адамга кулчулук кылуу» жектелген

Инжилде бул жөнүндөгү тексттер өтө маанилүү. Ал доордун адамдарынын Жаратуучу ордуна жаратылганга, б.а. өлүмдүү бир адамга сыйынганын, аны кудай тутунганын баяндайт. Үч кудайчы Христиандардын азыркы абалы дал ушундай. Алар да бир адамды кудай тутунушуп, жаратылган бир кулду өз ойлорунда жаратуучу деп жарыялашкан. Аллах аларды Инжилде эскерткен:

*Кудайды таанып билип туруп, Аны Кудай катары даңкташкан жок, Ага ыраазычылык билдиришкен жок, тескерисинче, куру кыялдарга батышты, алардын эч нерсени түшүнбөгөн жүрөктөрү караңгыланды. Өздөрүн акылдуу эсептеп, акылынан ажырашты. Өлбөс Кудайдын даңкын жок боло турган адамга, канаттууларга, жаныбарларга жана сойлоп жүрүүчүлөргө окшогон путтарга (идолдорго) алмаштырышты. Ошондуктан Кудай алардын өз жүрөктөрүндөгү кумардуу каалоолору менен бузуктукка батуусуна жол берди. Ошентип, алар өз денелерин өздөрү булгашты. Алар Кудайдын чындыгын жалганга алмаштырышты, Жаратканга табынуунун, кызмат кылуунун ордуна жаратылган нерсеге табынышты, кызмат кылышты. Ал эми Кудай түбөлүккө даңкталууга татыктуу! Оомийин. (Римдиктерге кат, 1:21-25)*

## Аз. Иса (ас)дын «Аллах Бирөө» деп айтышы

Аллах Бирөө. Аз. Иса (ас) Инжилде муну апачык айткан. Инжилде Аллахтын Бирөө жана Жалгыз экени, Ага гана кулчулук кылынышы жана Ага шерик кошпостон ыйман кылынышы керек экени көп текстте апачык белгиленет. (Инжилдеги Аллахтын Жалгыздыгы жөнүндөгү тексттердин баарын алдыда берилген.) Ал сөздөрдө үчтүү бирдик (троица) жөнүндө да, үч башка кудайдын бир кудай маанисине келээри жөнүндө да, өзөктө жалгыз бирок затта үч сыяктуу логикасыз сөздөр жөнүндө да айтылбайт. «Аллах Бирөө» деп гана айтылат. Инжил аяттарында анык айтылган бир чындык – бул **Андан башка Кудай жок экендиги.** Муну көрүү ушунчалык оңой болгондуктан, мынчалык көп сандагы Христиандын Инжил тексттериндеги ачык баяндарга карабастан башаламан бир үч кудай ишенимин чыгарганы чындап таң калаарлык бир көрүнүш.

*Алардын талаштарын тыңдаган жана Исанын аларга сонун жооп бергенин көргөн бир дин аалымы жакындап ага «Буйруктардын эң негизгиси кайсы?» деп сурады. Иса мындай деп жооп берди: «(Аллахтын буйруктарынын) эң негизгиси бул: «Ук, эй Израил! Аллахыбыз Рабби жалгыз Рабби... Дин аалымы Исага «Жакшы айттың, мугалимим» деди. ««Аллах жалгыз жана Андан башкасы жок» деп чындыкты айттың.» (Марк, 12:28-32)*

*Куткаруучубуз Жалгыз Аллахка улуулук болсун... (Иуданын (Жүйүттүн) каты, 1: 24)*

*Сен Аллахтын Бирөө экенине ишенип, туура кыласың. Жиндер да буга ишенет жана (Аллах коркуусунан) титирешет! (Иаковдун (Жакыптын) каты, 2: 19)*

## Аз. Иса (ас)дын Аллахтан коркууга буйрушу

Инжилде Аз. Иса (ас) андан эмес, бир гана Аллахтан коркууну насаат кылат. Кээ бир Христиандар үчтүү бирдик (троица) бар, ошондуктан Аз. Иса (ас) бул буйрук аркылуу өзүн да айтып жатат деши мүмкүн. Албетте, бул башаламандык үч кудайлыкты жактоочулар гана чыгара турган жана адамдарды жаңылтуу үчүн колдоно

турган бир логика. Абийири күчтүү эч ким андай бурмалоого алданбашы керек. Аяттын мааниси анык жана так. Аз. Иса (ас) эч кимди өзүнө сыйынууга чакырган эмес, тескерисинче бир гана Жалгыз Кудай болгон Аллахка чакырат.

> *(Аз. Иса (ас):) «Денени өлтүрүүчү, бирок жанды өлтүрө албагандардан коркпогула. Жанды да, денени да тозокто кыйрата алган <u>Аллахтан корккула.</u>» (Матфей (Матай), 10:28)*

## Аз. Иса (ас)дын Аллахты сүйүүгө буйрушу

Ошондой эле Инжилде Аз. Иса (ас) адамдарды тынымсыз Жалгыз Аллахка чакырып, Аны сүйгүлө деп талап кылат.

> *Иса мындай деп жооп берди: «Эң негизгиси бул: «Ук, эй Израил! <u>Аллахыбыз Рабби жалгыз Рабби.</u> Аллахың <u>Раббини бүт жүрөгүң менен, бүт жаның менен, бүт акылың менен жана болгон күчүң менен сүй.»</u>» (Марк, 12:29-30)*

## Аз. Иса (ас)дын Аллахка жалбарууга буйрушу

Үч кудайлык тараптарларынын ою боюнча, дуба кылуу керек болгон киши – бул Аз. Иса (ас). Жана учурда үч кудайлыкты жактаган Христиандар Аз. Иса (ас)га дуба кылышат. Чындыгында болсо Инжилде Аз. Иса (ас)дын өз оозунан дубанын Аллахка кылынышы керек экени айтылат. Өкүмдө эч кандай башаламандык жок. Аз. Иса (ас) эч бир жерде Аллахка жалбаруу үчүн адамдардын ага (өзүнө) кайрылышы керек экенин айтпайт. Түздөн-түз Аллахка жалбаргыла деп насаат кылат. Дуба кылуу үчүн ортомчулар бар, Аз. Иса (ас) болбостон дуба Аллахка жетпейт деген сыяктуу башаламан жана чалды-куйду пикирлер үч кудайчылардын чыгарганы гана. Жүрөгү жана логикасы менен караган бир адам үчүн Инжил тексттери апачык.

> *Ошондо Иса шакирттерине «Түшүм мол, бирок жумушчу аз» деди, «Ушул себептен <u>түшүмдүн ээси Раббиге жалбаргыла,</u> түшүмүн көтөрө турган жумушчуларды жөнөтсүн.» (Матфей (Матай), 9: 37-38)*

## Аз. Иса (ас)дын бир гана Аллахка кулчулук кылгыла деп айтышы

Аз. Иса (ас) Инжилде адамдарды өзүнө эмес, Аллахка кулчулук кылууга чакырат. Аз. Иса (ас) ал сөздөрүндө негизи өзүн айткан деген сыяктуу чоймо маанилерди издегендер – кайра эле үч кудайлыкты Инжилге киргизүүгө аракеттенгендер. Аят ачык; Аз. Иса (ас), дал Аз. Ибрахим (ас), Аз. Муса (ас) жана Аз. Мухаммед (сав) сыяктуу, Аллахтын сүйүктүү пайгамбары катары өзүнө жиберилген динге чакыруу милдетин аткарууда жана адамдарды Аллахка кулчулук кылууга чакырууда.

> *Иса ага мындай деп жооп берди: «Аллахың болгон Раббиге сыйын, Ага гана кулчулук (кызмат) кыл» деп жазылган.» (Лука (Лукман), 4:8, Матфей (Матай), 4:10)*

## Аз. Иса (ас)дын Аллахка ыйман кылууга буйрушу

Аз. Иса (ас) Инжилде өзүнө түшүрүлгөн пайгамбарлык милдетин аткарып, адамдарды Аллахка ыйман кылуу чакырат.

> *Иса аларга мындай деп жооп берди: «Теңирге ыйман кылгыла.» (Марк, 11:22)*

## Аз. Иса (ас)дын бүт нерсени Аллах ыраазылыгы үчүн кылгыла деп насаат кылышы

Аз. Иса (ас) Инжилде адамдарды өзүнүн ыраазылыгына эмес, Жалгыз Аллахтын ыраазылыгына үндөйт. Демек ыраазы кылууга аракет кылына турган зат – Аз. Иса (ас) эмес, Улуу Аллах.

*Аягында, эмне жеп эмне ичсеңер, эмне кылсаңар, баарын Аллахтын улуулугу үчүн кылгыла. (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 10:31)*

*Күндү куттуктаган Рабби үчүн куттуктайт. Бүт нерсени жеген Аллахка шүгүр кылып аны Рабби үчүн жейт. Кээ бир нерселерди жебеген да Рабби үчүн жебейт жана Аллахка шүгүр кылат. Эч бирибиз өзүбүз үчүн жашабайбыз, эч бирибиз өзүбүз үчүн өлбөйбүз. Жашасак Рабби үчүн жашайбыз; өлсөк Рабби үчүн өлөбүз. (Павелдин Римдиктерге каты, 14:6-8)*

*Раббиден мурас сыйлыгын алаарыңарды билип, эмне кылсаңар дагы, адамдар үчүн эмес, Рабби үчүн чын жүрөктөн жасагыла... (Павелдин Колосалыктарга каты, 3:23-24)*

## Аз. Иса (ас)дын адамдарды Аллахты мактоого жана улуктоого үндөшү

Аз. Иса (ас) айланасындагы адамдарды дайыма жалгыз мактала турган жана улуктала турган Улуу Раббибиз Аллахка үндөгөн жана Аны улуктап мактоого чакырган. Инжил тексттеринде Аз. Иса (ас) өзүн айткан эмес. Мындай чечмелөө тексттердин ичинде эч жерде жок. Аз. Иса (ас) илиминин өзүнөн эмес, Аллахтын экенин айтат жана түздөн-түз Улуу Раббибиз Аллахка адамдарды үндөйт.

*Еврейлер таң калышты. «Бул киши эч окубай туруп, кантип мынчалык илимдүү болушу мүмкүн?» дешти. Иса аларга «Менин таалимим меники эмес, мени Жөнөткөндүкү» деп жооп берди. «Эгер бир адам Аллахтын каалоосун орундаткысы келсе, бул таалимдин Аллахтанбы же болбосо өзүмдөн сүйлөп жатканымды билет. Өзүнөн (өз илими менен) сүйлөгөн өзүн бийик көрсөткүсү келет, бирок аны Жөнөткөндү улук тутууну каалагандар туура жолдо жана Анда адилетсиздик жок.» (Иоанн (Жакан), 7:15-18)*

*Иса жолго чыгып жатканда бирөө чуркап жанына келди. Алдында тизелеп ага «Жакшы мугалимим, түбөлүк жашоого жетүү үчүн эмне кылышым керек?» деп сурады. Иса ага «... жакшы бирөө гана бар, Ал Аллах.» (Марк, 10:17-18)*

## Аз. Иса (ас)дын Аллахка моюн сунаарын айтышы

Аз. Иса (ас) Инжилде Аллахтын бир кулу экендигин, бир пайгамбар кылып жөнөтүлгөнүн жана пайгамбарлык сыпатынын талабы катары Аллахтын ага буйругандарын жасоого милдеттүү экенин белгилейт. Өз оюнан эч нерсе кылбашын жана Аны жөнөткөн Улуу Аллахтын буйруктарын орундатып жатканын айтат.

Чексиз кудуреттүү бир Кудай Курандын **«...Ал бир иштин болушун чечсе, ага «Бол» деп гана айтат, ал заматта болуп калат.»** (Бакара Сүрөсү, 117) аятында билдирилгендей, жараткандарына өкүм берет. Аз. Иса (ас) да бул чындыкты билген жана Аллахка моюн сунган бир кул.

Көңүл бурулган болсо дээрлик ар сөзүндө Аз. Иса (ас) аны жараткан Аллахтын улуулугун мактоодо жана Анын буйруктарын орундатып жатканын айтууда. Ошондуктан Аз. Иса (ас)дын бул боюнча Инжилдеги сөздөрүндө да үч кудайлыкты колдой турган бир дагы сөз жок.

*(Аз. Иса (ас):) «... өз каалоомду эмес, мени Жөнөткөндүн (Аллахтын) каалоосун орундатуу үчүн келдим.» (Иоанн (Жакан), 6:38)*

*(Аз. Иса (ас):) «<u>Мен өз оюм менен эч нерсе кыла албайм</u>. Укканымдай соттойм жана менин сотум адилеттүү. <u>Себеби максатым өзүмдүн каалаганымды эмес, мени Жөнөткөндүн (Аллахтын) каалаганын жасоо.»</u> (Иоанн (Жакан), 5:30)*

## Аз. Иса (ас)дын кереметтерди Аллахтын уруксаты менен жасаганын айтышы

Жалгыз Өкүмдар – албетте, Аллах. Жана бүт нерсенин Өкүмдары Аллах – албетте, бир пайгамбар кылып жөнөткөн Аз. Иса (ас)дын да Өкүмдары. Аз. Иса (ас) кылган нерселеринин баарын Раббибиздин уруксаты менен жасаганын албетте билет. Инжил сөздөрүнүн көп бөлүгүндө Аз. Иса (ас)дын муну билүү менен сүйлөгөнү, Аллахты улук тутканы жана адамдарды Аллахка чакырганы апачык көрүлөт.

*...Иса <u>Теңирдин күчү урматында</u> ооруларды айыктырып жаткан эле. (Лука (Лукман), 5:17)*

*<u>Иса Аллахтын бүт нерсени өз колуна бергенин жана Аллахтан келип, кайра Аллахка бараарын билчү.</u> (Иоанн (Жакан), 13:3)*

Кээ бир Христиандар Инжилдеги бул сөздөрдү төмөнкүчө бурмалашы мүмкүн: «Аз. Иса (ас) адам сыпатын да, теңир сыпатын да көрсөтчү. Ошондуктан адам сыпаттарын көрсөтүшү кадыресе көрүнүш». Мындай чечмелөө үч кудайлык ишениминин түбүндөгү терең логикасыздыкты көрсөтүүдө. Адам өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн, дүйнө жашоосунун талабы катары алсыздыктар менен жаратылган бир зат кантип кудай болушу мүмкүн? Мындай сөздү Аллахты сүйөм деген адамдар кантип кабыл алышы мүмкүн?

Аллах улуу, дүйнөдөгү кемчиликтерди бир сыноо катары жараткан, бирок Өзү бүт кемчиликтерден аруу-таза. Буга чейин көп жолу токтолгондой жана алдыда да карала тургандай, маселе Аллахтын улуулугун жакшылап түшүнө албоо, Аллахты тааный албоодо болуп жатат.

Бул жерде Инжилге таянып айтылган бүт түшүндүрмөлөр Аз. Иса (ас)дын Аллахка берилген, туруктуу жана моюн сунуучу бир кул жана адам экенин апачык көрсөтүүдө. Инжилде ачык айтылган бул сөздөр убакыттын өтүшү менен үч кудайлык логикасыздыгынын сүзгүчүнөн өткөрүлүп, Инжил сөздөрү башаламан чечмелөөлөр менен үч кудайлык ишенимине ылайыкташтырылууга аракет кылынган. Чындыгында болсо бул алдамчы пропаганданы албаган бир киши Инжилди караганда Аз. Иса (ас)дын адам жана кул катары сыпатын оңой гана түшүнө алат. Ал киши үч кудайлык пикиринин канчалык бурмаланган бир сөз экенин да оңой гана көрө алат. Ал тургай, мынчалык ачык сөздөрдөн үч кудайлык сыяктуу бир логиканын чыгышына да өтө таң калат. Демек тунук бир мээ жана стереотипсиз көз-караш менен каралганда, ар бир Христиан Инжилде үч кудайлык ишенимине байланыштуу эч кандай эч нерсе жок экенин, болгондо да, жогорудагы Инжил сөздөрүнөн да көрүнүп тургандай, тескерисинче бул ишенимди четке кага турган сөздөрдүн бар экенин көрөт.

# Аз. Иса (ас)дын бир адам экендигине Курандан далилдер

Аллах Куранда Аз. Иса (ас)дын жана апасы Аз. Мариям (ас)дын адамдык сыпаттарга ээ бир элчилер экенин белгилейт. Аяттагы «тамак жешчү» сөзү бул маанилүү чындыкка басым жасоо үчүн атайын колдонулган:

**<u>Мариям уулу Месих болгону бир элчи.</u> Андан мурда да элчилер келип кетти. Анын апасы өтө чынчыл, <u>экөөсү тең тамак жешчү.</u> Бир кара, аларга аяттарды кантип түшүндүрүп жатабыз? (Кайра) бир кара, алар болсо кантип бурулуп кетишүүдө? (Маида Сүрөсү, 75)**

Улуу Аллах Аз. Иса (ас)дын төрөлгөнүн, балалык доордон өткөнүн жана Аллахтын уруксаты менен кереметтерди көрсөткөнүн да белгилейт:

**Аллах минтип айтат: «Эй, Мариям уулу Иса, сага жана энеңе болгон нематымды эстегин. Мен сени Рухул-Кудүс менен кубаттадым, бешикте (жаткан) кезиңде да, жетилген кезиңде да адамдар менен сүйлөшчү элең. Сага Китепти, хикматты, Тооротту жана Инжилди үйрөттүм. Уруксатым менен ылайдан канаттууга окшош (бир нерсени) жасап (кайра эле) уруксатым менен ага үйлөгөнүңдө бир канаттууга айланган эле. Тубаса көрдү, ала оорусун уруксатым менен айыктыргансың, (дагы) Менин уруксатым менен өлүктөрдү (жашоого) чыгарчусуң. Исраил урпактарына апачык далилдер менен келгениңде алардан каапырлыкка адашкандар «күмөнсүз, бул апачык бир сыйкыр» дешкен (эле), Исраил урпактарын сенден алыстатканмын.» (Маида Сүрөсү, 110)**

Улуу Аллах башка бир аятында үч кудайлык тараптарларына бүт башка адамдар сыяктуу Аз. Иса (ас)дын да Аллахтын каалоосу болмоюнча эч нерсеге ээ боло албашын эскертүүдө.

**Ант болсун, «Күмөнсүз, Аллах – Мариям уулу Месих.» дегендер каапыр болушту. Айткын: «Ал эгер Мариям уулу Месихти, анын апасын жана жер жүзүндөгүлөрдүн баарын жок кылгысы келсе, Аллахтан (муну тосууга) кимдин бир нерсеге күчү жетет? Асмандардын, жердин жана алардын арасындагылардын баарынын мүлкү Аллахтыкы; каалаганын жаратат. Аллах бүт нерсеге кудуреттүү. (Маида Сүрөсү, 17)**

Аз. Иса (ас) – албетте, Аллах өтө сүйгөн, кадыр-баркка жеткирген, тандаган бир адам; Анын пайгамбары. Бирок кандай болсо да бир кул. Куранда Аз. Иса (ас)ды кудайлаштыргандарга каршы Аз. Иса (ас) Исраил урпактарын Жалгыз Аллахка ибадат кылууга чакырат:

**Ант болсун «Күмөнсүз, Аллах – Мариям уулу Месих» дегендер каапыр болушту. Чындыгында болсо Месихтин айтканы (мындай:) «Эй Исраил урпактары, МЕНИН ДА РАББИМ, СИЛЕРДИН ДА РАББИҢЕР БОЛГОН АЛЛАХКА ИБАДАТ КЫЛГЫЛА. Себеби Ал Өзүнө шерик кошконго бейишти арам кылган, анын бара турган жери от. Зулумдук кылгандарга жардамчы жок.» Ант болсун, «Аллах – үчтүн үчүнчүсү» дегендер каапыр болушту. Чындыгында болсо Жалгыз бир Кудайдан башка кудай жок. Эгер айтып жаткандарынан кайтышпаса, алардан чындыкты тангандарга сөзсүз (оор) бир азап жетет. Дагы эле Аллахка тообо кылып, кечирүүсүн сурашпайбы? Чындыгында Аллах кечиримдүү, боорукер. (Маида Сүрөсү, 72-74)**

Куранда бир аятта Аз. Иса (ас) Исраил урпактарына мындай чакырыкты жасаган:

**«Менден мурдакы Тооротту тастыктоо жана силерге арам кылынган кээ бир нерселерди адал кылуу үчүн Раббиңерден бир аят менен келдим. Эми Аллахтан коркуп мага моюн сунгула. Чындыгында Аллах МЕНИН ДА РАББИМ, силердин да Раббиңер. Демек Ага ибадат кылгыла. Туптуура жол мына ушул.» (Али Имран Сүрөсү, 50-51)**

Аз. Иса (ас) Улуу Аллахтын өзүнүн да, бүт жаратылгандардын да Раббиси экенин айтып динге чакырууда. Аз. Иса (ас)дын бул чакырыгына жооп берген аз сандагы шакирт (хаварий) Аз. Иса (ас)дан «элчи» деп сөз кылышат:

**... Хаварийлер: «Аллахтын жардамчылары бизбиз; биз Аллахка ишендик, биздин чындап Мусулмандар экенибизге күбө бол» дешти. «Раббибиз, биз (Сенин) түшүргөнүңө ишендик жана элчини ээрчидик. Бизди күбөлөр (шахиддер) менен бирге жаз.» (Али Имран Сүрөсү, 52-53)**

Улуу Аллах жер жүзүнө эскертүүчүлөр кылып «элчилер» жөнөткөнүн жана ал элчилердин **«Аллахты коюп мага кулчулук кылгыла»** дешинин мүмкүн эместигин бир аятында апачык билдирген:

**Эч бир адам Аллах ага Китепти, өкүмдү жана пайгамбарлыкты берген соң адамдарга: «Аллахты коюп мага кулчулук кылгыла» деп айтууга (акысы жана укугу) жок. Ал «Үйрөткөн жана сабак берген Китебиңерге ылайык Раббанилер болгула» (дегенге милдеттүү.) (Али Имран Сүрөсү, 79)**

Жогорудагы аяттар сыяктуу көптөгөн аяттарда далилдери берилгендей, Аз. Иса (ас) – Аллах жараткан куттуу бир элчи, Аллахтын сүйүктүү досу жана пайгамбары жана Аллахка кул бир адам. Жана эч кандай Аллахтын баласы эмес; эч качан мен кудаймын деген эмес жана мындайдан Аллахка корголонгон. Динге чакырып жатканда дайыма Аллахка бир кул экенин эскертип, адамдарды Аллахка ыйман кылууга үндөгөн.

Раббибиз Куран менен Инжилдеги ачык далилдерге карабастан «Аллах – үчтүн үчүнчүсү» дегендерди «каапыр болушту» деп сыпаттоодо. Үч кудайлык жаңылыштыгы – Куранда өтө каршы чыгылган, Улуу Раббибиз көп аяттар аркылуу эскерткен өтө терең жана чоң бир коркунуч. Учурда көп Христиан бир туугандарыбыз чоң ыктымалдык менен бул чоң коркунучту билбестен, аларга үйрөтүлгөндөрдү ээрчип жашап жатышат. Ал Христиандар бул чоң коркунучту сөзсүз көрүшү керек.

Куран акыркы китеп, Инжилди тастыктоочу кылып жөнөтүлгөн жана ошондуктан Христиан бир туугандарыбыз да Куранда билдирилген чындыктарды эске алууга милдеттүү. Куранды жол башчы кылууга ачык болуулары керек. Бул алар үчүн улуу бир шыпаа жана мээрим болот.

(Бул жөнүндө терең маалымат алуу үчүн караңыз: *Hz. İsa (as) Allah'ın Oğlu Değildir*, *Allah'ın Peygamberidir* (Аз. Иса (ас) Аллахтын уулу эмес, Аллахтын пайгамбары), Harun Yahya)

# Үч кудайлык Тооротton чыгат деген Христиандар жаңылышат

Тоорото көп жерлерде Аллахтын баласы сөзү жана кээ бир жерлерде болсо Аллах Өз Заты үчүн колдонгон «Биз» сөзү кездешет. Кээ бир Христиандар бул сөздөрдү үч кудайлык ишениминин булагы деп кабыл алышат. Чындыгында болсо бул чоң бир жаңылыштык.

1. Иврит тилинде Аллахтын ысымдарынын бири «Элохим». Иврит тилинде көбүнчө аяк жактагы «им» мүчөсү көптүк санды билдирүү үчүн колдонулат («байит» - үй, «батим» - үйлөр деген сыяктуу). Элохим ысмындагы «им» мүчөсү себебинен кээ бир Христиандар бул жерде Аллахтын ысмы көптүк мааниде айтылган деп ойлошуп, Тоорот боюнча Исраил урпактары үч кудайлык ишениминде болушкан деп айтып чыгышкан. Бирок иврит тилинде жалгыз нерсе же түшүнүктү билдирген, бирок аягы «им» менен бүткөн көп сөздөр бар: «паним» жүз, «схамайим» асман же асмандар, «рахамим» мээрим же боорукердик, «майим» суу, «пним» ич дегенди билдирет жана көп ушуга окшогон сөздөр бар. Ушул себептен Тоорото ушуга таянып үч кудайлык бар деп айтуу толугу менен сабатсыздыктын натыйжасы.

Ансыз да иврит тилинде заттын көптүк же жекелик санда болушуна жараша этиш өзгөрөт. Ошондуктан этишти карап, сүйлөмдүн жалгыз кишигеби же көпчүлүккөбү ишарат кылып жатканын оңой гана түшүнүүгө болот. Эгер Элохим сөзү, кээ бир Христиандар айткандай, көптүк мааниге келген болгондо, анда иврит тилинде «вайомру Элохим» (кудайлар айтышты) деп айтылышы керек эле. Бирок бүт Тоорот тексттеринде бул сөз айкашы «вайомер Элохим» (Аллах айтты) деп кездешет.

2. Ушул эле жагдай иврит тилиндеги Инжилде Аллахтын башка бир ысмына да тиешелүү. «Адонаи» сөзүн кээ бир Христиандар туура эмес айтышат. Бул негизи «Менин Мырзаларым» маанисине келет. Бирок бул иврит тилиндеги туура айтылышы эмес. Иврит тилинде бул сөз «Адоной» деп окулат жана бул сөз **эч качан көптүк маанини билдирбейт.**

3. Христиандар Тоороттун Башталыш (Бытие) бөлүмүндө кездешкен бул сөздөрдү үчтүн бирдиги (троица) пикирине далил көрсөтүүгө аракеттенишет:

*Теңир «Адамды өз келбетибизде, өзүбүзгө окшош жараталы» деди, «Деңиздеги балыктарга, асмандагы куштарга, үй жаныбарларына, сойлоочуларга, жер жүзүнүн баарына бийлик кылсын.» Теңир адамды өз келбетинде жаратты. Ошентип адам Теңир келбетинде жаратылды. Адамдарды эркек жана аял кылып жаратты. (Башталыш (Бытие), 1: 26-27)*

Тоорот бөлүмдөрүнөн Башталыш 1: 26-сөздө орун алган Аллах Өз Заты үчүн айткан *«адамды өз келбетибизде, өзүбүзгө окшош жараталы»* сөзүнүн көптүк мааниде болушун жана кийинки текстте Аллахтын Өз Заты жөнүндө бул жолу жекелик санда сөз кылышын Христиандар үчтүү бирдикке маанилүү бир далил деп сунууга аракеттенишет. Чындыгында болсо бул өтө бурмаланган бир чечмелөө. Үч кудайлык аң-сезимине сиңирилбеген кандайдыр бир адам, ал тургай, бир жаш бала дагы бул жердеги көптүк маанилердин Аллахтын кудуретине жана улуулугуна басым жасоо үчүн колдонулган өзгөчө бир баян жана кайрылуу формасы экенин заматта түшүнөт. Раббибиз Өз Заты үчүн колдонгон «Биз» сөзү үч кудайлык же үчтүү бирдик логикасын өтө катуу каргаган Куранда да көп аятта кездешет:

**Силердин араңарда өлүмдү белгилеген Бизбиз жана Биздин алдыбызга өтүлө албайт. (Вакыа Сүрөсү, 60)**

4. Христиандар Тооротто орун алган төмөнкү текстти да өз максаттарына ылайык чечмелешет:

*«Жакындагыла мага, уккула айта тургандарымды: башынан бери ачык сүйлөдүм, ошол кезден ушуга чейин ал жактамын.» Эгемен РАБ (Теңир) азыр мени жана Рухун жөнөтүүдө. (Ышайа, 48:16)*

Бул Тоорот тексти Христиандар тарабынан кашаанын ичинде бурмаланган түшүндүрмөлөр менен үч кудайлыкка далил катары сунууга аракет кылынууда. Бул аркылуу Христиандар үч кудайлыктагы үч элемент бул текстте айтылат дешет. Чындыгында болсо бул жерде Аллахтын баласы деген сөз эч жок жана Ыйык Рух деп жоромолдонгон бөлүк болсо Аллах адамга үйлөгөн Өз руху. Аллах адамды Өз рухунан жаратканын Куранда да билдирет:

**Ал жараткан бүт нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган. Кийин анын урпагын бир маңыздан (сүлаледен), болгону бир суудан жасаган. Кийин аны «түздөп бир калыпка салды» жана ага Рухунан үйлөдү. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр жаратты. Канчалык аз шүгүр кылуудасыңар? (Сажда Сүрөсү, 7-9)**

Аллахтын рухунан үйлөшү ар бир адамдын Аллахтын рухун алып жүрөөрүн жана эч нерсенин Аллахтан бөлөк, өзүнчө эмес экенин көрсөтөт. Мунун Христиандар тарабынан кантип Ыйык Рух деп жоромолдонгону жана бул жерде Аллахтын баласынын кантип чыгарылганы түшүнүксүз.

5. Забурдун төмөнкү тексти кээ бир Христиандар тарабынан туура эмес чечмеленүүдө:

*Теңирдин кабарын жарыялайм: Мага «Сен менин уулумсуң» деди, «Бүгүн Мен сага ата болдум. Сура менден, мурас кылып сага элдерди, мүлк кылып жер жүзүнүн төрт бурчун берейин. ...» (Забур, 2:7-8)*

Тооротту башка тексттеринде да белгиленгендей, бул жерде «бала» деп Израил айтылууда. Аллахтын динчил Израил элине болгон мээрмандыгы бир салыштырма мааниде айтылууда. Бир атанын балдарына болгон мамилеси жана мээрмандыгы мисал берилүүдө жана бул жердеги сөз Аллахтын сүйүктүү кулдары маанисине келүүдө.

6. Тоорotto Даниел 7:13-14 бөлүмдөрүндөгү «адам баласы» сөзү Инжилдеги туура эмес сыпаттоого ылайыкташтырууга аракет кылынган жана Аз. Иса (ас) жөнүндө айтылган теңир сыпатына ишарат кылат деп айтылган. Чындыгында болсо бул толугу менен туура эмес бир чечмелөө:

*«Мен түнкү көрүнүштөрдө адам баласына окшогон бирөөнүн асман булуттары менен келе жатканын көрдүм. Ал Күндөрү Байыркыга келди, Аны Күндөрү Байыркынын алдына алып келишти. Ошондо бардык*

*элдер, уруулар жана улуттар Ага кызмат кылышы үчүн, Ага бийлик, даңк жана падышачылык берилди. Анын бийлиги – өтүп кетпей турган түбөлүктүү бийлик, Анын падышачылыгы – кулагыс падышачылык. (Даниел, 7:13-14)*

Бул жерде өлүмдүү бир адам айтылууда жана Тоорот аалымдары бир оздон кабыл алгандай бул жерде айтылган падыша – акыр заманда келе турган Падыша Месих, б.а. Мехди. Падыша Месих бүт элдерге бийлик жүргүзөт, бүт элдер жана калктар андан ыраазы болушат.

Бир нерсени айта кетүү керек: иудейлер Аз. Муса (ас) доорунда да, кийин да эч качан бул Тоорот тексттерин үч кудай катары түшүнүшкөн эмес. Тоорот алгач түшүрүлгөн убактарда да бул сөздөр эч качан үч кудай маанисинде түшүнүлгөн эмес. Иудейлер Тоороттогу бул багыттагы сөздөрдүн чыныгы жана терең маанисин өтө жакшы билишет, муну үч кудай маанисинде колдонуудан Аллахка корголонушат. Бул жердеги сөздү сырдуу мааниде чечмелешип, Аллахтын кулуна болгон сүйүүсүнө, мээрмандыгына, жакындыгына басым жасаганын түшүнө алышат. Иудейлер да кээ бир Христиандардын түз чечмелеп, Тоороттогу тексттерден чыгарууга аракет кылган туура эмес маанилерге каршы чыгышууда.

Ал тексттерди үч кудай логикасы менен кароого аракет кылган кээ бир Христиандар Тооротко да моюн сунушкандыктан ал пикирлерине Тоороттон да өкүм чыгарууга аракеттенишүүдө. Чындыгында болсо бүт Тоорот менен Забур тексттеринде жалгыз ыйман шарты катары тавхид (жалгыз Кудай) ишеними айтылат. Инжил дагы Тооротту тастыктоочу катары ал тавхид ишенимин бийик тутат. Христиан бир туугандарыбыз Инжилдеги бул чындыкты сөзсүз көрүшү керек.

# Аллахтын Заты адамда көрүнөт деген пикирди Христиандар да каалабашы керек

Чын ыкластуу Христиандар түз пейилдүү болушуп, бир адамга кудайлык таңуулоонун Аллахтын мыйзамына, Аз. Иса (ас) алып келген Христиандык динине, Инжил менен Тоороттун өкүмдөрүнө карама-каршы келээрин; ошондой эле акыл менен логикага да карама-каршы келээрин түшүнүшү керек. Чыныгы жана акыйкат Инжилге бир канча кылымдан соң кошулган мындай бир ишеним олуттуу бир коркунуч болушу мүмкүн деп ойлоп, бул жөнүндө терең ойлонуулары зарыл. Аллахтын улуу сыпаттарын бир адамга таңуулоого аракет кылуунун жана алсыздыктар менен жаратылган бир адамды кудай деп көрүүнүн жана көрсөтүүнүн кандай мааниси жана пайдасы болушу мүмкүн? Улуу Аллах, күмөнсүз, буга муктаж эмес. (Аллахты аруулайбыз.) Мындай пикирди жактоо –көп жолу айтып кеткендей- АЛЛАХТЫН КУДУРЕТИН ЖАНА УЛУУЛУГУН ЧЫНДАП ТҮШҮНӨ АЛБОО ДЕГЕН МААНИГЕ КЕЛЕТ.

Ошондой эле, Улуу Аллах жер жүзүндө адам абалында Заты менен көрүнгөн деген сыяктуу бир пикирди Христиандар кабыл албашы керек. Муну Улуу Аллахтын даңкына жараштырбашы керек. Аллахтын улуулугу, бийиктиги, кудурети жана чексиз күчү Христиандар үчүн бир жакшылык-немат. **Чексиз кудуреттүү бир Аллахка ишенүү жакшыбы;** же уктаган, тамак жеген, муктаждыктары бар бир адамды кудай тутунуубу? Албетте мунун жообун бүт Христиандар оңой гана көрө алышат.

Аллах Өзүнүн улуу Затын адамдарга таанытуу үчүн өлүмдүү жана муктаждык ичиндеги бир жандыкта көрүнүүгө муктаж эмес. (Аллахты аруулайбыз.) Христиан бир туугандарыбыз Инжилге да, Тооротко да акыл менен карап, булардын баарын Аллахтын кудуретине ылайык баалашы керек.

Аз. Иса (ас)дын адамдык өзгөчөлүктөргө ээ болушу анын бир пайгамбар катары, албетте, баркын түшүрбөйт. Аз. Иса (ас) Улуу Раббибиздин баалуу жана өтө куттуу бир пайгамбары. Аллахтын Кабатында бүт башка пайгамбарлар сыяктуу эң бийик жана эң куттуу даражада. Аллахтын сүйүктүү досу, улуу элчиси. Ошондуктан

анын бир адам кылып жаратылышы анын баркына, жогорулугуна жана пайгамбар катары бийиктигине, албетте, эч зыян тийгизбейт.

Эң негизгиси – бул Аллахка –бирөө жана жалгыз болгон Жаратуучубузга- ыйман кылуу. Аллах адамдардан Өзүнө шерик кошпостон ыйман жана кызмат кылышын каалайт. Адамдар кызмат (кулчулук) кылышы үчүн Аллахтын жер жүзүндө бир адам кейпинде көрүнүшү зарыл эмес. Христиан бир туугандарыбыз, эгер чындап чын ыкластуу мамиледе болушса, төмөнкү суроону өздөрүнө узатышы керек:

Аллахтын Аз. Иса (ас)да Заты катары көрүнбөшү Улуу Аллахтын сыпаттарына кандай залакасын тийгизет? (Аллахты аруулайбыз)

Адамда Аллахтын Заты катары көрүнбөшү Аллахтын сыпаттарын, улуулугун, сулуулугун азайта турган нерсе эмес. Тескерисинче, бул Аллахтын сулуулугуна сулуулук кошот, Анын улуу сыпаттарын жакшыраак түшүнүүгө шарт түзөт. Өлүмдүү, уктаган, тамак жеген, алсыздыктар жана муктаждыктар ичиндеги бир адамда Аллах Заты катары көрүндү деп таңуулаган соң Аллахтын улуу сыпаттарын кантип жакшылап түшүнүүгө болот? Албетте бул мүмкүн эмес.

# Инжил үч кудайлык ишенимин четке кагат

# Инжилде Аллахтын жалгыздыгын жана шерик кошпоону кабар берген тексттер

*Алардын талашын тыңдаган жана Исанын аларга жакшы жооп бергенин көргөн бир дин аалымы анын жанына келип: «Эң негизги буйрук кайсы?» – деп сурады. Иса ага мындай деп жооп берди: « (Аллахтын буйруктарынын) эң негизгиси мындай: "Кулак сал, эй Исраил! **Биздин Кудай-Теңирибиз – жалгыз Теңир**... Дин аалымы Исага: «Жакшы айттың, устат! Кудай бирөө, Андан башка Кудай жок» деп туура айттың.» (Марк,12: 28-32)*

***... Аллах бирөө**. (Павелдин Галатиялыктарга каты, 3: 20)*

*... **Теңир бирөө**. Ар кандай иш-чаралар бар, бирок бүт баарында баарын натыйжалуу кылган бир Аллах. (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 12: 5-6)*

***Жалгыз Аллах бар**... (Павелдин Тиметейге биринчи каты, 2: 5)*

*Иса ага мындай деп жооп берди: «... **Аллахың Раббиге сыйынып, Ага гана кулчулук кыласың**» деп жазылган. (Матфей (Матай), 4: 10)*

***Куткаруучубуз Жалгыз Аллахка улуулук болсун...** (Иуданын (Жүйүттүн) каты, 1: 24)*

***Сен Аллахтын бирөө экенине ишенип, туура кыласың.** Жиндер да буга ишенишет жана (Аллах коркуусунан) титирешет! (Иаковдун (Жакыптын) каты, 2: 19)*

*Чексиз доорлордун Өкүмдары, өлүмсүз, көзгө көрүнбөс **жалгыз Аллахка доорлор бою бийиктик жана улуулук болсун.** (Павелдин Тиметейге биринчи каты, 1: 17)*

*Бир-бириңерди бийик тутуп жана **жалгыз Аллахтан** келген бийиктикти издебеген силер мага кантип ыйман кыла аласыңар? (Иоанн (Жакан), 5:44)*

*Иса жолго чыгып жатканда бирөө чуркап жанына келди. Алдына тизелеп ага: «Жакшы мугалимим (устатым), чексиз жашоого жетүү үчүн эмне кылышым керек?» деп сурады. Иса ага **«... жакшы бирөө гана бар, Ал Аллах.»** (Марк, 10: 17-8)*

*... Путтун (идолдун) дүйнөдө чындыгында бар болбогон бир нерсе экенин билебиз жана **бирден башка кудай жок... Биз үчүн жалгыз Аллах бар:** бүт баары Андан пайда болгон Аллах. Биз да Ал үчүн жашап жатабыз... (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 8: 4-6)*

***... Жалгыз бир Аллахыңар бар...** (Матфей (Матай), 23: 9)*

*Иса «Мага эмне үчүн жакшылык жөнүндө суроо сурап жатасыңар?» деди. «Жакшы бирөө гана бар. Жашоого жеткиң келсе,* ***Анын (Аллахтын) буйруктарын орундат.»*** *(Матфей (Матай), 19: 17)*

*Жерде же асманда кудай деп аталгандар болсо да... (Аллахты арулайбыз)* ***биз үчүн жалгыз бир Аллах бар.*** *Ал бүт баарынын булагы, биз Ал үчүн жашайбыз. (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 8:5)*

*... Теңир бирөө, ыйман бирөө... Бүт баарынан өйдө, бүт нерсе менен жана бүт нерседе болгон* ***бүт баарынын Аллахы... бирөө.*** *(Павелдин Эфестиктерге каты, 4: 4-6)*

*Ар бир үйдүн бир жасоочусу бар,* ***бүт нерсенин жасоочусу болсо Аллах.*** *(Эврейлерге кат, 3:4)*

# 3- БӨЛҮМ
# БАР БОЛГОН НЕРСЕЛЕРДИН БААРЫ АЛЛАХТЫН КӨРҮНҮШҮ

## Маанилүү бир сыр: мээбиздин ичиндеги сүрөттөлүштөн тышкары эч нерсени көрө албайбыз

Дүйнөдө адамдардын көпчүлүгү маанилүү бир чындыкты билбей жашашат. Адамдардын бүт жашоосун, дүйнө жашоосуна жана акыретке көз-караштарын тамырынан өзгөртө турган ал сыр – **мээбиздин ичинде гана жашап жаткандыгыбыз жөнүндөгү чындык.** Башкача айтканда, эч ким ага мээсинин ичинде рухуна көрсөтүлгөн дүйнөдөн сыртка чыга албайт, сырттагы заттын өзүн көрүп, биле албайт.

Муну мындайча түшүндүрүүгө болот: бизге тышкы дүйнөдөн сүрөттөлүш катары келген маалыматтар – белгилүү көлөмдөгү жарык гана. Эгер бир алманын сүрөттөлүшүн көрүп, жытын, даамын сезип, ага колубуз менен тийе алып жатсак, булардын баары бизге бир жарык бөлүкчөсү менен келет. Башкача айтканда, сырттагы алмадан бизге ал жарык бөлүкчөсүнөн башка эч нерсе келбейт. **Алманын өзүнө эч качан жете албайбыз.** Мисалы, алмадан көзүбүзгө келген фотондор көзүбүздө электрдик зарядга айлантылат жана мээбизге жиберилген электрдик заряд ал жерде бир алма көрүнүшү катары жоромолдонот. Тагыраак айтканда, сырттагыдан өзүнчө, такыр башка бир сүрөттөлүш пайда болот жана биз мээбиздеги ал алманы гана көрүп, сезебиз. **Сырттагы алма менен мээбиздегинин эч байланышы жок.**

Бул көргөн, даамын таткан, тийген, жыттаган жана уккан нерселерибиздин баарына тиешелүү. **Мээбизде пайда болгон сүрөттөлүштүн эч бири сырттагы сүрөттөлүштүн өзү эмес. СЫРТТА ЗАТТЫН ӨЗҮ БАР,** бирок ал заттын өзү толугу менен **ТУНУК (ТҮССҮЗ) ЖАНА КАРАҢГЫ**. Сырттагы ал тунук жана караңгы затка болсо кандайдыр бир жол менен эч качан жете албайбыз. Бул илимпоздор аныктаган жана бир ооздон кабыл алып көрсөткөн илимий бир чындык. (*Атомдун ичинде 99,9999%дык бир боштук бар экендигинин жана кванттык физика менен атом-асты бөлүкчөлөрдүн бөлүкчө касиетинен тышкары, толкун касиетин да көрсөтөөрүнүн далилдениши менен сырттагы заттын чыныгы маңызы жана сыртта жарык менен түстүн жок экени аныкталган. Бул темада терең маалымат үчүн караңыз: Дарвиндин туюгу: рух, Харун Яхья)*

Бул жерде төмөнкүгө басым жасоо керек: заттын өзүнө эч качан жете албашыбыз жөнүндөгү чындык – **илим тарабынан далилденген, талашсыз так бир жыйынтык;** эч кимдин жеке бир ишеними эмес. Илим **бүт жашообуздун мээбиздин ичинде кемчиликсиз майда-бараттары менен жана тунуктукта жаратылып жатканын, сырттагы дүйнөгө болсо эч качан жете албашыбызды, сырттагы заттын болсо толугу менен тунук (түссүз) экенин** далилдеди.

Көп адамдар бул чындыкты илимий жактан билсе дагы, сырттагы дүйнөнү көрүп, сезип жатам деген сезимден эч кутула алышпайт. Сүрөттөлүштүн үзгүлтүксүз тунуктугу жана сапаты алардын бул багытта ойлонушуна тоскоол болот. Мунун себеби болсо – мээбизде жаратылган жана электрдик сигналдардан гана турган сүрөттөлүштүн укмуш ынандырарлык, кереметтүү жандуу, түркүн түстүү, кыймылдуу жана кемчиликсиз болушу. Бул албетте бүт ааламдардын Жаратуучусу болгон, бир атомдун ичинде жана учу-кыйырсыз космосто таң калаарлык ааламдарды жараткан, бүт баарын кемчиликсиз бир тартип жана укмуш сулуу жаратууга кудуреттүү болгон, Өзү бүт сулуулуктардын Ээси жана бүт кемчиликтерден аруу-таза Улуу Аллах үчүн өтө оңой. Раббибиз ар бир адамдын мээсинде ага гана тиешелүү жана укмуш детальдар менен жабдылган бир ааламды жаратууга кудуреттүү.

Бул маалымат мындай мааниге келет: сыртта биз учу-кыйырсыз деп ойлогон планеталар, саманчынын жолу галактикасы, жылдыздар, күн, жер бетиндеги бүт адамдар, миллиондогон жандык түрлөрү, алардын жашоосу, жердин астындагылар, клеткалар, белоктор, атомдор жана атомдун ичиндеги бүт башка ааламдар, булардын баары Аллахтын уруксаты менен **мээбизде буурчакчалык бир аймактын ичинде жаратылууда.** Сүрөттөлүш жаратылган ал кичинекей жер да негизи биз үчүн бир сүрөттөлүш гана. Мээнин ичинде ал сүрөттөлүштөрдү көргөн, ал сезимдерди кабылдаган болсо – рухубуз. Аллахтын рухубузга жашатып, сездиргендерин биз «жашообуз» же «тышкы дүйнө» дейбиз негизи.

Рухтун мээси да, кулагы да жок, бирок аларга муктаж болбостон мээге келген сигналдарды жагымдуу бир музыка, бир көчөнүн үндөрү же бир досуңуздун үнү катары угасыз. Ошол сыяктуу рухтун көзү да жок, бирок рухубуз электрдик заряд абалында мээге келген сигналдарды көзгө муктаж болбостон кооз бир пейзаж же тааныган бир адамдын жүзү абалында көрөт. Ошондуктан дүйнө метафизикалык, аалам метафизикалык. Адамдар бул чындыкты ойлонгулары келбесе да, түшүнмөксөн болушса да, Аллах рухтарына көрсөткөн дүйнөнү гана көрүп-сезишет жана –Аллах кааламайынча- ал дүйнөнүн сыртына эч ким чыга албайт, чыныгысы сыртта болгон затты көрүп-сезе албайт.

# Мээбиздеги дүйнөнүн баары Аллахтын көрүнүшү, бүт баары

Бүт нерсенин мээбизде бир сүрөттөлүш абалында гана жаратылганы жөнүндөгү чындык «көрүнүш (чагылуу)» түшүнүгүн да жакшы түшүнүшүбүзгө шарт түзөт. Бүт нерсе биз үчүн бир сүрөттөлүш гана жана заттын сырттагы чыныгысы түссүз жана караңгы, демек мээбизде жаратылган түркүн түстүү, кыймылдуу жана жарык сүрөттөлүштүн баары маңызы жагынан бирдей. Башкача айтканда, биз көрүп-сезген дүйнөгө тиешелүү бүт нерсе – **мээбизде пайда болгон элестер**. Биз мээбиздеги бир экрандын ичинде баары элестер болгон ал сүрөттөлүштөрдү көрөбүз. Бул Аллах жараткан мыйзам. Аллахтын мыйзамы боюнча, **<u>ЗАТ СЫРТТА БАР,</u> БИРОК БИЗДИН анын сыртына чыгып заттын өзүнө жетишибиз, мээбиздеги ал сүрөттөлүштөрдүн сыртына чыгышыбыз мүмкүн эмес.**

**Ошондуктан «БҮТ НЕРСЕ», мээбиздин ичинде биз көргөн, кармап-сезген НЕРСЕЛЕРДИН БААРЫ – Аллахтын көрүнүшү.** Бүт апалар менен аталар – Аллахтын көрүнүштөрү. Бүт балдар – Аллахтын көрүнүштөрү. Бүт көпөлөктөр, куштар, дарактар, гүлдөр, мөмөлөр – Аллахтын көрүнүштөрү. Планеталар, күндөр, жылдыздар,

учу-кыйырсыз аалам – Аллахтын көрүнүшү. Аллах Аз. Муса (ас)га бадалдан сүйлөгөндө, Аллах бадалда көрүнгөн. Эч нерсе бөтөнчө эмес, бүт баары Аллахтын көрүнүшү. Себеби бүт нерселер – сыртта бар болгон заттын мээбизде жаратылган сүрөттөлүшүнүн бир бөлүгү. Ал сүрөттөлүштүн ичинде сулуу адамдар, үй-бүлөбүз, кооз үйлөр, имараттар, куштар, бир-биринен бийик тоолор болгон сыяктуу, таштанды үйлөр, тар көчөлөр, согуштар, киши өлтүрүүлөр, уруштар, жаман нерселер, оорулар да бар. Сулуу, жакшы нерселер ал сүрөттөлүштүн кандай бөлүгү болсо, жаман нерселер да ошол эле сүрөттөлүштүн бир бөлүгү. Себеби баары бул дүйнө жашоосун түзүү үчүн мээбизде бир элес катары жаратылат жана ошондуктан баары Аллах жараткан сүрөттөлүштөр, б.а. көрүнүштөр (чагылуулар).

Кээ бир Христиандар заттын мээбизде бир сүрөттөлүш абалында гана жаратылганын билбегендиктен же толук түшүнбөгөндүктөн «Аллахтын дүйнөдөгү көрүнүштөрү (чагылуулары)» сөзүн да туура эмес чечмелешүүдө. Ал Христиандар Аз. Иса (ас) гана Аллахтын көрүнүшү деп ага кудайлык сыпатын беришип, башкаларды болсо Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчөдөй көрүшүүдө.

Аз. Иса (ас) албетте Аллахтын рухун алып жүрөт жана албетте Аллах анда эң Рахмандык (Мээримдүү) абалда көрүнүүдө. Бирок дүйнөдөгү эч бир нерсе Аллахтын көз-карандысыз, өзүнчө эмес; баары Аллахтын жаратканы жана Аллахтын чагылуусу. Сулуу, сулуу эмес, жакшы, жаман, кыскасы бүт баары Аллахтын жаратуусу менен, Аллахтын уруксаты менен. Бирок ал Христиандар Аллахтын көрүнүшү болууну Аллахтын Заты деп жоромолдошуп чоң жаңылыштык кылышууда. «Аз. Иса (ас) гана Аллахтын бир көрүнүшү; жер жүзүндөгү башка нерселерди, өзгөчө жамандыктарды, жаман нерселерди эч көрүнүш катары кабыл алууга болбойт» дешүүдө.

**Аллахтын көрүнүшү (чагылуусу) деген Аллахтын Заты маанисине келбейт.** Адамдар эч качан Аллахтын Улуу Затын көрө алышпайт, бирок Анын көрүнүштөрүн дайыма көрүп-сезишет. Көргөндөрүбүздүн баары сырттагы затка тиешелүү бир сүрөттөлүш, жана ал сүрөттөлүш жалгыз бир экран ичинде бүтүн. Биз үчүн бүт дүйнө мээбиздеги ошол сүрөттөлүштөн гана турат, себеби биз сырттагы материалдык дүйнөнүн өзүн эч качан көрүп-сезе албайбыз. **Мээбиздеги ал копия сүрөттөлүштөр болсо Раббибизден өзүнчө эмес (Аллахты аруулайбыз), өзүнчө боло алышы мүмкүн эмес.** Ошондуктан Аз. Иса (ас) да, бүт башка нерселер, жандыктар да бир эле сүрөттөлүштүн бөлүктөрү жана баары Аллахтын көрүнүштөрү.

Жогоруда илимий жактан баяндалган заттын маңызы темасы Христиандардын Аз. Иса (ас) жөнүндөгү туура эмес ишенимин толугу менен жоготот. Ошондуктан чын ыкластуу Христиан бир туугандарыбыз бул жөнүндө терең ойлонушу керек. Бул чындык, жогоруда да айтылгандай, бир жоромол же бир ишеним формасы эмес. Бул **далилденген, илимий бир чындык** жана азыркы 21-кылымда муну тана турган бир илимпоз дагы жок. Муну тануу «дүйнө түз» деп айтуу сыяктуу илимге каршы бир пикирди жактаган менен бир. Ошондуктан материалдык бир дүйнө бар деп Аз. Иса (ас)га кудайлыкты таңуулоого аракеттенгендер тамырынан кыйратылган материализмдин таасири астында алданышууда.

Аз. Иса (ас) – күчтүү Аллах коркуусу жана сүйүүсү, бийик адеп-ахлагы, өрнөк мамилелери, Раббибиз ага тартуу кылган кереметтери менен албетте Аллахтын өзгөчө бир көрүнүшү. Аллахтын сүйүктүү бир кулу, Рахман ысмы өтө күчтүү чагылган куттуу бир пайгамбары. Кээ бир Христиандар Аллахтын куттуу кулу жана пайгамбары болгон Аз. Иса (ас)ды Раббибиздин бүт башка көрүнүштөрү сыяктуу бир көрүнүшү деп кабыл алганда, ага кыянат кылган болобуз же ага болгон сүйүүбүзгө зыяны тийет деп ойлошу мүмкүн. Чындыгында болсо **Аллахтын куттуу Пайгамбарын кудайлаштыруу эч качан бир сүйүүнү билдирүү болбойт.** Тескерисинче бул Аллах сүйүүсүн түшүнө албоодон келип чыккан чоң бир жаңылыштык. Мындай түшүнүктөн Аллахка корголонуу керек. Сүйүү бүт нерсенин Жаратуучусу жана Жалгыз Ээси болгон Аллахка багытталат. Раббибиздин эң куттуу көрүнүштөрү (чагылыштары) да мына ушул себептен өтө сүйүлөт. Биздин Аз. Иса (ас)га болгон сүйүүбүз – Аллахка болгон сүйүүбүздөн келип чыккан бир сүйүү. Аллахты канчалык көп сүйсөк, Аз. Иса (ас)га сүйүүбүз да ошончолук күчтөнүп өсөт.

Аз. Иса (ас)дын Аллах жараткан бүт көрүнүштөр сыяктуу бир көрүнүш болушу **анын кадыр-баркын албетте түшүрбөйт.** Ал – Аллахтын сонун адеп-ахлактуу жана чын ыкластуу бир кулу, Раббибиздин тандаган сулуу пайгамбары. Аны ошол бийик сыпаты менен Аллах ыраазылыгы үчүн сүйүү – бир топ баалуу жана жакшы. Аллах ыраазы боло турган, чыныгы жана туура сүйүү да мына ушундай болот.

# Аллах бүт тарапта

**Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктар берип жатканын билебиз. <u>Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз.</u> (Каф Сүрөсү, 16)**

Кээ бир Мусулмандар менен Христиандар аяттагы **«Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз»** деген сүйлөм физикалык эмес, бир руханий жакындыкты билдирет дешип, Аллахтын бүт тарапта экенине каршы чыгууга аракеттенишет. Ал Христиандар өздөрүнүн туура эмес ишеними боюнча Исламда «алыстагы бир Аллах ишеними» бар, Аллахка жетүү мүмкүн эмес (Аллахты аруулайбыз) дешет. Ушундайча «Аллахтын уулу» түшүнүгүнө да өз ойлорунда негиз табууга аракет кылып, Исламдагы өз ойлорундагы «алыс» бир Аллах ишениминин (Аллахты аруулайбыз) ордуна, Христиандыкта Аллах Аз. Иса (ас) аркылуу кулдарына жетет дешет. Бул өтө чоң бир жаңылыштык, жана ал Аллахтын Заты жана Аллахтын көрүнүшү болуу арасындагы айырманы толук түшүнө албоодон келип чыгууда.

Аяттагы **«Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз»** сүйлөмү руханий жакындык менен бирге физикалык бир жакындыкты да айтат. Жогоруда түшүндүрүлгөндөй, бүт баары мээбиздеги сүрөттөлүштүн бир бөлүгү болгондуктан жана бүт жашообуз мээбизде пайда болгон ал сүрөттөлүштөрдүн бир жыйындысы болгондуктан, биздин денебиз, клеткаларыбыз, менчигибиздеги бүт нерсе жана көрүп-сезгендерибиздин баары – сүрөттөлүш, жана сырттагы затка тиешелүү бүт ал копия сүрөттөлүштөр сыяктуу алар да Аллахтын бир көрүнүштөрү. Ошондуктан **Аллах бизге эң жакыныбызда деп ойлогон бир кишиден да жакыныраак.** Бул толугу менен физикалык бир жакындык, себеби Аллах адамды ичинен, сыртынан, бүт тараптан толук ороп-курчаган.

Аллахтын Заты албетте башка. Бирок **Аллахтын көрүнүштөрү бүт тарапта.** Бир киши бир бөлмөгө кирип, ал жерде Аллах жок десе, динден чыккан болот. «Бүт баары Аллахтын көрүнүшү, бирок бул кичинекей кутудан тышкары» десе да динден чыккан болот. Ал сөзү менен өз оюнда чексиз Аллахтын улуулугун чектеп, Аллахтан көз-карандысыз башка нерселер бар деп айтып жаткан болот. (Аллахты аруулайбыз) Аллахтан көз-карандысыз деп ойлогон кичинекей бир куту болсо дагы, Аллах сактасын, байкабастан Аллахтын чексиз улуулугун танган болот. Чындыгында болсо чексиз жана абсолюттук Зат бир гана Аллах. Ошондуктан бир адам бир бөлмөгө киргенде, Аллахтын көрүнүштөрү ал бөлмө да кошо ал көргөн жана көрбөгөн бүт тарапта болот. **Бир адам кайсы жакка бурулбасын Аллахтын көрүнүшү ошол жакта болот.**

Аллахтын бүт тарапты ороп-курчаары, кайсы тарапка бурулсак Аллахтын ал жакта экени көп Куран аяттары аркылуу билдирилген. Ал аяттардагы сүйлөмдөр мухкем, т.а. түз аяттар. Мисалы, Аллах Бакара Сүрөсүнүн 255-аятында **«... Анын күрсүсү бүт асмандарды жана жерди ороп-курчаган...»** деп билдирүүдө. Худ Сүрөсүнүн 92-аятында болсо **«... Күмөнсүз менин Раббим кылып жаткандарыңарды ороп-курчаган.»** деп Аллахтын адамдарды да, алардын кылгандарын да ороп-курчап тураары билдирилүүдө.

Аллах бул чындыкты Инжилде да апачык билдирген:

*Баарынан мурда бар болгон Ал (Аллах) жана <u>бүт нерсе Ал аркылуу бар болуп турат.</u> (Павелдин Колосалыктарга каты, 1:17)*

*<u>Аллах көрбөгөн эч нерсе жок.</u> Ага сурак бере турган <u>Аллахтын көз алдында бүт нерсе ачык-айкын.</u> (Павелдин Эврейлерге каты, 4:13)*

Жогоруда түшүндүрүлгөн, сырттагы заттын өзүн эч качан көрүп-сезе албашыбыз, биздин мээбиздеги копия сүрөттөлүштөр, элестерди гана көрүп-сезээрибиз жөнүндөгү чындыкты толук түшүнгөндө, Аллахтын бүт тарапта жана жалгыз абсолюттук Зат экенин да толук түшүнүүгө болот. Аллах асмандарда гана эмес. **Аллах бүт тарапты ороп-курчап турат.** Бул маалымат бизге Куран аркылуу берилүүдө. Биз дуба кылганыбызда **Аллах бизди бүт жакта, дайыма угат.** Аллах бизге бүт тарапта көрүнүштөрү аркылуу Өзүн көрсөтөт. Аллах бизди сүйөт жана **бизге эң жакын. Эч нерсе бизге Аллахтан жакынныраак эмес. Аллах менен арабызда эч кандай аралык жок.** Заттын сырттагысын эч качан көрүп-сезе албашыбызды түшүнгөн адамдар **Аллахтын дайыма бүт тарапта экенин, дайыма аларды көрүп тураарын жана угуп тураарын, бүт нерсеге күбө экенин жана аларга күрөө тамырларынан да жакын экенин, ар бир дуба кылгандын дубасын угаарын, ошондуктан руханий жана физикалык мааниде адамга эң жакындын бир гана Улуу Раббибиз Аллах экенин** толук түшүнүшөт.

Биз убакыт жана мейкиндиктен көз-каранды болгонубуз үчүн Аллахтын асмандарды, жерди жана бүт нерселерди ороп-курчаарын жакшы түшүнө албашыбыз мүмкүн. Чындыгында болсо Аллахтын ороп-курчашы бир адамды клеткаларына, атомдоруна чейин ороп-курчашы маанисине келет. Эч бир атом Аллахтан көз-карандысыз эмес. Баары Анын көрүнүшү жана Аллах алардын баарын билет. **Аллах болбогон эч бир жер жок.**

# Материалдык бир дүйнөгө материалдык бир кудай керек деген жаңылыштык

Жогоруда түшүндүрүлгөн заттын маңызы темасын билбеген же толук түшүнө албаган кээ бир Христиандар Аз. Иса (ас)га кудайлык таңуулоонун себебин кээде төмөнкүдөй бир логика менен түшүндүрүшөт: «Биз бир материалдык жандык болгонубуз үчүн жана дүйнө дагы материалдык бир жер болгондуктан, биз жана бүт дүйнө кутулууга жетүү үчүн материалдык бир затка муктажбыз». Мындай пикир **Аллахтын бүт тарапта жана дайыма бизге эң жакын экенин, каалаганда, каалаган абалда, ар бир кулуна жете алаарын жакшылап түшүнө албоодон жана заттын чыныгы маңызын билбестиктен** келип чыккан абдан үстүртөн караган бир ойдун натыйжасы. Эң биринчиден биз көрүп, кармап, сезген нерселердин эч кайсынысы зат эмес. Анын ичинде биз да барбыз. Биз эч качан чыныгысына жете албаган сырттагы зат дагы негизи биз билген мааниде материалдык мааниге ээ эмес: тунук (түссүз) жана караңгы. Биз мээбизде көргөн, сырттагы оригиналын эч качан көрүп, кармай албаган копия сүрөттөлүштөрдөн, б.а. элестерден гана турган бир ааламда жашайбыз. Беш сезимибиз менен сырттагы дүйнөгө жетебиз деп ойлойбуз. Чындыгында болсо бүт баары электрдик сигналдар гана. Мээге баруучу электрдик сигналдардын баары токтотулса, биз материалдык дүйнө деп ойлогон дүйнө да толугу менен жок болот. Кыскасы, биз көргөн дүйнөдө эч нерсе материалдык зат эмес. Сырттагылардын баары мээбизде биз кабылдаган копия сүрөттөлүштөрдөн гана турат. Ошондуктан элестерден турган мындай бир дүйнөдө материалдык бир кудай болушу керек деген пикир такыр логикага сыйбайт. Мээбиздеги бул дүйнөдө материалдык эч нерсе жок.

Бул Христиандар айткан Аллах бизге жетиши, сүйүүсүн жана жакындыгын көрсөтүшү үчүн бир адамда гана көрүнүшү керек деген пикир – чындыкка жатпаган, ойдон чыгарылган бир ишеним. Аллах мындайга муктаж эмес, Улуу Раббибиз ар кандай кемчиликтен аруу, таза. (Жогоруда да айтып кеткендей, бул жердеги көрүнүү эч качан Аллахтын Заты маанисинде эмес.) **Аллах бүт тарапта. Дайыма биз менен бирге. Ал бүт нерседе көрүнөт.**

Негизи үч кудайлык ишениминдеги акылга жана логикага карама-каршы келген жоромолдор Аллахты кулдарынан алыс көргөн түшүнүк болот. Ал Христиандар бүт тарапта жана бүт жерде көрүнгөн, бүт нерсени ороп-курчаган жана кулдарына эң жакын болгон Аллах ишенимин бир тарапка таштап, алыстагы бир Аллах ишенимин жакташууда. Ал жалган ишенимде Аллах алардан ушунчалык алыс болгондуктан, бир адам аркылуу

гана кулдарына жете алууда (Аллахты аруулайбыз). Бул – Аллах Өзүнүн көрүнүшү катары жөнөткөн адамдан тышкары бүт жандык жана нерселерди Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчө нерселер деп кабыл алууга барабар, б.а. Аллахка шерик кошуу (ширк) болот. Аллахка шерик кошуу, Аллахтан башка жандык жана нерселерге көз-карандысыз, өзүнчө бир күч таңуулоо – Аллах Кабатында чоң күнөө жана Аллахты таанып биле албоо болуп саналат.

Аллах кулдарына болгон жакындыгын Инжилде да апачык билдирген:

*Силер аларга окшобогула! Себеби Аллахыңар эмнелерге муктаж экениңерди силер Андан сурай электиңерде билет. (Матфей (Матай), 6:8)*

*Аллах көрбөгөн эч нерсе жок. Ага сурак бере турган Аллахтын көз алдында бүт баары ачык-айкын. (Павелдин Эврейлерге каты, 4:13)*

*[Аллах Кабатында] Белгисиз кала турган жашыруун эч нерсе жок, билинбей кала турган жана ачыкка чыкпай кала турган жашыруун эч нерсе жок. (Лука (Лукман), 8:17)*

*... Асманда жана жерде, көрүнгөн жана көрүнбөгөндүн баары – тактылар, кол алдыдагылар, башкаруулар, өкүмдарлыктар- Анда жаратылды. Бүт баары Ал тарабынан жана Ал үчүн жаратылды. Баарынан мурда бар болгон Ал жана бүт баары Ал себептүү бар. (Павелдин Колосалыктарга каты, 1:16-17)*

*Бирок силер дуба кылаарыңарда ички бөлмөңөргө кирип эшикти жапкыла жана жашыруун болгон Аллахка дуба кылгыла. Жашыруун жасалганды көрүүчү Аллах силерге сыйлык берет. (Матфей (Матай), 6:6)*

*Беш таранчы эки ассарийге эле сатылат эмеспи. Ошондой болсо да Кудай алардын бирин да унутпайт. Силердин башыңардагы чачыңар да бир-бирден саналуу... (Лука (Лукман), 12:6-7)*

Улуу Аллах Куранда болсо мындайча билдирген:

**«... жашыруун сактаганыңарды жана ачыкка чыгарганыңарды да Мен билем.» (Бакара Сүрөсү, 33)**

Инжил тексттеринде жана Куран аяттарында апачык айтылгандай, Аллахка жетүү үчүн бир адамдын ичинен чын ыкластан дуба кылышы жетиштүү болот. Каерде гана болбосун, Аллах адамды сөзсүз угат, көрөт жана кааласа анын дубасына жооп берет.

Ошондуктан Исламда алыс бир Аллах ишеними бар деп үч кудайлык ишенимине негиз түзүүгө аракеттенген кээ бир Христиандар чоң жаңылыштыкка түшүшкөн. Ал кишилер Улуу Аллахтын Жалгыз Кудай катары бүт нерсенин Жаратуучусу экенин жана бүт тарапты жана бүт нерсени ороп-курчаарын түшүнгөндө, заттын маңызын түшүнгөндө, мына ошондо Аллахтын аларга канчалык жакын экенин түшүнө алышат.

Үч кудайлык жаңылыштыгы себебинен Аллахты туура эмес таанып, Аллахтын улуулугун түшүнө алышпоодо. Себеби эгер түшүнүшсө, Аллахтан башка, Аллахтын көрүнүшү болбогон заттар бар деп айтышмак эмес жана Аллахка шерик кошуудан абдан качынышмак.

Бүт нерсени жараткан, бүт нерсеге жана бүт жерге Өкүмдар болгон бир Раббибиз бар. Христиандар бул чындыктарды акыл менен баалап, Аллахтын Улуу Кудуретине жараша турган бир дин түшүнүгүн кабыл алуулары зарыл. Аллах асманда, жерде, адам жашаган, көргөн, көрбөгөн бүт тарапта. Мээбизде жаратылган жана биз «жашообуз» деп атаган сүрөттөлүштүн баары Аллахка тиешелүү. Демек, бир адам кантип Аллахка жетүү үчүн бир ортомчу керек деп айта алат? Бир адам ичинен ойлоп койгондо эле Аллах анын дубасын угат. Аллахтын бизге мынчалык жакын болушу бүт Христиан бир тууугандарыбызды кубантышы керек. Чын ыкластуу Христиандар заттын чыныгы маңызын, Аллахтын улуулугун жакшылап түшүнүп, андай логикасыз жана керексиз сөздөргө Аллахтын уруксат бербешин билиши керек.

# Үч кудайлык ишеними эмне үчүн кооптуу?

Кээ бир Христиандар жактаган үч кудайлык жана үчтүү бирдик (троица) ишеними өтө олуттуу бир жаңылыштык, Аллахка жана Аз. Иса (ас)га жабылган чоң жалаа, жана ошондой эле өтө маанилүү бир коркунуч. Христиандардын үч кудайлык ишеними алып келген жана алып келе турган ал коркунучтарды билиши өтө маанилүү. Ал коркунучтардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

## 1. Ширк коркунучу:

Инжил менен Тооротто да, Куранда да Аллахка шериктерди кошуу «ширк» маанисине келет. Ошондуктан чын ыкластуу Христиандар үч кудайлык ишеними менен байкабастан Аз. Иса (ас)ды Аллахка шерик кошуп (Аллахты аруулайбыз) бул чоң ширк коркунучунун ичине түшүшүүдө. Бул ширк коркунучу байкамаксан болуна турган бир жагдай эмес. Улуу Аллах Куранда бул чоң коркунучтан улам дээрлик **«асмандар талкаланып, жер жарылмак жана тоолор бузулуп көчмөк»** деп билдирүүдө (Мариям Сүрөсү, 90). Ширк Аллах Кабатында чоң бир кылмыш. Аллах Куранда бул күнөөнү кылгандарга мындайча эскертүү берет:

> **Чындыгында Аллах Өзүнө ширк кошулушун кечирбейт. Мындан башкаларды болсо, каалаганын кечирет. Ким Аллахка шерик кошсо, чындыгында чоң бир күнөө менен жалаа жапкан болот. (Ниса Сүрөсү, 48)**

Аллах Инжилде да Христиандарга ширкке тыюу салган:

> *Өлүмсүз Аллахтын улуулугу ордуна өлүмдүү адамга, канаттууларга, төрт буттууларга, сойлоочуларга окшогон путтарды (идолдорду) тутунушту (Аллахты аруулайбыз)... Алар Аллах жөнүндө чындыктын ордуна жалганды коюшту. Жаратуучунун ордуна жаратылганга сыйынып кулчулук кылышты. (Аллахты аруулайбыз.) Чындыгында болсо Аллах түбөлүккө чейин мактоого ылайыктуу... (Павелдин Римдиктерге каты, 1:23-25)*

> *Иса ага мындай деп жооп берди: «Аллахың болгон Раббиге сыйын, Ага гана кулчулук кыл» деп жазылган.» (Лука (Лукман), 4:8)*

Үч кудайлык аты менен негизи жалгыз Кудайга сыйынабыз; (Аллахты аруулайбыз) бир зат дене, рух жана аң-сезим сыяктуу үч түрдө көрүнөт деген Христиандар өздөрүн бул ширк коркунучунан тышкарыбыз деп санабашы керек. Бүт нерсенин Жаратуучусу болгон жана дайыма биз менен бирге болгон Бир Аллахты кабыл алуунун ордуна мындай башаламандыктын ичинде жашоо акыйкат динден алыстоо дегенди билдирет. Жалгыз Аллахка жүрөктөн баш ийүүнүн ордуна үчтүү бирдик сыяктуу жоромолдор менен путпарасттардын жалган динин эске салган башкача бир динде жүрүү чоң бир адашуу. Мындай жоромолдордун артына жашынып Жалгыз Аллахка ыйман кылам дегендер да жакшылап ойлонушу керек. Үч кудайлыкка ишенген бир Христиан жалгыз Аллахка ишенгиси келип жаткан болушу мүмкүн, өзүн ошондой көрүшү да мүмкүн жана бул жакшы нерсе. Бирок үч кудайлык ишеними эч качан Жалгыз Аллах ишеними болбойт. Бир Христиан кабыл алса да, албаса да үч кудайлык аркылуу башка бирөөлөрдү да кудай деп атоодо жана натыйжада ширкке кирүүдө.

Раббибиз бир Куран аятында Христиандардын үч кудайлык жаңылыштыгы ичиндегилерин мындайча эскертет:

> **Эй китеп берилгендер, диниңер жөнүндө чектен чыкпагыла, Аллахка карата чындыкты гана сүйлөгүлө. Мариям уулу Месих Иса Аллахтын элчиси жана сөзү гана. Аны («БОЛ» сөзүн) Мариямга жөнөткөн жана Андан бир рух. <u>Демек Аллахка жана элчисине ишенгиле; «үчөө» дебегиле. (Мындан) качыңгыла, силер үчүн жакшы. Аллах жалгыз Кудай гана. Ал балалуу</u>**

**<u>болуудан Улук.</u> Асмандар менен жердегилердин баары Аныкы. Өкүл катары Аллах жетет. (Ниса Сүрөсү, 171)**

## 2. Эмгектин текке кетүү коркунучу

Үч кудайлык жаңылыштыгы менен чын ыкластуу Христиан бир тууганларыбыз туш боло турган эң чоң коркунучтардын бири – бул **Аллах үчүн кылып жатабыз деген бүт эмгектеринин текке кетүү ыктымалдыгы.** Эскертүүлөргө кулак салбастан, ушул жаңылыштыктан улам гана ширк ичинде жашаган, бул жөнүндө абийирин укпаган, бирок өзүн туура жолдомун деп ойлогон Христиандар үчүн бул чоң бир коркунуч. Мындай коркунучту маанисиз көрбөш керек. Аллах Куранда **«иштеп, пайдасыз чарчагандар»** жөнүндө кабар берген. (Гашия Сүрөсү, 3). Дагы бир Куран аятында **«Алардын дүйнө жашоосундагы бүт аракеттери текке кеткени менен, өздөрүн жакшы иш кылып жатабыз деп ойлошууда»** деп билдирүүдө (Кехф Сүрөсү, 104). Тооротто болсо чын ыкластан ыйман келтиргендердин дубалары мындайча:

> *«Теңирибиз Кудай бизден ыраазы болсун. <u>Колдорубуздун эмгегин текке кетирбе. Ооба, колдорубуздун эмгегин текке кетирбе.»</u> (Забур 90:17)*

Ошондуктан Раббибиз алдын ала эскерткендей акыретте өзүн туура жолдомун деп ойлогон, иштеп эмгеги текке кеткен адамдар болот. Чын ыкластуу бир динчил адам мындай коркунучту өзүнөн алыс көрбөшү, абийирин угушу шарт. Көп жылдар бою үч кудайлык ишеними туура деген пикир аң-сезимине сиңирилген Христиан бир тууганларыбызды Аллах азыр ушул эскертүүлөр аркылуу абийирдик эсеп-кысап жүргүзүүгө чакырууда.

## 3. Жашыруун динсиздик, мунафыктык (эки жүздүүлүк) жана атеизм коркунучу

Үч кудайлык ишеними алып келген эң чоң коркунучтардын дагы бирөөсү болсо – бул туура эмес ишенимдин жашыруун динсиздикке жол ачышы же адамдарды атеизмге түртүшү. Инжилди жакшы билген кандайдыр бир адамдын үч кудайлык ишениминин логикасыздыгын түшүнүшү, албетте, оор эмес. Негизи Христиандардын дээрлик баары бул чындыкты билишет. Бирок ар кандай бурмалоолор менен өздөрүн буга ишендиришүүдө же «ишенбесең динден чыгасың» деген коркутуулар себебинен көпчүлүгү унчукпай келишүүдө.

Кээ бирлери болсо **ичинен ишенбеген бул ишенимден улам динсиздикке түртүлүүдө.** Мына ушул өтө чоң бир коркунуч. Христиандык дининин ичинде үч кудайлык ишениминин жараксыздыгын билип туруп **динчил көрүнүүгө мажбур болгон жашыруун динсиздер бар болууда.** Бул жалган ишенимден улам ыйманын жоготкон жашыруун динсиздер Христиандык ичиндеги мунафыктык коркунучун пайда кылууда. Мунафыктар болсо – Мусулмандык менен Иудейликтеги сыяктуу, Христиандык ичинде фитна менен бөлүнүүлөргө себеп болуу; аларды алсыздантуу, ибадаттардан алыстата алуу үчүн чыккан кооптуу бир коом жана жалган ишенимдердин булагы.

Мындан тышкары, кылымдар бою барган сайын көбүрөөк Христиан акыл менен логикага карама-каршы келген үч кудайлык ишеними себебинен толугу менен каапырдыкка адашып атеист болушкан. Ал атеисттер ыймансыздыктын себеби катары Христиандыктын ичиндеги карама-каршылык менен мажбурлаган логикаларды көрсөтүшүүдө. Үч кудайлык тараптары Христиандар да бул абалды, албетте, билишет.

Христиандыкка чакырыкты тыңдаган кишилердин үч кудайлыкка ишене албашынын аларды жашыруун динсиздикке, мунафыктыкка же атеизмге түртүү ыктымалдыгы, албетте, чоң коркунуч. Албетте, бир адам эгер чындап чын ниеттүү болсо Аллахка жүрөктөн багытталып эң туураны көрүүгө, түшүнүүгө аракет кылуу жана абийири ага көрсөткөндү аткарууга милдеттүү. Бирок ошентсе да бул коркунучту эч көрмөксөн болбош керек.

Үч кудайлык ишеними алып келген динсиздик коркунучунун канчалык чоң пикирдик жана физикалык уруштарга жол ачканын Христиандык тарыхынан да түшүнүүгө болот. Бул уруштар учурда дагы эле уланууда. Акыйкат бир ишенимдин мынчалык чоң башаламандык жана фитналардын булагы болушу мүмкүн эмес. Кээ бир Христиандар бул чоң коркунучтун масштабын алигече көп байкабаган болушу мүмкүн. Инжилдин өкүмү деп аталарынан келген бир ишенимди билбестен сактап калууга аракеттенип жатышы мүмкүн. Бирок бул толугу менен Аллахтын буйругуна карама-каршы бир ишеним. Инжилди акыл жана абийир көздөрү менен карашканда жана бул жалган ишеним алып келген фитналарды көрүшкөндө, муну өтө жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан чын ыкластуу Христиандарды Аллахка корголонуп, бүт пропагандалардан жана Христиан дүйнөсүнө орноп калган туура эмес ишенимдерден тазаланып акыл менен ойлонууга жана бул темада таза абийирлери менен чечим чыгарууга чакырабыз.

# Ширк (шерик) кошпостон Аллахка гана кулчулук кылуу жөнүндөгү Инжил тексттери

*Иса ага мындай жооп берди: **«Аллахың болгон Раббиге сыйын, бир гана Ага кулчулук кыл»** деп жазылган.» (Лука (Лукман), 4:8)*

*Иса аларга мындай жооп берди:... **«Аллахың болгон Кудайга сыйын, Ага гана кулчулук кыл»** деп жазылган. (Матфей (Матай), 4:10)*

*... Сүйүктүү бир туугандарым, **путпарасттыктан (идолдорго сыйынуудан) качыңгыла.** (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 10:14)*

*Бүт баары бизди канчалык жакшы тосконуңарды айтышууда. **Жашаган чыныгы Аллахка кулчулук кылуу...** үчүн буттардан Аллахка кантип кайтканыңарды сөз кылышууда. (Павелдин Тесалоникалыктарга биринчи каты, 1: 9-10)*

*[Аз. Иса (ас):] «Эч бир кызматчы эки кожоюнга кызмат кыла албайт... **Силерге Аллахка да, акчага да кулчулук (кызмат) кыла албайсыңар** [Аллахты аруулайбыз]. (Лука (Лукман), 16:13)*

*... Ичиңердеги «нур» караңгы болсо, канчалык коркунучтуу ал караңгылык! **Эч ким эки кожоюнга кулчулук (кызмат) кыла албайт.** Же бирөөсүн жек көрүп экинчисин сүйөт, же болбосо бирөөсүнө жакын болуп экинчисин жаман көрөт. Силер Аллахка да, акчага да кулчулук кыла албайсыңар. (Матфей (Матай), 6: 23-24)*

***... Дагы эле путпарасттык адат-салттардын таасиринде калган кээ бирөөлөр жеген этин путка арналды деп ойлошот.** Абийирлери алсыз болгон үчүн так түшүүдө. Тамак бизди Аллахка жакындатпайт. Жебесек эч нерсе жоготпойбуз, жесек да бир пайда таппайбыз. (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 8: 7-8)*

***Путпарасттар курмандыктарын Аллахка эмес, жиндерге арнашууда.** Жиндер менен орток болууңарды каалабайм. Теңирдин да, жиндердин да идишинен бирдей иче албайсыңар; Теңирдин да, **жиндердин да дасторконуна бирдей орток боло албайсыңар.** (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 10:20-21)*

*Путтарга арналган курмандык этин жеш маселесине келсек, биз билебиз «Дүйнөдө пут эч нерсе эмес» жана **«Бирден көп Аллах жок».** (Павелдин Корунттуктарга биринчи каты, 8: 4)*

*Балдарым, **өзүңөрдү путтардан сактагыла.** (Иоанндын (Жакан) биринчи каты, 5: 21)*

*Артта калган адамдар, б.а. бул балээлерден өлбөгөндөр **өз колдору менен жасаган путтардан кайтып тообо кылышпады.** Жиндерге жана көрө албаган, уга албаган, баса албаган, алтын, күмүш, коло, таш, жыгач сыяктуу путтарга (идолдорго) сыйынууну токтотушкан жок. (Аяндар, 9: 20)*

# 3-БӨЛҮМ
# АЗ. ИСА (АС) КРЕСТКЕ АСЫЛГАН ДЕГЕН ЖАҢЫЛЫШТЫК

## Аз. Иса (ас) крестке асылган деген көз-караш жөнүндө төрт Инжилдеги карама-каршылыктар

Учурдагы Христиан дини Аз. Иса (ас) крестке асылган жана крестте өлгөн, кийин кайра тирилет деген ишенимге таянат. Чындыгында болсо булар туура эмес. Куранда да терең түшүндүрүлгөндөй, Аз. Иса (ас) крестке асылган эмес, жана ошондуктан өлтүрүлгөн эмес, тирүү абалында асманга алып чыгылган, акыр заманда кайрадан жер жүзүнө жөнөтүлүү үчүн Аллахтын Кабатына алынган. Учурда Христиан ааламынын Аз. Иса (ас) крестке асылган деген ишенимди жакташынын себеби – бул төрт Инжилдеги кээ бир карама-каршы баяндар. Бирок бул баяндар – жогоруда да айтып кеткендей, Аз. Иса (ас) Аллах Кабатына алынган соң 3-кылымда Инжилге кошулган же туура эмес чечмеленип, өз ара өтө олуттуу карама-каршылыктарды камтыган баяндар.

Инжилде Аз. Иса (ас)дын крестке асылышы, андан мурдакы жана кийинки окуялар 4 китепте айырмачылыктарды камтыйт. Алгач 4 Китептеги бул карама-каршы баяндарды карайлы:

## Аз. Иса (ас)дын крестке асылышы жөнүндөгү Инжилдеги карама-каршы баяндар

### Крестти ким көтөрүп барды?

Марк 15:21, Матфей 27:32 жана Лука 23:26да крестти Киренеялык Шымон көтөрүп барган деген баяндар орун алат:

> *Сыртка чыгышканда Сымон аттуу Киренеялык бир адамды кезиктиришти. Исанын крестин ага мажбурлап көтөртүштү. (Матфей 27:32)*

Иоанн Инжилинде болсо крестти Аз. Иса (ас)дын өзү көтөрүп барганы айтылат:

> *Аскерлер Исаны алып кетишти. Иса крестин өзү көтөрүп Баш –Иврит тилинде Голгофа- деген жерге чыкты. (Иоанн 19:17)*

## Крестке асылган кылмышкерлер (уурулар):

Марк 15:27-28, Матфей 27:44, Лукман 23:39-42 бөлүмдөрүндө Аз. Иса (ас) эки кылмышкер (ууру) менен бирге крестке асылган деп айтылат. Бул жердеги карама-каршылык Римдиктердин эч качан ууруларды кретске аспагандыгында.

*Иса менен бирге бири оң жагында, экинчиси сол жагында болуп эки кылмышкерди да крестке асышты. (Марк 15:27-28)*

*Иса менен бирге крестке асылган кылмышкерлер да Ага ошондой акарат кылышты. (Матфей 27:44)*

## Аз. Иса (ас)дын крестке асылыш сааты менен байланыштуу карама-каршы маалыматтар:

Матфей 27:45-46, Лука 23:44-46, Иоанн 19:14-15 тексттеринде Аз.Иса (ас)дын крестке асылышы жөнүндө саат он экиден үчкө чейинки бир убакыт айтылса, Марк 15:25те бул убакыттын саат тогуз экени айтылат.

*Түштө он экилер чамасында күн карарды, үчкө чейин бүт өлкөнүн үстүн караңгылык басты. Ибадатканадагы көшөгө ортосунан айрылды. Иса бийик үн менен «Раббим, рухумду колдоруңа тапшырам!» деди. Муну айткан соң акыркы демин чыгарды. (Лука (Лукман) 23:44-46)*

*Исаны крестке асышканда саат тогуз эле. (Марк 15:25)*

## Аз. Иса (ас)дын «акыркы сөздөрү»:

Аз. Иса (ас) крестке асылгандагы акыркы сөздөрү жөнүндө да төрт Инжилде карама-каршы маалыматтар бар. Марк 15:34-37 менен Матфей 27:46-50 тексттеринде Аз. Иса (ас)дын мындай деп айтканы кабар берилет:

*Саат үчтө Иса бийик үн менен «Элохи,  Элохи, лема шевактани», б.а. «Теңирим, Теңирим, мени эмне үчүн таштадың?» деп кыйкырды. [Аллахты арууланйбыз.] (Марк 15:34)*

Лука Инжилинде болсо Аз. Иса (ас)дын «акыркы сөздөрү» башкача айтылган:

*Иса бийик үн менен «Аллахым, рухумду колдоруңа тапшырам!» деп үн салды. Муну айткан соң акыркы демин чыгарды. (Лука 23:46)*

Иоанн Инжилинде болсо бул такыр башкача:

*Иса шарапты таткан соң «Бүттү!» деди жана башын ийип рухун тапшырды. (Иоанн 19:30)*

## Аз. Иса (ас)дын «көмүлүшү» учурунда жер титирөө болушу:

Бул сөз Матфей Инжилинде кездешет:

*Ошол кезде ибадатканадагы көшөгө жогорудан төмөн көздөй айрылып экиге бөлүндү. Жер чайпалды, аска таштар жарылды. Мазарлар ачылды, өлгөн бир топ ыйык кишинин денелери тирилди. Алар мазарларынан чыгып Иса тирилген соң ыйык шаарга киришти жана көп адамдарга көрүнүштү. (Матфей 27:51-53)*

Марк, Лука жана Иоанн Инжилдеринде болсо Аз. Иса (ас)дын «көмүлүшү» жөнүндө ар кандай сүрөттөөлөр жасалат, бирок болуп өткөн болсо эч унутулбай турган мындай бир жер титирөө окуясы жөнүндө эч сөз болбойт.

## Аз. Иса (ас) «көмүлгөн» соң болгон окуялар:

Аз. Иса (ас) «көмүлгөн» соң ишке ашкан деп айтылган окуялар төрт Инжилде ар башкача айтылат:

*Ошол кезде ибадатканадагы көшөгө жогорудан төмөн көздөй айрылып экиге бөлүндү. Жер чайпалды, аска таштар жарылды. Мазарлар ачылды, өлгөн бир топ ыйык кишинин денелери тирилди. Алар мазарларынан чыгып Иса тирилген соң ыйык шаарга кириши жана көп адамдарга көрүнүштү. (Матфей 27:51-53)*

*Баштарын көтөрүп карашканда ал чоң таштын бир тарапка тоголонгонун көрүштү. Мазарга кирип оң тарапта ак кафтан кийген жаш бир кишинин отурганын көрүп өтө таң калышты. (Марк 16:4-5)*

*Таштын мазардын кире беришинен тоголонгонун көрүштү. Бирок ичкери киргенде Исанын денесин таба алышпады. Алар буга таң калып турушканда, чагылгандай жаркыраган кийимдерге оронгон эки киши жандарында пайда болду. (Лука 24:2-4)*

*Ошондо Петир менен ошол шакирт сыртка чыгып мүрзөгө бет алышты. Экөө бирге чуркап баратышты. Бирок берки шакирт Петирден батыраак чуркап мазарга биринчи жетти. Эңкейип ичкери карады, кепиндин жайылып жатканын көрдү, бирок ичкери кирген жок. Артынан Шымон Петир келип, мазарга кирди. Ал жерде жайылган кепинди жана Исанын башына оролгон орогучту көрдү. Орогуч кепин менен бирге эмес, оролуу боюнча бөлөк жаткан эле. (Иоанн 20:3-8)*

## Аз. Иса (ас) «крестке асылаардан» мурда алып барылган башкаруу макамдарынын башка башка болушу:

Марк 14:53, Матфей 26:57 жана Лука 22:54 Инжилдеринде Аз. Иса (ас) алып барылган башкаруу макамы башкы ыйык кызмат кылуучу Кайапа деп айтылса, Иоанн Инжилинде бул макам башкы ыйык кызмат кылуучунун кайнатасы Анас (Ханан) деп айтылат.

*Исаны жооптуу башкы ыйык кызмат кылуучуга алып барышты. (Марк 14:53)*

*Исаны кармагандар аны башкы ыйык кызмат кылуучу Кайапага алып барышты. (Матфей 26:57)*

*Исаны кармашты, алып башкы ыйык кызмат кылуучунун үйүнө алып барышты. Петир аларды алыстан акмалап турду. (Лука 22:54)*

*Аны алгач ошол жылы башкы ыйык кызмат кылуучу болгон Кайапанын кайнатасы Анаска (Ханан) алып барышты. (Иоанн 18:13)*

## Аз. Иса (ас)дын «кылмыштар» менен соттолушу:

Төрт Инжилде Аз. Иса (ас)дын «соттолушу» жөнүндөгү баяндардын баары бир-бирине карама-каршы келет.

Иоанн Инжили боюнча Аз. Иса (ас)ды башкы ыйык кызмат кылуучу гана суракка алат:

*Миң башы менен аскерлер жана жүйүт (еврей) башчыларынын кызматчылары Исаны кармап алып, байлашты да, адегенде Анаска алып барышты. Ал ошол жылы башкы ыйык кызмат кылуучу болуп турган Кайапанын кайнатасы эле. «Эл үчүн бир адамдын өлгөнү жакшы», – деп, жүйүт башчыларына кеңеш берген ошол Кайапа эле. ... Башкы ыйык кызмат кылуучу Исадан шакирттери жана окутуусу (таалими) жөнүндө сурады. (Иоанн 18:12-14, 19)*

Марк, Лука жана Матфей Инжили боюнча Аз. Иса (ас) Эл аксакалдарынын баары тарабынан соттолот:

> *Күн чыкканда элдин алдыңкылары жана дин аалымдары чогулушту. Иса алардан турган Улуу кеңештин алдына чыгарылды. Ага «Сен Месих болсоң, бизге айт» дешти. (Лука 22:66-67)*
>
> *Исаны жооптуу башкы ыйык кызмат кылуучуга алып барышты. Бүт башкы ыйык кызмат кылуучулар, алдыңкылар жана дин аалымдары да ал жерге чогулушту. ... Башкы ыйык кызмат кылуучулар жана Улуу кеңештин башка мүчөлөрү Исаны өлүм жазасына тартуу үчүн күбө издеп, бирок таба алышкан жок. Көп киши ага карата жалган күбөгө өтүшсө да, айткан сөздөрү бир-бирине дал келбеди. (Марк 14:53-56)*
>
> *Исаны кармагандар аны башкы ыйык кызмат кылуучу Кайапага алып барышты. Дин аалымдары менен алдыңкылар да ал жерге чогулушкан эле. Петир Исаны алыстан башкы ыйык кызмат кылуучунун короосуна чейин карап турду. Аягын көрүү үчүн ичкери кирип күзөтчүлөрдүн жанына отурду. Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен Улуу кеңештин башка мүчөлөрү Исаны өлүм жазасына тартуу үчүн жалганчы күбөлөрдү издеп жатышты. (Матфей 26:57-59)*

## Аз. Иса (ас)дын Ирод тарабынан «суракка алынышы»:

Лука Инжилинде Аз. Иса (ас)дын Ирод тарабынан «суракка алынганы» айтылат:

> *Пилат муну укканда: «Эмне, бул Адам галилеялыкпы?» – деп сурады. Исанын Ирод башкарган аймактан экенин билгенде, Пилат Аны Иродго жөнөттү. Анткени ошол күндөрү Ирод Иерусалимде жүргөн эле. Ирод Исаны көргөндө, аябай кубанып кетти, анткени Ал тууралуу көп уккандыктан, кандайдыр бир керемет көрүүгө үмүттөнүп, Аны көптөн бери көргүсү келип жүргөн. Ал Исага көп суроо берди. Бирок Иса ага эч кандай жооп берген жок. Ал жерде турган башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар Аны аябай айыпташты. Ирод болсо өзүнүн аскерлери менен Аны кордоп, мазактады да, Ага жылтылдаган кийим кийгизип, кайра Пилатка жөнөтүп жиберди. Буга чейин бири-бири менен касташып жүргөн Ирод менен Пилат ушул күнү дос болуп калышты. (Лука 23:6-12)*

Матфей, Марк жана Иоанн Инжилдеринде болсо Аз. Иса (ас)дын Ирод тарабынан «суракка алынышынан» сөз кылынбайт.

Бул карама-каршылыктар - Аз. Иса (ас)дын «крестке асылышы» жөнүндөгү баяндардын толугу менен негизсиз маалыматтарга таянгандыгынын, ал учурга жана шарттарга байланыштуу баяндардын эч биринин бир-бирине дал келбегендигинин ачык далили. Эгер Христиандар Аз. Иса (ас)дын өлтүрүлгөнүнө далил катары Инжилди булак көрсөтүшсө, Инжилдин төрт башка китебинен бул жөнүндө анык жана так маалыматтарды алуу мүмкүн эместигин көрүүлөрү зарыл. Чындыкты түшүнүү үчүн Аллах Инжилди тастыктоочу катары жөнөткөндүгүн билдирген Куранды карашы зарыл. Улуу Аллах Куранда **Аз. Иса (ас)дын крестке асылбаганын, эч качан өлтүрүлбөгөнүн, бирок каапырлар ошондой деп ойлой турган бир абал жаратканын** билдирет. Раббибиз Куранда Аз. Иса (ас) жөнүндөгү мындай сөздөрдүн жараксыз экенин, мунафык жана каапырлардын Аз. Иса (ас)га курган тузагынын текке кеткенин жана **Аз. Иса (ас)ды Өз Кабатына алганын** кабар берет. Бул Инжил тексттериндеги карама-каршылыктарды Куран аяттарына таянып караганыбызда, төрт Инжилдин бул жөнүндөгү өз ара карама-каршылыктарын заматта түшүнөбүз: Аз. Иса (ас) өлгөн эмес, бирок баары крестке асылды деп ойлой турган атайын бир көрүнүш көрсөтүлгөн.

# Аз. Иса (ас) өлгөн эмес, Аллах Кабатына көтөрүлгөн

Инжилде карама-каршы баяндар менен баяндалган Аз. Иса (ас)дын крестке асылышы жөнүндөгү туура маалыматтарга Куран аркылуу жете алабыз. Аллах Куранда **Аз. Иса (ас)га курулган тузактардын бузулганын жана аны эч өлтүрүшпөгөнүн** апачык билдирген:

> **Жана: «Биз Аллахтын пайгамбары Мариям уулу Месих Исаны чындап өлтүрдүк» дегени себептүү да (аларга ушундай бир жаза бердик). <u>Чындыгында болсо аны өлтүрүшкөн жок жана аны асышкан жок.</u> Бирок аларга (ошого) окшош көрсөтүлдү. Чындап ал жөнүндө талашка түшкөндөр анык бир күмөн ичинде. Алардын күмөндөн башка бул жөнүндө эч кандай маалыматтары жок. <u>Аны өлтүрүшпөгөнү анык.</u> (Ниса Сүрөсү, 157)**

Куранда Аз. Иса (ас)дын өлтүрүлбөгөнү бир эле аятта эки жолу атайын баса белгиленүүдө жана Аз. Иса (ас) өлтүрүлгөн деген ишенимди жактагандардын «күмөнгө ишенишкени» айтылууда. Бул жерде апачык айтылууда жана муну башкача чечмелөө эч мүмкүн эмес.

## Аз. Иса (ас)га окшогон башка бирөө крестке асылган

Куранда ушул эле аятта Аллах **«Чындыгында болсо аны өлтүрүшкөн жок жана аны асышкан жок. Бирок <u>аларга (ошого) окшош көрсөтүлдү.</u>»** (Ниса Сүрөсү, 157) деп крестке асылган кишинин Аз. Иса (ас)га окшогон башка бир киши экенин бизге кабар берүүдө.

Аз. Иса (ас)дын ордуна крестке асылган киши – бул **Аз. Иса (ас)га чыккынчылык кылган Иуда Искариот (Judas Iskariot).** Аллах өтө улуу бир керемет жаратып Иуда Искариотту Аз. Иса (ас)га окшоштуруп койгон. Аз. Иса (ас)ды крестке асуу үчүн алып кетүүгө келишкенде ал жерде турган Иуда Искариотту Аз. Иса (ас) деп ойлошуп, алып барып крестке асышкан. Ошондой эле Иуда Искариоттун жүзү канга бойолгондуктан, эл да крестке асылган ал кишинин Аз. Иса (ас) эмес экенин түшүнүшкөн эмес. Ниса Сүрөсүнүн 157-аятынын уландысында Аллах **«Алардын күмөндөн башка бул жөнүндө эч кандай маалыматтары жок.»** деп билдирүүдө. Тузак кургандар да, айланадагылар да күмөнгө гана ишенишкен, андан башка аятта айтылгандай эч бир маалыматтары жок.

Бул жерден Инжилде Аз. Иса (ас)дын акыркы сөздөрү деп айтылган сөздөрдүн да *(«Элохи, Элохи, лема шевактани», б.а. «Теңирим, Теңирим, мени эмне үчүн таштадың?) (Аллахты аруулайбыз)* мааниси түшүнүктүү болууда. Ыйман алсыздыгынын анык бир далили болгон бул сөздөрдүн, албетте, Аз. Иса (ас) тарабынан айтылган болушу мүмкүн эмес. Бул сөздөр бүт тузактары бузулган жана Аз. Иса (ас)дын ордуна крестке асылган Иуда Искариотко тиешелүү. Мына ушул себептен Аллахка баш көтөргөн маанайда айтылган. Аллахты чын жүрөктөн сүйгөн, бүт нерсенин Аллахтан келгенин билген, Аллахка чын көңүлдөн моюн сунган бир кул болгон Аз. Иса (ас)дын мындай сөздөрдү эч айтпашы анык. Мындай Аллахка баш көтөргөн сөздөрдүн Иуда Искариот сыяктуу бир мунафыктан чыккан болушу болсо табигый көрүнүш.

## Инжил боюнча Иуда Искариоттун жоголуп кетиши

Куран аяттарында баяндалгандарга жана ар кайсы булактар тарабынан да колдоо көргөн бул баяндарга параллелдүү абалда, Аз. Иса (ас)дын ордуна ага кыянаттык кылган Иуда Искариоттун кретске асылганына далил боло турган Инжил тексттери да бар. Ал тексттерде крестке асуу окуясынын артынан эле Иуда Искариоттун бүтүндөй жоголуп кетиши көңүл бурат. Инжилди жазгандар муну ар кандай жол менен түшүндүрүүгө аракет кылышып, Иуда Искариот өлгөн дешкен, бирок бул сөздөрүндө да карама-каршылыктарга түшүшкөн. Себеби Аз.

Иса (ас) ордуна Иуда Искариоттун крестке асылганын билишкен эмес. Инжилдеги Иуда Искариоттун жоголуп кеткени жөнүндөгү бир-бирине карама-каршы келген баяндар төмөнкүдөй:

> *Эртең менен бардык башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдар чогулуп, Исаны өлүм жазасына тартуу үчүн, кеңешме өткөрүштү. Алар Аны байлап алып, башкаруучу Понтий Пилатка алып барышты. Исага чыккынчылык кылган Иуда Анын айыпталганын көргөндө өкүнүп, отуз күмүш тыйынды башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга кайта алып келди да: «Күнөөсүз кандын төгүлүшүнө себепкер болуп, күнөө кетирдим», – деди. Алар: «Биздин ишибиз эмне! Өзүң бил», – деп коюшту.* ***Иуда күмүш тыйындарды ибадатканага ыргытып жиберип, ал жерден чыкты да, барып, асынып өлдү.*** *(Матфей 27:1-5)*

> *Ошол күндөрдүн биринде, жүз жыйырмага жакын киши чогулган жыйналышта Петир шакирттердин ортосуна чыгып, мындай деди: «Бир туугандар! Исаны кармап кеткени келгендерге жол көрсөткөн Иуда туурасында Давуд аркылуу Ыйык Жазуунун алдын ала билдирген сөзү орундалууга тийиш болчу. Иуда да биз сыяктуу эле элчилик кызматка тандалып алынган эле. Бирок ал адилетсиздик менен тапкан акчасына жер сатып алды.* ***Ал башы менен жерге кулап түшкөндө, курсагы жарылып, бүт ичеги-карыны чубалып түшүп калды.*** *(Ыйык элчилердин иштери 1:15-18)*

Инжилдеги кээ бир баяндар бир-бирине карама-каршы келсе да, бул темада Иуда Искариоттун крестке асылуу окуясынын соң **толук жоголуп кетишинде** бир пикирдүүлүк бар. Иуда Искариот жоголуп кеткен, себеби чындыгында крестке асылган жана өлтүрүлгөн киши Иуда Искариот болгон. Бул окуянын алдында болсо **Аз. Иса (ас) Аллахтын буйругу менен периштелер тарабынан асманга, Аллах Кабатына алынган.** Мына ушул себептен Аз. Иса (ас)ды крестке асуу үчүн ал турган бөлмөгө келген кызматкерлер ал жерде Иуда Искариотту гана көрүшкөн.

## Куранда Аллах Аз. Иса (ас)га карата жасалган тузактын «бузулганын» кабар берет

Белгилүү болгондой, мүнафыктык кылган Иуда Искариоттун башчылыгы менен каапырлар Аз. Иса (ас)га каршы бир тузак курушкан. **Тузактын максаты Аз. Иса (ас)дын өлүшү эле.** Бирок Аллах Куранда **Аз. Иса (ас)га курулган тузактын <u>бузулаарын</u> билдирген.** Эгер Аз. Иса (ас)дын өлүмү кандайдыр бир жол менен ишке ашса, бул каапырлар курган тузак **<u>бузулган жок</u>**, алар каалаган натыйжасын алышты деген мааниге келет, бул болсо мүмкүн эмес. Себеби Аллахтын убадасы бар. **Аз. Иса (ас)ды өлтүрүүнү көздөгөн ал тузак бузулган. Аз. Иса (ас) эч өлгөн эмес жана өлтүрүлгөн эмес.** Аллах Куранда бул чындыкты мындайча кабар берет:

> **Иса аларда каапырдыкты сезгенде: «Аллах үчүн мага жардам бере тургандар ким?» деди. Шакирттер: «Аллахтын жардамчылары бизбиз; биз Аллахка ишендик, биздин чындап Мусулмандар экенибизге күбө бол» дешти. «Раббибиз, биз (Сенин) түшүргөнүңө ишендик жана элчини ээрчидик. Бизди күбөлөр (шахиддер) менен бирге жаз.» <u>Алар (ишенбегендер) бир план курушту. Аллах да (буга каршы) бир план курду. Аллах план куруучулардын эң жакшысы.</u> (Али Имран Сүрөсү, 52-54)**

Эгер каапырлардын тузагы ишке ашкан болгондо, бул Куранда албетте кабар берилмек. Бирок Куранда Аз. Иса (ас)га карата курулган тузактардын текке кеткени жана Аз. Иса (ас)дын Аллах Кабатына көтөрүлгөнү билдирилген.

## Аз. Иса (ас)га карата курулган тымызын тузактын бузулушу чындап ыйман кылгандар үчүн чоң бир немат-жакшылык

Апачык далилдерге карабастан, Аз. Иса (ас) өлтүрүлгөн деп өжөрлөнгөндөр акыл калчап ойлонушу жана Куранды ар кандай стереотиптерден арылып, толук абийир ачыктыгы менен кайра окушу зарыл. Аз. Иса (ас) өлгөн эмес, кадыр-баркы менен асманга алынган. Чын ыкластуу бир Христиан үчүн Аз. Иса (ас) өлгөн деп өжөрлөнүүнүн эч бир мааниси жок. **Бир Христиан үчүн Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнүн, Аллахтын мээрими менен каапырлардын тузактарынан кутулганын жана Раббибиздин Кабатында экенин билүү, буга ишенүү бир немат-жакшылык.** Бул пикирди жактаган Христиандар Христиандыктын негизги ишенимдеринин бири болгон «Аз. Иса (ас) Христиандардын күнөөсүнүн кечирилиши үчүн өлүмдү тандаган» деген ишенимди таштагылары келбейт. Чындыгында болсо бул жерде да көп жаңылыштыктар бар. Буга бир аздан кийин токтолобуз.

Кээ бир Христиандар Аз. Иса (ас) өлгөн деген ишенимге Мусулмандар бир пайгамбарга азап тартууну жараштыра албаганы үчүн каршы чыгышат дешет. Чындыгында болсо Мусулмандар буга Куранда айтылганы үчүн ыйман кылышат. Бул жерде белгилей кетчү маанилүү жагдай мындай: албетте Аллах пайгамбарларды ар кандай азап, кыйынчылык жана сыноолор менен сынаган. Кээде Аллах сыноонун бир шарты катары каапырларга убактылуу бир жеңиш да берген. Бирок Аллах эч качан Пайгамбарларды каапырлардын көз алдында алсыз көрсөтө турган бир жагдайга мүмкүндүк берген эмес. Ошондуктан мындай абалдын Аз. Иса (ас)да болушу да мүмкүн эмес. Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнүнө ишенүү Христиандар үчүн жакшыраак. Ансыз да акыр заманда **Аз. Иса (ас) кайрадан жер жүзүнө жөнөтүлгөндө Христиандар анын колдорунда жана буттарында эч кандай жарааттын изи жок экенин көрүшөт.** Биз жашап жаткан бул доордо Аз. Иса (ас) 2000 жыл мурдакы кийимдери, өзүндөгү жеке буюмдары жана 2000 жыл мурдакы акча менен жер жүзүнө келет. Мына ушул чоң далил Христиандардын толук ишенишине шарт түзөт.

# Христиандардын Аз. Иса (ас)дын каны менен бүт күнөөлөрдөн тазаланабыз деген ишеними чоң бир жаңылыштык

Аз. Иса (ас) бүт Христиандардын күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн өлгөн жана негизи бүт күнөөлөрдүн кечирилишинин куну өлүм деген ишеним – түп-тамырынан өтө туура эмес бир ишеним. Бул ишенимдеги жаңылыштыкты көрө алышы үчүн Христиан бир туугандарыбыз Аллахтын адилеттигин, жаратуу максатын акыл менен, абийирге салып кайрадан ойлоп чыгышы жана төмөнкү абалдарга көңүл бурушу зарыл:

## Адам күнөөкөр төрөлөт деген көз-караш Аллахтын чексиз адилеттүүлүгүнө карама-каршы келет:

Бул дүйнөгө ар бир адам сыноо үчүн келет жана ага берилген чектүү мөөнөт ичинде акылы жеткен ар секундада Аллахка кул болуу жана Аллах ыраазылыгы үчүн гана жашоого милдеттүү. Аллах бир Куран аятында мындайча билдирет:

> **Ал, амал (иш-аракеттер) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал улуу жана кудуреттүү, абдан кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

Ошондуктан Аллах жоктон бар кылган адам бул дүйнөгө келгенден баштап сыналат жана бул дүйнөдө кылгандарынан суракка алынат. Адамдын күнөөсү менен сообу бул дүйнөдөгү чын көңүлдөн кылган иш-аракеттерине жараша болот. Али сыноосу баштала элек, өзүнүн бар экенин да түшүнүп-аңдабаган, дүйнөгө

көздөрүн жаңы гана ачкан, эч нерседен кабарсыз бир наристенин Аллахтын мыйзамы боюнча күнөөкөр болушу эч мүмкүн эмес.

## Бир адамдын башка бирөөнүн күнөөлөрүн көтөрүшү жана мындан улам азап тартышы Аллахтын чексиз адилеттигине карама-каршы келет:

Аллах жараткан сыноо системасында ал киши Аз. Иса (ас) болсо дагы, эч кимдин башка бирөөнүн күнөөдөн тазалануу кунун төлөшү мүмкүн эмес. Эң биринчиден, дүйнөдө жашап жаткан же жашап өткөн ар бир киши **өзүнөн гана жооптуу.** Анын күнөөсүнүн жүгүн эч ким, апасы-атасы да, эң жакындары да, ал үчүн Аз. Иса (ас) да **көтөрбөйт.** Эч ким башка бирөөнүн кылгандары үчүн **жооп бербейт**. Эч ким башка бирөөнүн күнөөдөн тазаланышы үчүн **кун төлөй албайт**. Өлүм убагы келгенде Христиандар да кошо адамдардын баары Аллахтын Алдында **ЖАПАДАН ЖАЛГЫЗ, БИР ӨЗҮ** –бул дүйнөдө кылгандарынын- сурагын берет. Аллах Куранда бул чындыкты бизге төмөнкүчө кабар берген:

> **Асмандарда жана жердегилердин (бүт жандык, нерселердин) баары Рахман (болгон Аллах)ка бир гана кул болуп келишет. Ант болсун, алардын баарын курчаган жана алардын санын санап койгон. Жана алардын баары кыямат күнү <u>Ага «жападан жалгыз, бир өзү» келишет.</u> (Мариям Сүрөсү, 93-95)**

Улуу Аллах Куранда, ошондой эле, эч кимдин башка бирөөнүн күнөө жүгүн көтөрө албашын кабар берген:

> **Айткын: «Ал бүт нерсенин Рабби болсо, мен Аллахтан башка бир Рабби издейинби? Эч бир напси өзүнөн башканын зыянына (күнөө) топтобойт. <u>Күнөөкөр болгон башка бирөөнүн күнөө жүгүн көтөрбөйт.</u> Аягында Раббиңерге кайтып барасыңар. Ал силерге талашкан нерселериңерди кабар берет.» (Энъам Сүрөсү, 164)**
>
> **Чындыгында эч бир күнөөкөр башка бирөөнүн күнөө жүгүн көтөрбөйт. Күмөнсүз, адамга өз эмгегинен башка эч нерсе жок. Күмөнсүз, өз эмгеги (же аракети) көрүлөт. Кийин ага эч кемчиликсиз акысы берилет. (Нежм Сүрөсү, 38-41)**

Аз. Иса (ас) – Аллахтын сүйүктүү кулу жана пайгамбары. Ар бир коомдогу жана ар бир диндеги сыяктуу, Христиандар арасында да чын ниеттүүлөр да бар, жаман мүнөздүү адамдар да. Ошондуктан Улуу Раббибизди өтө сүйгөн куттуу кулунун жанын андан кийин келе тургандардын бир бөлүгүнүн жоопкерчиликсиз иш-аракеттери, күнөөлөрү жана чектен чыгуулары үчүн алган деп айтуу – чоң бир абийирсиздик; Аллахты таанып, түшүнбөөчүлүк.

## Аз. Иса (ас) өлгөн эмес

Бул пикирди тамырынан жок кылган башка бир маанилүү чындык болсо – жогоруда терең каралгандай Аз. Иса (ас)дын өлбөгөнү жөнүндөгү чындык. Аз. Иса (ас) Аллахтын Кабатына көтөрүлгөн. **Денеси жана руху менен тирүү жана уктаган абалында асманга алынып корголгон.** Бул чындык «Аз. Иса (ас) күнөөлөрдүн куну үчүн өлгөн» деген пикирди тамырынан жок кылат.

Өз ойлорунда Аз. Иса (ас)дын өлүмү биздин күнөөлөрүбүздүн куну деп ойлоп күнөөлөрдөн жакшылып сактанбагандар, Аллахтын арамдарына көп маани бербегендер же өз дининин талаптарын аткаруу анчалык маанилүү эмес деп ойлогондор чоң жаңылыштыкка түшүшөт. Бүт адамдар сыяктуу алардын да ар бир кылганы жазылууда. Кылгандарынын баары акыретте сөзсүз аларды тосуп алат.

## Күнөөлөр өлүм менен эмес, тообо жана бушаймандык менен тазаланат

Дүйнө бетинде адамдарды жараткан, алар үчүн бир тагдыр белгилеген жана бир сыноо чөйрөсүн жараткан – бул Улуу Аллах. Аллах албетте кулдарын эң жакшы билет. Дүйнөдөгү сыноонун талабы катары алар үчүн сынала турган себептер менен окуяларды да жараткан.

Адам болсо табиятынан алсыз жана жахил (сабатсыз, караңгы). Бат эле ката кетирип, бир нерсени туура эмес кылышы, туураны билип туруп унутуп калышы мүмкүн, Аллахтан өтө корксо дагы каалабастан ката кетириши мүмкүн. Себеби адам дүйнөдө сыналууда. Каталарынан сабак чыгарып, алсыздыгын көрүүдө, күнөөлөрүнөн тообо кылууда. Аягында булардын баары абийирлүү бир адам үчүн Аллахка көбүрөөк багытталышына себепчи болууда.

Бул Раббибиздин дүйнөдө жараткан сыноо чөйрөсүнүн талабы. Улуу Аллах дүйнөдө мындай бир системаны жаратып, кулдарына «кечиримдүү жана боорукер» экенин кабар берген жана аларга тообо эшиктерин ачкан. Аллах мээримдүүлөрдүн эң мээримдүүсү. Адам билип же билбестен бир ката кетиргенде, чоң же кичине бир күнөөгө киргенде бушайман болуп Аллахка тообо кылуу, Анын кечиришин суроо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Ар кандай күнөөнүн жазасы өлүм деп айтуу – бул Аллахтын өтө мээримдүү, өтө боорукер жана тооболорду кабыл алуучу сыпатын түшүнүп, билбестик. Бул сөз адамдын бул дүйнөдө жашоо жана бар болуу максатына толугу менен карама-каршы келет. Мындай сөз ошондой эле Аллахтын адилетине, сыноонун талабына да карама-каршы. Эгер бүт адамдардын кылган күнөөсүнүн жазасы өлүм болгондо жана эгер Улуу Аллах Өз мээрими менен адамдарды кечирип аябаганда, бүт дүйнөнүн бузулаарын Аллах Курандын бир аятында мындайча билдирген:

> **Эгер Аллах адамдарды зулумдуктары үчүн (ошол замат) суракка тарткан болгондо, анын бетинде (жер жүзүндө) жандуулардан эчтеке калбайт эле; бирок аларды белгиленип коюлган бир мөөнөткө чейин кечиктирүүдө. Алардын ажалдары жеткенде, бир саат кечиктирилбейт да, эртерээкке да жылдырылбайт. (Нахл Сүрөсү, 61)**

Ошондой эле Куранда Аллахтын улуу берешендиги, мээрими жана тооболорду кабыл кылуучу экендигинин адамдарга бир жакшылык экени да билдирилет:

> **Эгер силерге Аллахтын пазилети жана ырайымы болбогондо жана Аллах тооболорду кабыл кылуучу, Даанышман болбогондо (эмне кылаар элеңер)? (Нур Сүрөсү, 10)**

> **Эгер Аллахтын силерге пазилети жана ырайымы болбогондо жана Аллах чындап Рауф (боорукер жана) Рахим болбогондо (эмне кылат элеңер?) (Нур Сүрөсү, 20)**

Аллахтын тооболорду кабыл кылуучу жана кечиримдүү экени Инжилде да билдирилген. Христиан бир туугандарыбыздын Инжилдеги ал туура жана акыйкат өкүмдөргө көңүл бөлүшү өтө маанилүү:

> *... (Аллахтын) берешендигинин молдугу урматында...* ***кутулууга, кылмыштарыбыздын кечирилишине жетиштик.*** *(Павелдин Эфестиктерге каты, 1:7-8)*

> *Буларды уккан соң көңүлдөрү жай алды. Аллахты улуулап мындай дешти: «Демек* ***Аллах тообо кылуу жана жашоого жетүү мүмкүнчүлүгүн башка калктарга да берген.» (Ыйык Элчилердин иштери, 11:18)***

> *Ал (Аллах) бизди караңгылыктын өкүмдарлыгынан куткар(ышы менен)... кутулууга,* ***күнөөлөрүбүздүн кечирилишине ээбиз.*** *(Павелдин Колосалыктарга каты, 1:13-14)*

> *Бирок күнөөлөрүбүздү мойнубузга алсак, ишенимдүү жана адилеттүү* ***Аллах күнөөлөрүбүздү кечирип бизди ар бир жамандыктан тазалайт.*** *(Иоанндын биринчи каты, 1:9)*

*Ыйман менен кылынган дуба ооруну айыктырат жана Теңир аны бутка тургузат. Эгер оорулуу күнөө кылган болсо,* ***күнөөлөрү кечирилет.*** *(Жакыптын каты, 5:15)*

***«Бизге карата кылмыш кылгандарды кечиргенибиз сыяктуу, Сен да биздин кылмыштарыбызды кечир.*** *Туура жолдон адашышыбызга жол бербе. Бизди жамандан куткар. Себеби өкүмдарлык, күч жана улуулук түбөлүккө чейин Сеники! Амин.»* ***Башкалардын күнөөлөрүн кечирсеңер, Аллах да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирет.*** *Бирок силер башкалардын күнөөлөрүн кечирбесеңер, Аллах да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт. (Матфей, 6:12-15)*

*Иса аларга «Дуба кылганда мындай дегиле» деди: «Аллах, Атың ыйык кылынсын...* ***Күнөөлөрүбүздү кечир.*** *Себеби биз дагы бизге карата кылмыш кылгандардын баарын кечирүүдөбүз. Туура жолдон адашышыбызга жол бербе.» (Лука, 11:2-4)*

*Башка бирөөнү сындабагыла, силер да сындалбайсыңар. Айып такпагыла, силерге да айып тагылбайт.* ***Башкаларды кечиргиле, силер да кечирилесиңер.*** *Бергиле, силерге берилет. Жакшылап бастырылган, жаңыланган жана ашып-ташкан, кучак толо берилет. Канча көлөмдө берсеңер, ошончо көлөмдө аласыңар. (Лука, 6:37-38)*

*Демек,* ***күнөөлөрүңөрдүн өчүрүлүшү үчүн тообо кылгыла жана Аллахка кайткыла. Теңир силерге жаңылануу мүмкүнчүлүктөрүн берсин...*** *(Ыйык Элчилердин иштери, 3:19-20)*

***Бул жамандыгыңдан тообо кыл жана Теңирге жалбар, жүрөгүңдөгү бул ой балким кечирилет.*** *(Ыйык Элчилердин иштери, 8:22)*

Аллах бизге кечирүүсүн суранууу мүмкүнчүлүгүн берип, бизге тообо эшиктерин ачып, кечиримдүү, сүйүүчү жана тооболорду кабыл кылуучу экендигин кабар бергенине карабастан, ар кандай күнөөгө өлүм менен жаза берилет жана бул Аллахтын өкүмү деп айтуунун жоопкерчилиги чоң болушу мүмкүн. Ошондой эле, бул Инжилде айтылган Аллахтын кечиримдүү жана тооболорду кабыл кылуучу сыпаттарына да толук карама-каршы келүүдө. Чын ниеттүү Христиандар Христиан динине бул ишенимдин эмне максат менен кошулганын жакшылап ойлоп, абийирлери менен чечим чыгарышы зарыл.

## Бир жагынан Христиандык сүйүү дини деп жатып, экинчи жагынан күнөө өлүм менен тазаланат деп айтуу чоң карама-каршылык:

Бүт Христиандар Христиандык бир сүйүү дини дешет жана кылгандарыбыз сүйүү үчүн дешет. Христиандык Аллах жөнөткөн акыйкат бир дин болгондуктан, албетте, бул туура жана бул башка бүт акыйкат диндерге да тиешелүү. Улуу Аллах кулдарынан сүйүү каалайт жана чыныгы сүйүү Аллахты чындап сүйүү менен гана – Раббибиздин бүт буйрук жана тыюуларын сактоо менен гана- мүмкүн болот.

Бирок бул чындык кээ бир Христиандардын күнөө өлүм аркылуу тазаланат деген туура эмес ишенимине толугу менен карама-каршы келет. Аллах кулдарын сүйөт жана Аллах кулдарын кечиргиси келет. Куранда Аллах мындайча билдирет:

**Ал өтө кечиримдүү, өтө сүйүүчү. (Бүруж Сүрөсү, 14)**

**<u>Аллах тооболоруңарды кабыл алгысы келет;</u> каалоолорун ээрчигендер болсо силердин чоң адашуу менен жолдон чыгышыңарды каалашат. (Ниса Сүрөсү, 27)**

Инжилде да Улуу Раббибиздин сүйүүчү жана боорукер экени билдирилген:

***... Теңирдин өтө боорукер жана сүйүү менен мамиле кылаарын*** *көрдүңөр. (Жакыптын каты, 5:11)*

*Бирок **мээрими көп Аллах бизди өтө сүйгөндүктөн...** жашоо берди. **Анын берешендиги менен кутулдуңар.** (Павелдин Эфестиктерге каты, 2:4-5)*

***Аллахтын** Аны сүйгөндөр жана максатына ылайык чакырылгандар үчүн **бүт нерсенин жакшылык менен болушун камсыздаганын** билебиз. (Павелдин Римдиктерге каты, 8:28)*

*Бирок **Куткаруучубуз Аллах жакшылыгын жана адамга болгон сүйүүсүн ачык көрсөтүп бизди куткарды.** Муну чынчылдык менен кылган иштерибизден улам эмес, **Өз мээрими менен... кылды.** (Павелдин Титке каты, 3:4-6)*

*Сүйүктүү бир туугандарым, **Аллах бизди ушунчалык катуу сүйөт,** демек биз да бир-бирибизди сүйүүгө милдеттүүбүз. (Иоанндын биринчи каты, 4:11)*

Кулдарын сүйгөн, коргоп караган, аларга боорукердик кылган жана аларды сүйүп кечирген Улуу Аллахтын мындай бийик сыпаттарын өтө жакшы түшүнүү Христиан бир туугандарыбыз үчүн өтө маанилүү. Себеби Аллахтын сыпаттарын жакшылап түшүнө алган адамдар гана бул чоң жаңылыштыктын канчалык кооптуу экенин көрө алышат.

## Христиандар да ар бир көз ирмеминен, кылган ар бир ишинен жооптуу жана Аллахтын алдында суракка алынышат:

Дүйнөдө жашап өткөн, жашап жаткан жана жашай турган бүт адамдар сыяктуу Христиандар да кылган иштеринен суракка алынышат. **Эч биринин күнөөлөрүнүн кечирилүү акысы төлөнгөн эмес.** Ар бир Христиан, башка адамдар сыяктуу, кылгандарынан өзү гана жооптуу жана кылган ар бир күнөөсү жана ар бир сообу сөзсүз акыретте алдынан чыгат. Аллахтын алдында эч ким «менин күнөөлөрүмдүн акысы төлөнгөн эле, Аз. Иса (ас)дын каны менен тазаланган эле» дей албайт. Аллах Кабатында эч ким күнөөсүзмүн дей албайт, «ыйман келтирдим» деп айтып эле кутулууга жете албайт. Акырет күнү ар бир адамдын алдына кылган иштери жазылган китеп коюлат жана кылгандарынын баары ага көрсөтүлөт.

**Кээ бир Христиандар канчалык күнөөлөрүнүн жазасы төлөнгөн деп ойлосо да жана Аллахтын алдындагы жоопкерчиликтеринен качууга аракет кылышса да, сурак күнүнөн кача алышпайт.** Бул дүйнөдө өжөрлүк менен жактаган ишеними Аллах Кабатында жараксыз. Мына ушул себептен чын ыкластуу Христиан бир туугандарыбызды бул багытта эскертүү жана алардын чындыктарды көрүшү өтө чоң мааниге ээ. Бул алардын акыреттеги абалы жана түбөлүк кутулушу үчүн өтө маанилүү.

## Курандан Аз. Иса (ас)ды өзгөчө кылган ишараттар

Муну унутпаш керек: Аз. Иса (ас) жөнүндө Курандагы маалыматтар же түшүндүрмөлөр башка пайгамбарлар үчүн **айтылган эмес.**

-Эч бир пайгамбардын көз жумушу жөнүндө **тевеффа** сөзү (жандын алынышы) колдонулган эмес.

-Эч бир пайгамбар жөнүндө **«... Китепти, даанышмандыкты, Тооротту жана Инжилди үйрөттүм...»** (Маида Сүрөсү, 110) деп үч Аллахтан келген китептин ага үйрөтүлгөнү кабар берилген эмес.

-Эч бир пайгамбар жөнүндө **«Ал кыямат үчүн бир илим (алаамат)»** (Зухруф Сүрөсү, 61) деп айтылган эмес.

-Эч бир пайгамбар жөнүндө Аз. Иса (ас)дын асманга көтөрүлүшү маанисинде бир көтөрүлүү кабар берилген эмес.

-Эч бир пайгамбар жөнүндө **ага ишенгендердин кыяматка чейин үстөм болоору** (Али Имран Сүрөсү, 55) айтылган эмес.

-Эч бир пайгамбар жөнүндө **өлбөстөн мурда ага ишенбей турган эч кимдин калбашы** (Ниса Сүрөсү, 159) кабар берилген эмес.

Булардын баары Аллахтын **Аз. Иса (ас) үчүн өзгөчө бир тагдыр белгилегенин** жана ал тагдырга ылайык Аз. Иса (ас)дын **Аллах Кабатында тирүү экенин жана кайрадан дүйнөгө келээрин** көрсөткөн маанилүү далилдер.

**Аз. Иса (ас) өлгөн эмес. Азыр Аллах Кабатында.** Биз жашап жаткан акыр заманда бул куттуу пайгамдарыбыздын жер жүзүнө жөнөтүлөөрү кабар берилген жана Аз. Иса (ас) **ЖӨНӨТҮЛДҮ. Азыр дүйнөдө жашап жатат жана көрүнөөр убактысын күтүүдө.** Ыймандуулардын баары Аз. Иса (ас)ды бооруна баса турган, сүйүп кучактай турган убак өтө жакын. Христиан бир туугандарыбызга арналган жол көрсөтүүчү баяндардын баары ошол убакка жакшылап даярдануу үчүн жасалууда. Бул китепти окуган Христиан бир туугандарыбыз бул маанилүү чындыкты эсинен чыгарбашы зарыл.

# 4-БӨЛҮМ

# ХРИСТИАНДАРДЫН АЛЛАХ КОРКУУСУ ЖАНА АЛЛАХ СҮЙҮҮСҮ БОЮНЧА ЖАҢЫЛЫШТЫКТАРЫ

## Чыныгы ыйманда Аллах сүйүүсү Аллах коркуусу менен бирге болот

Бүт акыйкат диндердин негизи – бул сүйүү. Убакыттын өтүшү менен Аллах атынан чыгып, динди өз иштерине курал катары колдонууга аракет кылган кээ бир кишилер кээде динди жамынып террорду, согушту, киши өлтүрүүлөрдү жана сүйүүсүздүктү чыгарышкан. Ал кишилер кайсы динди жактайм дебесин, сөзсүз жахил (сабатсыз, караңгы) же алдамчы. Себеби Аллах кулдарынан зулумдук жана фитна эмес, сүйүү, достук жана тынчтык каалайт.

Бул жерде бул маанилүү маалыматты беришибиздин максаты – бул кээ бир Христиандардын өз диндерин бир сүйүү дини катары таанытып, иудейлик жана өзгөчө Мусулмандыкты бир коркуу дини катары көрүшү. Чындыгында болсо бул чоң бир жаңылыштык. Ислам баш болуп акыйкат диндердин баары сүйүүгө жана достукка үндөп, адамдарды тынчтыкка жана бир туугандыкка чакырат. Себеби Аллах бизден ушуну каалайт. Мындан башкача бир түшүнүктү айтып чыккандар акыйкат динди жамынып жалган айтышууда. Диндин маңызы, негизи – бул сүйүү. (Исламдын сүйүү дини экени жөнүндө баяндарыбызды китептин кийинки беттеринен таба аласыз.)

Албетте, Христиан бир туугандарыбыздын сүйүүнүн ыйыктыгына ишениши туура. Бирок кээ бирлер сүйүү түшүнүгүн өтө туура эмес чечмелешүүдө. Сүйүүнүн ичинде коркуу болбошу керек деген пикирге таянып, ал кишилердин Аллах коркуусун жашоосунан чыгарып салышы өтө чоң бир коркунуч.

## Аллах коркуусунун чыныгы мааниси

Бул багыттагы жаңылыштыктардын кандай коркунучка себеп болooруна токтолуудан мурда, Аллах коркуусунун чыныгы маанисин билүү өтө маанилүү. Көп адамдар Аллах коркуусу түшүнүгүн туура эмес түшүнүп, коркуу мажбурлуу бир ыйманды алып келет жана бул болсо жараксыз болот дешет. Чындыгында болсо Аллах коркуусунун мааниси мындай эмес.

Аллах коркуусу – бул Аллахка терең урматтоодон келип чыккан бир коркуу менен моюн сунуу; Аллахка болгон терең сүйүү себебинен Аллах ыраазы болбой турган бир иш-аракет жана ойдон качынуу. Аллахтын сүйүүсүн жоготуп алуудан коркуу. **Аллахтын достугун жоготуу – ыймандуу бир адам үчүн тозок азабынан бир топ чоң бир азап.**

Аллах сүйүүсү менен Аллах коркуусу бир бүтүн. Аллахты катуу сүйгөн бир адам Аллахты каарданта турган бир иш-аракет кылуудан коркcондо Аллах сүйүүсү менен коркуусу биригет. Сүйгөн бир адамдын Аллах коркуусу мына ушундай. Аллахты чындап сүйгөн бир адам кандай гана шарт болбосун, кандай кыйынчылыктарга туш болбосун, кандай сыноого кабылбасын, чын жүрөктөн, ашык болуп сүйүп Аллахка моюн сунат. Аллахка болгон сүйүүсүнө эч кандай шарт, эч бир окуя, эч бир кыйынчылык тоскоол боло албайт. Аллахтын сүйүүсүн жоготуудан коркуу Аллах сүйүүсүн дайыма сезип жашаган ал кишини дайыма стимулдайт. Ага кубаныч берет. Мындай адамдын ибадаттарында жайбаракат болушу, Аллахка кулчулукта билип туруп кемчиликтерди кетириши, уялбастан арамга кириши мүмкүн эмес. Мындай чын ыкластуу ыймандуу бир адам Аллахты ыраазы кыла алуу үчүн өмүр бою колунан келгенди жасайт.

# Аллахтын каарынын каапырлар үчүн зарылдыгы

Аллахтын «азаптоочу» жана «өч алуучу» сыпаттары да кээ бир адамдар тарабынан туура эмес түшүнүлүүдө же атайылап бурмаланууда. Аллахтын азабы начар адамдарга, мунафыктарга (эки жүздүүлөргө), Аллах атынан көз бойомочулук кылгандарга же кектүү каапырларга. Ыймандууларга болсо акыретте толук коопсуздук жана бейпилдик болот. Аллах Христиандар да кошо, чындап ыйман кылгандар үчүн акыретте эч кандай коркуу болбошун бир Куран аятында кабар берген:

> **Чындыгында, ыйман келтиргендер менен еврейлер, сабиилер жана Христиандардан Аллахка, акырет күнүнө ишенген жана салих (чын ыкластуу) амалдарды кылгандар; <u>алар үчүн коркуу жок, алар кайгырышпайт дагы.</u> (Маида Сүрөсү, 69)**

Бир адам Аллахка кул болуп, Аллахты ыраазы кылууга аракет кылып жаткан болсо Аллахтын каарынан алыс болот. Аллах заалымдардан гана өч алат. Бул Аллахтын мыйзамы. Адам зулумдук кылганда гана Аллахтын азабынан абдан коркот. Бирок жакшылык кылганда, Аллахты ыраазы кылууга аракет кылганда Аллахка ишенип таянат, көңүлү бейпил болот.

Аллахтын өч алуучу сыпаты ыймандуулар үчүн өтө чоң бир жакшылык. Мисалы, кичинекей бир жаш балага зулумдук кылган жана анан аны өлтүргөн бир адамдын кылганынын жазасын акыретте алганын, адилеттиктин орун алганын көрүү бир жакшылык. Зулумдук кылган кишинин акыретте жазасын алганын көрүү – зулумдукка туш болгон жаш бала үчүн да чоң бир жакшылык. Мына ушул себептен ыймандуулар үчүн бейиш кандай жакшылык болсо, зулумдук кылгандар жазаландырылган тозок да ыймандуулар үчүн бир жакшылык. Бейиш дагы, тозок дагы Аллахтын чексиз адилеттиги акыретте көрүнгөн жерлер. Пайгамбарларга зулумдук кылууга аракеттенгендер да, Аз. Иса (ас)га кыянаттык кылгандар жана аны шейит кылууга аракеттенгендер да, күнөөсүз балдарды, адамдарды, жаныбарларды өлтүргөндөр да Раббибиздин өч алуучу сыпатынын бир шарты катары акыретте эң адилеттүү жазасын алышкан жана алышат. Дүйнөдө алардын баарына албетте тообо эшиги ачык. Бирок тообо кылуудан бой көтөргөндөрдүн бул жазаны алышы зулумдук көргөндөрдүн да, ага күбө болгондордун да көңүлүн жай алдырат. Ошондуктан Аллахтын өч алуучу сыпаты чындап ыйман келтирген абийирдүү бир адамды кубантышы керек.

Боорукердик темасын да жакшы түшүнүү керек. Бизге боорукердик сезимин үйрөткөн Аллах. Аллах каалабаганда, дүйнөдө эч ким мындай сезимдин бар экенин билмек эмес. Адамдардын баары боорукердик сезимин эч билбестен жашашмак. Ошондуктан Аллах жараткан жана үйрөткөн бир нерсени Аллахка карата далил

көрсөтүү, Аллахка боорукердик сабагын берүүгө элтенүү (Аллахты аруулайбыз) өтө чоң бир караңгылык, чоң бир күнөө. Аллах чексиз мээримдүү. Улуу Аллах кимдин кандай табиятта жаратылганын, **кимдин мээримге, боорукердикке, кимдин болсо азапка ылайыктуу экенин, албетте, эң жакшы билет.** Акыретте эч ким тырмактай бир адилетсиздикке да кабылбайт. Аллах чексиз адилеттүү жана акыретте бүт адамдар жөнүндө адилеттик менен өкүм берилет. Инжилде Раббибиздин чексиз адилеттигин баяндаган сөздөрдүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

> *Аны сөгүшкөндө сөгүү менен жооп берген жок, кыйналганда эч кимди коркуткан жок; доосун адилеттик менен соттоочу Теңирге калтырды. (1 Петир 2: 23)*

> *Адилетсиздик кылган кылган адилетсиздигинин жазасын алат, эч кандай бөлүнүүчүлүк кылынбайт. (Павелдин Колосалыктарга каты, 3:25)*

> *(Аллах) жамандык кылгандардын баарына... кыйынчылык жана азап берет; жакшылык кылгандардын баарына... улуулук, урмат, эсенчилик берет. Себеби Аллах адамдар арасында бөлүүчүлүк кылбайт. (Павелдин Римдиктерге каты, 2:9-11)*

> *Аллах «бүт баарына кылгандарына жараша тиешесин берет.» Дайыма жакшылык кылып улуулук, урмат, өлүмсүздүк издегендерге түбөлүк жашоо берет. Өзүмчүлдөрдүн, чындыкка моюн сунбай адилетсиздик кылгандардын үстүнө болсо азап менен каарын жаадырат. (Павелдин Римдиктерге каты, 2:6-8)*

> *Аллах адилетсиз эмес. (Аллахты аруулайбыз.) Эмгегиңерди жана ыйыктарга кызмат кылып жана кылууну улантып Ал үчүн көрсөткөн сүйүүңөрдү унутпайт. (Эврейлерге кат, 6:10)*

Аллах Куран аяттарында болсо мындайча буюрат:

> **Биз болсо кыямат күнүндө өтө туура таразаларды койобуз; эч бир напси (адам) эч бир нерседе адилетсиздикке кабылбайт. Бир кычынын даны болсо да ага (таразага) алып келебиз. Эсеп тутуучу катары Биз жетиштүүбүз. (Анбия Сүрөсү, 47)**

> **Зулумдук кылган ар бир жан жер жүзүндөгүлөрдүн баары аныкы болсо аны (азаптан кутулуу үчүн) сөзсүз садака кылып бермек. Алар азапты көргөндө бушаймандыктарын жашырышат, чындыгында болсо алар адилетсиздикке туш болбостон араларында адилеттик менен өкүм кылынды. (Йунус Сүрөсү, 54)**

# Аллах коркуусу Аллахка жакшы бир кул болуу жана бейишке ылайык болуу үчүн шарт

Жогоруда саналгандар ыймандуу бир адамды алдыга түртүүчү өтө зор чындыктар. Аллахты чындап сүйгөн жана ушунан улам Аллахтын алдында кемчилик кетирүүдөн өтө корккон бир адамдын окуяларга көз-карашы такыр башкача болот.

Мындай адам арамга кире албайт, ибадаттарын билмексен боло албайт, абийиринин үнүн укмаксан боло албайт. Кыскасы, Аллах үчүн кылышы керек болгон нерселердин баарын өтө көңүл коюп жасайт.

Мындай адам абийирлүү болот, эгоист болбойт, өмүрүнүн аягына чейин жан аябас жана боорукер болот.

Мындай адам эч качан башкаларга зыян тийгизбейт, Аллахка жооп бере албай турган бир нерсени кылуудан өтө коркот.

Мындай адам ар бир көз ирмеминин эсебин Аллахка берээрин, Аллахтын дайыма аны көрүп тураарын билип жашайт.

Ал адам чыныгы жашоонун бул дүйнө эмес, акырет экенин дайыма эсинен чыгарбайт.

Мындай адам Аллахты чындап сүйүүнүн кубанычы, сүйүнүчү жана толкундоосун сезип жашайт. Бул толкундоо өмүр бою эч качан бүтпөйт. Ошондуктан **Аллахтан корккон бир адам немат-жакшылык ичинде жашайт.**

Инжилде Аллах коркуусу төмөнкү сөздөр менен сүрөттөлгөн жана Христиандар Аллах коркуусуна чакырылган:

> *... Жат, алыс бир жерди эске салган бул дүйнөдөгү убактыңарды Аллах коркуусу менен өткөргүлө. (Петирдин биринчи каты, 1:17)*
>
> *Теңирден коркуунун эмне экенин билгенибиз үчүн адамдарды ынандырууга аракет кылуудабыз. Эмне экенибизди Аллах билет; силер да абийириңерде билесиңер деп үмүттөнөм. (Павелдин Корунттуктарга экинчи каты, 5:11)*
>
> *... Сенин каарың аларга келди. Өлүүлөрдү соттоо, кулдарың болгон Пайгамбарларды, ыйыктарды, кичине болсун чоң болсун Сенин атыңдан корккондорду сыйлоо жана жер жүзүн кыйраткандарды кыйратуу убактысы да келди. (Аяндар, 11:18)*
>
> *Ошентип Аллахты ыраазы кыла тургандай урмат жана коркуу менен ибадат кылалы. (Эврейлерге кат, 12:28)*

Эгер бир адам Аллахка жакшы бир кул боло албай каламбы деген коркуу ичинде болбосо, Аллахты сүйөм деп айтып, бирок Аллах үчүн өтө аз нерсе кылып жатса жана түбөлүк акырет жашоосунда кутулуу үчүн Аллахка болгон сүйүү гана жетиштүү деп жатса, ал киши өтө жаңылып жаткан болот. Мындай көз-караш Аллах каалаган чын ниеттүүлүккө туура келбейт. Аллах коркуусу адамды ибадаттарды орундатууга, Аллах үчүн андан да жакшыраак бир кул болууга түртүүчү эң негизги фактор. Ошондуктан Аллах коркуусу керек эмес (Аллахты аруулайбыз), Аллах сүйүүсү гана болсо жетиштүү деп ойлогон бир адам коркуу менен үмүт ичинде болгон бир маанайда болбойт. Бул болсо Аллахтын ыраазылыгына жетүү жана Аллахты ыраазы кылуу үчүн тынымсыз аракет кылышына жолтоо болуп, андай кишини дайыма жалкоолукка түртөт.

Учурда Аллах коркуусун четке кагып Аллахты сүйүү гана жетиштүү деген кээ бир Христиандар дал мына ушундай абалда. Ошондуктан ал кишилер Аллахтан коркуунун эмне экенин бул жерде айтылгандарга карап кайрадан ойлонуп, Инжилдеги «Аллахтан корккула» деген чакырыктарга моюн сунуулары зарыл.

# 5-БӨЛҮМ
# АЗ. ИСА (АС)ДЫН КУДАЙ ЭКЕНИНЕ ИШЕНГЕНДЕР БЕЙИШКЕ КИРЕТ ДЕГЕН ЖАҢЫЛЫШТЫК

## Чыныгы ыймандуулар кыйынчылыктар менен сыналышат

Учурда дүйнөдө үч кудайлык ишенимин жактаган көп Христиандар, эч күмөнсүз, сөзсүз бейишке барабыз деген пикирге ишенишүүдө. Бул туура эмес ишеним боюнча, бейишке татыктуу болуу үчүн Аз. Иса (ас)дын кудай экенине ишенүү гана жетиштүү (Аллахты аруулайбыз). Албетте, бул туура эмес ишеним чыныгы Христиан growth дининде болбогон, Чиркөө кийин белгилеген ишенимдердин бири. Бирок Чиркөөнүн жазалары жана кысымчылыгы себебинен Христиандар бул туура эмес ишенимге моюн сунушубуз керек деп ойлошууда. Христиандар ушундайча Аз. Иса (ас) бүт күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн крестке асылган, папалар менен поптор күнөөлөрдү кечире алат деп ишенишет. Булардын баары бизди куткарат жана сөзсүз бейишке барабыз деп жаңылышат. Ал Христиандардын ою боюнча, акыретте бир жаза боло турган болсо, бул Аз. Иса (ас)ды кудай катары таанылбагандар үчүн гана болот. (Аллахты аруулайбыз)

Төмөнкү баяндарыбыз бул терең жаңылыштыктын ичине түшкөн Христиандарга арналат. Бул ишенимдеги Христиан бир туугандарыбызга төмөнкү суроолорду узатабыз:

-Андай болсо сыноо эмне үчүн бар? Эмне үчүн адамдар сыналышууда?

-Эмне үчүн кыйынчылыктар, кырсыктар, атеизм, коммунизм, сүйүүсүздүк, кыргындар, согуштар, жер титирөөлөр, бороондор, өлүмдөр жаратылууда?

-Эмне үчүн арамдар менен адалдар бар?

-Жакшылык менен жамандык кантип айырмаланат?

-Дүйнөнүн максаты жеп-ичип отуруу жана «Аз. Иса (ас) кудай» деп өлүмдү күтүүбү?

-Аллах ыраазылыгы үчүн аракет кылуу, кыйынчылыкка кабылуу, напсини эзүү, кыйынчылыктарга, ооруларга жана кырсыктарга сабыр кылуу бул ишенимдин кайсы жеринде?

-Бейишке баруу мынчалык оңой болгон болсо, анда туруктуулук, жан аябастык, акысынан баш тартуу, сылыктык, достук, боорукердик сыяктуу сонун сыпаттарда болуунун кандай зарылдыгы болот?

-Атеизм, динсиздик, коммунизм сыяктуу өтө коркунучтуу агымдар менен күрөшүү бул ишенимдин кайсы жеринде?

-Мындай ишенимде ибадаттар барбы?

-Мындай ишенимде Аллах ыраазылыгына жетүү үчүн аракет кылуу барбы?

Албетте, Аллах мындай бир дин жаратпайт.

Жер жүзүндөгү жашоонун бир себеби, Аллахтын бир мыйзамы бар. Улуу Аллах бул себепти бир Куран аятында мындайча билдирген:

> **Ал <u>амал (иш-аракет) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн</u> өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал улуу жана кудуреттүү, өтө кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

Инжилде да Христиандар дайыма бир үмүт ичинде аракет кылышы керек экени айтылат:

> *Үмүтүңөрдөн чыккан толук ишенимге жетишиңер үчүн **<u>ар бириңердин аягына чейин бирдей аракет кылышыңарды тилейбиз.</u>** Жалкоо болбошуңарды, убада кылынгандарды ыйман жана сабыр менен мурас алгандардын мисалын ээрчишиңерди каалайбыз. (Эврейлерге кат, 6:11-12)*

> *Демек сүйүктүү бир туугандарым... **<u>кутулууңарды жыйынтыкка жеткирүү үчүн көбүрөөк аракет кылгыла.</u>** (Павелдин Филипиликтерге каты, 2:12)*

> *Мына ушул себептен **<u>ар кандай аракетти кылып ыйманыңарга</u>** баатырдыкты, баатырдыкка илимди, илимиңерге өздүк текшерүүнү, өздүк текшерүүгө туруктуулук күчүн, туруктуулук күчүңөргө Аллах жолунда бекемдикти, бул бекемдикке бир туугандарды сүйүүнү, бир туугандарга сүйүүңөргө сүйүүнү кошкула. (Петирдин экинчи каты 1:5-7)*

> *«Аллахтын Өкүмдарлыгына (бейишке) **<u>көп кыйынчылыктан өтүп киришиңер керек»</u>** дешчү. (Ыйык Элчилердин иштери, 14:22)*

Жаратылуу максатыбыз – сыналуу. Бул сыноо Аллах үчүн жашаган адамдар менен ыйман кылбагандарды бир-биринен айырмалайт. Аятта айтылгандай, иш-аракет жагынан ар бир адам сыналат жана бул сыноодон өткөн бейишке жетет.

Инжилде болсо дүйнөдөгү кыйынчылыктардын сыры мындайча кабар берилген:

> *Карагыла бул азаптар, **<u>Аллахтын каалоосу менен тарткан бул азаптар (Аллахтын сыноосу катары жолуккан бул кыйынчылыктар) силерде канчалык чоң бир олуттуулук, тазалануу үчүн канчалык чоң каалоо жаратты!</u>**... (Павелдин Корунттуктарга экинчи каты, 7:11)*

Дүйнөдөгү сыноолор оор. Мына ушул себептен пайгамбарлар дайыма кыйынчылыктарга туш болушкан. Ушул себептен **өлүм менен коркутулушуп, мекендеринен сүрүлүшүп, адилетсиздик менен камалышкан.** Аллах ыраазылыгы үчүн динге чакырган, Аллахтын бар экенин түшүндүргөн, учурда дүйнөнү курчаган бүт динсиз агымдарга каршы күрөшкөн ар бир адам ушул сыяктуу кыйынчылыктарга туш болот. Аллахка ыйман кылган, Анын кудуретин, улуулугун түшүндүргөндөрдүн баары ушул сыноонун кыйынчылыктарынан өтүшөт. Ушундайча Аллахка болгон чын ниетин көрсөтүшөт. **Кыйынчылыктарга карабастан Аллахты сүйүү, кыйынчылыктарга карабастан ибадаттарды аткарууда чечкиндүү болуу бир адамды чындап динчил кылат.** Аллахка болгон чын ниеттүүлүк жана сүйүү кыйынчылыктарга карата болгон бекемдик жана чечкиндүүлүк менен далилденет. Ошондуктан ыймандын өлчөгүчү – бул Аллах үчүн кыйынчылыктарга тирешүү, шарттар кандай гана болбосун ибадаттарды аткаруу жана **дүйнө үчүн эмес, Аллах үчүн жашоо.**

Аллах үчүн жашаган бир адам бул дүйнөдө бейпил жашоону көздөбөйт. Тескерисинче, башына кыйынчылыктардын келээрин билет. Кыйынчылык жана сыноолор менен сыналаарын билет. Аллахка болгон чын ниетин ушундайча көрсөтөөрүнө ишенген болот. Бул Аллах Куранда апачык билдирген бир чындык:

**Же силерден мурда жашап-өткөндөрдүн абалы башыңарга келбестен бейишке киребиз деп ойлодуңарбы? Аларга ушундай бир жокчулук, ушундай оор бир кыйынчылык келип жана ушунчалык чайпалышкандыктан, аягында элчи айланасындагы ыймандуулар менен «Аллахтын жардамы качан?» деп жатты. Көңүл бургула. Күмөнсүз Аллахтын жардамы өтө жакын. (Бакара Сүрөсү, 214)**

Аз. Иса (ас) бир пайгамбар жана динге чакыруучу болгондуктан, Аллахка ыйман кылууга чакырганы үчүн кыйынчылыктарга туш болгон. Бул чындык да бизге Инжилде көп текстте кабар берилет:

*Ошондо Рух Исаны чөлгө жөнөттү. Иса чөлдө турган кырк күн бою шайтан тарабынан сыналды. Жапайы жаныбарлар арасында эле, периштелер ага кызмат кылып жатышкан. (Марк, 1: 12-13)*

*Бирок киши чыгып кетти, окуя менен байланыштуу кабарды бүт тарапка жайыпугузуп баштады. Ошентип Иса эми эч бир шаарга ачык кире алгыс болду. Сыртта, адам жашабаган жерлерде гана жашап жатты. Жана адамдар бүт тараптан ага агып келип жатты. (Марк, 1: 45)*

*Иса андан соң үйгө барды. Кайрадан ушундай көп адам чогулгандыктан, Иса менен шакирттери тамак да жей алышпады. Жакындары муну укканда, «Акылын жоготуптур» деп аны алып кетүүгө келишти. Иерусалимден келген дин аалымдары болсо «Белзебул анын ичине кириптир» жана «Жиндерди жиндердин башчысынын күчү менен кууп жатат» деп жатышты. (Марк, 3: 20-22)*

*Мариямдын уулу, Жакып, Жусуп, Иуда жана Шымондун бир туугандары жыгач уста эмеспи? Кыз бир туугандары бул жакта, арабызда жашайт го?» Жана аны кабыл алышпады. Иса болсо аларга «Бир пайгамбар өз мамлекетинен, тууган чөйрөсүнөн жана өз үйүнөн башка жерде басмырланбайт» деди. (Марк, 6: 3-4)*

*«Адам баласы башкы диний кызматкерлердин жана дин аалымдарынан колуна тапшырылат. Алар болсо аны өлүм жазасына тартат жана башка калктарга тапшырат. Аны шылдыңдайт... (Марк, 10: 33-34)*

*Пасах жана Ачыткысыз нан майрамына эки күн калган эле. Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен дин аалымдары Исаны куулук менен кармап алуунун, өлтүрүүнүн жолун издеп жатышты. Бирок алар: «Майрам күндөрү болбойт, болбосо эл арасында козголоң чыгып кетет», – деп сүйлөшүштү. (Марк, 14: 1-2)*

*Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен Улуу кеңештин баары Исага өлүм жазасын өкүм кылуу үчүн, жалган күбөлөндүрүү издешти, бирок таба алышкан жок. Анткени көп адамдар Ага каршы жалган күбөлөндүрүшсө да, ал күбөлөндүрүүлөр бири-бирине карама-каршы эле. (Марк, 14: 55-56)*

*Иса алардын жаман ниетин билгендиктен, «Эй эки жүздүүлөр!» деди. «Мени эмне үчүн сынап жатасыңар? (Матфей, 22: 18-19)*

*Ушул учурда башкы ыйык кызмат кылуучулар менен калктын алдыңкылары Кайапа аттуу башкы ыйык кызмат кылуучунун сарайында чогулушту. Исаны алдамчылык менен кармап өлтүрүү үчүн план түзүштү. (Матфей 26: 3-4)*

Инжилде ошондой эле Аллах үчүн кыйынчылыктарга туруштук көрсөткөн шакирттердин абалы да баяндалат:

*Ошондо Иса мындай деди: «Силерге чындыкты айтып коёюн, (Аллахтын ыраазылыгы үчүн) Мен үчүн жана Жакшы Кабар (Аллахтын буйруктары) үчүн үй-жайын, же ага-инилерин, же эже-карындаштарын, же энесин, же атасын, же аялын, же балдарын, же жерин таштаган адам азыр, бул*

*дүйнөдө, куугунтук учурунда да жүз эсе көп үй-жайга, ага-иниге, эже-карындашка, ата-энеге, балдарга жана жерге, ал эми келечекте түбөлүк өмүргө ээ болбой койбойт. Биринчилердин көпчүлүгү акыркы, акыркылардын көпчүлүгү биринчи болот». (Марк, 10:29-31)*

*(Аз. Иса (ас):) «(Аллахтын ыраазылыгы үчүн) менин атым үчүн <u>үйлөрүн, бир туугандарын, эне же атасын, балдарын же мекенин таштагандардын баары</u> булардын жүз эсесине ээ болот жана түбөлүк жашоону мураска алат. Биринчилердин көпчүлүгү акыркы, акыркылардын көпчүлүгү биринчи болот.» (Матфей, 19:29-30)*

*Бул үчүн <u>Аллахтын каалоосу менен азап тарткандар</u> жакшылык кылып жандарын ишенимдүү Жаратканга аманат кылышсын. (Петирдин биринчи каты, 4:19)*

*(Аз. Иса (ас):) Бирок силер өзүңөргө сак болгула. Анткени <u>силерди сотко беришет... (жана) уруп-сабашат.</u> Менден улам (Аллах ыраазылыгы үчүн мени ээрчигениңер үчүн) <u>башкаруучулар менен падышалардын алдына алып барышат, ошентип аларга күбөлүк бересиңер.</u> Баарынан мурда бардык элдерге Жакшы Кабар таратылышы керек. Силерди салып берүү үчүн алып бара жатышканда, эмнени айтабыз деп тынчсызданбагыла. Ошол саатта силерге эмне берилсе, ошону айткыла. Анткени силер эмес, Аллах сүйлөйт. <u>Бир тууган бир тууганын, атасы балдарын өлүмгө кыят. Балдары ата-энелерине каршы көтөрүлүп, аларды өлтүрүшөт.</u> Менин ысымым үчүн (Аллах ыраазылыгы үчүн мени ээрчигениңерден улам) <u>бардыгына жек көрүндү болосуңар</u>. Ал эми акырына чейин чыдаган адам куткарылат.» (Марк, 13:9-13)*

*Бирок адегенде силерге кол салышат. <u>Силерди... түрмөлөргө камашат.</u> Менин ысымым үчүн падышалардын жана башкаруучулардын алдына алып барышат... Силерди ата-энеңер, бир туугандарыңар, тууган-уругуңар жана досторуңар кармап беришет жана кээ бирөөңөрдү өлтүртүшөт. Менин ысымым үчүн (Аллах ыраазылыгы үчүн мени ээрчигениңерден улам) бардыгына жек көрүндү болосуңар. Бирок башыңардан бир тал чачыңар да жоголбойт. Чыдамдуулук менен жаныңарды сактап кала аласыңар.» (Лука, 21:12-19)*

*... Ал күнү Иерусалимдеги чиркөөгө оор бир кысымчылык доору башталды... Шабыл болсо <u>ыймандуулар тобун кыйратып баштады. Үй-үй кыдырып, аял-эркек дебестен ыймандууларды сыртка сүйрөп, камакка камап жатты.</u> Мунун натыйжасында чачыраган ыймандуулар барган жерлеринин баарында Аллах сөзүн сүйүнчүлөп жатышты. (Ыйык Элчилердин иштери, 8:1-4)*

*... (Пайгамбарлар) ишенимдери менен падышачылыктарды жеңишкен, адилеттикти орнотушкан, убадаланганды алышкан, арстандардын азуусунан аман калышкан. Жалындаган өрттү өчүрүшкөн, жалаңдаган кылычтан аман калышкан, алсыраганда бекемделишкен, согушта тайманбас болушкан, бөтөн аскерлерди кууп чыгышкан... Кээ бирөөлөрдү кыйнашканда, (акыретте) эң жакшы жашоого жетүү үчүн, эркиндикке чыгуудан баш тартышкан. Кээ бирөөлөр <u>кордук көрүшкөн, таяк жешкен, кишенделишкен, түрмөгө камалышкан. Кээ бирөөлөрдү ишенгендиги үчүн таш бараңга алышкан, араалашкан, кыйнашкан, кылычтап өлтүрүшкөн; кээ бирөөлөр кой-эчкинин терисин жамынып, тентип күн өткөрүшкөн, жокчулуктун каарын тартышкан, кысымга алынышкан, азап тартышкан.</u> Алар бул дүйнөнүн бүт адамдарынан жогору эле. <u>Бирок алар чөлдөрдө, тоолордо, үңкүрлөрдө, капчыгайларда каңгып жүрүшкөн.</u> (Эврейлерге кат, 11:33-38)*

*(Аз. Иса (ас):) «Буларды силерге сенделип кулабагыла деп айттым... Ооба, ушундай бир саат келе жатат; <u>силерди өлтүргөндөрдүн баары Аллахкы кызмат кылып жатам деп ойлойт.</u> Буларды Аллахты жана мени тааныбаганы үчүн жасашат. Буларды силерге азыртан айтып жатам. Сааты келгенде буларды силерге айтканымды эстейсиңер...» (Иоанн, 16:1-4)*

(Бул жөнүндө бүт башка Инжил сөздөрү үчүн караңыз: *İncil'den Güzel Sözler (Инжилден сонун сөздөр),* 17-бөлүм, Harun Yahya)

Инжил менен Курандын бизге билдиргени мындай: ыймандуулар ыйман кылганы, Аллах жолунда жүргөнү жана динге чакырганы үчүн гана;

1 өлтүрүлүшүүдө

2 сүргүнгө айдалышууда

3 көңүлгө тийерлик сөздөр угушууда

4 сот алдына чыгарылышууда

5 камалышууда

6 сабалып, азап тартышууда

7 камчыланып, чынжырга байланышууда

8 жалганчы күбөлөр тарабынан айыпталышууда

9 жакырчылык ичинде жашашууда

10 жинди деп айыпталышууда

11 үй-бүлөлөрү тарабынан танылып, ал тургай үй-бүлөлөрү тарабынан өлтүрүлүшүүдө

12 тоолордо, үңкүрлөрдө, жер астындагы оюктарда жашашууда

13 жек көрүлүшүүдө

14 азап тартышууда

Булар Инжилде айтылган чыныгы ыймандуунун сыпаттары. Пайгамбарлар менен чын ниеттен ыйман кылгандар ушундай жашашкан. Сыналып, кыйынчылык тартышкан. Булар Аллахка ыйман кылганы жана динде бекем болгону үчүн гана баштарына келген. Демек, чыныгы ыймандуу – бул Аллах үчүн кыйынчылыктарга туруштук берген жана сыноосу оор болгон адам.

Биз бүт пайгамбарларды ушул себептен сүйөбүз. Иса пайгамбардын шакирттери менен сахабаларды ушул себептен сүйөбүз. Алар ыйманынын тереңдигин, Аллах сүйүүсүн, Аллах ыраазылыгы үчүн жашоону жана дүйнөнү эмес акыретти каалашканын көрсөтүшкөн. Алар мына ушул себептен бейиштин эң сонун үйлөрүндө жашашууда.

Чыныгы ыйман ушундай. Бул – Аллах үч Өзү жиберген китепте да билдирген жана пайгамбарлардын өмүр баяны менен далилденген бир чындык. Чыныгы ыйман – үйдө отуруп Аллахты сүйөм деп айтуу эле эмес. Аллахты сүйөөрүн айткандар ыймандын чыныгы маңызын билиши керек.

# «Аз. Иса (ас)дын кудай экенине ишенсеңер, бейишке барасыңар» логикасы чоң бир коркунуч

Учурда евангелисттердин жана башка үч кудайлыкты жактаган Христиан мазхаптарынын көпчүлүгүнүн акырет түшүнүгү такыр туура эмес. Мындай бир ишенимде Аллах үчүн илимий күрөшүүнүн муктаждыгы жок. Атеизм, дарвинизм жана коммунизм сыяктуу динсиз агымдар менен күрөшүүнүн кереги жок. Мындай ишенимде ибадаттын да кереги жок. Киши ансыз да өз ишеними боюнча Аллахтын ыраазылыгына качан эле жеткем деп

ойлойт. Бир жумада бир жолу чиркөөгө барышы жетиштүү. Кээ бирлери болсо мунун да кереги жок дейт. Мындай бир ишенимде Аллах үчүн кыйынчылык тартуу деген түшүнүк жок. Ал киши ансыз да кыйынчылыкка туш боло турган шарттарга жана темаларга кирбейт. Мындай шарттарда адамдын напсисине карама-каршы келген, напсисин эзиши жана тарбиялашы керек болгон, Аллах үчүн жан аябастык кылышы керек болгон, Аллахка карата сабыр, туруктуулук, чечкиндүүлүк жана бекемдик сыяктуу негизги ыйман өзгөчөлүктөрүн көрсөтүшү керек болгон дээрлик эч кандай окуя жок. Киши дүйнөдө дүйнөнү жашайт; напсисине, үй-бүлөсүнө, жашоосуна терс таасир берген эч нерсеге жолукпайт; зулумдук кылса да, күнөөгө кирсе да бейишке барам деп ойлойт. Себеби Аз. Иса (ас)дын кудай экенине ишенет. Мындай дин түшүнүгүндө ушул жетиштүү.

Бул жерде албетте кээ бир Христиандарды бөлүп кароо керек. Албетте бүт Христиандар мындай ишенимде эмес. Бул жерде үч кудайлыкты жактаган жана туура эмес бир бейиш ишениминде жүргөн кээ бир Христиандар жөнүндө сөз болууда.

Мындай туура эмес бир дин түшүнүгүндө адилеттик системасы жок. Зулумдук кылган менен Аллах үчүн жакшылык кылгандын арасында айырма болбойт. Себеби адамдар арасында жалгыз айырмачылык үч кудайлык ишенимин кабыл алуу же албоо менен байланыштуу болот. Бир адам өмүр бою кыйынчылык тартса, жакшылык кылса, бүт өмүрү Аллах үчүн жан аябастыктар менен өтсө да үч кудайлыкты танганы үчүн бул ишеним боюнча тозокко кетет.

Чын ниеттүү Христиан бир туугандарыбызга төмөнкүдөй чакырык жасайбыз:

Ар бир акыйкат динге убакыт ичинде кошумчалар кошулган. Ар бир акыйкат динди бузууга аракеттенген ар кандай топтор болгон. Христиандыкка да мындай кошумчаларды кошкондор чыныгы динчилдер эмес. Ошондуктан аларды эч ойлонбостон ээрчүү аягында олуттуу бир бушаймандыкка себеп болушу мүмкүн. Чын ниеттүү Христиандар туура жолду Аллахты таанып, акыйкат болгон Инжилдин сөздөрүнө моюн сунуп, абийирлерине, акылдарына жана ыймандарына таянып табышы керек.

Динчил болуу үчүн Аллах коркуусу керек. Аллах сүйүүсүнөн келип чыккан терең Аллах коркуусу менен ибадаттар ырахаттануу менен жана үзгүлтүксүз жасалат, кыйынчылыктарга сонун бир сабыр менен сабыр кылынат, ар бир көз ирмем Аллах үчүн жашалат. **Динчил адамдын жашоосу өзгөрөт.** Чыныгы динчил Аллах менен бирге жашайт. Мына ушул себептен жашоосу көп адамдардан башкача болот. Албетте динчил бир киши да дүйнө жакшылыктарынан эң сонун пайдаланат, бирок дүйнөдөн эч нерсе күтпөйт. Кыйынчылыктар, оор окуялар, кырсыктар аны кайгыртпайт; себеби жакшылыктар сыяктуу ар бир кыйынчылыктын да Аллахтан келгенин билет. Кыйынчылыктарга көбүрөөк шүгүр кылат, кыйынчылыктар менен барган сайын күчтөнөт. Бул чындык Инжилде төмөнкүчө кабар берилген:

> *Бир туугандарым, **ар кандай сыноолорго туш болгонуңарда аны өтө кубануу менен тосуп алгыла.** Себеби билип койгула, **ыйманыңардын сыналышы чыдамкайлык күчүн жаратат.** Чыдамкайлык күчү болсо эч кемчиликсиз, бышып жетилген кишилер болушуңарга шарт түзсүн. (Жакыптын каты, 1:2-4)*

> *Убакыт бүтүп баратканда ачыкка чыгарылууга даяр болгон кутулууга жетели деп ыйман урматында Аллахтын күчү менен коргонуудасыңар. Ушул себептен азыр **кыска убакытка ар кандай сыноолор натыйжасында азап тартышыңар керек болуп жатса да, кубанып толкунданып жатасыңар. Ошентип ичтен далилденген ыйманыңар... силерге мактоо, бийиктик, аброй алып келет.** Ыйманыңар от менен тазаланса да жок болуп кеткен алтындан да баалуураак. Месихти көрбөгөн болсоңор да (Аллах ыраазылыгы үчүн) аны сүйөсүңөр. Азыр аны көрбөй туруп ага (Аллахтын бир пайгамбары катары) ыйман кылып, сөз менен түшүндүргүс улуу бир кубаныч менен толкунданып жатасыңар. Себеби ыйманыңардын бир натыйжасы катары жандарыңардын кутулушуна жетүүдөсүңөр. (Петирдин биринчи каты, 1:5-9)*

Аллахты сүйгөн бир адам мына ушул себептен Аллах үчүн дайыма баарын жасай турган күчтө болот. Аллах сүйүүсүндө чечкиндүүлүк, бекемдик, туруктуулук жана сонун кулк-мүнөз бар. Аллах сүйүүсү жан аябастыкты талап кылат. Ошондуктан **бейишке татыктуу болуу аракетти талап кылат.** Аллахты ыраазы кылуу Аллах үчүн жашоо, сыноого чыдамкай болуу жана керек болсо дүнүйөлүк бүт нерседен, жан жана мал-мүлктөн Аллах үчүн баш тартуу менен мүмкүн болот.

> *«Менин себебимден* ***адамдар силерге зулумдук кылып, калп жерден силерге карата ар кандай жаман сөздөрдү айткан кезде силер кандай бактылуусуңар! Кубангыла, кубанычтан толкундангыла! Себеби асмандардагы (акыреттеги) сыйлыгыңар чоң.*** *Силерден мурда жашап өткөн Пайгамбарларга да ушундай зулумдук кылышты.» (Матфей, 5:11-12)*

Христиан, Иудей же Мусулман болсун, акыретте кайгырбай тургандар – бул **Аллах Бирөө жана Жалгыз деп ыйман кылгандар** жана чын ниеттүү иш-аракеттерди жасагандар. Куран аяттарында бул чындык кабар берилген:

> **Күмөнсүз, ыйман кылгандар (менен) Иудейлер, Христиандар жана Сабиилер(ден ким) Аллахка жана акырет күнүнө ыйман кылып, салих (чын ыкластуу) иш-аракеттерди кылса, эми алардын Аллах Кабатында сыйлыгы бар. Алар коркушпайт жана алар кайгырышпайт дагы. (Бакара Сүрөсү, 62)**

> **Чындыгында, ыйман келтиргендер менен еврейлер, сабиилер жана Христиандардан Аллахка, акырет күнүнө ишенген жана салих (чын ыкластуу) амалдарды кылгандар; алар үчүн коркуу жок, алар кайгырышпайт дагы. (Маида Сүрөсү, 69)**

Эгер чын ниеттүү Христиандар үч кудайлык ишенимине моюн сунуп, Аз. Иса (ас)дын кудай экенине ишенүү бизге бейиш эшиктерин ачат деп ишенүүнү улантышса, бул аларга түбөлүк акырет жашоосунда эч күтпөгөн бир бушаймандык алып келиши мүмкүн. Мына ушул себептен үч кудайлык жаңылыштыгындагы Христиандар бул китепте айтылган эскертүүлөргө көңүл буруп, Аллах чыныгы динчилдер үчүн белгилеген ыйман шарттарын жана ыраазы боло турган жашоо формасын башынан карап чыгып, чыныгы ыймандын кандай болушу керек экенин сөзсүз түшүнүүгө аракеттениши зарыл. Албетте чыныгы ыймандын эң негизги шарты – бул китептин башында да айтылгандай, ЖАЛГЫЗ АЛЛАХКА ыйман кылуу.

Бир нерсени эске салуу керек: бул жердеги эскертүү Христиан бир туугандарыбыздын жакшылыгы үчүн гана. Мындай бир эскертүү көрүнүп тургандай башка эч кимдин кызыкчылыгы үчүн эмес. Бүт адамдар акыретте өз кылгандарынан жоопту. Бирок Куранда Мусулмандарга жүктөлгөн «жакшылыкка буюруу жана жамандыктан тосуу» буйругуна ылайык бул жердеги бул эскертүүлөрдүн жасалышы бир ибадат.

Бул китепте кээ бир Христиан бир туугандарыбыз балким өмүрүндө эч укпаган чындыктарды окуп жаткандыр. Аз. Иса (ас) көрүнгөндө, ал куттуу пайгамбарыбыз да Христиан бир туугандарыбызга алар түшкөн чоң жаңылыштыктарын, Христиандыктын ичине кошулган жалган кошумчаларды айтып берет. Себеби булардын баары Инжил менен Тооротту тастыктоо жана толуктоо үчүн жөнөтүлгөн жана ошондуктан Христиандардын да, Иудейлердин да ыйык китеби болгон Куранда жазылуу. Бул китепте көп мисалдар менен да көрсөтүлгөндөй, Куран аяттарына туура келген көптөгөн Инжил тексти да буларды тастыктоодо. Ошондуктан Христиан бир туугандарыбыз акыл менен абийирге туура келгенди кылышы керек. Бул куттуу доорду колдон келишинче аракет жасап, дүйнөдө зулумдуктун, башаламандыктын, азап жана кыйынчылыктардын ордуна тынчтыктын, бир туугандыктын жана сүйүүнүн келиши үчүн аракеттенип өткөрүүлөрү зарыл. Акыретте сонун бир сыйлыкка ошондо гана жете алышаарын унутпашы керек.

# 6-БӨЛҮМ
# КЭЭ БИР ХРИСТИАНДАРДЫН АРМАГЕДДОН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

## Акыр заман дажжал фитнасы боло турган доор

Азыр биз акыр заманда жашап жатабыз. Бул маанилүү убакыт периоду дүйнөдөгү кыяматтын алдындагы бир доор. Жана бул ыйык доор Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде, ошондой эле, Инжил менен Тоорот тексттеринде өтө терең сүрөттөлгөн. Кыяматтын алдындагы бул доор, б.а. акыр заман дажжал фитнасы боло турган, балээлер, зулумдуктар, башаламандык жана бактысыздыктар, согуштар, кыргындар, адеп-ахлактык бузулуу, экономикалык кризис, материалдык кыйроо, террор, зомбулук жана жырткычтык кеңири жайыла турган жана бүт адамдар бир куткаруучу издеген бир доор болот. Көп адамдар бул доордо жамандыкты жайышып, Аллахты жана ибадаттарды унутушуп, өз ойлорунда маселелерди согуш, кыргын жана жамандык менен чечебиз дешип, башаламандык жана бузукулукка багыт алышат.

Акыр заманда дажжал фитнасынын жайылышы жер жүзүндөгү бүт элдердин балээге түртүлүшү жана адамдардын бир куткаруучу үчүн Аллахка жалбарышы менен бирге Раббибиз акыр замандын куттуу инсандарын жер жүзүнө жөнөтөт. Ал куттуу инсандар – Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас). Жер жүзү Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын жер жүзүндө көрүнүшү натыйжасында тынчтанып, дажжалдын фитнасы токтойт жана жер жүзүнө мурда эч болбогон бир Алтын кылым доору келет. Ал доордо согуштар токтоп, бир тамчы да кан төгүлбөйт; ок, мылтык, курал-жарак колдонулбайт; адамдар эч кандай зулумдук көрүшпөйт. Аз. Мехди (ас) жер жүзүнө толук бир тынчтык жана бейпилдикти алып келет, адилеттик менен өкүм жүргүзөт жана уктап жатканды да ойготпойт. Пайгамбарыбыз (сав) хадистеринде бул улуу жана маанилүү чындыкты төмөнкүчө кабар берген.

> *Адамдар, бал аарыларынын башчылары айланасында чогулушу сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын айланасында чогулушат. Мурда зулумдукка толгон дүйнөнү адилеттикке толтурат. Адилеттиги ушунчалык болгондуктан, УКТАП ЖАТКАН БИР АДАМ ДА ОЙГОТУЛБАЙТ ЖАНА БИР ТАМЧЫ ДА КАН ТӨГҮЛБӨЙТ. Дүйнө аср-ы саадет (бакыт кылымы) дооруна кайткандай болот. (El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 29 жана 48-беттер)*

> *[АЗ. МЕХДИ (АС)ДЫН] ДООРУНДА БИР АДАМ ДА УЙКУСУНАН ОЙГОТУЛБАЙТ, БИР АДАМДЫН ДА МУРДУ КАНАБАЙТ. (El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 44-бет)*

*Ага [Аз. Мехди (ас)га] моюн сунгандар [Кааба тараптагы] рүкун менен макам арасында моюн сунушат. УКТАП ЖАТКАНДЫ ОЙГОТПОЙТ, ЭЧ КАН ТӨГҮШПӨЙТ. (El-Heytemî, El-Kavlu'l Muhtasar Fi Alamet-il Mehdiyy-il Muntazar, 24-б.)*

# Аз. Мехди (ас) доорунда согуш болбойт:

*СОГУШ [АДИСТЕРИ] ДА САЛМАКТАРЫН [КУРАЛ-ЖАРАКТАРЫН] ТАШТАЙТ. (Sünen-i İbn-i Mace, 10/334)*

*СОГУШ [АДИСТЕРИ] САЛМАКТАРЫН [Б.А. КУРАЛ-ЖАРАК Ж.Б.] ТАШТАЙТ. (İmam Şa'rani, Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, 496)*

*Душмандык менен кекенүүнү да жоготот... ИДИШ СУУГА ТОЛГОН СЫЯКТУУ ЖЕР ЖҮЗҮ ТЫНЧТЫККА ТОЛОТ. Дин биримдиги да болот, андан соң Аллахтан башкага сыйынылбайт. СОГУШ ДА САЛМАКТАРЫН ТАШТАЙТ. (Sünen-i İbn-i Mace, 10/334)*

*Эч кимдин арасында бир душмандык калбайт. Жана бүт ДУШМАНДЫКТАР, УРУШТАР, КЫЗГАНЫЧТЫКТАР СӨЗСҮЗ ЖОГОЛОТ. (İmam Şa'rani, Ölüm-Kıyamet-Ahiret ve Ahirzaman Alametleri, 496)*

# Аз. Мехди (ас) доорунда жамандыктар жоголуп, ордуна жакшылыктар келет:

*Анын (Аз. Мехди (ас)) доорунда ЖАКШЫ АДАМДАРДЫН ЖАКШЫЛЫГЫ КӨБӨЙӨТ, ЖАМАНДАРГА ДА ЖАКШЫЛЫК КЫЛЫНАТ. (Kitab-ul Burhan fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, 17-б.)*

*Идиш сууга толгон сыяктуу жер жүзү тынчтыкка толот. Эч кимдин арасында бир ДУШМАНДЫК КАЛБАЙТ. ЖАНА БҮТ ДУШМАНДЫКТАР, УРУШТАР, КЫЗГАНЫЧТЫКТАР СӨЗСҮЗ ЖОГОЛОТ. (Sahih-i Müslim, 1/136)*

# Аз. Мехди (ас) доорунда согуштардын токтошу Тооротто да кабар берилген:

*... Акыркы күндөрү... Теңир көп элдердин арасындагы келишпестиктерди жойот... Эл элге кылыч көтөрбөйт, согуш таалимин да андан соң кылбай калышат. (Исаия, 2:2-4; Михей, 4:1-3)*

*Согуш унааларын Эфрайымдан, аттарды Иерусалимден алыстатам. Согуш жаалары сынат... (Захария, 9:10)*

*Ал доордо [Аз. Мехди (ас) доорунда] ачарчылык же согуш, кызганычтык же душмандык болбойт... (Маймонид, Мишна Тора, Хандардын мыйзамдары 12:5)*

*... Өлкөдөн жааны да, кылычты да, согушту да жок кылам, аларды коопсуз жашай турган кылам.* *(Осия, 2:18)*

*... Жериңерге бейпилдик берем. Уктап жатканыңарда эч ким тынчыңарды албайт... Эч кандай согуш көрбөйсүңөр.* *(Лебилер, 26:5-6)*

*«... Чогулткан курал-жарактарын өрттөшөт. Чоң-кичине калкандарды, жааларды, окторду, таяктарды, жебелерди отко таштаашат... Күйгүзүү үчүн курал-жарактарды колдонушат...» Өкүмдар Теңир ушундай дейт. (Жезекиел, 39:9-10)*

*... Адамдар кылычтарын балка менен уруп соко темири, жебелерин багбан бычагы кылышат... (Исаия, 2:4; Михей, 4:3)*

Ошондуктан Аз. Мехди (ас) менен Аз. Иса (ас) доорунда кан жок. Согуштар жок. Дажжалдын фитнасы токтотулат. Элдерге, өлкөлөргө тынчтык келет. Ал доордо эч ким согушту көздөбөйт. Себеби согуштун түпкү себеби болгон жалган ишенимдер, дарвинисттик-материалисттик көз-караш жана бул калпычы көз-караш себеп болгон өз кызыкчылыгын ойлоо, өзүмчүлдүк жана таш боордук жоголот. Адамдарды чыныгы динчилдиктен алыстаткан радикалдуу дин жана идеологиялар жок болот жана натыйжада зомбулук менен сүйүүсүздүктүн түпкү идеологиясы жок болот. Аз. Мехди (ас) жана Аз. Иса (ас)дын келиши менен боло турган Алтын Кылым дүйнөнүн эң бактылуу, эң бейпил, эң тынч жана эң молчулук доору болот. Аз. Мехди (ас) чыкты. Аз. Иса (ас) болсо асмандан түштү, учурда көрүнөөр убактысы күтүлүүдө. Жашыруун өз кызматын ишке ашырып баштады. Бул эки куттуу инсан тең дажжалдын фитнасына каршы илимий күрөштөрүн азыр жүргүзүп жатышат. Мындан ары тынчтык менен бейпилдикти көздөй барабыз. Мындан ары согуш жок. Христиандар күткөн Армагеддон согушу шайтан бүт дүйнөнү кыйраткан, дажжал дарвинизм жана коммунизм фитнасы менен дүйнөнү каптаган өткөн жылдары болуп бүттү. Өтө аз сандагы Христиан гана муну түшүнүүдө.

# Армагеддон сценарийлеринин артындагы тымызын пландар

Кээ бир Христиандар Инжилде Аз. Месих чыгаар убакта болоору айтылган Армагеддон согушу учурунда аттардын тизгиндерине чейин жете турган көлөмдө кан төгүлөт дешет. Ал согушта жети жылга созула турган бир кыйынчылык доору болоорун, согуштарда Иудейлердин төрттөн үчүнүн Мусулмандар тарабынан жок кылынаарын, Израил жана бир катар Ортоңку чыгыш жерлеринин толугу менен кыйратылаарын, булардын баарынын Аз. Иса (ас)дын чыгышы үчүн маанилүү бир ишарат болоорун айтышат.

Бул үрөй учура турган сценарий боюнча, Иудейлер Мусулмандарды «Армагеддон» деп аталган согушта жеңмейинче, Аз. Иса (ас) жер жүзүнө кайра келбейт. Ушул себептен кээ бир Христиандар Аз. Иса (ас) жер жүзүнө кайтышы үчүн бул чоң согуштун чыгышын жана согушта Иудейлердин жеңишин шарт катары көрүшүүдө. Ал согуш бүткөн соң болсо Аз. Иса (ас)га ыйман кылган 144000 Иудейден тышкары бүт Иудейлердин кырылышы күтүлүүдө. Ал кандуу согуштардын натыйжасында бүт Мусулмандардын жана дээрлик бүт Иудейлердин жок кылынаарына; Аз. Иса (ас)га моюн сунган Христиандар менен тандалган 144000 Иудейдин гана кутулууга жетээрине ишенишүүдө.

Ал евангелист Христиандар Инжилде акыр заманда болоору билдирилген жана терең сүрөттөлгөн Армагеддон согушун бүтүндөй туура эмес чечмелешүүдө. Жана бул туура эмес ишенимдин бир талабы катары учурда Ортоңку чыгышта тынымсыз кан агышын, бир туугандын бир тууган менен согушушун жана эч түгөнбөгөн жаңжалдарды Аз. Иса (ас)дын келиши үчүн сөзсүз зарыл бир шарт дешүүдө. Түркиянын түштүк-

чыгышын камтыган, ошондой эле Ирак менен Сирияны ичине алган жана Ортоңку чыгышка чейин созулган чоң аймакта, өз ишенимдери боюнча, Иудейлердин көпчүлүгү кырылып, кан селдей ага турган бир жырткычтык үчүн даярданышууда. Бул согуш күтүүсү евангелист Христиандардын көпчүлүгү үчүн артка кайткыс бир максат, күн өткөн сайын күчтөнгөн бир мүдөөгө айланган, себеби алардын туура эмес ишеними боюнча, Аз. Иса (ас) чыгышы үчүн Армагеддондун болушу, бул аймактын эртерээк канга бөлөнүшү зарыл.

Мындай күтүүнүн бир натыйжасы катары кээ бир Христиандар дүйнөдө болуп жаткан согуш, уруш жана пикир келишпестиктерди токтотуунун ордуна, **кан төгүлүшүнө шарт түзө турган саясаттарга колдоо көрсөтүп, ал тургай өлкөлөрдү согушка күүлөшүүдө.** Бул жырткычтыкты өз ойлорунда бир «башталгычтын жарчысы» катары көрүшүп, Аз. Иса (ас) келиши үчүн бул жырткычтыкка колдоо көрсөтүшүбүз керек деген жаңылыш пикирге ишенишүүдө.

Мусулмандарды согуш менен кыргын тараптарындай көрсөтүүгө, өздөрүн болсо сүйүү жана тынчтык тараптары көрсөтүүгө аракеттенген кээ бир Христиандардын мынчалык көксөп согуш күтүп жатышы өтө кызык. Чындыгында болсо, Ислам ишеними боюнча, акыр заманда Аз. Иса (ас)дын алдында чыга турган жана Аз. Иса (ас) менен бирге бүт дүйнөгө Ислам ахлагын орното турган **Аз. Мехди (ас) доорунда согуштардын болбошун сүйүнчүлөгөн киши – бул Ислам Пайгамбары Аз. Мухаммед (сав).** Б.а. Христиандардын дүйнө жүзүндө жүргүзгөн пропагандасынын тескерисинче, чындыгында тынчтык, бейпилдик, адилеттик, боорукердик жана сүйүү тараптары бир акыр заман ишеними болгон дин – бул Ислам.

Куранга да, Инжилге да, Тооротко да эч туура келбеген, Аллах эч ыраазы болбой турган бул кандуу сценарий бул Христиандар тарабынан Аллахтын убадасы жана акыр заман үчүн жазган тагдыры деп айтылып, көп убакыттан бери Христиандардын көпчүлүгү бул сценарий менен алданып келишти.

Чындыгында болсо көп жылдардан бери ишке ашырылып келе жаткан бул кандуу сценарийде өтө караңгы бир оюн жана аягы балээ менен бүтө турган чоң бир алдамчылык бар. Оюнду ойногон тарап – бул өтө кандуу жана өтө чектен чыккан максаттарын ишке ашырууга аракеттенген дажжал тараптарлары. Кээ бир Христиандардын Аз. Иса (ас)дын кайтышы үчүн миллиондогон адамдын канынын төгүлүшүн, өлкөлөрдүн кыйрашын сөзсүз зарыл болгон бир шарт деп жакташы жана өтө капылеттик менен бүт Мусулмандар өтө толкунданып күткөн куттуу Аз. Мехди (ас)дын чыгышын дажжалият деп көрсөтүүгө аракеттениши – чындыгында дажжал идеологиясынын дал өзү.

Бул сценарийде жаңылган тарап – бурмаланган Инжил тексттериндеги кээ бир баяндарды туура эмес чечмелеп, аттардын тизгинине чейин кан төгүлүшүн толкунданып күткөн бир катар евангелист Христиандар. Көп жылдар бою бүт дүйнөнү канга булаган дажжалият бүт адамзатка коркунуч жараткан бул караңгы оюн аркылуу кайрадан кан каалап жатат жана кишилерди алдай алышынча бул согушта өз аскерлери кылып даярдап жатат.

Бул – дүйнөдө жашыруун бир уюм жана өкүмдарлык курууну каалаган топтордун Христиандыкты жамынып Инжилдин кийин кошулган же туура эмес чечмеленген кээ бир бөлүмдөрүн далил көрсөтүп ойногон бир оюну. Бул оюнду динчил көрүнүп ойношууда. Дажжал армиясы тарыхта да көп жолу колдонуп, көп жолу ийгиликке жеткен бул оюнду кайра ойноодон тартынбоодо. Алардын максаты – **динчил Мусулман, Христиан жана Иудейлердин бир тууган болушунун;** дарвинизмге, материализмге, атеизмге каршы **чогуу** илимий-пикирдик күрөш жүргүзүшүнүн алдын алуу.

Көп убакыт бою ойнолгон бул оюн натыйжасында динчилдер күчтөрүн жоготуп, дажжалияттын жактоочулары болсо күчтөнгөн, жана натыйжада руханий баалуулуктарды жокко чыгарган, өзүмчүлдүктү жалгыз баалуулук деп кабыл алган, жашоону эч түгөнгүс бир күрөш жана күчтүүлөр гана жашай турган бир арена деп көрсөткөн дарвинисттик жана материалисттик идеологияны оңой гана жайа алышкан. Армагеддон учурда бул топтордун эң жырткыч планы. Бул оюнду билбегендердин тынчтык жана сүйүү дини болгон Ислам динине карата канчалык туура эмес пикирде болоору да түшүнүктүү.

# Исламга карата терс көз-караш – пландуу өнүктүрүлгөн бир сценарий

Кээ бир Инжил тексттерин далил көрсөтүп адамдардын чоң бир согуш күтүшүнө шарт түзгөн кээ бир дажжалдык топтор иштеп чыккан бул кандуу акыр заман сценарийи аркылуу негизи Исламга карата туура эмес бир көз-карашты пайда кылууга аракеттенишүүдө. Согуш сценарийин колдогон кээ бир видео материалдар, жалган кабарлар, бир тараптуу жоромолдор жана провокациялар аркылуу чын ниеттүү Мусулмандарды дажжал деп көрсөтүү аракетин кылышууда. Дүйнөдө учурда бир катар евангелист Христиандардын Исламга карата душмандык мамилелеринин жана стереотиптүү көз-караштa болушунун түпкү себеби мына ушунда. Ал кишилер өздөрүн динчил көрсөтүп акыр заман ишенимдерин Инжилден алдык дешип, бүт адамдар тынчтык жана бейпилдик ичинде жашай турган бир дүйнөнү сүрөттөгөн Ислам дининде такыр болбогон согуш жана зулумдук өкүмдөрүн өз ойлорунда Исламга жүктөөгө аракеттенишүүдө. Ал топтордун максаты – көңүл чордонун Мусулмандарга буруп, согуштарды күчөткөн өз тараптарларын жана Ортоңку чыгышта чоң бир согуш чыгарууну көздөгөн саясатын чүмбөттөө; жана атеизмге, динсиздикке жана материализмге каршы өтө чоң күч боло ала турган Ахли Китап (Иудей жана Христиандар) менен Мусулмандардын биримдигине кандай болсо да жолтоо болуу.

Бул оюндун натыйжасында чын ниеттүү динчил Христиандардын бир бөлүгү Исламды туура эмес таанып, туура эмес чечмелеп, Исламдын сулуулуктун, тынчтыктын жана сүйүүнүн дини экенинен кабарсыз калышууда. Бул оюн ошондой эле Мусулмандар менен Христиандар арасында жасалма бир бөлүнүүчүлүккө да себеп болууда. Бул тымызын пландын натыйжасында бир Аллахка ишенген чын ниеттүү динчилдер биримдикте боло албай, ал тургай тескерисинче араларында жасалма бир бөлүнүүчүлүк жана душмандык пайда болууда. Мындай абал бүт дүйнөгө динсиздикти, дарвинизмди, анархияны, зулумдукту, согуштарды, кылмыштарды, адеп-ахлактык бузулууну жайууну каалаган дажжал системасынын тымызын иш-аракеттерин жүргүзүшүнө эң ылайыктуу шартты түзүүдө. Үч чоң диндин өкүлдөрү, б.а. Мусулмандар, Христиандар жана Иудейлер бир-бири менен күрөшүп жатканда, бош майдан аларга калууда.

Ыймандуулардын күч жоготушу дажжал тараптарларынын күчтөнүшү деген мааниге келет. Ушул себептен дажжал тараптарларынын атеизмди, материализмди жана адеп-ахлактык бузулууну жайа алышы, өз идеологияларын күчтөндүрүшү үчүн ыймандуулар алсыз жана өз араларында бөлүнүп-жарылышы керек болууда. Дажжал тараптарларынын чын ниеттүү динчилдердин арасындагы биримдикти бузуу жана аларды бөлүү үчүн мынчалык аракеттенишинин себеби ушул. Ойнолгон бул тымызын оюндун натыйжасында динчил Христиандар да негизи байкабастан жана албетте каалабастан ал топтордун атеизмди жайуу саясатына курал болуп беришүүдө.

Бул караңгы оюнга карата бүт чыныгы динчилдер өтө этият болуп, биримдик жана ынтымакта, Аллах ишенимине каршы чыккан жана адамдарды дин ахлагынан алыстатууга аракеттенген идеологияларга каршы негизги илимий-пикирдик күрөштү эртерээк жүргүзүшү зарыл. Адамдардын тынчтык жана бейпилдикте, адилеттик жана коопсуздукта жашашынын алдындагы эң чоң коркунучтун атеизмди жайылтуу максатын көздөгөн дажжал системасы жана анын башкаруусундагы дарвинизм, материализм сыяктуу бузуку идеологиялар экенин эч унутпаш керек.

Муну белгилөө керек: Инжилдеги дажжал сүрөттөөсү Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)дан риваят кылынган хадистерге толук дал келет. Ошондуктан Ислам булактарында сүрөттөлгөн жана Мусулман ааламы кылымдардан бери күткөн дажжал менен Христиан ааламы күткөн дажжалдын өзгөчөлүктөрү бирдей; бирдей алдоо ыкмаларын колдонот, бирдей бузуку идеологияларды жайылтуу үчүн күрөшөт. Башкача айтканда,

Христиандардын экөөнүн орток душманы болгон дажжалга каршы Мусулмандар менен бирге күрөшүшү эң туура болот.

## Армагеддон болуп бүттү

Кээ бир евангелист Христиандардын, жогоруда каралган, армагеддон жөнүндөгү чечмелөө жана жоромолдору бүтүндөй туура эмес. **Келечекте болот деп айтылган армагеддон негизи көп жыл мурда болуп бүттү. Армагеддон согушу – бул бир канча жыл мурда болуп өткөн Ирак согушу.** Ислам булактарында да, Христиан булактарында да айтылган алааматтар муну толук тастыктайт. «Чоң жана кандуу бир согуш болот» деген дажжал тараптары топтор да бул чындыкты өтө жакшы билишет, бирок атайылап адамдардан жашырышууда.

Ирак 2003-жылы АКШ, Англия, Австралия, Испания, Дания жана Польшадан келген аскерлер тарабынан басып алынган. Бул басып алуу учурунда Мусулмандардан да, Христиан же башка динди тутунган адамдардан да катардагы жаран жана аскерлерден болуп өтө көп адам шейит кылынган же өлтүрүлгөн.

Инжилде Ирактын акыр заманда басып алынышы төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

> ***Бүт жер жүзүндөгү көпөстөр аны (Бабил*) жоктоп ыйлашат, анткени алардын дүнүйө-мүлктөрүн эми эч ким сатып албайт.*** *Алтын менен күмүштөн жасалган буюмдарын, асыл таштарын, берметин, зыгыр буласын, кочкул кызыл жана ачык кызыл кездемелерин, жибектерин, ар кандай жыпар жыттуу жыгачтарын, пилдин сөөгүнөн, эң кымбат жыгачтан, жезден, темирден жана мармардан жасалган ар кандай буюмдарын, дарчиндерин, жыпар жыттуу заттарын, миросун, ладанын, шарабын, зайтун майын, ак унун, буудайын, малын, койлорун, аттарын жана арабаларын, кулдарын, адамдардын жандарын эми эч ким сатып албайт. "Өзүң жактырган жемиштериң калбай калды, баалуу жана жаркыраган нерселериңдин баарынан ажырадың, эми сен аларды таба албайсың" дешет... Ушулардын баары менен соода кылгандар, ушул шаардын аркасы менен байыгандар* ***анын кыйналганын көрүп, коркчондорунан жакын бара албай****, жоктоп ыйлап, мындай дешет: "Башыңа каран түн түштү, зыгыр буласынан, кочкул кызыл жана ачык кызыл кездемеден кийим кийип, алтын менен, асыл таштар жана бермет менен жасалгаланган улуу шаар, башыңа каран түн түштү! Анткени* ***ушундай байлык бир сааттын ичинде жок болду****". Кеме башкаруучулар менен кеме жүргүнчүлөрүнүн бардыгы, кемечилер жана деңиз аркылуу соода кылган соодагерлер алыста туруп алып, анын өрттүнөн чыккан түтүндү карап: "****Ушул улуу шаарга (Бабил) тең келген шаар бар беле****!" – деп боздошот. Алар баштарына күл чачып, боздоп ыйлап: "Башыңа каран түн түштү, улуу шаар! Деңизде кемеси барлардын бардыгы сенин байлыктарың менен байышчу эле!* ***Бир сааттын ичинде кыйрадың****", – дешет.* ***... «Улуу шаар Бабил да мына ушундай күч менен ташталат...*** *Сенин соодагерлериң дүйнөнүн атактуулары эле.» (Аяндар, 18:11-21)*

Ирактын башка өлкөлөр тарабынан басып алынышы, Иракта боло турган кыргын жана армагеддон согушу хадистерде да өтө терең кабар берилген:

> *«Акыр заманда* ***Багдад оттор менен жок кылынат****...» (Risalet-ül Huruc-ül Mehdi, том 3, 177-бет)*

Ирак басып алынган күндөн баштап Багдад эң көп бомбаланган шаарлардын бири болгон. Оор бомбалоо түндөлөрү Багдаддын дал хадисте айтылгандай жалындап күйүшүнө себеп болгон. Багдаддын гезит жана телевизор кабарларына чыккан сүрөттөрү жогорудагы хадисте көңүл бурулган окуяга толук дал келет.

> *Расулуллах (сав) мындай деген: «...Ушундай балээ жана окуялар болот; эч ким жашына турган бир жер таба албайт.* ***Ал балээлер Шамдын (Дамаск) айланасында жортуп, Ирактын үстүнө түшөт.***

---

* *Бабил: Учурдагы Ирактын борбору Багдадга жакын жерде жайгашкан байыркы бир шаардын аты.*

*Арабистан жарым аралынын колу менен бутун байлайт... Алар балээни бир тарапта токтотууга аракеттенип жатканда, башка тараптан ал кайра чыгат.» (Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame kısm-ul efal, т.5, б. 38-39)*

Хадисте айтылган *«балээлердин Шамдын айланасында жортуп, Ирактын үстүнө түшүшү»* Американын акыркы Иракты басып алышы учурунда болду.

*«... **Иракка кол салынмайынча кыямат келбейт**. Жана Ирактагы күнөөсүз адамдар Шамды (Дамаск) көздөй башпаана издешет. Шам кайрадан түзүлөт, Ирак да кайрадан түзүлөт.» (Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame kısm-ul efal, т. 5, б. 254)*

Хадисте Ирактын кайрадан курулаарына көңүл бурулууда. Ирак басып алынган соң Иракта көп шаарлар жер менен жексен болду. Согуштан кийинки талап-тоноолордун да натыйжасында бир урандыга айланган Ирактын кайрадан түзүлүшү мажбурлуу болуп калган.

*«Ирак эли үч топко бөлүнөт. Бир бөлүгү талоончуларга (мародер) кошулат. Бир бөлүгү үй-бүлөлөрүн таштап качышат. **Бир бөлүгү согушуп, өлтүрүлүшөт. Силер муну көргөнүңөрдө кыяматка даярдангыла.»** (Yusuf el-Makdisi, Fera İdu Fevaidi'l Fikr Fi'l İmam El-Mehdi El-Muntazar)*

Хадисте кабар берилгендей, Ирак басып алынган соң элдин бир тобу «талоончуларга» кошулат. Чындап эле Ирак согушу учурунда элдин бир бөлүгү басып алуудан соң уурулук, талап-тоноочулук сыяктуу «талоончулук (мародерлук)» деп атоого боло турган иштерди жасагандарга кошулушкан. Хадисте элдин бир бөлүгүнүн зулумдуктардан улам мекенинен эртерээк качууга аракеттенээри, ал тургай артта калган үй-бүлөлөрүн да ойлоно албай турган абалда болоору кабар берилген. Хадисте элдин бир бөлүгүнүн болсо согушка катышып, өлтүрүлөөрү айтылган. Ирактын басып алынышы учурунда көп кагылышуулар болуп, көп санда адам өмүрүнөн ажыраган.

***«Күнөөсүз жана таза Ирак эли Шамга (Дамаскка) качат».** (Risalet-ül Huruc-ül Mehdi, б. 210)*

Ирактын басып алынышы башталаардан мурда жана басып алуудан соң он миңдеген иракттыктын Сирия баш болуп башка өлкөлөргө көчүшү бул хадистеги окуяга өтө окшошот.

*Эбу Надре (р.а.) айтты; Жабир (р.а.)тын жанында элек, мындай деди: «Ушундай бир убак келатат; Ирак тургундарына бир кафиз (өлчөм), бир дирхам (бир салмак өлчөмү) берилбейт». «Бул кимден улам болот» дедик. **«Ажемдер (Арап эместер) муну тосушат»** деди. Анан: «Шам (Дамаск) тургундарына бир динар, бир мүдй (кило, бир өлчөө бирдиги) берилбейт» деди. «Бул кимден улам болот» дедик. **«Румдардан (гректерден) улам»** деди. (Et-Tac, Ali Nâsıf el-Hüseyni)*

Ирак Мусулман эмес чет өлкөлөр тарабынан басып алынган жана андан соң хадисте айтылгандай, чет өлкөлөр тарабынан Иракка көп убакыт бою эмбарго жасалган.

***«Иракка өлчөмү жана дирхамы берилбейт.** Шамга да өлчөмү жана динары берилбейт. Египетке өлчөмү жана динары берилбейт. Баштаган жериңерге кайтасыңар» деди жана үч жолу кайталады. Буга Эбу Хурейренин эти менен каны күбө болду.» (Müslim, Fiten 33, (2896); Ebu Davud, Harac 29, (3035))*

*«Ирактыктардын колунда өлчөй турган бир таразасы жана соода кыла турган бир акчасы дээрлик калбайт.» (Kenzul Ummal, Kitab-ul kıyame kısm-ul efal, т.5, б. 45)*

Хадистерде айтылгандай, басып алуудан чоң зыян тарткан Ирак экономикасы жана чет өлкөлөр тарабынан жасалган эмбарголор себебинен эл жакырлап, жокчулук жана жакырчылык эң негизги көйгөйлөрдүн бири болуп калган. Ирак басып алынган соң Ирак динары айлануудан алып салынган.

Инжил тексттеринен жана Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерден да апачык көрүнүп тургандай, Иракта болгон согуш армагеддон жөнүндөгү бүт сүрөттөөлөргө туура келүүдө. Армагеддон Азрети

Иса (ас) менен Азрети Мехди (ас) чыгаардан мурда жер жүзүндө боло турган акыр заман алааматтарынын бири. Армагеддон жөнүндө иштеп чыгарылган бүт оюндар Аз. Мехди (ас)дын келиши менен бузулат. Дажжал очокторунун көмөкчүсүнө айлантылган бир катар Мусулман жана Христиандардын кан жана согуш күтүүлөрү текке кетет.

**ЧЫНЫГЫ МУСУЛМАНДАР, ЧЫНЫГЫ ХРИСТИАНДАР ЖАНА ЧЫНЫГЫ ИУДЕЙЛЕР ТЫНЧТЫК ТЕМАСЫНДА БИРИМДИККЕ КЕЛИШИП, ЧОГУУ АЛЛАХТЫН АТЫН УЛУУЛАШАТ.** Аз. Мехди (ас) чыккан доор, бүт мындай үрөй учурган сценарийлердин тескерисинче, СҮЙҮҮНҮН, ТЫНЧТЫКТЫН, БЕЙПИЛДИКТИН, КООПСУЗДУКТУН ДООРУ БОЛОТ.

Аз. Мехди (ас) доорунда СОГУШТАР, КЫРГЫНДАР ТОКТОЙТ. КЫЛМЫШ ЖАСАЛБАЙ КАЛАТ, ТҮРМӨЛӨР ДА БОШОП КАЛАТ. Танка, ок, мылтыктар ээритилип жок кылынат.

**Аз. Мехди (ас) доорунда согуш, кагылышуулар мындай турсун, БИР АДАМДЫН МУРДУ ДА КАНАБАЙТ.** Аз. Мехди (ас) боорукердиги, сүйүүсү, адилеттиги, сонун адеп-ахлагы менен бүт дүйнөнү бир туугандыкка, тынчтык жана сүйүүгө багыттап, дүйнө тынчтык менен молчулук өкүм сүргөн, адамдар немат-жакшылык жана бейпилдик ичинде жашаган АЛТЫН КЫЛЫМга кирет.

Улуу Аллах үч динде тең сүйүүнү, тынчтыкты жана бир туугандыкты мактап, даңктаган. Аллах бүт ыймандууларга бир мээрим катары кабар берген Аз. Мехди (а.с.) доорун бир кыргын жана жырткычтык доорундай көрсөтүүгө аракеттенген бузуку көз-караштын дажжалдын бир оюну экенин билүү керек. Чын ниеттүү ар бир Мусулман жана ар бир Христиан акыл калчап ойлонуп, ойнолуп жаткан оюнду байкашы зарыл.

# 7-БӨЛҮМ

# КЭЭ БИР ХРИСТИАНДАРДЫН МУСУЛМАНДАР ЖӨНҮНДӨ ЖАҢЫЛЫШ КӨЗ-КАРАШТАРЫ

Бир диндин талаптарын аткарып жаткандай көрүнүп, бирок чындыгында ал динге кийин кошулган кошумчаларга моюн сунган, ал тургай, кошумчаларды өзү чыгарган киши «фанат» деп аталат. Ар кайсы диндин ичинде фанаттар болушу мүмкүн. Фанат бир адамдын эң негизги өзгөчөлүгү – бул анын өзү тутунган диндин өкүмдөрү боюнча жашоону четке кагышы, ал тургай, ал дин койгон жоопкерчиликтерди кабыл албашы, өз оюнан чыгарган бир дин түшүнүгүн кабыл алышы жана аны өзүнө жана элдерге кабыл алдырууга аракеттениши. Ошондуктан фанат бир адам үчүн динде жок нерселерди оңой гана динге кошууга болот. Динге туура келбеген нерселер уялбастан жасалышы мүмкүн, ал тургай, динди жамынып кылмыштар жасалышы, элдер караңгылыкка түртүлүшү мүмкүн, кысымчылык көрсөтүлүп, сүйүүнү алдыңкы планга чыгарган акыйкат диндер жек көрүү диндериндей көрсөтүлүшү мүмкүн. Мына ушул себептен бир фанат өтө кооптуу.

Бир аз мурда да айтылгандай, фанат ар кайсы динден чыгышы мүмкүн. Христиан фанаттар чыгып, Христиандыкты такыр башкача көрсөтүп, бул сүйүү динин бир жек көрүү дининдей көрсөткөн сыяктуу, Исламды чыныгысынан башкача көрсөтүүгө аракет кылгандар да – бул фанаттар. Ислам атын жамынып кекенүү, жек көрүү, өзүн-өзү өлтүрүү, кыргын сыяктуу түшүнүктөр менен эскерилген; илимге, искусствого, сонун нерселердин баарына каршы болгон; немат-жакшылыктардан ырахат ала албаган жана Христиан менен Иудейлерге душман мамилесин кылган көз-караш – Мусулмандардын эмес, фанаттардын көз-карашы. Көп адамдар муну Ислам деп түшүнүп аны сындашууда жана ушул себептен Исламга каршы болушууда. Чындыгында болсо каршы чыгыла турган нерсе – Ислам эмес, фанатизм, радикалдуу көз-караш.

## Радикализм – бул Куранга карама-каршы, сүйүүсүз системанын аты

Ислам динине жүктөөгө аракет кылынган караңгы жана кан төгүүчү көз-караш – чындыгында Мусулмандык эмес, фанатизм. Бул динди жамынып радикализмди жактоо дегенди билдирет. **Фанат киши, б.а. радикалдуу киши сүйүүнү билбейт, жүрөгү капкара, фанат жана түшүнүгү жок. Ар кандай сулуулукка, коздукка, искусствого, илимге каршы. Жашоого каршы; кубанычка, сүйүнүчкө, бактылуулукка каршы.**

**Фанаттык маанайдагы бир киши ар кандай сулуулукка жек көрүү менен карайт.** Гүлдү жек көрөт, жаш баланы жек көрөт, мышыкты, итти, койонду жек көрөт. Ичи жана жүрөгү бопбош. Жүрөгүндө кыпындай да сүйүү жок. Адамды барктабайт, эч бир жандыкка маани бербейт. Эстүүлүк, боорукердик, мээрим деген түшүнүктөр алардан алыс.

Булардын натыйжасында бир фанат **аялды да жек көрөт**. Кээ бир кишилер тарабынан Исламга жүктөөгө аракет кылынган аял душмандыгы – чындыгында аялды эң көп барктаган, аялды даңктап коргогон Исламдын эмес, фанат жана радикалдардын өзгөчөлүгү. (Бул кийинчерээк терең каралат)

Фанат көз-караштагы бир киши эч кимди сүйбөгөн сыяктуу, өзү да жактырылбайт. Бүт адамдар бир фанаттын бар болушунан, көз-карашынан, жашоо формасынан, ой-пикирлеринен тынчсызданат. Ал тургай, фанаттык көз-караштагы башка фанаттар да жек көрүшөт. Эч качан биримдикте, достук жана бейпилдикте болушпайт. Бул, албетте, алардын Курандан алыс жашашы себептүү.

Бул жерде кайрадан баса белгилеп кетүү керек: бир фанат же башкача айтканда бир радикалдуу адам ар кайсы динде, ар кайсы коомдо болушу мүмкүн. Мусулмандардын эле эмес, Христиан жана Иудейлердин арасында да динди чыныгы абалынан алыстатууга аракеттенген, Аллахка ишенүүдөн келип чыккан кубаныч менен сүйүүнүн ордуна капкараңгы жана кан төгүүчү бир маанайды орнотууга аракеттенген адамдар кездешет. Бул жерде Мусулмандар арасына кирүүгө аракеттенген фанаттар тобунан сөз кылынууда.

Бир фанат кайсы топтон же кайсы динден болбосун, бир эле кир жана караңгы пикирдин өкүлү болот. **Мындай үрөй учуруучу маанайдын бир натыйжасы катары фанаттык көз-караштагы бир киши дайыма <u>кан каалайт</u>. Бүт жерде кан издейт. Кан жана зулумдук менен гана көңүлү тынчтанат.** Ичиндеги жек көрүүнү кан төгүү, жамандык менен гана чыгарат. Исламдын атын жамынып чыгып кан төгүүнү жактаган, Христиандарга, Иудейлерге, ал тургай, Мусулмандарга да душмандык менен жек көрүү чачкан кишилер – Куранда сүрөттөлгөн чыныгы МУСУЛМАНДАР ЭМЕС, дажжалияттын таасиринде калган ФАНАТТАР.

**Мына ушул себептерден улам Христиан бир туугандарыбыз фанаттарды чыныгы Мусулмандардан, фанаттык көз-карашты болсо чыныгы Ислам дининен өтө жакшы айырмалашы зарыл. Ошондо гана өздөрүнүн Ислам динине эмес, радикализмге каршы чыгып жатышканын түшүнүшөт.**

Анда Ислам эмне үчүн дүйнөдө фанаттар тарабынан такыр башкача көрсөтүлүүдө жана буга мүмкүндүк берилүүдө?

## Мусулман душмандыгын күчөткөн дажжалият менен радикализмдин байланышы

Мусулмандарга душмандыкты жайылтуу – дажжалдын негизги бир максаты. Себеби Ислам акыркы акыйкат дин жана Куран 1400 жылдан бери эч өзгөргөн жок. Аллахтын коргоосундагы Куран аяттары акыйкат диндин толук жашалышы үчүн жетиштүү. Куранга толук моюн сунуп жашалган чыныгы Ислам менен бекем жана күчтүү ыйман жаралат.

Мына ушул күчтүү ыйман, адамдардын барган сайын динчил болушу жана үч диндин ыймандуулары арасында күн өткөн сайын көмөктөшүүнүн өсүшү – дажжал үчүн чоң бир коркунуч. Ислам ахлагында маанилүү бир орду болгон биримдик-ынтымактан келип чыккан материалдык жана моралдык күч дажжалдын көп жылдар бою иштеп чыккан бүт шайтандык системаларын жана идеологияларын жок кыла алат. Дажжал Мусулмандардын баары биримдикте болгондо жана ал биримдик Иудей жана Христиандар менен биримдик курганда мунун дүйнөдө канчалык чоң күчкө айланаарын, философиясынын илимий жана пикирдик тараптан кантип кыйраарын өтө жакшы билет.

Дажжал системасынын алдыңкылары өздөрү түзгөн шайтандык системанын маңдайында турган бул руханий күчтүн бар экенин көптөн бери билишет. Көп жылдардан бери тымызын саясат жана стратегиялар менен түзгөн кандуу армагеддон планынын себеби да ушул. Бул план менен **чындыгында дарвинист жана атеист болгон бир катар кишилерди «Мусулман» деген ат менен террорист кылып өстүрүшүп, калп «Исламга кызмат» деген ат менен кыргындарга жөнөтүшкөн.** Ошондой эле, ал топтор күнөөсүз адамдарга карата жасалган кылмыш, кол салуу, кыргын, өзүн-өзү жардыруу сыяктуу Исламга бүтүндөй карама-каршы болгон түшүнүктөрдү Исламда бардай кылып көрсөтүшкөн. Ал тургай, Исламга карама-каршы келген пикирлерди ушунчалык жайышкандыктан, **өздөрүн Ислам аалымы деп көрсөткөн бир катар кишилер** да бүт диндер арасында боло

турган жана миллиондогон адамдын өлүмү менен аяктай турган бул кандуу согуш планын апачык жактай турган абалга келишкен. Жүз миңдеген кишини ынандырып, жүз миңдеген кишиге адам өлтүрүүнү, кыргын жасоону кадыресе көрсөтө алышкан. Болгондо да муну Аллах үчүн кылгандарына өздөрүн жана айланасындагы кишилерди ынандыра алышкан.

Бул китепте каралган армагеддон согушун күтүү сыяктуу Исламга жүктөөгө аракет кылынган кыргын жана согуш сценарийлери да ошол эле дажжал идеологиясынын чыгарганы. Дажжал бул ыкманы колдонуп ыймандуулар арасында бөлүнүүчүлүктү чыгарууну, аларды бир-бири менен уруштурууну, ыймандуулардын күчүн азайтууну жана ошентип өзүнүн бузуку пландарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк жана шарт түзүүнү максат кылган жана мында бир топ ийгиликке жете алды.

Муну эч унутпаш керек. Дажжал ыймандуулардын алдынан дайыма Аллахтын атын колдонуп чыккан. Ал эч качан өзүнүн жүзүн ачык билдирбейт. Ыймандууларды туура жолдон алыстатуу **үчүн сөзсүз динди жана динчил көрүнгөн бир катар адамдарды колдонот.** Мына ушул себептен дажжал динчил адамдарды бир топ таасири астына алып, өзүнүн шайтандык системасын колдой турган жана күчтөндүрө турган ар кандай негизсиз жана бузуку пикирлерди оңой гана жайылта алган.

**Исламга байланыштырууга аракет кылынган бузуку пикирлердин –булардын арасында Мусулмандардын Христиандарды жана Иудейлерди өлтүргүсү келиши, Мусулман эместерди эч жашаткысы келбеши, сүйүү жана боорукердиктен алыс болушу сыяктуу чындыкка сыйбас пикирлерди саноого болот- баары ойдон чыгарылган, негизсиз.**

Чыныгы бир тынчтыктын жана сүйүүнүн дини болгон Исламдын өзүн билбеген, Куран аяттарындагы бир туугандык, адилеттик, тынчтык, мээрим жана боорукердик жөнүндөгү аяттардан кабарсыз кишилер бул чындыкка сыйбас пикирлердин бузуку тараптарын байкай албашы мүмкүн. Дажжалдык очоктор Исламга жүктөөгө аракеттенген бул Ислам көрүнүшүнүн бузуку жана жалган экенин түшүнө алуу үчүн **Куран менен өкүм кылган, Курандын рухун билген, Куранды Пайгамбарыбыз (сав)дай түшүнгөн жана ишке ашырган** адамдар болуу керек. Эгер бир адам «фанат» болсо, б.а. Ислам динин бузуку кошумчалар менен чечмелеп, өз оюнда акыл менен логикага сыйбаган –ошол эле учурда Куранга да туура келбеген- өкүмдөрдү чыгарып, бир жеңилдик дини болгон Исламды оор, түшүнүксүз, конфликттүү, сүйүүсүз ж.б. сыяктуу көрсөтүп жатса, анда бул чындыкты түшүнүшү –Аллах кааламайынча- мүмкүн эмес. Эң негизгиси фанатизм – бир эле Ислам үчүн эмес, Христиандык жана Иудейлик үчүн да чоң бир коркунуч. Ошондуктан Исламга жүктөөгө аракет кылынган бузуку түшүнүктөрдүн негизин түшүнүү үчүн фанатизмдин Курандан жана жалпы эле бүт акыйкат диндерден канчалык алыс экенин жакшы түшүнүү керек.

## Фанаттар Куранды аткарышпайт жана аткартышпайт

Фанатизм, б.а. радикализм – **Исламга каршы дажжалдын эң чоң тараптарлары.** Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав) муну бир куттуу хадисинде мындайча кабар берген:

> *«Үммөтүмдөн башы чалмалуу жетимиш миң аалым киши дажжалды ээрчийт.» (İmam Ahmed Bin Hanbel, Müsned, б. 796)*

Пайгамбарыбыз (сав) хадисинде дажжалды ээрчий турган кишилерди сүрөттөп жатканда, өзгөчө **Мусулман үммөтүнүн ичинен чыга турган жана өзүн «аалым»дай көрсөтө турган** кишилерди айткан. Хадисте дажжал тараптары катары бүт Аллах досторуна каршы иш-аракет жүргүзгөн жана динге эң көп зыян тийгизген негизги топтун **өзүн Мусулман көрсөткөн фанаттар** экенине көңүл бурулууда.

Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав) бир куттуу хадисинде мындай дейт:

*«Акыр заманда «жаңылар» чыгат: мээлери иштебейт. Сүйлөгөндө өтө сулуу сүйлөшөт.* ***Куран окушат, бирок ыймандары тамактарынан ылдый өтпөйт...»*** *(Buhari, Sahih 3611, 5057, 6930, Müslim, 1066, Ebu Davud 4767, Ahmed bin Hanbel, Müsned 1, 81, 113, 131, 289; Tayalisi, el-Müsned, nr. 1984.)*

Куттуу хадисте айтылгандай, ал кишилер өтө кооз сүйлөгөн жана Куранды окуган кишилер болот; бирок «ыймандары тамактарынан өтпөйт», б.а. **Куранды негиз катары кабыл алышпайт.** Курандан сөз кылышат, бирок Куранга моюн сунбайт жана Куранга кошумчаларды кошуп өкүм чыгарышат. Курандын түшүндүрмөлөрүн жетишсиз көрүп, Ислам атынан өздөрү чыгарган динди ишке ашырышат.

Фанаттардын максаты – бул Куранды ишке ашыртпаш. Алар Куранда болбогон нерселерди Ислам динине кошууга аракеттенип, Куран аяттарында орун алган жана алардын жалган кошумчаларына туура келбеген өкүмдөрдү жана кеңештерди болсо четке кагышат.

Курандын сүйүүгө, боорукердикке, бир туугандыкка, биримдикке, тынчтыкка үндөшү, Куранда бүт жакшылык, сулуулуктардын макталышы, Курандын искусствого, илимге чакырышы аларды өтө ачуулантат. Куран ахлагы алып келе турган руханий сапаттуулук жана тереңдик, акылдуу, сулуу, модерн, сүйүүгө толгон Мусулман модели алардын ойдон чыгарылган динине эч туура келбейт. Мына ушул себептен дажжал өз оюнда Куранга таянган Ислам динине ичинен сокку уруу жана өз оюнда жок кылуу үчүн фанатизмди колдонууда. Бирок баса белгилеп айта кетүү керек: дажжалдын армиясынын маанилүү бөлүгүн ар кайсы динден чыккан жана өз диндерине да, бүт дүйнөгө да зыян тийгизүүнү көздөгөн фанаттар түзөт. Христиан фанаттар да, Иудей фанаттар да, Мусулман фанаттар да бир эле кандуу сценарий үчүн биригип, ал согуштун чыгышы жана дүйнөдөгү дажжалдык системанын жайылышы үчүн колдорунан келгендин баарын кылышууда.

Бул жерде дагы бир нерсени айта кетүү керек: чындап чын ниеттүү болгон, Улуу Аллахты чын жүрөгүнөн сүйгөн, сабатсыздыктан же алган туура эмес таалиминен улам Ислам дининде чындыгында болбогон пикирлерди жактаган кишилер болушу мүмкүн. Учурда дүйнөдөгү радикалдуу адамдардын көп бөлүгүн ушундай кишилер түзөт жана ал кишилерге сөзсүз мээрим менен тууранын түшүндүрүү керек. Алар – Курандын нуру менен агарганда сөзсүз тууранын жана акыйкатты кабыл ала турган кишилер. Улуу Аллах сөзсүз чын ниеттүү кулдарына туура жолду көрсөтөт.

## Фанатизм Христиандык үчүн да бир коркунуч

Жогоруда да айтылгандай, фанат ар кайсы динден чыгышы мүмкүн. Аз. Иса (ас)га өз ойлорунда зыян тийгизүүгө аракеттенгендер да – диндин атынан чыккан ошол доордун фанаттары эле.

Инжилде Аз. Иса (ас) эки жүздүүлөр, сокурлар жана жыландар деп кайрылган фанаттарды төмөнкүдөй ачык сүрөттөгөн:

*«Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Асман Падышачылыгына адамдардын кирүүсүнө тоскоолдук кыласыңар. Өзүңөр кирбейсиңер, киргиси келгендерди да киргизбейсиңер.»*

*«Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Ишенимиңерди бир адам болсо да кабыл алышы үчүн, жер-сууну айланып чыгасыңар. Кабыл алгандан кийин, аны өзүңөрдөн эки эсе ашып түшкөн тозоктук кыласыңар.»*

*«Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, силерге кайгы! Эки жүздүүлөр! Силер жалбыздан, анистен жана зиреден ондук бергениңер менен, мыйзамдагы эң негизги нерселерди: акыйкаттыкты, ырайымдуулукту жана ишенимди таштап койдуңар. Тигини да кылыш керек, бирок муну калтырбаш керек эле! Сокур жол башчылар! Чиркейди сүзүп бөлүп аласыңар, бирок төөнү жутасыңар!»*

*«Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Чөйчөгүңөр менен табагыңардын сыртын тазалайсыңар, бирок алардын ичи ачкөздүк менен адилетсиздикке толгон. Сокур фарисей! Адегенде чөйчөгүң менен табагыңдын ичин тазала, ошондо алардын сырты да таза болот.»*

*«Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Силер сыртынан кооз көрүнгөн, бирок ичи өлүктөрдүн сөөктөрүнө жана ар кандай ыпылас нерселерге толгон, акталган мүрзөлөргө окшошсуңар. Сыртыңардан адамдарга адил көрүнгөнүңөр менен, ичиңер эки жүздүүлүк менен жамандыкка толгон.»*

*«Жыландар, жылан тукумдары! Тозоктун жазасынан кантип качасыңар? Ошон үчүн силерге пайгамбарларды, даанышмандарды жана мыйзам окутуучуларды жиберип жатам. Силер болсо алардын кээ бирөөлөрүн өлтүрөсүңөр, ... кээ бирөөлөрүн синагогаларыңарда уруп-сабап, шаардан шаарга кууйсуңар. Адилеттүү Абылдын канынан тартып, ибадаткана менен курмандык чалынуучу жайдын ортосунда силер өлтүргөн Берехия уулу Захариянын канына чейинки адил адамдардын төгүлгөн каны силердин мойнуңарда! (Матфей 23: 13-35)*

## Христиандар фанатизмди чыныгы Ислам дини менен адаштырбашы керек

Куранда эч кандай орду болбогон; Исламды жамынып согуштарды чыгарган, зулумдук кылган, өзүн-өзү жардырып кол салган, өлтүрүү жана кан төгүүнү көздөгөн Мусулмандык модели Христиан менен Иудейлердин Ислам дини жөнүндө туура эмес ойдо болушуна себеп болууда.

Жогоруда да айтылгандай, **кан төгүүчү зулумдук системасын жактагандар чыныгы Исламдан, б.а. Куран ахлагынан бүтүндөй алыс.** Алар сабатсыздык менен өздөрү чыгарган негизсиз кошумчаларга жана жалган ишенимдерге толгон батыл (негизсиз, жалган) диндеринин бир талабы катары буларды жасашуууда. **Куранда сүйүүсүз, мээримсиз, согушчаак бир идеологияга эч орун жок.**

Куранда Раббибиз кайсы гана динден болбосун, фанатизмди жактаган, динди кошумчалар менен башаламан кылууга жана оор кылып койууга аракеттенген, Аллахтын аты менен адамдарды алдоого аракет кылган мындай кишилерди төмөнкүчө таанытат:

> **Алардан ушундайлар бар: тилдерин <u>Китепке карата ойнотушат</u>, силерди аны (андай окуп жаткандай көрүнгөнүн) китептен деп ойлошсун деп. <u>Чындыгында болсо ал китептен эмес</u>. «Бул Аллахтын Кабатынан» дешет. <u>Чындыгында болсо ал Аллах Кабатынан эмес. Өздөрү да билип туруп Аллахка карата (ушундай) жалган сүйлөшөт.</u> (Али Имран Сүрөсү, 78)**

Чыныгы Мусулмандык Аллах Куранда билдирген, куттуу Пайгамбарыбыз (сав) чечмелеген Ислам ахлагына моюн сунуу менен болот. Б.а. Мусулмандар кээ бир фанаттардын жалгандарына жана ойдон чыгарган сөздөрүнө карап эмес, **Куранга жана Пайгамбарыбыз (сав)дын сүннөтүнө карап жашоого милдеттүү.** Негизги критерий ойдон чыгарылгандар эмес, Куран менен сүннөт. Асры Саадет (Бакыт кылымы) убагында Куранга жана Пайгамбарыбыз (сав)дын жашоосуна карап жашалган Ислам – чыныгы Ислам. Пайгамбарыбыз (сав)дын өтө боорукер, сүйүүгө толгон, мээримдүү, акылдуу, искусствого, сулуулукка, кооздукка, тазалыкка, сылыктыкка өтө баа берген өмүрү ар бир Мусулман үчүн эң идеалдуу өрнөк. Ошондуктан **Мусулман эместердин Исламды чыныгысына карап эмес, кээ бир фанаттардын караңгы жашоосуна карап баалашы чоң жаңылыштык.**

Христиан бир туугандарыбыз төмөнкүлөрдү сөзсүз жакшы көңүл коюп окушу зарыл:

# 1- БӨЛҮМ

# Исламды зомбулук менен байланыштыруу чыныгы Исламды тааныбастыктан келип чыгат

Террордук кол салууларды, кыргындарды, өзүн-өзү жардыргандарды Исламга байланыштырган кээ бир кишилер дүйнөдө Исламды жамынып террор жасагандарды Мусулман деп ойлошуп жаңылышууда. Болгондо да ал кишилерди Курандын өкүмдөрүн аткарган чыныгы Мусулмандар деп ойлошууда. Чындыгында болсо ал кишилердин Ислам менен да, ыйык китебибиз Курани Керим менен да эч байланышы жок.

## Ислам дини террордук кол салууларга, кыргындарга, өзүн-өзү жардыргандарга жана ар кандай жырткычтыкка каргыш айтат

Учурда дүйнөгө таанылган жана өз өлкөлөрүндө заалымдыктарды жасаган террорист лидерлердин көпчүлүгү чындыгында провокация үчүн атайын даярдалган чалгындоо кызматынын (разведка) агенттери. Алар Америка жана Европадагы белгилүү чалгындоо кызматтарынын өкүлү жана түздөн-түз ошол уюмдардан буйрук алышат. Ал кишилердин баары материалисттик жана дарвинисттик билим алып өсүшкөн. Ал кишилер – Аллах буйруган чыныгы Ислам ахлагын өмүрлөрүндө эч качан жашабаган, Пайгамбарыбыз (сав)дын сүйүү жана боорукердикке толгон, мээримдүү, кечиримдүү жана адилеттүү адеп-ахлагынан алыс, **дарвинисттик пикирлердин таасиринде калган кишилер. Ал кишилердин өтө жаңылыш ою боюнча, жашоону улантуунун жана күчтүү болуунун жалгыз жолу – бул кагылышуу, согушуу. Зомбулук менен зулумдук жашоонун бир талабы, сүйүү, боорукердик жана мээрим сыяктуу сезимдер болсо адамды күчсүз көрсөтүүчү алсыздыктар.**

Кээ бир ибадаттарды аткарышы, кайсы бир Ислам өлкөсүнүн жараны болушу, паспортторунда Мусулман деп жазылышы чындыкты өзгөртпөйт. Ал кишилер бүтүндөй дарвинисттик дүйнө көз-карашындагы адамдар. Айланасындагы адамдарды да материалист-дарвинист көз-караш боюнча баалашат:

Алардын чоң жаңылыштыгы боюнча, «адамдар – бул бир аз көбүрөөк өнүккөн айбандар; рухтары жана өздүгү жок, эч кимдин алдында жоопкерчиликтүү эмес. Башка айбандар сыяктуу адам да өмүрүн улантуу үчүн өзүмчүл болууга, өзүн гана ойлоого мажбур. Бул айбандар тобунун ичинде алсыздар сөзсүз электен өтүп, жок кылынышы зарыл.» Албетте, мындай туура эмес көз-караштагы бир адамдын массалык кыргындарды жасашына тоскоол боло турган эч кандай адеп-ахлактык жана абийирдик бир себеп жок.

Бул террорист лидерлер чындыгында Америкада жана ар кайсы Европа өлкөлөрүндө Ислам ахлагынан алыс, «көпкөн, текебер» тарбия алган, түнкү клубдардан чыкпаган, Батыш маданиятынын терс жана адеп-ахлактык бузулган тараптарын өзүнө сиңирген атеисттик көз-караштагы кишилер. Бул жерде муну айта кетүү керек: бир адам дин ахлагын жашап баштай электе өмүрүн ар кандай өткөргөн болушу мүмкүн, муну сындоого болбойт. Ал кишинин чын ниеттен тообо кылып Аллах ишенимине кайтышы менен Аллахтын ал каталарын кечиришин үмүт кылууга болот. Бирок сөз болуп жаткан кишилердин жагдайы башка.

Ал кишилер кызмат кылаар убактысы келгенде, сакал коюп, ахли сүннөт бир Мусулман көрүнүшүнө кирип иштин башына өтүшөт. Бир катар чалгын уюмдарынын тымызын бөлүмдөрүнөн тиешелүү буйруктарды алып, аларга ылайык иш-аракеттерди эч ойлонбостон орундатышат. **Алардын Мусулмандык менен, Ислам менен эч кандай байланышы жок.** Алардын дини – Ислам эмес; материализм, дарвинизм. Куранга толук моюн сунган, чын ниеттүү Мусулмандардын Куранга карама-каршы болгон мындай зулумдук системасын колдошу жана анын бир бөлүгүнө айланышы мүмкүн эмес. **Дүйнөдө бул зулумдукту жасагандар – дарвинисттер, материалисттер, Сталинди идеал туткандар, Че Гевараны идеал туткандар, Ленинди идеал туткандар, Муссолинини идеал**

**туткандар, Гитлерди идеал туткандар жана Маону идеал туткандар.** Булар – кандуу материалисттердин, коммунисттердин, фашисттердин бузуку пикирлерин өз ойлорунда Исламды жамынып ишке ашырууга аракеттенген, дин ахлагынан бүтүндөй алыс көз-караштагы адамдар. Бир катар чөйрөлөр тарабынан куру доомат менен Ислам динине жүктөөгө аракет кылынган бул заалым система мына ушундайча иштейт.

Кээ бир Мусулмандар калп Ислам атынан жасалган мындай заалым иш-аракеттер чындыктарды чагылтпайт деши мүмкүн жана муну бүтүндөй танышы мүмкүн. Чындыгында болсо эң туурасы – андай иш-аракеттерди тануу эмес, алардын бир катар динге каршы чалгындоо агенттери тарабынан, өз ойлорунда Ислам динин дүйнөдө натыйжасыз кылуу жана Ислам дининин күчтөнүшүнүн алдын алуу үчүн жасалганын айтып берүү. Булардын баарынын Ислам643 дининде анык арам кылынган иш-аракеттер экенин бүт адамзатка жеткирүү.

## Хиросимага ташталган бомба Христиандарга жүктөлгөн эмес, террористтик акттарды да чыныгы Мусулмандарга жүктөөгө болбойт

Жогоруда айтылган пикирдеги Христиандар Мусулмандарга карата мындай негизсиз дооматтарды айтып жатып, маанилүү бир жагдайды билмексен болушууда. Белгилүү болгондой, тарыхта Америка Кошмо Штаттары өтмүштө Хиросима менен Нагасакиге атом бомбасын таштап он миңдеген күнөөсүз адамдын өлүмүнө себеп болгон. Ал кишилер арасында Мусулмандар, Христиандар жана Иудейлер да бар эле. Жаш балдар да бар эле, улгайгандар да, күнөөсүз аял жана эркектер да. Бирок Ислам ааламы эч качан көпчүлүгү Христиандардан турган АКШ өкмөтү жасаган бул ишти Христиандарга жүктөгөн жок.

Эч качан бомбаны таштаган кишилер кайсы динде эле деген жок, бул бомбалоону бир «Христиан кол салуусу» деген жок. Ошондой эле өтмүштө болгон жана аты ачык «Кресттик жүрүш» деп аталган кол салуулар учурунда да миңдеген Мусулман жырткычтык менен шейит кылынды, ал тургай башка конфессиялардагы Христиандар да кыйноого алынып өлтүрүлдү, мечиттер менен кошо чиркөөлөр да талап-тоноолду. Жакынкы жылдары Иракта, Афганистанда жана башка кээ бир Мусулман өлкөлөрүндө төгүлгөн кандар да Мусулман каны эле. Бирок эч качан Мусулмандар буларга таянып, Инжилге моюн сунгандар кан төгүшөт деген жоромол жасашкан жок.

Акылы ордунда болгон ар бир адам зулумдук кылынган бир жерде сөзсүз динсиздиктин өкүмчүлүк кылаарын оңой гана түшүнө алат. Куранга моюн сунган, Аллахка ыйман кылган акылы жайында Мусулмандар эч качан ал кыргындардын жоопкерчилиги Христиан дининин мойнунда дебейт. Бул Аллахка чын жүрөктөн ишенген бир киши кыла турган нерсе эмес.

Мусулмандарга карата мындай начар сөздөрдү айткан бир катар Христиандардын да эми бул туура эмес көз-караштарын жана көнүмүш адаттарын токтотуу убактысы келди. Көбүнчө мындай сөздөрдүн түбүндө сабатсыздыктын ролу чоң. Ушул себептен Христиандар стереотипсиз бир көз менен Куранды окуп, Пайгамбарыбыз (сав)дын өмүрүн анализ кылышы керек жана сөзсүз чыныгы Ислам ахлагын жашаган салих (чын ниеттүү) ыймандуулардын эмгектерин, өмүрлөрүн, көз-караштарын жана иш-аракеттерин эске алышы зарыл.

# Урматтуу Аднан Октардын Гаркад дарагы хадиси жөнүндөгү түшүндүрмөлөрү

## Гаркад дарагы хадиси аркылуу акыр замандагы жашыруун камера системалары кабар берилген

**АДНАН ОКТАР:** Хадисте *«Еврейлер менен согушуп, аларды өлтүрөсүңөр.»* дейт. Эгер Иудей бир адам динге каршы болсо жана Мусулмандарга кол салып жатса, кан төгүп жатса, жаш балдарды өлтүрүп жатса, адамдарды өлтүрүп жатса өзүңдү албетте коргоносуң. Бул жердеги хадисте коргонуу айтылып жатат, барып күнөөсүз бир Иудейди өлтүрүү арам.

*«Ошентип таш да: «Эй Мусулман, мына еврей, артымда (жашынды), кел, өлтүр аны» дейт.»* Азыр мисалы 3-4 жашта бир жаш бала бар, таштын артында турат, таштан бир үн укту киши «Эй Мусулман кел, еврей бар артымда өлтүр» деген. Сен демек галлюцинация көрүп жатасың, сага шайтан сүйлөп жатат болуш керек. Жаш баланы өлтүрүүгө болбойт, күнөөсүздү өлтүрүүгө болбойт, аялды өлтүрүүгө болбойт. Өзүңдү коргонушуң гана мүмкүн. Мындан тышкары адам өлтүрүүгө болбойт. Ошондуктан биз бир таштын артында еврей бир жаш баланы көрсөк, таштан бизге добуш келсе, биз «галлюцинация көрүп жатабыз» деп айтабыз жана ал үндү укпайбыз.

Мисалы, он Иудей жаш бала, баарын өлтүрсө бирөө, Кудай сактасын. «Каяктан чыгардың муну» десек, «Мага таш айтты, ошол үчүн жасадым» десе, биз анын жинди экенин түшүнөбүз жана кылмыш кылган болот ал адам, киши өлтүргүч, демек. Апачык кылмыш кылган болот, зулумдук кылган болот жана жазасы тозок.

Хадистин маанисин жакшы түшүнүү керек. Акыр заманда байланыш каражаттарына көңүл буруууда Пайгамбар Мырзабыз (сав)... Таштан, таштын ичинен келген маалымат менен аларга каршы операция жасалат же дарактарга жашырылат. Дарактын ичине сездирбестен жашырылат жана ал жерден маалымат алынат жашыруун камера менен. Бул коргонуу согушунда түзүлө турган системага көңүл буруу. Аз. Мехди (ас) доорундагы жогорку технологияга көңүл буруууда Пайгамбар Мырзабыз (сав). Күнөөсүздү өлтүрүү арам.

Эч бир Иудей Пайгамбар Мырзабыз (сав) доорунда минтип өлтүрүлгөн эмес. Эч бир Христиан өлтүрүлгөн эмес. Пайгамбарыбыз (сав) өзү тышкы кийимин чечип, жерге салчу, ахли китап анын үстүнө отурчу, аларга урмат көрсөтчү Пайгамбарыбыз (сав), сыйлачу. Пайгамбарыбыз (сав) убагында Мусулмандар Христиандардын жанына хижрат кылышты, аларга ишеништи, жан коопсуздугу үчүн. Алар менен бир тууган болушту, барып дасторконуна отурушту, тамактарын жешти, Христиан, Иудей аялдар менен үйлөнүштү.

**АЛТУГ БЕРКЕР:** Айткандарыңар менен байланыштуу аят окуйун Агай; 5-сүрөнүн (Маида Сүрөсү) 5-аяты: **«Бүгүн силерге таза нерселер адал кылынды. (Аларга) Китеп берилгендердин тамагы силерге адал, силердин да тамагыңар аларга адал. Момундардан эркин жана намыстуу аялдар менен силерден мурда (аларга) китеп берилгендерден эркин жана намыстуу аялдар да, намыстуу, ойноштук кылбаган жана**

**жашыруун достор тутунбаган катары –аларга акыларын (махрларын) төлөгөнүңөрдө- силерге (адал кылынды.)»**

**АДНАН ОКТАР:** Христиан аял менен үйлөнүүгө болот, Иудей аял менен үйлөнүүгө болот. Үйлөнүү деген эмне? Сүйүү бар, достук бар, бир туугандык бар дегенди билдирет, туурабы? Балдарынын апасы болот. Бир төшөктө жатасың, бир жерде тамак ичип-жейсиң. Куран аяты биз окуган. Аят аркылуу айтылууда. *(Урматтуу Аднан Октардын 2010-жыл 21-ноябрьдагы интервьюсунан)*

# Таштар менен дарактар акыр заманда Мусулмандарга маалымат берет

**АДНАН ОКТАР:** ...Пайгамбар Мырзабыз (с.а.в.) айтат; *«Мусулмандар Иудейлер менен согушмайынча кыямат келбейт.»* Еврейлер менен Палестинада согушушту. Алты күндүк согуш бар. Өтө чоң окуя болду. Египет менен согушушту, Сирия менен согушушту, Иордания менен согушушту. Бул хадис ишке ашты. Бул болду.

Башка бир хадисте Расулуллах (с.а.в.) айтат *«Ар бир таш, ар бир дарак эй Мусулман артымда бир еврей бар, кел аны өлтүр дейт.»* Биринчиден, бир адам кылмышына жараша жазаландырылат. Бир таштын артында бир еврей жаш балага жолуксак, күнөөсүз кичинекей бир жаш бала. Таштан бизге үн чыкса. *«Кара, бул жерде жанымда бир еврей жаш бала бар, аны өлтүр.»* Бул шайтандан келген бир үн. Биз аны укпайбыз. Анткени ал кылмышка чакырган бир галлюцинация. Бул туура эмес. Биз эмне кылабыз? Артыбызда бир нерсе бар же жок экенин, мисалы бир электрондук каражат менен болушу мүмкүн, биз ошону менен аныктайбыз.

Электрондук байланыш каражаттары аркылуу адамдардын турган жерин аныктай алабыз. Бирок өлтүрүү үчүн эмес, аны таасирсиз кылуу үчүн. Зыян тийгизген бир еврей болсо, динсиз бир еврей болсо, Аллахсыз болсо, китепсиз болсо, Тооротко моюн сунбаса, Куранга моюн сунбаса, себеби Тооротто да Мусулмандарга зулумдук жок. Тоорот боюнча, Мусулмандарга, себеби Бани Нух деп карашы керек Иудейлер. Бани Нух. Бани Нух деген эмне? Мусулман, момун дегенди билдирет. Ар бир Иудей Мусулманды Бани Нух деп карайт, момун деп карайт, демек анын жанына, мал-мүлкүнө, абройуна, намысына тийиши арам. Тийе албайт, бирок зулумдук кылган бир еврей болсо, демек таштар, дарактар, ар кандай буюм, мебель да болушу мүмкүн, бир нерсе да болушу мүмкүн; микро камералар менен, техникалык каражаттар менен бизге муну кабар берет. Биз болсо аны таап таасирсиз кылабыз.

Өлтүрүү деген пикирдик жактан таасирсиз кылуу маанисине келет. Мисалы, Аз. Мехди (ас) үчүн да айтылат, дажжалиятты өлтүрөт. Дажжалды өлтүрөт, б.а. пикирин өлтүрөт. Пикирдик жактан өлтүрүү, илим менен өлтүрүү, денени эмес, иншаАллах. Ошондуктан таш менен дарактын Мусулмандарга кабар бериши акыр заманда ансыз да ишке ашууда азыр.

Биз айттык; «Түштүк-чыгышта аскерлерибиздин күрөшүндө микро камералар жайгаштырылсын, душмандын орду аныкталсын» дедик. Камера каерге коюлат? Жашыруун, душманга каршы күрөшүп жатканда, таштын ичине жайгаштыруу керек. Же дарактын ичине жайгаштырылат, көрүнбөшү үчүн. Тымызын душманды аныктоо үчүн кемчиликсиз бир технологияга, жашыруун бир чалгын торунун кантип курулаарына Пайгамбарыбыз (сав) вахий менен сонун ишарат кылган.

Бул акыр заманда гана болуп жатат учурда. Еврейлер үчүн эмес бул; атеист еврей, атеист Христиан, атеист Мусулман эгер зулумдук кылган болсо, азап берип жатса, кылмыш кылып жатса, аны биз аныкташыбыз керек. Расулуллах (сав) анын бир тарабын айткан, бир бөлүгүн айткан. Биз ал жерден баарын түшүнөбүз. Пайгамбарыбыз (сав) маңыздуу жана кыска сүйлөйт. Күрөш учурунда биз өзүбүздү коргогондо, Мусулман демек жашыруун маалыматты ушундай бир система аркылуу алат акыр заманда. Мисалы, Пайгамбар Мырзабыз (сав)

*«Адамдар алакандарынын ичине карап, Аз. Мехди (ас)ды көрөт»* дейт. Азыр жасашты. Ipodдор бар, телефондор бар. Адам алаканынын ичине карап башка адамды көрөт. Бул ишке ашты. Ушул айтылып жатат, иншаАллах. *(Урматтуу Аднан Октардын 2010-жыл 14-ноябрьдагы интервьюсунан)*

## «Исламда зомбулук» пикири – бул дажжалияттын жана аны ээрчиген фанаттардын чыгарганы

Куран боюнча, Исламда зомбулуктун, террордун, өзүн-өзү жардыруулардын эч кандай орду жок. Куран боюнча, согуш жан, мал-мүлк, намыс коопсуздугуна коркунуч келгенде коргонуу максатында гана жасалышы мүмкүн. Ушундай учурда дагы Мусулмандар эч качан чектен чыкпашка, туткунга алган учурда туткундарга адилеттүү мамиле кылууга, ал тургай, өздөрү ачка болсо да туткундарга биринчи тамак берүүгө, аларды кечирип койо берүүгө, эртерээк тынчтыкты камсыз кылууга, күнөөсүздөрдү жана катардагы кишилерди коргоого милдеттүү. Пайгамбарыбыз (сав)дын өмүрүн караганда да Исламдын бул темада кандай мамиле талап кылаары апачык көрүнөт.

## Мусулмандар коргонуу максатында согушушкан

Пайгамбар Мырзабыз (сав) менен сахабалар Меккеде жашаган 13 жыл бою Меккелик мушриктердин акылга сыйбас кыйноолоруна, кол салууларына, дооматтарына туш болуп, үйлөрүнөн мажбурлап чыгарылып, өлүм менен коркутулушкан. Ошончолук кол салуу жана кысымчылыкка карабастан эч качан күч колдонууга барышкан эмес.

Меккедеги кысымчылыктар өтө көбөйгөн соң Мединага хижрат кылып (көчүп), Мединада да ушундай эле кол салууларга туш болгондуктан жана жан коопсуздуктарына ачык коркунуч келгендиктен, өздөрүн коргонуу максатында гана мажбурлуу согуштарга катышышкан. Мисалы, Бедир согушу Меккелик мушриктер армия чогултуп Мусулмандарды шейит кылуу максатында чабуулга өткөндө чыккан.

Хендек (казылган аң) согушу болсо Мусулмандар өздөрүн коргоо үчүн шаардын айланасына ор казган, толугу менен бир коргонуу согушу. Кыскасы өтмүштөгү согуштар путпарасттар түздөн-түз айоосуз кол салышы натыйжасында мажбурлуу чыккан коргонуу согуштар болгон. Эч бири кол салуу согушу болгон эмес. Ал доордо Пайгамбарыбыз (сав)га түшүрүлгөн коргонуу жөнүндөгү өзгөчө өкүмдөр да ал согуштардагы өзгөчө кырдаалга арналып түшүрүлгөн аяттар болгон.

## Аз. Мухаммед (сав) да Аз. Иса (ас) сыяктуу сүйүүгө толо, боорукер жана мээримдүү болгон

Кээ бир Христиандар экөөсү тең биз үчүн өтө баалуу болгон Пайгамбарларыбызды өз ойлорунда – караңгылык менен- салыштырууга барышууда. Аз. Иса (ас) бир сүйүү адамы болгон, бирок Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)ды болсо согушту жактаган бир мамиледе болгон деген сабатсыз жыйынтыктарды чыгарышат. Бул Аз. Мухаммед (сав)дын да, Аз. Иса (ас)дын да Аллахка моюн сунган, вахий менен иш-аракет кылган куттуу элчилер экенин ойлобогон караңгы (сабатсыз) жана стереотиптүү бир катар Христиандар тарабынан чыгарылган бир доомат.

Бул эки куттуу инсан тең Аллахтын сүйүктүүлөрү, достору болгондуктан, албетте, экөө тең – сүйүү, боорукердик жана мээрим инсандары. Мунун тескериси мүмкүн эмес.

Пайгамбарыбыз (сав)дын 23 жылдык бир пайгамбарлык доору болгон. Путпарасттардын түздөн-түз кол салуулары болгон өтө оор доорлорду да камтыган бул 23 жылдык убакыт аралыгы ичинде Пайгамбарыбыз (сав) Мусулмандардын жанына кол салган жана Мусулмандардын бүт тынчтыкты каалаган мамилелерине карабастан, үзгүлтүксүз уланган кол салуулардан ыймандууларды коргоо үчүн коргонуу максатындагы согуштарды кылган. Жана бүт ал согуштар учурунда Аллахтын вахийи менен кыймыл-аракет кылып, Аллахтын вахийи менен чечимдер чыгарган. Эгер Мусулмандарды коргоону максаттаган согуш милдети Аллахтан келген бир вахий менен Аз. Иса (ас)га билдирилгенде, ал да дал Пайгамбарыбыз (сав) сыяктуу бул ибадатты моюн сунуп

орундатмак. Бирок Аз. Иса (ас) 3 жылга созулган пайгамбарлык доору бою путпарасттардын мындай бир кол салуусуна туш болгон эмес. Ошондуктан согуш менен коргонуу жөнүндөгү бул аяттардын түшүрүлүшүнө зарылдык болгон эмес.

Согуштун Пайгамбарыбыз (сав)га жана Мусулмандарга жакпаса да парз кылынганы Куран аяты аркылуу билдирилген.

**Согуш <u>көңүлүңөргө жакпаса да</u> силерге жазылды (парз кылынды). (Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык. Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер. (Бакара Сүрөсү, 216)**

## <u>Исламда коргонуу согушунда да чектен чыкпоо, кечиримдүү болуу буйрулат</u>

Аллах Куранда бизге сүрөттөгөн ыйман тереңдигин көрүп түшүнө алган бир адам Мусулман үчүн негизгисинин дайыма кечиримдүүлүк экенин да оңой гана түшүнө алат. Мисалы, Куранда Аллах согуш учурунда чектен чыкпоону, согушуп жаткан коом согушту токтотсо Мусулмандардын да токтошу керек экенин кабар берет:

**Силер менен согушкандарга каршы Аллах жолунда согушкула, (бирок) <u>чектен чыкпагыла</u>. Албетте Аллах чектен чыккандарды сүйбөйт. (Бакара Сүрөсү, 190)**

**<u>Алар (согушту) токтотушса (силер да токтоткула)</u>; күмөнсүз Аллах кечиримдүү, боорукер. (Бакара Сүрөсү, 192)**

Мусулмандар согушка кире алышы үчүн экинчи тараптан бир кол салуу болушу шарт. Согуш эскертүүлөргө карабастан эч сөз түшүнбөгөн, зомбулукчу, заалым бир коомдун зулумдугунан коргонуу максатында барылган бир мажбурлук. Мындай абалда да Мусулмандар чектен чыкпоого милдеттүү, б.а. өздөрүн коргонушу гана керек. Жогорудагы аятта Раббибиз билдиргендей, кол салган тарап согушту токтотсо Мусулмандардын да токтотушу кеңеш кылынган. Ошондой эле, Ислам боюнча согуш убагында аялдарга, жаш балдарга, улгайгандарга жана майыптарга этият болуу, аларды коргоо, алар жабыркабашы үчүн болгон чаралардын баарын көрүү өтө маанилүү.

## <u>Исламда күнөөсүз жерден жан кыйуу арам</u>

Ошондой эле Куранда жан кыйуунун арам экени апачык айтылган:

**«Ким бир жанды, ал башка бирөөнү өлтүрүп же бир бузукулук чыгарбаса да (эч күнөөсүз жерден) өлтүргөн болсо, <u>бардык адамдарды өлтүргөндөй (күнөө кылган) болот</u>. Ким аны (өлтүрүлүшүнө жолтоо болуп) тирилтсе, бүт адамдарды тирилткендей болот. Ант болсун, элчилерибиз аларга апачык далилдер менен келишти. Кийин андан соң алардын көпчүлүгү жер жүзүндө чектен чыгышты. (Маида Сүрөсү, 32)**

**Жана алар Аллах менен бирге башка бир Кудайга сыйынышпайт. <u>Аллах арам кылган жанды күнөөсүз жерден өлтүрүшпөйт</u> жана зина (ойноштук) кылышпайт. Ким буларды кылса «оор бир жазага» жолугат. (Фуркан Сүрөсү, 68)**

Аяттардан да апачык көрүнүп тургандай, бир Мусулмандын бир бузукулук кылбаса да же башка бир жанды кыйбаса да, күнөөсүз жерден бирөөнү өлтүрүшү Куранда арам кылынган. Маида Сүрөсүндө Аллах жөнөтүлгөн элчилер бул арамды адамдарга жеткиргенине карабастан, көпчүлүгүнүн чектен чыгаарын билдирет. Б.а. Куран аркылуу өкүм белгиленгенине карабастан, Куранды жетиштүү көрбөй чектен чыга турган, күнөөсүз жерден зулумдукту жана кан төгүүнү көздөгөн бир коомдон сөз кылынат. Мына ушул коом – Исламды жамынып ортого чыккан, бирок дажжалияттын таасиринде калган бир катар фанат кишилер.

Ошондой эле, Куранда согушта туткунга алынган кишилердин кечирилиши жана койо берилиши кеңеш кылынган. Аллах кылмыш кылынганда дагы өлтүрүлгөн кишинин жакындары тарабынан кылмышкердин кечирилишинин жакшыраак болоорун Куранда билдирген. Мусулмандын Куран боюнча жоопкерчилиги – бул дайыма Аллах ыраазылыгы үчүн эң жакшысын тандоо. Кылмыш кылынганда дагы Аллах кечирүүнү жакшыраак дейт, демек Мусулмандын орундатышы керек болгон өкүм ушул. Ислам – боорукердиктин, мээримдин, сүйүүнүн, тынчтыктын, адилеттиктин жана бейпилдиктин дини. Исламды Куранда сүрөттөлгөнүнөн башкача көрсөтүүгө аракет кылгандар андай мамилесин эртерээк токтотушу керек.

# 2- БӨЛҮМ
# Аял душмандыгы Исламдын эмес, дарвинисттердин жана фанаттардын өзгөчөлүгү

Аял душмандыгы жана аялды экинчи сорт адамдай көрсөтүү жаңылыштыгы – дарвинисттердин, фашисттердин, коммунисттердин жана фанаттардын орток өзгөчөлүгү. Фанаттар ойдон чыгарылган кошумчалар ичинде жашагандыктан, дарвинисттер болсо аялдарды «начар өнүккөн» бир айбан түрү деп санагандыктан аялдарга баа беришпейт, ал тургай, жек көрүшөт. Бирок булардын баары – албетте, шайтандын түртүүсү менен ортого чыккан, адамдыкка сыйбас көз-караштар.

Мусулман коомдордогу сыяктуу эле, Христиандар менен Иудейлер үчүн да фанатизмдин чоң коркунуч экенин айткан элек. Христиандардан да, Иудейлерден да аялды экинчи сорт адам көрүп, аялга болгон жек көрүүсүн ар мүмкүнчүлүктө көрсөткөн көптөгөн фанаттар бар. Бирок кээ бир Христиандардын же кээ бир Иудейлердин мындай туура эмес көз-карашын бүт Христиандыкка же Иудейликке жүктөө кандай туура эмес болсо, бир катар Мусулмандардын андай көз-карашын да Исламга жүктөө туура эмес болот. Ислам дининде аял менен эркек бирдей. Ал тургай, Куранда аял өйдөрөөк тутулуп, корголгон. Аллах Куран аяттарында адамдар арасындагы жалгыз критерийдин такыбалык (Аллахтан коркуу) экенин билдирет. **Ислам аялды мактап бийик тутат. Ошондуктан аялды ылдый көргөн көз-карашты Ислам дининде бар дегендер өтө жаңылышат.**

Ислам дини аялды экинчи сорт адам катары кабыл алат деген туура эмес көз-караш – китептин башынан бери айтылып келаткан дажжалдык топтордун Исламга душмандыкты жайылта алуу үчүн тандаган эң кылдат темалардын, колдонгон эң негизги ыкмаларынын бири. Ал чөйрөлөр эч негизсиз жана чындыкка жатпаган бул туура эмес көз-карашты дүйнө масштабына жайылта алуу жана Ислам жөнүндө терс пикир жаратуу үчүн фанаттарды колдонушат.

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын аялдарга болгон боорукер, мээримдүү мамилесинен, Куран аяттарында аялдарга берилген бүт укуктардан, аялдарга көрсөтүлүшү керек болгон сонун адеп-ахлактан алыс бул кишилер өз ойлорунан чыгарган кошумчалар менен чындап эле аялдарга жасалчу зулумдукту, адилетсиздикти, мээримсиздикти, ал тургай, адам ордуна койбоону өз ойлорунда динибиздин бир буйругундай көрсөтүүгө аракет кылышкан. Аларды караңгылык менен ээрчиген элдер кылымдардан бери уланып келген андай иштерди улантышып, бул жаман ишеним кээ бир Мусулман коомдордо отурукташып калган. Ал фанаттар өздөрү чыгарган кошумчаларына болсо булак катары аялга душмандыкты жактаган ойдон чыгарылган хадистерди көрсөтүшөт.

## Исламда аялга берилген маанинин Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринен мисалдар менен баяны

**АДНАН ОКТАР:** Пайгамбарыбыз (с.а.в) айтат: *«Аялдарды сүйүү Пайгамбарлардын мүнөзүнөн.»* Кулейни, Кафи жана көп жерлерде бар. Дагы Расулуллах (с.а.в)дан хадис: *«Аялдарга болгон сүйүүсү көбөймөйүнчө бир адамдын ыйманы өсөт деп ойлобойм.»* Аял сүйүүсү ыйман менен байланыштуу, иншаАллах.

Расулуллах (с.а.в)дан дагы хадис: *«Менин көзүмдүн нуру намазда, ырахат булагым болсо аялдарда чечим кылынды.»* Аллах тарабынан, бир немат-жакшылык катары. Расулуллах (с.а.в)дан дагы бир хадис: *«Кулдун аялдарга болгон сүйүүсү өскөн сайын, жакшылыгы да, ыйманы да өсөт.» «Адам кенч (колунда кармай турган, сактай турган казына, байлык) кыла турган нерсенин эң жакшысын айтайынбы? Салиха (чын ниеттүү ыймандуу) аял»* дейт Пайгамбарыбыз (с.а.в).

Өмер бин эль-Хаттаб мындай деген: *«Аллахка ант болсун, биз жахилияда (караңгылык доорунда) аялдарды барктачу эмеспиз.»* Азыр каапырдыкта аялды баркташпайт го, ал доордо да ушундай болгон. *«Аллах алар жөнүндө аяттар жөнөткөн соң жана аларга кээ бир укуктарды берген соң биз да аялдарды барктап баштадык жана аларды сүйдүк»* дейт. *(Аднан Октардын 2012-жыл 7-октябрьдагы A9 ТВ каналындагы маегинен)*

## Акыр заманда аялдар барктала т

**АДНАН ОКТАР:** ...Аялдарга болгон сүйүү акыр замандын өзгөчөлүгү болот. Мехди (а.с.) доорунда аялдар сүйүлөт, аялдар эркин болот. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бул жөнүндө атайын хадистерди айткан. Мисалы, аялдардын өзү жалгыз алыс аралыктарга саякат кылаарын айтат же курбулары менен бирге алыс аралыктарга саякат кылаарын айтат Пайгамбарыбыз (с.а.в.).

Азыр бара алышпайт аялдар. Караңыздар Мажлисте (Депутаттар жыйыны) да өтө аз аял бар. Бул такыр туура эмес көрүнүш. Жок дегенде жарымы аял болушу керек Мажлистин, маанилүү кызматтардын да жок дегенде жарымы аял болушу керек.

Аял премьер-министр да болот, президент да болот, спикер да болот. Өтө сонун адамдар – аялдар, бүт жерде алардын сүйкүм көрүнүшүн, сулуу жылуу көрүнүшүн биз көрөлү. Аллахтын Рахман жана Рахим ысмынын бир көрүнүшү (чагылышы) – аялдар. Аллахтын Латиф жана Нур ысымдарынын көрүнүштөрү (чагылуулары). ... *(Урматтуу Аднан Октардын Кожаэли ТВ жана Аба ТВ, 2010-жыл 27-ноябрьдагы интервьюсунан)*

# Куранда аялдын укуктары дайыма жогору коюлган жана аял макталган

Исламда аялдын ордун түшүнүү үчүн эң алгач Куран аяттары менен Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын кылгандарын караш керек.

Аял – Куран боюнча өтө куттуу жана макталган бир жандык. Аялдар чексиз күч-кудуреттүү Раббибиз тарабынан өтө чоң бир немат-жакшылык, жүрөктөргө жеткен бир кооздук жана сулуулук катары жаратылып, Ислам үчүн материализм менен, дарвинизм менен, коммунизм менен жана ушул сыяктуу бүт атеист агымдар менен илимий күрөштүн да негизги бир бөлүгү. Куран аяттарын караганыбызда аялдардын укугунун эркекке салыштырмалуу дайыма жогору тутулганын көрөбүз. Аял Куран аяттарында дайыма корголуп, укуктары корголуп, материалдык жана моралдык жактан туура эмес жагдайга түшүп калбай турган укуктар менен колдоо көрөт. Оор милдеттердин эркектерге көбүрөөк берилишинин себеби ушунда. Аллах аялды сулуу бир чагылуу, намыстын жана тазалыктын символу, боорукердиктин жана сүйүүнүн булагы кылып жараткан. Аял дүйнөгө жылуулукту, сүйүүнү, эң сонун достукту үйрөтүүчү мугалим. Аллах бир кооздук кылып жараткан, мактаган, коргогон сонун бир немат-жакшылык.

Мусулмандыкта аял – султан. Исламда эркекке бир катар физикалык жоопкерчиликтердин жүктөлүшүнүн себеби ушунда. Аял үй ичинде же сыртта иштөөгө, акча табууга милдеттүү эмес. Албетте, кааласа иштеши мүмкүн, бирок кыйынчылык тартпашы үчүн эркек аялды багууга, муктаждыктарын камсыздоого милдеттүү. Ошондуктан бир эркек аялын талаада, заводдо же кандайдыр башка бир жерде иштөөгө мажбурлай албайт. Тескерисинче, анын эң бейпил жашашы, ага зыян тийбеши, корголуп колдоо көрсөтүлүшү эркектин мойнуна жүктөлгөн.

Аял-эркек теңдиги темасында Исламды сындоого аракет кылган кишилердин Куран аялдарга берген мындай жогорку кадыр-барктан кабарлары да жок. Алар аял-эркек теңдиги жөнүндө ызы-чуу чыгарып, Исламды айыптап жатканда, стереотиптүү бир көз-карашта болгондуктан жана Куран аяттарында сүрөттөлгөн чыныгы Ислам ахлагынан кабарсыз болгондуктан, **Куран боюнча аялдын эркектен бир топ жогору коюлганын билишпейт.**

Курандын түшүрүлүшү менен ал доордун караңгы коомдорундагы аялдарга болгон туура эмес көз-караш жоюлуп, аялга коом ичинде кадыр-барктуу орун берилген. Пайгамбарыбыз (сав) аялдарды дайыма өтө барктап, Раббибиз ааламдарга мээрим катары түшүргөн Куран аяттары жардамы менен аялдардын экинчи сорт адам мамилесин көрүшүнө эч мүмкүндүк берген эмес. Пайгамбарыбыз (сав) ошол эле учурда аялдарды Аллахтан бир немат катары көрүп, аларды терең сүйүп, аларга мээрим, боорукердик жана сый-урмат сезген. Пайгамбарыбыз (сав)дын аялдарга сезген мындай терең сезимдерин төмөнкү терең маанилүү сөздөрү сонун чагылтат:

*Дүйнөңөрдөн мага үч нерсе сүйдүрүлдү: сонун жыт,* ***салиха аял,*** *көзүмдүн нуру – намаз. [Nesâî, İşretu'n-Nisâ 1, (7, 61).]*

Пайгамбар Мырзабыз Аз. Мухаммед (сав)дан риваят кылынган сахих хадистерде Ислам growth динине аялдарга берилген чыныгы кадыр-барк апачык көрүнөт. Ал хадистердин кээ бирлери мындай:

*<u>Аялдарды акыл-эстүү жана абийирлүү киши гана барктайт.</u> Аларды начар жана жүзү кара кишилер гана басынтат... (İ. Asakir)*

*<u>«Силердин эң жакшыңар – аялдарына эң жакшы мамиле кылганыңар.»</u> (İ. Asakir )*

*<u>Аялдарыңарды капалантпагыла.</u> Алар Аллах Тааланын силерге аманаты. <u>Аларга жумшак болгула, жакшылык кылгыла!</u> [Müslim (Муслим)]*

*<u>Аялы менен жакшы мамиледе болуп тамашалашканды Аллах Таала сүйөт,</u> ырыскыларын көбөйтөт. [İ. Lâl]*

*Эң бийик момун – <u>аялына эң жакшы, эң берешен мамиле кылган сонун мүнөздүү киши.</u> [Tirmizi (Тирмизи)]*

*Эң жакшы Мусулман – <u>аялына эң жакшы мамиле кылган.</u> Араңарда аялына эң жакшы мамиле кылган менмин. [Nesai]*

*<u>Аялына жылмайып караган эркектин дептерине</u> бир кулду бошоткондой сооп жазылат. [R. Nasıhin]*

*<u>Аялын урган Аллахка жана Пайгамбарына моюн сунбаган болот.</u> Кыяматта анын душманы мен болом. [R. Nasıhin]*

Куранды окуган бир адам аяттарда аялдын акылына, кылдат ойлонуу жана детальдарды көрүү жөндөмүнө байланыштуу көптөгөн ишараттар бар экенин заматта байкайт. Мисалы, Куранда Саба ханышасы Белкыс жөнүндө сөз кылынат. Белкыс – ошол доордун мамлекет башчысы. Аллах Куранда аялдын мамлекет башчысы боло алаарына жана мамлекеттик башкарууларды жасай алаарына ишарат кылууда.

Аллахка каршы чыккан, мүнафыктык (эки жүздүүлүк) кылган, жаман мүнөздүү аялдар «аял» болгону үчүн эмес, Аллахка баш көтөргөнү жана зулумдук кылганы үчүн жектелет. Андай өкүм аял үчүн да, эркек үчүн да бирдей. Бул багыттагы өкүм бүт диндерде бирдей. Мамлекетти жыгууга аракет кылган анархист аялдар камалганы үчүн ал мамлекет «аял душманы» деп аталбаган сыяктуу эле, мүнафык жана мушрик аялдардын бар болушунан улам мындай айыптоону бир динге тагууга болбойт.

# Исламда эркектер аялдардын башчысы эмес, коргоп-колдоочусу

Учурда бир катар чөйрөлөр, өзгөчө кээ бир Христиандар Ислам булактарында «эркектин аялга өкүмдарлыгы» сүрөттөлөт дешет жана кээ бир фанаттардын аялдарга болгон туура эмес иштерин ал пикирлерине негиз көрсөтүшөт. Мындай туура эмес көз-карашына өз ойлорунда далил катары көрсөткөн аят болсо төмөнкүдөй:

> **Аллахтын кээ бирин кээ бирине жогору кылышы жана алардын өз мал-мүлктөрүнөн каржашы себебинен эркектер аялдарга «жооптуу коргоочу»... (Ниса Сүрөсү, 34)**

Бул аяттагы «каввам» сөзүнүн арап тилиндеги мааниси «коргоочу, колдоочу» дегенди билдирет. Ошондуктан аяттагы баян жогорудагы биздин түшүндүрмөлөрүбүзгө толук дал келет. Аллах эркекти кыйынчылыктардан аялды коргоого жана аны колдоого милдеттүү кылган. Бул, жогоруда да айтып кеткендей, **аялдын алсыздыгы же коргоого муктаж болушу себептүү эмес, баалуу бир немат-жакшылык болушу себептүү.** Адамдардын кээ бирлеринин кээ бирлеринен өйдө кылынышы сөзү аркылуу эркек менен аялдын табиятындагы айырмачылыкка басым жасалганы анык. Аял менен эркек, албетте, дене түзүлүшү жагынан бир-биринен айырмалуу. Бирок аялдын кара күч жагынан эркекке караганда күчсүзүрөөк болушу анын коом ичинде эркектен азыраак барктальышына себеп боло албайт. Албетте, күч-кубат жагынан жогорку өзгөчөлүктөрдөгү аялдар да бар. Бирок жалпысынан эркектердин оор иштерди кылууга дене түзүлүшү жагынан ыңгайлуураак экени анык. Бирок табиятындагы мындай физикалык айырмачылык эч качан адеп-ахлактык, акылдык же руханий бир өйдөлүктүн ишараты эмес, тескерисинче эркектин коргоочу сыпатын орундатышы үчүн керектүү.

**Куранда эркектин аялдын башчысы экени жөнүндө эч кандай өкүм жок.** Куран боюнча эркек да аялды, аял да эркекти башкара албайт. Экөөсү тең бир-бирин толуктоо үчүн Аллах алдында бирдей укук жана милдеттер менен жаратылган. Аялдын эркек тарабынан «корголуп, колдоо көрүшү» - Аллахтын аялды баркташынан улам.

## Жогорулук такыбага жараша болот, жыныска жараша эмес

Аллах Куран аяттары менен аялдарга бир жакшылык-немат катары аларды коргоого алган, бирок ошону менен бирге Исламга кызмат кылууда Мусулман эркек менен Мусулман аялды тең туткан. Экөөсү тең Аллахка ибадат кылууга, Куран ахлагын жашоого, адамдарды жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайратууга жана Куранда билдирилген бүт буйрук менен кеңештерге моюн сунууга милдеттүү. Аллах Курандын **«Эй ыйман кылгандар, Аллахтан коркуп-тартынсаңар, силерге тууранын туура эместен айырмалоочу бир нур жана түшүнүк (фуркан) берет, жамандыктарыңарды жашырат жана силерди кечирет. Аллах өтө берешен.»** (Энфал Сүрөсү, 29) аятында Аллахтан коркуп-тартынган ар бир адамга «туура туура эместен айырмалоочу бир нур менен түшүнүк» берээрин убада кылган. Адам аял болсо да, эркек болсо да баары бир. Чын ниетине, ыкласына жана ыйманына ылайык Аллах бир адамга өмүрүнүн бүт тармагында аны туура жолго жеткире турган, туура чечимдерди алышына жана жакшы иштерди кылышына шарт түзө турган бир акыл берет. Ошондуктан акыл адамдын жынысына жараша эмес, толугу менен Аллахка болгон чын ниеттүү жакындыгына жана коркуусуна жараша өсөт.

Аллах атынан атеист агымдарга каршы илимий күрөш жүргүзгөн эркек менен аял Мусулмандар арасында болсо **жогорулуктун жалгыз критерийи – бул такыбалык (Аллахтан коркуу).** Раббибиз бир аятта мындай дейт:

> **“Эй адамдар, чындап, Биз силерди бир эркек менен бир аялдан жараттык жана бир-бириңер менен таанышышыңар үчүн силерди элдер менен уруулар (абалында) кылдык. Күмөнсүз, Аллах Кабатында эң жогоркуңар – бул (улут же ата-баба жагынан эмес) такыбалык жагынан эң алдыңкыңар. Күмөнсүз, Аллах билүүчү, кабар алуучу.” (Хужурат Сүрөсү, 13)**

Бул аят жогоруда сүрөттөлгөн фанаттарга да эң сонун жооп болот. Өз ойлорунда Куранды далил көрсөтүп эркектерди аялдардан өйдө көргөндөр **калп айтышууда. Ойдон чыгарган жалгандары менен адамдарды алдаганга аракет кылышууда. Куран аяттарын жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын өмүрүн карап чыгуу фанаттардын аялдарга болгон көз-карашынын чыныгы Ислам дини менен эч кандай байланышы жок экенин түшүнүүгө жетиштүү болот.**

Улуу Аллах көп аятында «ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдардан» сөз кылат. Куранда **аял менен эркек бир-биринен бөлүнүп каралган эмес.** Аллах ыймандуулардан сөз кылып жатканда, алардын эркек же аял болушуна эмес, чын ыкластуу иштерди кылган кишилер болушуна көңүл бурат. Курандагы жогорулук айырмалоосу аял менен эркек арасында эмес, чын ыкластуу иштерди кылган ыймандуулар менен мушрик жана мүнафыктар (эки жүздүүлөр) арасында жасалган. Ыйман ага тартуу кылган акыл менен жашаган ар бир адам, аял болсун эркек болсун, жашоого байланыштуу ар тармакта ийгиликке жете алат, көп адамдын алдына озушу да мүмкүн. Бул толугу менен кишинин каалоосунан, чечкиндүүлүгүнөн көз-каранды. Ыймандуулар Ислам ахлагынын бир талабы катары өздөрүн эч качан эч кайсы багытта жетиштүү көрүшпөйт. Дайыма андан да акылдуураак, жөндөмдүүрөөк, жоопкерчиликтүүрөөк, жакшыраак мүнөздүү адам боло алуу үчүн аракеттенишет.

Улуу Аллах Мусулмандар арасында эркек же аял арасында айырма жок экенин, араларындагы жогорулуктун ыйманга, чын ниеттүүлүккө, ыкласка, Аллах коркуусуна, б.а. такыбалыкка жараша аныкталаарын аяттарында кабар берген:

> **<u>Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдар</u> бири-биринин досу. Жакшылыктарга буйуруп, жамандыктардан кайтарышат, намазды туптуура кылышат, зекетти беришет жана Аллахка жана Анын Элчисине моюн сунушат. <u>Аллах мына ушуларга ырайымын жаадырат.</u> Шек жок, Аллах күч-кудуреттүү, даанышман, өкүмдар. Аллах <u>ыймандуу эркектерге жана ыймандуу аялдарга</u> ичинде түбөлүк кала турган, астынан суулар аккан бейиштерди жана Адн бейиштеринде сонун үйлөрдү**

**убада кылган. Аллахтан болгон ыраазылык болсо эң бийик. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 71-72)**

**Күмөнсүз, Мусулман эркектер жана Мусулман аялдар, ыймандуу эркектер жана ыймандуу аялдар, чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген эркектер жана чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген аялдар, чынчыл эркектер жана чынчыл аялдар, сабыр кылган эркектер жана сабыр кылган аялдар, урмат менен (Аллахтан) корккон эркектер жана урмат менен (Аллахтан) корккон аялдар, садака берген эркектер жана садака берген аялдар, орозо кармаган эркектер жана орозо кармаган аялдар, намыстарын коргогон эркектер жана (намыстарын) коргогон аялдар, Аллахты көп зикир кылган (эстеген) эркектер жана (Аллахты көп) зикир кылган аялдар; (мына) ушулар үчүн Аллах бир кечирим жана улуу бир сыйлык даярдаган. (Ахзаб Сүрөсү, 35)**

Аяттан апачык көрүнүп тургандай аял да эркек да Аллахтын алдында бирдей жоопкерчиликтүү. Аял менен эркек арасындагы теңдик Аллахтын аялга жана эркекке дүйнө жашоосундагы сыноо убагында бирдей укуктарды беришинен да көрүнүп турат.

**«Күмөнсүз Биз жер жүзүндөгү нерселерди ага бир кооздук кылдык; алардын кайсысынын жакшыраак иштерди кылаарын сыноо үчүн.»** (Кехф Сүрөсү, 7) жана **«Ар бир жан өлүмдү татат. Биз силерди жамандык менен да, жакшылык менен да текшерип сынайбыз жана силер Бизге кайтарыласыңар.»** (Анбия Сүрөсү, 35) аяттары менен Аллах кимдердин жакшыраак иштерди кылаары ачыкка чыгышы үчүн аялды да, эркекти да сынап жатканын билдирген. Башка бир аятта болсо Аллах **«Ант болсун, Биз силерди бир аз коркуу, ачарчылык жана мал-мүлктөрдөн, жандардан жана түшүмдөрдөн бир бөлүгүн азайтуу менен сынайбыз. Сабыр кылгандарды сүйүнчүлө.»** (Бакара Сүрөсү, 155) деп өмүрүнүн аягына чейин аялды да, эркекти да ар кандай окуялар менен сынаарын, алардын баарына сабыр кылгандарды болсо мээрими менен сыйлаарын сүйүнчүлөгөн.

Аллах аялга да, эркекке да бир өмүр белгилеп, экөөсүн тең Курандан жооптуу кылып, экөөсүнө тең өмүрлөрүнүн ар бир көз ирмеминде аларга туураны илхам кыла турган бир абийир берип, напси менен шайтанды экөөсүнө тең душман кылган. Дүйнө жашоосундагы сыноонун бир талабы катары аял же эркек болсун, ким сонун мүнөздүү болуп чын ниеттүү иштерди жасаса, Аллах ал кишилердин дүйнөдө жана акыретте эң сонун сыйланаарын билдирген:

**Эркек болсун, аял болсун ишенүү (ыйман) менен ким ыкластуу бир иш (амал) жасаса, алар бейишке киришет жана алар бир “уруктун сыртындагы бүчүрчөлүк” да адилетсиздикке туш болушпайт. (Ниса Сүрөсү, 124)**

# Куранда аялдын укуктары дайыма корголгон

Аллах адамдар арасында бейпилдик менен адилеттикти камсыздашы үчүн билдирген Куран ахлагы аркылуу аялдын коом жашоосундагы да, үй-бүлө жашоосундагы да бүт укуктары коргоого алынган. Албетте, бул аялдар үчүн өтө чоң бир мээрим, чоң бир жеңилдик жана жакшылык. Аллах билдирген ахлакка моюн сунулганда, аялдар эч кыйын абалда калбайт, келечеги жана бейпилдиги кепилдикке алынат.

Төмөндө Аллах Куран аяттары менен билдирген аялды жана анын коомдук укуктарын кепилдикке алган аяттардын кээ бирлерине токтолуп, Ислам ахлагында аялдын канчалык баркталаарын жана канчалык бапестелээрин көрсөтөбүз.

## Ажырашканда аялдардын көңүлүнүн алынышы жана ыраазы кылынышы

Ажырашуу напсилеринин каалоосуна карап жашаган кээ бир адамдар үчүн экинчи тарап менен болгон бүт кызыкчылык байланыштарын үзүү маанисине келет. Мындай кишилер кызыкчылык байланыштары бүткөн жерде берки тарапты бапестеп, ага көңүл буруунун кажети жок деп ойлойт. Көбүнчө ажырашкан адамына болгон бүт сүйүү жана сыйлоо сезимдерин да жоготкондуктан өз кызыкчылыктарын гана көздөп, анын оор, муктаж абалда калышын көрмөксөн болуп коюшу мүмкүн. Улуу Раббибиз Куранда болсо ажырашкан соң аялдарга боорукердик жана мээрим менен, жакшы мамиле кылуу керек экенин мындайча сүрөттөгөн:

**Аялдарды ажырашканда, күтүү мөөнөтүн аяктаган болсо, <u>аларды же жакшы мамиле кылып алып калгыла же жакшы мамиле менен жибергиле...</u>» (Бакара Сүрөсү, 231)**

**Эй ыйман кылгандар, ыймандуу аялдарды никелеп, анан аларга тийбестен ажырашсаңар, анда силер үчүн санай турган бир иддет (күтүү убактысы) жок. <u>Анан (ылдам) аларды пайдаландыргыла (аларга жете турган көлөмдө бергиле) жана жакшы мамиле менен аларды жибергиле.</u> (Ахзаб Сүрөсү, 49)**

Ажырашуу учурунда жана ажырашкан соң эркектин аялга көрсөтүшү керек болгон сый-урмат, сылык мамиле, мээрим жана боорукердик – Курандын буйругу. Мындай адеп-ахлак Куран менен гана болот. Аялга эң чоң маанинин Исламда гана берилээри анык. Муну көрүү үчүн ойлорунан кошумчаларды чыгаргандардын калптарына эмес, Куран аяттарына жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын кылгандарына караш керек.

## <u>Ажырашкан соң аялдардын материалдык кепилдикке алынышы</u>

Исламда ажырашкан соң аялдын материалдык мааниде келечегинин кепилдикке алынышы буйрулган. Ажырашкан бир аялдын ээнбаш, коргоосуз, материалдык жактан таянычсыз таштальшына Куранда тыюу салынган. Эгер бир киши чындап Куранга моюн сунган чын ыкластуу бир ыймандуу болсо, Аллах Куранда билдирген бул өкүмдөргө да толук моюн сунууга милдеттүү. Мындай адам муну Аллах сүйүүсү менен жакшылап жана чын ниеттен каалап аткарат.

Куранда ажырашкан бир аялдын материалдык кепилдикке алынышын шарт кылган аяттар төмөнкүдөй:

**(Күйөөсү тарабынан) Ажырашкан (аял)дардын жакшы (шариятка ылайык) пайдалануу (жана күнүн өткөрүү)лөрү бар. Бул (Аллахтан коркуп) тартынгандарга бир акы (милдет). (Бакара Сүрөсү, 241)**

**... <u>Аларды пайдаланткыла</u>, бай адам өз күчүнө, жакыр адам да өз күчүнө жараша жакшы (шариятка жана салтка ылайык) абалда пайдалантсын. (Бул) <u>жакшылык кылуучулардын мойнундагы бир акы (милдет).</u> (Бакара Сүрөсү, 236)**

**Мүмкүнчүлүгү көп адам төлөмдү (алиментти) кеңири мүмкүнчүлүгүнө жараша берсин. Ырыскысы чектүү киши болсо Аллахтын ага бергенине жараша берсин. Аллах эч бир жанга ага бергенинен ашыкча жоопкерчилик жүктөбөйт. Аллах бир кыйынчылыктын артынан бир жеңилдик жасап-берет. (Талак Сүрөсү, 7)**

Аяттардан көрүнүп тургандай, бай адам да, жакыр адам да ажырашкан аялын коргоого милдеттүү кылынган. Өмүр бою ал кишини көрбөй турган, материалдык жана моралдык эч кандай кызыкчылык албай турган болсо да, ажырашкан аялын материалдык жактан коргоого жана ага сыпайы мамиле кылууга милдеттүү. Улуу Аллах муну сөзсүз чын көңүлдөн, каалап кылуу керек экенин аяттарында белгилеген:

**«Аялдарга мехирлерин (калың) чын көңүлдөн каалап (жана бир акысы катары) бергиле, бирок алар өз көңүлүнөн силерге андан бир нерсени кечсе, аны бейпил көңүл менен жегиле.» (Ниса Сүрөсү, 4)**

## Аялдарга берилген мүлктөрдүн ажырашкан соң кайра алынбашы

Улуу Раббибиз аяттарында ажырашканда эркектин чогуу жашаган кезде аялына берген эч нерсени кайра албашы керек экенин билдирген:

**«Бир аялды койо берип ордуна башка бирөөгө үйлөнгүңөр келсе, алардын бирөөсүнө (мурдакыга) өтө көп (мал-мүлк жана акча) берген болсоңор да, андан эч нерсе албагыла. Ага доомат кылып жана апачык бир күнөөгө кирип бергениңерди аласыңарбы? Аны кантип аласыңар, бир-бириңерге кошулган (кошулуп жакын болгон) элеңер. Алар силерден анык бир кепилдик (күчтүү бир убада) да алышкан эле.» (Ниса Сүрөсү, 20-21)**

**... Аларга (аялдарга) берген бир нерсеңерди кайра алышыңар силерге адал эмес... (Бакара Сүрөсү, 229)**

Аллах аяттарда эркекке үйлөнгөндө аялга бир сөз жана кепилдик берилгенин эске салууда. Бул убада себебинен аялга «өтө көп мал-мүлк жана акча» берилген болсо да, баары бир аларды кайра алуу талабын койбоону билдирген. Ыймандуу, Аллахтан корккон жана ар бир ишти Аллахтын ыраазылыгына жетүү үмүтү менен кылган бир адам убаданын Аллахка берилгенин билет. Мындан улам бул жоопкерчилигин эң сонун орундатат. Бул – учурда дээрлик дүйнөнүн эч бир жеринде кездешпеген жогорку бир адеп-ахлак. Курандын тереңдигин, сүйүү жана боорукердик түшүнүгүн түшүнө албаган фанаттардын жана аларды Исламдын чыныгы өкүлдөрү катары көрүп жаңылгандардын эң чоң жаңылыштыктарынын бири мына ушул. Аялга ал татыктуу болгон кадыр-барк Куранда гана берилет.

Кээ бир Христиандар бул буйруктар эмне үчүн азыр Ислам өлкөлөрүндө аткарылбайт дешип, буга күмөн менен карашат. Мунун себеби – албетте, учурда Ислам өлкөлөрүндө чыныгы Куран ахлагынын аткарылбашы, жана көп өлкөлөрдө фанаттар чыгарган калптардын өкүм сүрүшү. Толугу менен Куранга ылайык жашаган бир Мусулман, албетте, Аллахтын бул буйруктарын чын көңүлдөн, кубануу менен орундатат.

## Ажырашкан соң аялдардын жашай турган орун менен камсыз кылынышы

Куран аяттары боюнча, эркек ажырашкан соң да аялдын бейпилдигин жана коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү кылынган. Ажырашканга чейин материалдык-моралдык ар кандай муктаждыгын күйөөсүнүн же үй-бүлөнүн шарттары менен камсыздаган аял ажырашкан соң көп кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Ыймандуунун адеп-ахлагы мындай абалда кишинин болушунча түшүнүктүү болушун жана берки адамдын муктаждыктарын өз муктаждыгындай көрүп, кылдат ойлонуп көмөкчү болууга аракет кылышын талап кылат. Мына ушул себептен Раббибиз өзгөчө ажырашуу сыяктуу аял кыйын абалда кала турган абалдар үчүн алынышы керек болгон чараларды, кылынышы керек болгондорду, көрсөтүү керек болгон сонун адеп-ахлак өзгөчөлүктөрүн аяттары аркылуу белгилеген. Улуу Аллах ажырашкан соң аял оор абалда калбашы жана жетиштүү деңгээлде корголушу үчүн эркекке аны жакын жерде кармашын кеңеш кылат. Ал тургай, бул бир коркунуч учурунда көз кулак боло тургандай болушу керек экени аятта билдирилет. Ажырашкан соң өзүнө жашай турган ылайыктуу бир орун тапканга чейин аялга мүмкүнчүлүк түзүп берүү, ага кандайдыр бир зыян тийишине жол бербөө – ыймандуу адам үчүн абийирдик жактан маанилүү бир жоопкерчилик:

**«(Ажырашкан) Аялыңарды күчүңөргө жараша жашап жаткан үйүңөрдүн бир тарабына жашаткыла, аларды «кыйынчылык жана азапка салуу максатында» зыян тийгизбегиле. Эгер алар**

**кош бойлуу болгон болсо, жүктөрүн таштаганга (төрөгөнгө) чейин аларга төлөм (алимент) бергиле. Эгер силер үчүн (баланы) эмизсе, аларга акыларын төлөгүлө. (Абал жана мамилеңерди) Өз араңарда жакшы (Исламга ылайык) отуруп-сүйлөшкүлө. Эгер кыйынчылыкка түшсөңөр, анда (баланы) ал (атасы) үчүн башка бирөө эмизсе болот.» (Талак Сүрөсү, 6)**

Бул жерде маанилүү болгону үчүн дагы бир жолу айтып кетүү керек: аяттарда айтылган мындай коргоо чаралары, албетте, аял өзүн бага албаганчалык алсыз деген мааниге келбейт. Бул – кээ бир стереотиптүү кишилердин Ислам динин сындоо максатында чыгарган тантырак пикирлери. Аяттарда жогорку бир адеп-ахлактан сөз кылынууда. Бул жерде сылык-сыпайы бир адеп-ахлак, аялды бийик тутуу жана барктоо жөнүндө сөз болуп жатат. Аялды колдоо, анын өтө барктуу жана баалуу экенин ага сездирүү. Аллахтын аялга берген маанисин жана боорукердикти иш жүзүндө көрсөтүү.

# Аялдарга мажбурлуу мураскор болбоо

Куранда аялдын корголушу менен байланыштуу жоопкерчиликтердин бири – бул аялдарга мажбурлуу мураскор болбоо. Аллах аятында мындай дейт:

**«Эй ыйман кылгандар, <u>аялдарга мажбурлуу мураскор болууга аракет кылышыңар адал болбойт.</u> Апачык «жаман бир уятсыздык» кылбаса, аларга бергендериңердин бир бөлүгүн кетирүү (кайра алуу) үчүн аларга кысымчылык кылышыңар да (адал эмес.) Алар менен жакшы мамиледе болгула...» (Ниса Сүрөсү, 19)**

Аллах бул аят менен болсо аялга кысымчылык кылуудан жана материалдык жактан аны кыйын абалга сала турган бир иштен тоскон.

## Эненин бarкталышы

Энелик даражасы Куранда макталган. Эне-атаны урматтоо, аларга жакшы мамиле кылуу, аларды дайыма, улгайганда да коргоп-колдоо Куранда өзгөчө салих (чын ыкластуу) ыймандуулардын мойнуна жүктөлгөн жоопкерчиликтер жана бул жөнүндө өтө көп аят бар. Бул аяттардын кээ бирлери мындай:

**Биз адамга апасы менен атасына (карата) жакшылыкты (эреже тутушун) кеңеш кылдык... (Анкебут Сүрөсү, 8)**

Куранда ата-энеге урмат көрсөтүп, жакшылык кылуу Мусулмандарга кеңеш кылынган. Бирок эне өзгөчө бааланат. Аллах аяттарында төмөнкүчө билдирген:

**Биз адамга апасы менен атасын (аларга жакшы мамиле кылууну) кеңеш кылдык. Апасы аны кыйынчылык үстүнө кыйынчылык менен (курсагында) көтөргөн. Анын (сүттөн) чыгышы эки жыл ичинде. «Мага да, апаң менен атаңа да шүгүр кыл, Мага гана кайтасыңар.» (Локман Сүрөсү, 14)**

**Биз адамга ата-энеңе жакшы мамиле кыл деп кеңеш бердик. Энеси аны кыйналып көтөрүп жүрдү жана аны кыйынчылык менен төрөдү. Анын (кош бойлуу кезде) көтөрүп жүрүлүшү менен сүттөн чыгышы отуз ай. Анан күчтүү (жетилген) убакка жетип кырк жыл (жаш)ка жеткенде: «Раббим, мага, эне жана атама берген нематка шүгүр кылышымды жана Сен ыраазы боло турган салих бир ишти кылышымды мага илхам кыл; мен үчүн салих (ыкластуу) урпактар бер. Чындап мен тообо кылып Сага бурулдум жана чындап мен Мусулмандарданмын» деди. (Ахкаф Сүрөсү, 15)**

Чындап эле ар бир эне баласын дүйнөгө алып келүү үчүн көп ай бою өтө көп машакат тартат. Аллах аятта билдиргендей, кыйынчылык үстүнө кыйынчылык менен наристесин курсагында көтөрүп, андан соң аны кыйынчылык менен дүйнөгө алып келет. Жана анан өтө кыйналып баласынын бейпилдигин камсыз кылып, аны карайт. Ал тургай, буларды кылып жатканда эч кандай бир кызыкчылык күтпөйт, тескерисинче өз муктаждыктарын экинчи планга койот. Аллах бул чындыктарды биздин эсибизге салып, энелерибиздин өтө баалуу экенине көңүл буруууда.

Куранда аялдын бааланып-баркталышы ушунчалык анык өкүмдөр менен баяндалып, аял бүт тараптан корголгон, бирок кээ бир Христиандар өз ойлорунда Исламда аял басмырланган дешип, Куран Мусулмандарына каршы динге кошумча жасагандарды далил көрсөтүшүп, сындоого аракет кылышууда. Бул кишилер аяттарды жакшылап окуп, адилеттүү ойлонушу керек. Мындан тышкары, бул кишилердин Тоорот менен Инжилде орун алган аялдарга карата айтылган кээ бир сөздөрдү карабастан, Куранды сындоого аракет кылып өжөрлөнүшү да өтө таң калыштуу.

# Тоорот менен Инжилдеги аялдар жөнүндө айтылган терс сөздөргө мисалдар

Ислам дининин аялга болгон көз-карашы жөнүндөгү туура эмес маалыматтар өзгөчө акыркы убактарда кээ бир Христиан топтор тарабынан көп айтылууда. Чындыгында болсо, жогоруда терең баян кылынгандай, Курандын аялдарга болгон көз-карашы сүйүү, боорукердик, мээрим жана адилеттикке таянат.

Исламды ушундайча сындаган кээ бир Христиан топтордун бул темада эмне үчүн **Тоорот менен Инжилдеги кээ бир сөздөргө эч көңүл бурбашы күмөн жаратат. Тоорот менен Инжилди караганыбызда, аялдарга карата өтө маанилүү сөздөрдүн** бар экенин көрөбүз.

Мисалы, Христиандар да Ыйык Мыйзам деп санаган, биз да жооптуубуз деп ойлогон жана өз китебибиз деп кабыл алган Тоороттто зина (никесиз байланыш) кылган бир аялдын жазасы – **ташбараң кылып өлтүрүлүү**. Бир катар Ислам өлкөлөрүнүн кылгандарынын тескерисинче, ташбараң кылып адам өлтүрүү Куранда эч бир жерде жок. Бирок Тоороттто бар. Бул жөнүндөгү тексттер мындай:

> *Эгер бир адам башка бирөөнүн аялы менен жатканда кармалса, аял менен жаткан адам да, аял да, экөөсү тең өлтүрүлөт. Израилден жамандыкты жок кыласыңар. (Мыйзамды кайталоо 22:22)*
>
> *Эгер бир адам шаарда башка бирөө менен убадалашып койгон бир кызга жолугуп, аны менен жатса, экөөсүн тең шаардын эшигине алпарып, ташбараң кылып өлтүрөсүңөр. (Мыйзамды кайталоо 22:23)*
>
> *Эгер анын айтканы чындык болуп, кыздын кыздыгына бир далил табыла албаса, кызды атасынын үйүнүн эшигине алып барышсын. Шаар калкы кызды таш бараң кылып өлтүрөт. (Мыйзамды кайталоо 22:20)*
>
> *Бирөө башка бирөөнүн аялы менен, б.а. коңшусунун аялы менен ойноштук кылса, ал да, ойноштук кылган аял да сөзсүз өлтүрүлөт. (Лебилер 20: 10)*
>
> *Атасынын аялы менен жаткан атасынын намысына доо кетирген болот. Экөө тең сөзсүз өлтүрүлөт. Өлүмгө татыктуу болушат. (Лебилер 20: 11)*
>
> *Бир адам келини менен жатса, экөө тең сөзсүз өлтүрүлөт. Уятсыздык кылып, өлүмгө татыктуу болгон болот. (Лебилер 20: 12)*
>
> *Бир адам бир кыз менен да, кыздын апасы менен да үйлөнгөн болсо, начар иш кылган болот. Араңарда мындай начар иштер болбосун үчүн үчөөсүн тең өрттөгүлө. (Лебилер 20: 14)*

Куранда болсо кандайдыр бирөөнү ойноштук (никесиз байланыш) менен айыптаган кишинин **ошол учурда окуяны өз көзү менен көргөн 4 күбө** алып келиши шарт. Ошол 4 күбө болгондо гана жана күбөлөр окуя болуп жаткан жерде ойноштукка өз көздөрү менен күбө болушканда гана бир адам ойноштук кылды деген анык өкүм чыгарылат.

Өкүм коюлган соң жаза болсо жүз балак уруу гана (Нур Сүрөсү, 2-8). Бул жердеги жаза өкүмүнүн коркутуу максатында коюлганы анык. Себеби бир кишини ойноштук кылып жатканда дал ошол учурда ачык көрө турган 4 кишинин болушу иш жүзүндө дээрлик мүмкүн эмес.

4 күбө алып келинбегенде болсо **мындай айыптоонун толугу менен четке кагылаары аяттарда билдирилет:**

> **Бир күйөө аялына ойноштук айыбын жапканда жана күбө алып келбегенде болсо аялдын Аллахтын атына беш жолу ант ичиши анын үстүндөгү <u>бул айыптоону бүтүндөй алып салат.</u> (Нур Сүрөсү, 8-9)**

Тооротто болсо ойноштуктун жазасы – **«ташбараң кылып өлтүрүү».** Болгондо да күбө алып келүү мажбурлугу да жок. Жазанын ишке ашышы үчүн айтып койуу эле жетиштүү. Кээ бир Христиандар Исламга бул темада сын-пикир айтышып, бирок Тооротогу бул өкүм жөнүндө эч нерсе айтышпайт. Мынчалык оор жана апачык бир өкүм каалаcа бүт Иудейлерге жана Христиандарга жүктөлүшү мүмкүн. Булар Иудейлер менен Христиандар жөнүндө өтө кызыктай пикирлердин пайда болушуна жол ачышы мүмкүн. Бирок Мусулмандар бул жердеги өкүмдү **коркутуу максатында коюлган, иш жүзүндө жасалбайт, убакыт ичинде өзгөртүлгөн деп өкүм кылышат жана Иудей менен Христиандарга болгон көз-карашы да ушуга жараша болот.**

Буга дагы бир мисал курчалган шаарлардагы туткун аялдар менен байланыштуу. Куранда эркек болсун, аял болсун бүт туткундар корголуп, согуштун аягында койо берүү буйрук кылынган. Бирок Тооротто болсо курчалган бир шаардагы **аялдар менен жаш балдар «душман мүлкү»** жана **«талап-тоноого болот»:**

> *Бирок тынчтык сунушуңардан баш тартып, силер менен согушкулары келсе, шаарды курчагыла. Теңириңер КУДАЙ <u>өз колуңарга тапшырганда ал жерде жашаган бүт эркектерди кылычтагыла. Аялдарды, жаш балдарды, жаныбарларды жана шаардагы бүт нерсени талап-тоносоңор болот.</u> Теңириңер КУДАЙ силерге берген душман мүлкүн колдоно берсеңер болот. (Мыйзамды кайталоо 20: 12-14)*

Ал тургай, курчалган бир шаардагы аялдар, ал тургай жаш балдар, ал тургай, наристелер да ӨЛТҮРҮЛҮШҮ КЕРЕК:

> *«Бул аялдар Балам берген кеңешти угуп Пеор окуясында израилдиктердин КУДАЙга кыянат кылышына себеп болушту. Ушул себептен КУДАЙдын коому арасында өлүмгө алып барчу оору жайылды. Эми <u>бүт эркек жаш балдарды жана эркек менен жаткан аялдарды өлтүргүлө.</u> Эркек менен жатпаган жаш кыздарды гана өзүңөр үчүн аман алып калгыла. (Мыйзамды кайталоо 20: 16-18)*
>
> *Муса согуштан кайткан аскер башчыларына –миңбашыларга, жүзбашыларга- ачууланды. Аларга <u>«Бүт аялдарды аман калтырдыңарбы?» деди.</u>.. (Сандар 31: 14-15)*
>
> *«Өкүмдар КУДАЙ мындай дейт: Алардын үрөйүн учура турган, мал-мүлктөрүн талай турган бир топту жөнөтөм аларга. <u>Аларды ташбараң кылып, кылычтары менен кесишет; балдарын, кыздарып өлтүрүп, үйлөрүн өрттөшөт.»</u> (Жезекиел 23: 46-47)*
>
> *Эркектер менен аялдарды, жаш балдар менен улгайгандарды, уландар менен жаш кыздарды, чабан менен малдарын, дыйкан менен өгүздөрүн, шаар жана дубан башчылары менен жардамчыларын <u>өлтүрөм.</u> (Жеремия, 51: 22-23)*

*Кармалгандын <u>денеси жебеге сайылат, колго түшкөн кылычтан өлөт.</u> Балдары көз алдында өлтүрүлөт. Үйлөрү таланат, аялдарынын абийири тебеленет... Октору менен <u>жаш балдарды өлтүрүп, наристелерди аябайт,</u> жаш балдарды аяшпайт. (Ышайа 13: 15-18)*

*Беркилерге «Шаарды кыдыргыла жана <u>эч кимди аябастан, эч кимге боор оорубастан өлтүргүлө»</u> дегениңди уктум. «Улгайганды, жашты, жаш кызды, аялды, жаш балдарды өлтүргүлө...» (Жезекиел, 13: 5-6)*

*Эми бар да, амалыктыктарды талкала, анын эмнеси бар болсо, ошонусунун баарын жок кыл. Аны аяба, <u>эркегинен аялына чейин, өспүрүмүнөн эмчектеги баласына чейин, өгүзүнөн коюна чейин, төөсүнөн эшегине чейин кырып сал</u>. (Биринчи Шемуел, 15: 3)*

*Кешпон падышасы Сихондун бүт шаарларын талкалап, <u>эркектерин, аялдарын, балдарын кырып салгандай, аларды да талкалап, элин кырып салдык</u>. (Мыйзамды кайталоо, 3: 6)*

*Теңирибиз КУДАЙ аны колубузга тапшырды. Аны, балдарын жана бүт элин жок кылдык. Бүт шаарларын караттык, баарын жок кылдык. <u>Аял, эркек, жаш бала, эч кимди соо калтырбадык.</u> (Мыйзамды кайталоо, 2: 33-34)*

Согушкан бир шаардагы **аял-жаш бала эч кимдин аман калтырылбашы керек экени** да Тоороттогу өкүмдөрдүн бири:

*Ал элдерге караштуу эмес, сенден өтө алыс жайгашкан шаарларды да так ушундай кыл. Ал эми Кудай-Теңириң сенин энчиңе берип жаткан мына <u>бул элдердин шаарларында жашаган адамдардын бирин да тирүү калтырба.</u> Кудай-Теңириң буйругандай, хеттиктерди, аморлуктарды, канаандыктарды, перездиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды <u>толугу менен кырып сал</u>. (Мыйзамды кайталоо 20: 15-17)*

Исламда уурулукка каршы, аятта апачык билдирилгендей, «кайталанышын алдын алуучу бир жаза катары» кол кесүү жазасы бар. Бирок кылган кылмышынан улам бир киши тообо кылса анда жазаланбайт (Маида Сүрөсү, 38-39). Мындай бир жазага туш болоорун билип туруп эч ким тообо кылып кечирим суроо нематынан, албетте, баш тартпайт. Ошондуктан **бул жердеги өкүмдүн иш жүзүндө колдонулбай турган, кишилерди коркутуу үчүн гана экени анык.**

Мусулмандарды бул өкүмдөн улам сындаган Христиандар бул темада негизи Тооротту кароолору зарыл. Тоорото өтө **кызыктай себептер менен кол кесүү жазасы бар, болгондо да бул анык өкүм катары ишке ашырылат жана кылмыш кылган адамды айоо жок:**

*«Эгер эки адам урушуп, бирөөсүнүн аялы күйөөсүн ургандын колунан куткаруу үчүн келип колун созуп, берки кишинин эркектин органын кармаса, <u>аялдын колун кесесиңер;</u> аны аябайсыңар. (Мыйзамды кайталоо 22: 11-12)*

Аялдар жөнүндө Тоороттогу кызыктай иштердин бирөөсү болсо төмөнкүдөй:

*Бир аял жыныстык байланыш түзүү максатында бир жаныбарга жакындаса, <u>аялды да жаныбарды да сөзсүз өлтүрөсүңөр.</u> Өлүмгө татыктуу болушкан болот. (Лебилер, 20: 16)*

**Мындай абал Инжилге да тиешелүү.** Кээ бир Христиандар Мусулмандарды аялды экинчи сорт адамдай көрөсүңөр деп айыпташат. Бирок **Инжилди караганда аялдын экинчи сорт адам кейпине салынганы жана эркектин болсо ага башчы кылып жаратылганы жөнүндө баяндарды көрөбүз.** Инжилдеги бул жөнүндөгү сөздөр төмөнкүдөй:

*...Месих ... чиркөөнүн башы болгон сыяктуу, <u>эркек да аялдын башы</u>. (Эфестиктерге кат 5:23)*

*Аялдар чогулуштарыңарда унчугушпасын. <u>Сүйлөшүнө уруксат жок.</u> Ыйык Мыйзам да айткандай, тил алчаак болушсун. Үйрөнгүлөрү келген бир нерсе бар болсо, үйдө күйөөлөрүнөн сурашсын. Себеби аялдын чогулуш убагында сүйлөшү уят. (Корунттуктарга биринчи кат, 14: 34-35)*

*<u>Аялдын үйрөтүшүнө, эркекке башчы болушуна уруксат бербейм;</u> унчукпасын. Себеби алгач Адам, анан Обо жаратылган; алданган да Адам эмес эле, аялы алданып күнөө кылган. (Тиметейге биринчи кат, 2:12-14)*

*<u>Эркек аял үчүн эмес, аял эркек үчүн жаратылган.</u> (Корунттуктарга биринчи кат, 11: 9)*

Көрүнүп тургандай, Христиандыкта жана Иудейликте аялдарды төмөн көрүү жөнүндө өтө оор сөздөр турганда, кээ бир кишилердин ал сөздөрдү көрмөксөн болуп Исламды жамандаганга аракет кылышы түшүнүксүз. Ал кишилердин Куранда ансыз да жок болгон өкүмдөрдөн улам Исламды өз ойлорунда сындашы эч түшүнүксүз. Мусулмандар Христиан менен Иудейлер жөнүндө мындай көз-карашта болбогон сыяктуу, Иудейлер менен Христиандар арасында да аялдарды басмырлаган фанаттар бар экенин билип, муну эч качан бул эки диндин чыныгысына жүктөбөгөн сыяктуу; Христиандар да –Куранда болбогон ойдон чыгарылган кошумчаларды жана аларды жасаган фанаттарды далил көрсөтүп- Ислам жөнүндө туура эмес көз-карашта болбошу зарыл.

# Чыныгы аял душманы – бул фанаттар, эки жүздүүлөр, дарвинисттер, материалисттер, коммунисттер жана фашисттер

Аялдарга экинчи сорт адам мамилесин кылуу, ар бир мүмкүнчүлүктө аларды басмырлоо, аялдын немат катары баркын билбөө, кыскасы аялдарды жек көрүү – негизи дарвинисттердин, материалисттердин, коммунисттердин, фашисттердин жана фанаттардын өзгөчөлүгү. Мындай кишилер эч бир сулуулуктан ырахат албайт; искусстводон, сулуулуктан, сонун жыттан, жаныбарлардан, өсүмдүктөрдөн, музыкадан түшүнбөйт; жана бир немат-жакшылык катары жаратылган аялдын баркын да билишпейт. Өздөрү да руханий жактан бейпил болбогондуктан, жана тазалык менен сулуулуктан ырахат албаган бир жашоодо жашашкандыктан, сулуулуктарды да байкашпайт. Жашоолорунда ырахат эмес, азап бар, ушул себептен немат-жакшылыктарды жаман көрүшөт.

Фанатизмде аялды эң көп басмырлаган, аялга эң көп экинчи сорт адам мамилесин кылган адам өрнөк адам деп көрсөтүлөт. Бул үч диндин фанаттарына тең тиешелүү. Бирок Ислам атын жамынып чыккан фанаттар Куранга толугу менен карама-каршы келишип, Куран аяттарында жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын жашоосунда болбогон бир балээнин ичинде жашашууда. Ислам менен эмес, ойдон чыгарылган кошумчалардан турган негизсиз бир дин менен жашаган ал адамдардын көз-караштарын Исламга жүктөөнүн эч кандай мааниси жок.

Аялдар жөнүндөгү мындай туура эмес логика, албетте, түпкүрүндө атеизмдин булагы болгон дарвинизмден келип чыккан. Дарвин аялдарды төмөн көргөн көз-карашын апачык айтуудан тартынган эмес. *Адамдын келип чыгышы* аттуу китебинде аялдардын ой жүгүртүү, ылдам түшүнүү жана тууроодо **«төмөнкү расалардын өзгөчөлүктөрүнө ээ экенин»** жана ушул себептен **«эскирээк жана төмөнкү бир маданият деңгээлине ээ экенин»** (John R. Durant, "The Ascent of Nature in Darwin's Descent of Man" in The Darwinian Heritage, Ed. by David Kohn, (Princeton, NJ: Princeton University Press, 1985), 295-б.) жазган. Аялдарды өз ойлорунда эволюциялашып жаткан, өнүкпөгөн бир раса катары көргөн бул көз-караштын кандай үрөй учурарлык бир жашоо формасы экени заматта көрүнөт. Ушунчалык фанаттык көз-карашта болгон Дарвин аялдын үйлөнүүдөгү ролун төмөнкү тантык сөздөрү менен сүрөттөгөн:

*«... <u>ойной турган бир буюм – кандай болсо да бир иттен жакшыраак.»</u> (Charles Darwin, The Autobiography of Charles Darwin 1809-1882 (Edited by Nora Barlow), W. W. Norton & Company Inc., New York, 1958, б. 232-233)*

Дарвиндин мындай үрөй учурарлык көз-карашын уланткандар фанаттар, эки жүздүүлөр, коммунисттер, фашисттер жана атеисттер болгон. Караңгы жана фанат дарвинисттик көз-караштын бүт жактоочулары аялга карата мындай көз-караштын улантышууда. **Коммунисттик коомдордун баары ушундай көз-караншта.** Ислам атынан чыккан кээ бир **дарвинист аалымдардын баары ушундай көз-караншта. Кыз төрөлөөр замат өлтүргөн, кыздуу болдум деп өзүн басмырлангандай көргөндөр да фанаттар.** Куран дайыма аялды жактап, аялдын корголушуна басым жасаса; фанаттарда, эки жүздүүлөрдө жана дарвинисттерде бүт система эркекти коргоого жана аялды басынтууга багытталган. Ошондуктан аялды төмөн көргөн мындай бузуку көз-караш Исламдын эмес, Дарвиндин жана радикализмдин көз-карашы.

Учурда Ислам ахлагы талап кылынгандай орнобогон бүт коомдордо аялга экинчи сорт адамдай мамиле кылынууда. Аялды эң көп кадырлаган болсо – Ислам ахлагы жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын сүннөтү толук орногон чын ыкластуу Мусулмандардан турган коомдор. Ошондуктан жүзү кара, динсиз жана Куран менен эмес ойдон чыгарылган кошумчалар менен жашаган коомдордун терс түшүнүктөрүн Исламдан келип чыккандай көрсөтүүгө аракеттенген адамдар өтө жаңылышышат. Аял эң жогору тутулган, бүт укуктары менен жашоосу коргоого алынган, керектүү деңгээлде кадырланган жалгыз дин – бул Ислам.

# 3- БӨЛҮМ
# Динде мажбурлоо жок, бул Курандын анык бир өкүмү

Курандын анык бир өкүмү: **Исламда мажбурлоо жок.**

Аяттарда бул чындык мындайча билдирилген:

> **<u>Динде мажбурлоо (жана басым жасоо) жок.</u> Эч күмөнсүз, туура жол (рүшд) адашуучулуктан апачык ажыратылган. Эми ким таагуттан баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, эч качан ажырап кетпей турган, абдан бекем бир тутканы кармаган болот. Аллах – угуучу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 256)**
>
> **Эгер Раббиң каалаганда, жер жүзүндөгүлөрдүн баары бирдей ыйман келтирмек. <u>Демек, алар мумин (ыймандуу) болгонго чейин адамдарды сен мажбурлайсыңбы?</u> (Йунус Сүрөсү, 99)**
>
> **«Эй коомум, пикириңер кандай айткыла? Эгер менин Раббимден апачык бир далилим бар болсо жана Раббим мага Өз Кабатынан бир мээрим берип, (бул) силердин көздөрүңөрдөн жашырылган болсо? <u>Силер аны каалабасаңар да, биз силерди ага мажбурламак белек?»</u> деди. (Худ Сүрөсү, 28)**

Мусулмандар Аллахтын **«жакшылыкка (маъруф) чакырып, жамандыктан (мүнкер) кайтар»** (Локман Сүрөсү, 17) буйругуна ылайык, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушат жана адамдарды жакшы сөз менен Аллахтын жолуна үндөшөт. Бирок хидаят берүүчү (туура жолго салуучу) Аллах (Касас Сүрөсү, 56) жана Куранды окуган жана түшүнгөн бүт Мусулмандар муну өтө жакшы билишет. Ошондуктан бир Мусулмандын милдети – бул адамдарга Куранды түшүндүрүү, аларды Куранга чакыруу, б.а. аларды динди түшүндүрүү. Бул үндөөгө хидаят тапкан гана жооп берет, хидаят таппаган болсо бул үндөөдөн алыстайт. Ушул себептен хидаят таппаган бир киши канчалык мажбурланбасын, баары бир эч качан чыныгы Мусулман болбойт. Ошондуктан аны буга мажбурлоо Куран боюнча арам дагы, жана натыйжа да бербейт.

Ислам моюн сунуу маанисине келет. Бир адамдын Исламга кириши, чыныгы мааниде хидаят табышы жана чыныгы бир Мусулман болушу үчүн Аллахка жана Куранга чын жүрөктөн моюн сунушу шарт.

Эгер бир адам Исламга мажбурланса эмне болот?

**Бир адам Исламга мажбурланса, Мусулман эмес, мүнафык (эки жүздүү) болот.** Кыйынчылык менен ибадат кылат, аягында эрегишкен, кекенген бир эки жүздүүгө айланат. Исламды, Мусулмандарды жек көрөт жана Мусулман көрүнүп өмүрүн Мусулмандарды өз оюнда тузакка түшүрүүгө каржайт.

Мүнафык – Мусулмандардын эң чоң душманы, дүйнөдөгү эң жүзү кара макулук. Аллах мүнафыктарга тозокто эң төмөнкү кабатты ылайык көргөн. Бул жүзү кара жандыктар Мусулмандарга дайыма зыян тийгизүүгө аракет кылышат. Ошондуктан Аллахтын өкүмүн укпастан, бир адамды мажбурлап Мусулман кылууга аракеттенүү мүнафыктарды гана пайда кылып, зыян алып келет. Бул Мусулман эч каалабаган нерсе.

Бир адамдын мажбурлап Мусулман болушу Курандын жалпы рухуна да карама-каршы. Куранда белгиленген бир адилеттик түшүнүгү бар. Ал түшүнүк боюнча, ар кандай көз-караш, ар кандай пикир болушунча эркин. Аллах Куранда муну каапырларга кайрылган **«Силердин диниңер силерге, менин диним мага»** (Кафирун Сүрөсү, 6) аяты менен апачык белгилеген. Бул толук демократия дегенди билдирет, дин жана ишеним эркиндиги. Ишеним эркиндиги жана демократия болсо Курандан келип чыгат. Курандагы мындай түшүнүк бүт дүйнөгө жайылганда толук демократия жана эркиндик орнойт. Бул адилеттик системасы – бүт коомдорду, бүт дүйнөнү, бүт ишенимдерди камтыган адамгерчиликтин бир шарты болгон бир мыйзам. Аллахтын мыйзамы. Курандын өкүмдөрү адамдар материалдык жана моралдык жактан бейпил жашай турган кылып жаратылган.

Куран аяттарында адамдарды азапка сала турган, адамдарды тынчсыздандыра турган эч кандай өкүм жок. Ислам дини адамдар сүйүп сүйүп, чын көңүлдөн жашай турган, бактылуу боло турган бир дин болуп түшүрүлгөн. Бир Мусулман мушрик болсо дагы ал киши туура жолду (хидаят) табышы үчүн дуба кылууга, ага боорукер мамиле кылууга, аны коргоп-колдоого милдеттүү. Аллах мушриктерди (Аллахка шерик кошкон кишилерди) бир жерден башка жерге баратканда коргоону да Мусулмандарга бир милдет кылган. Мусулмандар өз жанындай мушриктерди коргоого милдеттүү. Куранда бул жөнүндөгү аят төмөнкүдөй:

> **Эгер мушриктерден бирөө сенден «амандык суранса», ага амандык бер; ошентип Аллахтын сөзүн уксун, <u>анан аны «коопсуздук ичинде бара турган жерине жеткир.»</u> Бул алардын албетте билбеген адамдар болушу себептүү. (Тообо Сүрөсү, 6)**

Ислам сүйүү, боорукердик, башкалардын абалын түшүнүү жана урматка таянган бир дин. Буга туура келбеген иштерди жасагандар болсо, демек, Ислам ахлагын билишпейт жана чыныгы Куран ахлагы менен жашашпайт.

## Фанаттар «динде мажбурлоо жок» өкүмүн бир тактика катары колдонушат

Кээ бир кишилер башында «динде мажбурлоо жок» деп чыгышып, бирок кийин акырындап мажбурлоо жана басым жасоо ыкмасын колдонуп баштаган кээ бир Мусулмандарды мисал көрсөтүп, бул багытта бир тактика ыкмасы колдонулат дешүүдө. Эң биринчиден бул кишилер чыныгы Мусулмандар менен Куран боюнча жашабай ойдон чыгарылган кошумчалар менен жашаган фанаттар арасындагы айырманы жакшы билиши керек. Фанат – бул Аллах Куран аяттарында билдирген өкүмдөрдүн жакшы тараптарын жана сырларын ансыз да толук байкай албаган, Курандын рухун толук түшүнө албаган, ошондуктан Курандын акыйкат жана жалгыз китеп экенине толук ишене албаган бир радикал. Өз оюнда, Аллахтын өкүмүнө жана Куран аяттарына карабастан, эгер мажбурласа, басым жасаса, бир киши Мусулман болушу мүмкүн деп ойлойт. Чындыгында болсо бул апачык Раббибиздин өкүмдөрүнө каршы чыгуу болуп саналат. Мунун натыйжасында –жогоруда да айтылгандай- эки жүздүүлөр, Ислам душмандары, Исламды мажбурлоо жана кысымчылык дининдей көргөн адамдар пайда болот.

Ислам дини Пайгамбар Мырзабыз (сав) доорундагы сыяктуу туура жана толук орундатылганда, Куран аяттарына кемчиликсиз моюн сунулганда, ошондо гана чыныгы Ислам жашалат. Мындан башка эч бир мисал Ислам эмес. Курандын бир эле аятын жетишсиз деп ойлогон, кабыл албаган киши динден чыккан болот. Мындай кишинин Ислам атын жамынып Исламда болбогон иштерди жасашын Исламга жүктөөгө болбойт. **Христиан динин жамынып кыргындарды жасап, мечит менен Куранды өрттөгөн фанаттардын иштерин Христиан динине жүктөөгө болбогон сыяктуу.**

Курани Керимдеги аяттарга туура келбеген бир иштер бар болсо ал Исламдын иштери эмес. Ошондуктан Христиандар эгер Исламдын өзүн жана чыныгысын билгилери келсе, Куранга гана карашы керек.

## Куран фанатизмге согуш ачкан

Куран фанатизм себеп болчу ар кандай балээге, бактысыздыкка, зулумдукка, сүйүүсүздүккө, душмандыкка, кан төгүүчүлүккө согуш ачкан. Куранга таянган Ислам дини фанатизмге толугу менен карама-каршы.

Ислам сүйүүгө, тынчтыкка жана достукка чакырат. Ынтымакта болууга, чогуу Аллахтын атын даңктоого, бир тууган болууга, дүйнөдө бейпилдик менен коопсуздукту курууга үндөйт.

## Фанатизмден кутулуунун жолу – Исламга согуш ачуу эмес

Фанатизмди билбестен Исламдын өзү деп кабыл алгандар жана ал фанаттык системаны жок кылууну каалагандар көбүнчө өтө чоң жаңылыштык кетиришип Исламга карата душмандык мамиле кылышууда. Мындай туура эмес көз-караш өзгөчө кээ бир материалист, атеист жана дарвинист маалымат каражаттары, пикир уюмдары жана дүйнөлүк саясатта таасири күчтүү бир катар чөйрөлөр тарабынан атайылап жайууга аракет кылынууда. Бул чөйрөлөр Мусулмандыкты атайылап туура эмес таанытып, **«Мусулмандар ушундай, силерди жашатпайт, ошондуктан алар силерди жок кыла электе силер аларды жок кылгыла»** деген пропагандалар менен Ислам динине жана Мусулмандарга карата башкаларды күүлөшүүдө.

Бир катар Христиандар бул пропагандалардан таасирленип фанаттык система себеп болгон бир катар заалым иштерди токтотуу үчүн Куран менен жана Ислам дини менен күрөшүү керек дешүүдө (Куранды жана Исламды аруулайбыз). Чындыгында болсо бул акыл менен абийирге сыйбаган ыкма **фанатизмдин андан да күчөшүнө жана өнүгүшүнө шарт түзөт. Куранга жана чыныгы Исламга жасалган ар кандай кол салуу өздөрүнөн башкача ойлонгондорго карата күч колдонуу керек деп ойлогон фанаттык системаны андан да күчөтөт.** Андай фанаттар жактаган кан төгүүчү системаны жок кылуунун жолу – бул **Куранды жана чыныгы Мусулмандыкты алдыңкы планга чыгарып,** Асры Саадет (Пайгамбарыбыз (сав) убагындагы Бакыт кылымы) Мусулмандыгын кайрадан ишке ашыруу.

Чыныгы Мусулмандардын жайдары, сыпайы, сүйүүгө, боорукердикке, достукка жана бир туугандыкка таянган, демократия менен эркиндикти жактаган, заманбап жашоосу фанаттык көз-караштагы кишилерди өтө тынчсыздандырат, кууруп күйгүзгөндөй болот. Ошондуктан Христиан бир туугандарыбыз Мусулмандардын да, Христиан менен Иудейлердин да душманы болгон фанаттык көз-карашка каршы чыныгы Мусулмандарга колдоо көрсөтүп, алар менен бирге иш-аракет жүргүзүшү зарыл.

**Фанат менен күрөшүү Мусулмандар үчүн бир ибадат.** Себеби мушриктер менен күрөшүү Курандын буйруктарынын бири. Куранда «мушрик» деп аталган топтун экинчи аты – бул фанаттар. Улуу Аллах аяттарда мүнафыктардан (эки жүздүүлөрдөн) сөз кылат, каапырлардан сөз кылат, жүрөгүндө «оорусу» барлардан сөз кылат, булардын баары мушрик. Булар Асры Саадетке каршы, **КУРАНДЫН АТЫН ЖАМЫНЫП КУРАНГА КАРШЫ СОГУШ АЧЫШАТ.**

Бирок, албетте, бул күрөш илимий жана пикирдик бир күрөш болушу керек. Мурда да эскерткенибиздей, фанаттык топ көбүнчө Курандан ар кандай себептер жана кошумчалар натыйжасында алыс калган сабатсыз, караңгы бир топ. Ошондуктан фанат коркунучун жок кылуу үчүн ал кишилерди окутуу зарыл. Окутулуп, Куранда баяндалган чыныгы Ислам динин түшүнгөндө, албетте, алар да фанаттык көз-караштын акылсыздык экенин көрүшөт.

Сүйүүсүз, таш боор, мээримсиз, акылсыз, маданиятсыз, караңгы; илимди, искусствону эч жактырбаган; терең ойлоно албаган, эл көзүнө көрүнгөндү жакшы көргөн, динди татаалдаштырууга аракет кылган жана дайыма ар кандай иштер менен, кошумчалар менен өз оюнан бир дин чыгарган, жолдон адашкан багыттын аты «фанатизм», б.а. «мушриктик». Ошондуктан КУРАНГА ТОЛУГУ МЕНЕН КАРАМА-КАРШЫ ИШТЕП ЧЫГЫЛГАН, КУРАНДЫ ЖЕТИШТҮҮ КӨРБӨГӨН ЖАНА КУРАНДА БУЙРУЛГАН ӨКҮМДӨРДҮН ТЕСКЕРИСИН ЖАСАГАН ФАНАТТЫК СИСТЕМА – МУСУЛМАНДАР ДА ПИКИР МЕНЕН КҮРӨШӨ ТУРГАН БИР КӨЗ-КАРАШ.

Фанатизмди жойуунун жолу – бул Асры Саадет Мусулмандыгын жана чыныгы Куран ахлагын жактоо жана радикализмдин туткунуна түшкөн кишилерди окутуп тарбиялоо. Пайгамбарыбыз (сав) фанаттарга каршы эле жана Ислам алып келген демократия, сүйүү, урматтоо жана эркиндик нематтарын эч кемчиликсиз турмушка ашырган эле.

## Чыныгы Ислам ахлагы орногондо Христиандар да, Иудейлер да бейпил жашашат

Христиан бир туугандарыбыздын бул китепти баяндалган сүйүү, тынчтык, демократия, эркиндик, бактылуулук, модерндик сыяктуу түшүнүктөр жөнүндөгү сөздөрдү «жакшы ниет менен айтылган сөздөр гана» деп ойлобошу өтө маанилүү. Булар биздин жеке жоромолдорубуз эмес. Булар КУРАНДЫН МАҢЫЗЫ. Булар Курандын рухуна, Аз. Мухаммед (сав)да көрүлгөн бүт өрнөктөргө, Рахман жана Рахим Аллахтын ыраазылыгына туура келген түшүнүктөр. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Куран өкүмдөрү ушундай турмушка ашырылган. Кан төгүүчүлүк фанаттардын ойдон чыгарган кошумчаларында гана бар. Дажжал башкарган фанаттык көз-караштагы кишилер канкордукту бүт дүйнөгө жайылтып муну Ислам деп көрсөтүп, көп адамдарды алдады.

Христиандардын Курандын чыныгы жана негизги кабарын көрүшү өтө маанилүү. Пайгамбарыбыз (сав) да, Курани Керим да дүйнөдөгү бүт адамдар үчүн бир нур. Адамдарды бактылуу кылган, дүйнөнү нурландырган нерселердин баары Куранда. Аллах ыраазылыгы, абийир, ыйман жана жүрөк көзү менен караган ар бир адам муну апачык көрөт. Куранды Асры Саадет доорундагыдай жашоо бүт дүйнөгө толук бейпилдик жана сулуулук алып келет. Курандын Мусулмандар тарабынан кемчиликсиз турмушка ашырылышы Христиандарга да, Иудейлерге да бейпилдиктин жана бакыттын булагы болот. Натыйжада дүйнөдө өтө бактылуу жашоо өкүм сүрөт. Адамдардын табиятында ансыз да бар болгон, бирок дажжалдык системанын таасиринен улам жок болгон кубаныч элдерге кайра келет. Адамдарга сүйүнүч келет. Искусство өнүгүп, чыныгы чыгармачыл адамдар чыгат. Дажжал системасынын таасири менен жок болуп кеткен архитектура кайрадан жанданат. Себеби дүйнөгө бейпилдик, бактылуулук, коопсуздук, достук, бир туугандык жана эң негизгиси Аллах сүйүүсү жайылат. Аллах сүйүүсү адамдардын жүрөктөрүндө болгондо, ал коомго искусство келет, сулуулук келет, кубаныч келет, бакыт келет, илим келет, кыскасы, бүт нерсеге сулуулук менен кубаныч келет. Куран Мусулманынын көз-карашы боорукердик, мээрим, сүйүү, акыл, туруктуулук, акыл менен ойлонуу, башкалар үчүн өз кызыкчылыгынан баш тартуу, жакшы ниет менен окуяларды баалоо, бүт нерседе жакшылык бар деп кароого таянат. Ислам ушундай жашалган бир дүйнө Христиандар үчүн да, Иудейлер үчүн да өтө сонун болот.

Христиандар каршы чыгып, илимий күрөш жүргүзө турган нерсе – бул үч дин үчүн тең чоң бир коркунуч болгон фанатизм, дарвинизм жана материализм. Жактап колдоо көрсөтүшү керек болгон нерсе болсо – Ислам

дининин Курандагыдай орношу жана муну азыркы заманда орундата турган Мехдилик. Буга колдоо көрсөтүшкөндө фанатизм, дарвинизм, материализм жок болуп, дүйнөгө майрам кубанычы келип, бүт нерсе жана бүт тарап нурданат. Фанатизмдин, дарвинисттик жана материалисттик идеологиялардын таасиринде калган адамдар да туура билим берүү аркылуу оңолушат. Чиркөөлөр, синагогдор Куран аятында кабар берилгендей Улуу Аллахтын коргоосунда. Христиан жана Иудей бир туугандарыбыз каалагандай ибадаттарын кылышып, көңүлдөрү каалаган бейпилдик менен коопсуздукка жетишет. Мусулмандар Христиан жана Иудейлер менен бир туугандык жана сүйүү ичинде жашашат, согуштар токтойт, кан төгүү токтойт, дүйнө бакубаттыктын, бейпилдиктин, коопсуздуктун, тынчтыктын мекенине айланат. Бул Аллахтын убадасы. Сөзсүз ишке ашат. Бирок бул үчүн Аллах бизден аракет кылышыбызды каалайт.

# Пайгамбарыбыз (сав)дын ахли китапка болгон боорукер, сүйүү толо мамилеси

## Пайгамбарыбыз (сав) Нажран Христиандарынын зыяраты учурунда отурушу үчүн кийимин салып берген

Расулуллах (сав)дын ахли китаптын тойлоруна катышканы, оорулууларын зыярат кылганы жана аларды коноктогону жөнүндө көп санда риваяттар бар. Ал тургай Нажран Христиандары аны зыярат кылышканда Аз. Мухаммед (сав) алар үчүн кийимин жерге төшөп, Христиан конокторуна мунун үстүнө отургула деген.

## Пайгамбарыбыз (сав) ахли китаптын Мусулмандардын коргоосу астында экенин айткан

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав)дын Христиан Ибн Харрис б. Каъб менен элине жаздырган келишим катында: **«Чыгышта жана батышта жашаган бүт Христиандардын диндери, чиркөөлөрү, жандары, намыстары жана мал-мүлктөрү Аллахтын, Пайгамбардын жана бүт ыймандуулардын коргоосунда.** Христиандык材 дининде жашагандардан эч ким каалабастан Исламды кабыл алууга мажбурланбайт. Христиандардан кайсы бири кандайдыр бир кылмышка же адилетсиздикке туш болсо **Мусулмандар ага жардам берүүгө милдеттүү»** деп жаздырган. *(İbn Hişam, Ebu Muhammed Abdulmelik, Es-Siretü'n-Nebeviyye, Daru't-Türasi'l-Arabiyle, Beyrut, 1396/1971, II/141-150)*

## Пайгамбарыбыз (сав) зыяратка келген ахли китап турушу үчүн сахабанын үйлөрүн аларга берчү

Аз. Пайгамбар (сав) доорунда топ-топ элчилер менен адамдар Мединага зыяраттар кылышчу. Келген топтор – ахли китап да кошо- кээде 10 күндөн ашык турушчу; Абдуррахман б. Авф, Мугире б. Шубе, Эбу Эййубүъл-Энсари жана **ансарлардан кээ бирлердин үйлөрү аларга берилчү.** Мындан тышкары, Пайгамбар Мечитинин айланасындагы илим алган Асхабы Суффа жашаган жерлер менен Мечитке жакын жерлерге курулган бир чатыр келген зыяратчылар үчүн даярдалчу.

Аз. Пайгамбар (сав) учурашууга келгендердин кээ бирлерине эманнаме жана ахиднаме (жазылуу буйрук, кээ бир киши жана топторго берилген укуктар, башка элдер менен жасалган келишип өкүмдөрүн камтыган документ) жана аларга берилген жерлерди билдирген расмий документ берчү. Кээ бир аймактарга болсо алардын арасынан башчылар дайындачу. Ошондой эле Куттуу Пайгамбар Мусулмандарга зекет кызматкерлерин жөнөткөндө, Христиан бойдон калгандарга салык топтоочуларды дайындачу. Негизи келген ал расмий топтор бүт арап жарым аралынын Аз. Мухаммеддин (сав) пайгамбарлыгын жана өкүмдарлыгын кабыл алышынын бир далили эле. *(Sarıçam, Hz. Muhammed ve Evrensel Mesajı, s. 356)*

# Пайгамбарыбыз (сав) вахий келбеген кээ бир темаларда Меккелик мушриктердин эмес, ахли китаптын кылгандарына карап иш-аракет кылган *

Аллах Пайгамбары (сав) Меккеде вахий албаган темаларда Меккелик мушриктерге каршы чыгып, **ахли китаптын кылгандарына ылайык** иш-аракет кылган. *(Buhârî, Libâs 70; Müslim, Fedâil 90)*

# Пайгамбарыбыз (сав) сахабаларды Христиан Нежашинин жанына хижратка жөнөткөн

Пайгамбарыбыз Хижраттан мурда алгач кызыккан жана Мусулмандардын хижрат кылышын каалаган Христиан өлкө Эфиопия болгон. Аллах Пайгамбары Мекке мушриктеринин айоосуз кыйноолорунан улам Меккелик Мусулмандардын Эфиопияга көчүшүн каалап, бул каалоосун төмөнкүчө айткан.

> ***«Кааласаңар жана колуңардан келсе, Эфиопиядан башпаана сурагыла. Себеби ал жерде өкүмдарлык кылган хандын жеринде эч кимге зулумдук кылынбайт. Ал жер туура жана ишенимдүү бир жер, Аллах жеңилдик бергенге чейин ал жерде жашап тургула.»*** *[Hamîdullah, el-Vesâikü's- Siyâsiye, (trcm.Vecdi Akyüz), Kitabevi, İstanbul 1997, s.115; Hamîdullah, İslâm Peygamberi, I, 297]*

# Пайгамбарыбыз (сав) Иудей бир адамдын жаназасы өтүп бараткында өйдө турган

Жабир б. Абдуллах (ра) мындайча риваят кылган:

> *Жаныбыздан бир жаназа өткөн эле. Расулуллах (сав) ошол замат ал жаназа үчүн өйдө турду. Биз да (аны ээрчип) аны менен кошо өйдө турдук жана: «Эй Аллахтын Пайгамбары! Бул бир Иудей аялдын жаназасы» дедик. Анда Аз. Пайгамбар (сав): «... Жаназа көргөнүңөрдө ошол замат өйдө тургула.» деди. (Müslim, Cenaiz, 78, Hadis no: 1593)*

Кайс б. Саъддин (р.а.) риваятында Ибн Эбу Лейла мындайча риваят кылган:

> *Кайс б. Саъд менен Сехл б. Хунейф Кадисиййеде турганда жандарынан бир жаназа өттү. Алар өйдө турушту. Аларга бул жаназа жергиликтүүлөрдөн деп айтылганда Кайс менен Сехл: Расулуллахтын (сав) жанынан бир жаназа өткөн эле. Аллах Пайгамбары өйдө турду. Бул бир еврейдин жаназасы деп ага айтылганда: «Бул дагы бир адам эмеспи?» деди. (Müslim, Cenaiz, 78, Hadis no: 1596)*

# Пайгамбарыбыз (сав) зиммилерге кыйноо жасабагыла деген *

Куттуу хадисте Мырзабыз (сас) «*Ким зимми (Ислам өлкөсүндөгү Мусулман эмес) бирөөгө кыйноо кылса, мен анын душманы болом.»* деген.

## Пайгамбарыбыз (сав)га алгач пайгамбарлык келгенде, Христиандар менен сүйлөшчү

Пайгамбар Мырзабыз (сав) Аллах Пайгамбары сыпаты менен динге чакырууну баштаган келде биринчи жолу Меккеде кээ бир **Христиандарга жолуккан эле.** Ал тургай, вахий келип баштаган алгачкы күндөрү Аз. Хатиже жана Пайгамбар Мырзабыз (сав) менен жолугушкан Варака б. Невфел да колунда Инжилдин кол жазмалары бар болгон бир Христиан эле. *(Buhârî, Bedu'l- Vahy 3)*

## Пайгамбарыбыз (сав) эч кимдин динине кийлигишүүгө жол берген эмес

Дин тандоо эркиндигин билдирген **«Ла икрахе фид-диин (Динде мажбурлоо жок)»** аятын (Бакара Сүрөсү, 256) орундаткан Пайгамбарыбыз (сав) 630-жылы Мусулман болгонун кабар берүү үчүн Мединага келген Хымйер өкүмдарынын элчилерине төмөнкүдөй буйрук берген:

> *«Бир еврей же бир Христиан Мусулман болгон болсо, ыймандуулардан болушат (алар менен укуктук жактан тең болушат).* ***Ким иудей дининде же христиан дининде калгысы келсе, ага кийлигишүүгө болбойт.»*** *(İbn Hişâm, es-Sîre, II, 586)*

## Пайгамбарыбыз (сав) өзү түздөн-түз Иудейлер менен соода кылган

Аллах Пайгамбарынын адамдар менен болгон мамилелеринде негиз туткан баалуулуктардын бири чынчылдык болгон. Мындай сыпаты бар бирөөнүн башка динден болушу аны менен соода мамилелерин кылышына тоскоол болгон эмес. Өзү түздөн-түз **Мединалык Иудей соодагерлерден тамак-аш азыктары менен карыз алган.**

Аллах Пайгамбары (сав) көз жумганда, **шаардагы бир Иудейден алган карызы үчүн сооту аманатта турган эле.**

## Пайгамбарыбыз (сав)дын Хайберди каратуу учурунда Иудейлерге көрсөткөн боорукердиги

Хайберди караткан соң алынган олжолордун арасында топ-топ Тоорот нускалары болгон. **Аз. Пайгамбар (сав) ал нускаларды олжолордун арасынан бөлүп, нускалардын Иудейлерге кайтарылып берилишин буйрук кылган.**

Ошондой эле, Хайбер каратылган соң Мусулман аскерлер Иудейлерге тиешелүү бактардан жана курма бакчаларынан жеп башташкан. Иудейлер Аз. Пайгамбар (сав)га муну арызданышат. **Аз. Пайгамбар (сав) болсо аймактагы элдин мал-мүлктөрүнө, бак жана бакчаларына тийбегиле деп буйрук кылат.**

# Пайгамбарыбыз (сав) Медина Келишими менен Иудейлердин жана Христиандардын динине кийлигишилбешин айткан

Пайгамбарыбыз (сав) Христиан, Иудей жана мушрик коомдор менен кол койгон **Медина келишими** да маанилүү бир адилеттик мисалы. Медина келишиминин пункттарынын бири төмөнкүдөй:

> *«Бени Авф еврейлери ыймандуулар менен бирге бир үммөт,* ***еврейлердин дини өздөрүнө, Мусулмандардын дини да өздөрүнө.»***

Медина келишиминин 16-пунктунда болсо **«Бизге моюн сунган еврейлер эч кандай адилетсиздикке туш болбостон жана душмандары менен да көмөктөшпөстөн, жардам менен колдообузга укуктуу болушат»** деп билдирген.

Пайгамбарыбыз (сав)дан кийин сахабалары да Пайгамбарыбыз (сав) келишимге койдурган бул өкүмгө бекем болушкан жана ушул эле өкүмдү **Бербери, Будист, Брахман жана ушул сыяктуу ишенимдеги кишилерге да колдонушкан.**

# Пайгамбарыбыз (сав) нажрандыктарга берген кепилдикте алардын Мусулмандардын коргоосунда экенин айткан

Түздөн-түз Пайгамбар Мырзабыз (сав) тарабынан Эдрух, Макна, Хайбер, Нажран жана Акабалык ахли китапка берилген кагаздар Мусулмандардын **ахли китаптын жан жана мал-мүлк коопсуздугун кепилдикке алганын жана аларга ишеним жана ибадат эркиндигин бергенин** көрсөтөт. Пайгамбарыбыз (сав)дын нажрандыктар менен түзгөн келишимде орун алган төмөнкү пункттар да маанилүү:

> *Нажрандыктардын жана алардын курамындагылардын жандары, мал-мүлктөрү, диндери, барлары жана жоктору, үй-бүлөлөрү, чиркөөлөрү жана колдорундагынын баары Аллахтын жана Аллахтын Пайгамбарынын кепилдиги астына алынат.*
>
> *Эч бир епископ же монах чиркөөсүнөн же монастрынан чыгарылбайт жана эч бир пастор пасторлук жашоосун таштоого мажбурланбайт.* ***Аларга эч кандай кыйноо же басмырлоо жасалбайт жана жерлери армиябыз тарабынан басып алынбайт.*** *Акыйкаттык талап кылгандар бар болсо, Нажранда адилеттик менен өкүм берилет...*
>
> *Алардын милдети туруктуулук жана милдеттерин аткарууга аракеттенүү. Зулумдук менен кысымчылыкка туш болушпайт.*

## Ыймандуулардын биримдиги бир зарылдык

Аллах ишениминин, адилеттиктин жана абийирдин талабы – бул дүйнөдө Аллах ишенимине каршы болгондор менен пикирдик күрөш жүргүзүү, дүйнөдөгү бүт жамандыктарды ачыкка чыгарып алардын пикирдик негиздерин жок кылууга аракеттенүү. Жасаган кандуу иштеринде өз ойлорунда улуу Ислам динин колдонууга аракеттенген, Мусулман атын же паспортун алып жүргөн караңгы жана ал тургай чындыгында атеист кишилердин Исламга жана Куран аяттарына эч туура келбеген иштерин бир-биринен сөзсүз айырмалаш керек.

Исламдын чыныгысын көрмөксөн болуп дажжал тараптарларынын пландарына алдануу чын жүрөктөн ыйман кылган бир адам кылбай турган бир нерсе. Мындай тымызын жана системалуу пропаганда ыкмалары натыйжасында бир катар Христиандар өздөрүн Мусулмандардан алыс тутуп, ал тургай аларга каршы күрөш жүргүзүшүүдө. Ушундайча өздөрүн евангелист Христиандардай көрсөтүүгө аракеттенген динге каршы кишилердин таасири астында Мусулмандарга каршы кекенүү жана жек көрүү сезимдерин жайылтышуууда. Аллахты сүйгөн динчилдер катары Аллахтын достору менен биримдикте болуунун ордуна, атеист, дарвинист, террорист бир системаны алга сүйрөгөн тымызын бир уюмдун жолун –билбей болсо да- жолдошуууда. Бул туура эмес ишенимдин өздөрүнө да, бүт дүйнөдөгү ыймандууларга да канчалык чоң зыян тийгизээрин көрө алышпоодо.

Аллахтын уруксаты менен АЛЛАХТЫН ЫСМЫ ЖАНА СӨЗҮ СӨЗСҮЗ БҮТ ДҮЙНӨГӨ ОРНОП, ҮСТӨМДҮК КЫЛАТ. Бул Аллахтын бүт чыныгы ыймандууларга убадасы. Бирок буга себепчи болуу үчүн себептерди жасоо, бүт дүйнөдө ыймандуулардын бекем бир көмөктөшүү ичинде болушу зарыл. Чын ниеттүү евангелист Христиандар евангелист масондордун караңгы оюндарын көрүп, чоң коркунучту байкап чын ниеттүү динчил Мусулмандар менен биримдикте болушса, бүт адамдар тынчтык менен бейпилдик ичинде жашай ала турган, согуштар, уруштар токтой турган бир дүйнө тартибинин курууга мүмкүн болот. Аллахтан бир немат катары мындан бир топ бейпил жана бир топ бакубат, жакшы жашоодо жашашат.

Атеист масондук тымызын башчылык кылган чыныгы коркунучтун –б.а. атеизм, дарвинизм, материализм, марксизм, коммунизм коркунучунун- масштабын жакшыраак түшүнүшкөндө, чыныгы пикирдик күрөштү, бүт ыймандуулар менен бирге, Аллах ишенимине каршы согуш ачкан ушундай бузуку системаларга каршы жүргүзүшөт. Улуу Аллахтын уруксаты менен 3 чоң диндин үммөттөрү кубаныч менен күткөн Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактылары өтө жакын. Курандагы Аллахтын убадасына ылайык ал доордо Аз. Иса (ас)дын тынчтык жана биримдик чакырыгына сөзсүз бүт Христиандар өз ыраазылыгы менен жооп беришет. Куранда айтылгандай, Аз. Иса (ас) кайрадан келгенде ахли китаптан (Христиан жана Иудейлерден) өлөөрдөн мурда ага ыйман кылбай турган эч ким калбайт (Ниса Сүрөсү, 159). Ошондо эң негизгиси адамдар арасында сүйүү менен биримдик куруу керек экенин Улуу Раббибиздин уруксаты менен түшүнүшөт. Бирок негизгиси – Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын чыгаар убактысы өтө жакындаган кезде бул чындыкты байкап, БУЛ КУТТУУ ИНСАНДАРГА КЕРЕКТҮҮ ФУНДАМЕНТТИН ДАЯРДАЛЫШЫНА КӨМӨКЧҮ БОЛУП, АЛАР КЫЙНАЛБАЙ ИШ-АРАКЕТ ЖҮРГҮЗӨ ТУРГАН ШАРТТАРДЫ ДАЯРДОО. Албетте, Аллах Ислам ахлагын, тынчтыкты, бейпилдикти жана сүйүүнү орнотуу үчүн эч нерсеге муктаж эмес (Аллахты аруулайбыз). Бирок Аллах ыймандууларга дуба кылуу жана сооп чогултуу жакшылыгын тартуулаган. ЧЫНЫГЫ ЧЫН НИЕТТҮҮ ДИНЧИЛДЕР АРАСЫНДАГЫ КҮЧТҮҮ БИРИМДИК АТЕИЗМДИН ЖЕР БЕТИНЕН ЖОК БОЛУШУ ЖАНА УЛУУ РАББИБИЗДИН ЫСМЫ БҮТ ДҮЙНӨДӨ БИРӨӨ ЖАНА ЖАЛГЫЗ ДЕП ДАҢКТАЛЫШЫ ҮЧҮН БИР ДУБА СЫПАТЫНДА БОЛОТ.

# 8-БӨЛҮМ
# АЗ. ИСА (АС) ЖЕРГЕ ТҮШТҮ

## Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) азыр жер бетинде

Христиандар 2000 жылдан бери, Мусулмандар болсо 1400 жылдан бери күткөн жерге түшүү керемети ишке ашты. Аз. Иса (ас) азыр жер бетинде. Биз жашап жаткан доор акыр заман. Дүйнөнүн кутулууга жетишине себепчи боло турган эки куттуу акыр заман инсаны Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) жер бетинде. Учурда иш-аракеттерин улантышууда. Асры Саадеттен (Пайгамбарыбыз (сав) убагындагы бактылуулук доорунан) кийинки дүйнөнүн эң маанилүү доору азыр болуп жатат. Бул ыймандуулар үчүн өтө сонун жана өтө кубандыруучу бир кабар.

Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистерден жана Тоорот менен Инжил сөздөрүнөн дүйнөнүн акыркы убагына жакындаганыбызды жана Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) доорунда жашап жатканыбызды түшүнүүгө болот. [бул жөнүндө терең маалымат алуу үчүн караңыз. *Hz. İsa (as) ve Hz. Mehdi (as) Bu Yüzyılda Gelecek (Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас) ушул кылымда келет),* Harun Yahya (Харун Яхья)]

Бул куттуу бир доор. Сонун бир доор. Дүйнөдө болуп жаткан «херж-ү мерж», б.а. башаламандык Аз. Иса (ас) менен Аз. Мехди (ас)дын иш-аракеттери натыйжасында токтойт. Дүйнө Асры Саадет доорунун кубанычы, молчулугу, бактылуулугу, сүйүнүчү орногон Алтын кылымды кучактап тосуп алат.

Алтын кылым бүт согуштар токтогон, бүт адамдар бейпилдик жана тынчтык ичинде жашаган, кылмыштар токтогон, ачарчылык, жокчулук, коркуу, зулумдук сыяктуу бүт балээлер жок болгон, түрмөлөр толугу менен жабылган, октор мылтыктар, бүт курал-жарактар ээритилип жок кылынган бактылуулук доору болот. Бул куттуу доордо кээ бир Христиандар күткөндөй согуштар болбойт, душмандык болбойт. Бүт диндер чогуу, бир туугандык жана достук ичинде жашашат. Алтын кылым бүт дүйнө жүзү өтө бейпил жана бакубаттыкта жашаган «бактылуулук доору» болот.

Аз. Иса (ас) чыкканда, өз оозу менен Христиандарга үч кудайлык ишениминин канчалык чоң бир жаңылыштык экенин айтып берет. Аллахтын уулу эмес экенин, өзүнүн да бүт башка адамдар сыяктуу Аллахка муктаж, алсыз бир кул экенин Христиандарга өзү айтат. Куранды окуп, Курангa моюн сунат жана бүт Христиандарды Курангa чакырат. Мына ошондо Христиандардын баары бул жерде айтылгандардын тууралыгына толук ишенишет. Жана Аллахтын уруксаты менен аятта айтылгандай, Аз. Иса (ас) өлбөстөн мурун ага ишенбей турган эч ким калбайт:

> **Ант болсун, ахли китаптан өлбөстөн мурун ага ишенбей турган эч ким жок. Кыямат күнү ал болсо алардын зыянына күбө болот. (Ниса Сүрөсү, 159)**

Колуңуздагы бул китеп үч кудайлык жаңылыштыгына түшкөн Христиандарга терең түшүндүрмө катары жазылган. Китепте айтылган Куранда жана Инжилде орун алган баяндар аркылуу аларды туура жолго, Жалгыз Аллахтын жолуна чакыруу максат кылынган. Христиандарга өтө улуу жана сонун бир кубанычтуу кабар

айтылууда. Аллах аларга жана, албетте, бүт адамдарга Аз. Иса (ас)дын ошол сулуу, нурлуу, укмуш жамалын көрсөтөт. 2000 жылдан соң боорубузга баса турган, кубаныч менен тосуп ала турган сүйүктүү пайгамбарыбыз Аз. Иса (ас) азыр жер бетинде, бүт адамдардын алдына чыга турган, көрүнөөр күнү болсо өтө жакын.

# 9-БӨЛҮМ

# КЭЭ БИР ЕВАНГЕЛИСТТЕРДИН АНТИХРИСТ (ДАЖЖАЛ) КӨЗ-КАРАШЫНЫН КООПТУУЛУГУ

Учурда бир катар евангелисттер Инжилдеги дажжал сүрөттөлүшүн туура эмес жоромолдогондуктан, Мусулмандар менен Иудейлер бир куткаруучу катары күткөн жана дүйнөгө тынчтык алып келе турган Аз. Мехди (Султан (Хан) Месих) жөнүндөгү баяндарды өз ойлорунда дажжалият менен байланыштырышууда. Бул өтө коркунучтуу көз-караш себебинен акыр заманда келе турган жана бүт дүйнөгө тынчтык алып келе турган Мехдинин сыпаттарын дажжалдын сыпаттарындай көрсөтүүгө аракет кылышууда (Аз. Мехди (ас)ды аруулайбыз). Болгондо да, ушул себептен тынчтык, сүйүү, бир туугандык сыяктуу сөздөрдү айткандарга күмөн менен карашууда. Эң биринчиден бул көз-караште өтө чоң жаңылыштыктар бар жана булар, атайылап болбосо да, дүйнөдө сүйүүнү жок кыла турган жана жек көрүүнү жайылта турган кооптуу пикирлер.

## Бир элди же коомду толугу менен дажжал деп жарыялоо – абийирсиздик

Бир катар евангелисттердин Инжилге таянып жасаган дажжал сүрөттөөсүндө тынчтык алып келе турган бир куткаруучу негизи дажжалга ишарат кылат деп айтылат. Бул кызыктай көз-караштын мааниси мындай: ким тынчтык, сүйүү жана достуктан сөз кылса, анда ал потенциалдуу дажжал же дажжал тараптары болот. Бул туура эмес көз-караш дүйнөдө эч кимдин тынчтыктан сөз кылбашына, эч кимдин бир-бирин сүйбөшүнө, өзгөчө Аз. Мехди (ас)ды күткөн Мусулмандардын тынчтык жана сүйүү сөзүн айтпашына жол ачышы мүмкүн болгон бир көз-караш; ошондуктан өтө кооптуу. Бул көз-караш дүйнөнүн учурдагы эң чоң муктаждыгы болгон ыймандуулардын биримдигине да жолтоо боло турган өтө туура эмес бир көз-караш.

Бул пикирге таянган кээ бир евангелисттер Израилдин айланасындагы өлкөлөр арасынан бир элди же бир коомду бүтүндөй максат көрсөтүп, Ыйык Китепте өзгөчө ушундай бир коомго ишарат кылынган дешүүдө жана ал кишилерди дажжал деп көрүп, башкаларга да дажжал деп көрсөтүшүүдө.

Бул эң биринчиден Христиандардын өздөрү ишенген ыйык китептин негиздерине да туура келбеген бир иш-аракет жана көз-караш. Ичинде жашаган ыймандуу, жакшы адеп-ахлактуу, күнөөсүз, жакшы ниеттүү адамдарды көрмөксөн болуп бир элди күмөн астында калтыруу, алдын-ала эле аларды дажжалды ээрчий турган кишилер деп кабыл алуу жана мунун негизинде ал элге душман болуу же аларга каршы жек көрүүнү күчөтүү өтө чоң бир абийирсиздик. Ар бир элдин арасында жакшы адамдар да, жаман адамдар да болот.

Дажжал тараптарлары менен Аллах тараптарлары ар доордо жакшылыкты же жамандыкты көздөгөнү жагынан бир-биринен айырмаланышат. Ошондуктан кайсы динди тутунбасын, бир элди баары жаман деш, ал жердеги күнөөсүз жана жакшы адамдарды бир сөз менен жокко чыгаруу Аллахтын done болбойт. Мындай дажжал сүрөттөөсү өтө таш боор, мээримден жана боорукердиктен алыс бир сүрөттөө. Мындай сүрөттөөлөр

террорду, зулумдукту, бузукулукту, жек көрүүнү күчөтөт. Мындай сүрөттөөлөр адамдарды бир элге карата себепсиз бир жек көрүүгө, ал тургай, кол салууга, согушка түртөт. Мындай сүрөттөөнү жасаган ал кишилер түпкүрүндө өздөрүнүн дажжалга кызмат кылып жатканын билбей жатышат.

Кадимки шарттарда диндин маңызын билген жана жашаган бир адам мындай көз-карашты жактабашы керек. Бир туугандыкты, сонун адеп-ахлакты, адамдарга боорукердик жана мээрим менен кароонун сонундугун сезип, башкаларды да ушуга үндөшү зарыл. Бир адам бир элди бүтүндөй шайтанды ээрчигендер деп караган бир логикада болсо, демек ал киши диндин маңызын билбейт. Бүт акыйкат диндер адамдарга сүйүү менен, боорукердик менен жана мээрим менен кароону насаат кылат. Жана бүт акыйкат диндер дажжалды, дажжалдын системасын жана дажжал тараптарларын сүрөттөгөн. Бүт жамандыктардын булагы болгон дажжалды таануу жана түшүнүү өтө оңой. Ал сүрөттөөлөр боюнча:

Кан төгүүнү каалаган, кыргындарды, таш боордукту, зулумдукту колдогон ким гана болбосун дажжалдын армиясынан болуп, дажжалга кызмат кылып жаткан болот. Албетте, ал кишилердин арасында атеист да бар, Иудей да бар, Христиан да бар, Мусулман да бар. Бирок «Мусулмандар – дажжалдын армиясы» деш өтө чоң жаңылыштык болот. Бүт жакшылыктарды дажжалдын бир баштапкы алааматы деп кабыл алып, анан аны бир элге жараштыруу бир жагынан күнөө, бир жагынан абийирсиздик жана бир жагынан чоң бир акылсыздык. Ал элге тиешелүү күнөөсүз жаш балдар, күнөөсүз аялдар-эркектер, динчил чын ниеттүү жакшы адамдар бир заматта жок деп кабыл алынууда.

Бул ошол эле учурда өздөрүнүн ыйык китебине да жасалган бир доомат болот. Ыйык Китепте мындай маанидеги бир сөз такыр жок. Мындай адашкан бир ишенимди жактоо менен ал евангелисттер айланаларындагы адамдарды да туура эмес багытташып, аларды бүтүндөй жек көрүүчүлүккө түртүшүүдө. Бул күнөөсү өтө чоң бир жоопкерчилик.

# Инжилдеги дажжал сүрөттөөлөрү дарвинизмге толук дал келет

*Анан он мүйүздүү, **жети баштуу бир жырткычтын Римдин деңизинен чыкканын көрдүм. Мүйүздөрүндө он таажы бар эле, ал эми баштарында Кудайды жамандаган ысымдар бар эле.** 2 Мен көргөн ал жырткыч илбирске окшош экен. Анын буттары аюунукундай, оозу арстандыкындай экен. Ажыдаар ага өзүнүн күчүн, тактысын жана улуу бийлик берди. 3 Мен ал жырткычтын бир башынын оор жарадар экенин көрдүм, бирок ал оор жаракат айыгып калды. **Бүт жер жүзү таң калып, жырткычтын артынан ээрчиди.** 4 **Адамдар жырткычка бийлик берген ажыдаарга сыйынып жатышты.** «Бул жырткычка ким тең келе алат? Аны менен ким салгылаша алат?» – деп, алар жырткычка табынып жатышты.*

*5 Ага текеберденип сүйлөгөн жана Кудайды жамандаган ооз берилди, ошондой эле ага өз бийлигин колдонууга кырк эки ай берилди. 6 Ошондо ал Кудайды, Анын ысымын, Анын жашаган жайын, б.а. асманда жашагандарды жамандоо үчүн оозун ачты. 7 Ага ыйыктар менен согушуп, аларды жеңүүгө жол берилди. **Ага бардык уруулардын, элдердин, тилдердин, улуттардын үстүнөн бийлик берилди.** 8 Жер үстүндө жашагандардын бардыгы, ысымдары дүйнө жаралганда эле союлган Козунун өмүр китебине жазылбаган адамдар ага таазим кылышат. 9 Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун. (Аяндар, 13)*

### *«Римдин деңизинен чыккан 10 баштуу жырткыч»*

*«Анан он мүйүздүү, **<u>жети баштуу бир жырткычтын Римдин деңизинен чыкканын көрдүм. Мүйүздөрүндө он таажы бар эле, ал эми баштарында Кудайды жамандаган ысымдар бар эле.»</u>***

Римдин деңизинен чыгып Христиандыкта 10 таажы сүрөттөгөн 10 хандыкка жайыла турган дажжалият кээ бир евангелисттер тарабынан 10 улуту бар бир өлкө бир деп кабыл алынган жана ошого карап дажжалды сүрөттөшүүдө. Бирок бул өтө акылсыз жана өтө кооптуу бир пикир.

Бул Инжил текстинде бир өлкө же бир эл эмес, 10 хандыкка, б.а. өтө чоң аймакка жайыла турган бир идеология айтылган. Бул болсо бүт дүйнөгө балээ алып келген жана дагы эле кыйратуучу таасири уланып жаткан дарвинизм. Англиядан чыккан жана бүт дүйнөгө жайылган негизсиз, жалган бир идеология болгон дарвинизм адамды бир айбанга теңеп, жашоо кокустан пайда болгон деген пикирди жайууга аракеттенүүдө. Күчтүүнүн алсызды эзиши жашоонун бир талабы деген калпты пропагандалап, бүт балээлерге, согуштарга, кыргындарга, геноциддерге себеп болгон.

20-кылымда жана азыркы кылымда да дүйнөнү балээлерге түрткөн дарвинизм биз жашап жаткан акыр заманда чыга турган дажжалдын сүрөттөлүшүнө өтө дал келет. Бир катар евангелисттер өз ойлорунда өлкөлөрдү жана элдерди дажжал атап, бир жагынан күнөөгө кирип жатышса, экинчи жагынан өтө убакыт жоготушууда. Чыныгы дажжал бүт дүйнөгө таасир берип, дүйнөнү балээге түртүүнү улантып жатканда, евангелисттер туура эмес түшүнүүнүн натыйжасында убакыт жоготуп, күрөшүү керек болгон нерсени көрө албай жатышат. Дажжал ушундай жол менен негизи аларды да алаксытууда.

Инжил текстиндеги башка бөлүмдөрдү караганыбызда да дарвинизмдин айтылып жатканын көрөбүз:

### *«Бүт жер жүзү таң калып, жырткычтын артынан ээрчиди.»*

Аяндар 13төгү дажжал сүрөттөөсүндө ал жырткычтын бүт дүйнөгө жайылаары айтылууда. Бул евангелисттердин «бир эл дажжал» деген пикирин жок кылуучу бир сүйлөм. Жана бул дажжалияттын адамдар артынан чуркай турган бир пикирдик агым экенин тастыктайт. Чындап эле дарвинизм башынан аягына чейин бир көз бойомочулук болгонуна, эч бир илимий далилге таянбаганына, илимий ачылыш жана эксперименттер менен тынымсыз четке кагылганына карабастан бүт дүйнөнү өз артынан ээрчиткен.

Аяндар 13тө айтылган «Бүт жер жүзү таң калып, жырткычтын артынан ээрчиди» сүйлөмүндөгү «таң калып» сөзү өтө терең маанилүү. Бул сөз аркылуу адамдардын таң калуу менен, б.а. эмне кылаарын билбестен дажжалдын артынан ээрчий турганы айтылууда. Дарвинизмдин жайылышы да дал ушундай болгон. Далилсиз бир теория ар түрдүү көз бойомочулук ыкмалары менен провокация кылынып, натыйжада бүт дүйнө эмне кылаарын билбей ал идеологиянын билип же билбей жактоочусуна айланган. Ал тургай, мунун натыйжасында дарвинист диктаторлук бүт өлкөлөрдү, бүт университеттерди, бүт билим берүү мекемелерин, бүт расмий мекемелерди жана бүт массалык маалымат каражаттарын таасири астына алган.

### *«Адамдар жырткычка бийлик берген ажыдаарга сыйынып жатышты.»*

Бул сүрөттөөдө айтылган жырткычка бийлик берген ажыдаар – дарвинизм өзүнө жасалма кудай тутунган илим. Адамдар илим ысмын дарвинизмди туура көрсөтүү үчүн колдонушту жана колдонуп жатышат. Илим дарвинизмди четке какса да, илимди жамынып чыгышып, илимди Аллахтын ордуна койушууда. Кээ бир дарвинист булактарда «илим жаңы Кудай» темасынын койулушу мунун ишке ашканын көрсөтүүдө. (Аллахты аруулайбыз)

***«Бул жырткычка ким тең келе алат? Аны менен ким салгылаша алат?» – деп, алар жырткычка табынып жатышты.***

Дарвинизмдин ар кандай борборлор тарабынан жайылтылышы, бүт дүйнөгө орнотулушу жана дарвинисттик диктаторлуктун таасири менен «четке кагылгыс» абалга алып келиниши натыйжасында адамдар бул чоң дажжалдык агымга моюн сунушту. Учурда дүйнөдө кандайдыр бир профессордун, бир мамлекеттик чиновниктин, бир мугалимдин, бир окуучунун, бир журналисттин дарвинизмге каршы сөз айтышы мүмкүн эмес. Ал кишилер заматта иштеринен айдалып, социалдык чөйрөлөрүнөн четке түртүлүп, карьералары аягына чыгат. Дарвинист диктаторлуктун мындай өкүмдарлыгы жана мындай мажбурлоосу, кысымчылыгы себебинен учурда бүт адамдар дарвинизмге моюн сунушту. Көпчүлүгү чындыкты билип туруп, дарвинисттик диктаторлуктун күчүнө туруштук бере албагандыктан, ага каршы чыгуунун ордуна, моюн сунушкан. Бул жерде дал азыркы абал сүрөттөлүп, дарвинисттик диктаторлукка кээ бир адамдардын моюн ийүүчүлүгү айтылууда. Дажжалият мына ушул.

***«Кудайды, Анын ысымын, Анын жашаган жайын, б.а. асманда жашагандарды жамандоо үчүн оозун ачты»***

Дарвинизм, дал ушул сөздөрдө айтылгандай, Аллах ишенимине каршы чыга алуу (Аллахты аруулайбыз) үчүн чыгарылган бир теория. Чындап эле биринчи күндөн баштап дүйнө жүзүндө атеизмди күчөтүп, Аллахка ишенгендер менен Жаратууну (креационизмди) жактагандар дайыма эволюция жактоочуларынын «бутасы» болуп келген. Атеисттик идеологиялардын баарынын эң негизги таянычы – бул дарвинизм. Ошондуктан бул өзгөчөлүгү менен дарвинизм бул текстеги дажжал сүрөттөөсүнө толук дал келет.

***«Жырткычка бардык уруулардын, элдердин, тилдердин, улуттардын үстүнөн бийлик берилди.»***

Чындап эле учурда дүйнөдө дарвинизм жетпеген бир айыл да, бир шаарча да жок. Дажжал кир идеологиясын бүт тарапка жайып, бүт жерге жетти.

Бүт бул түшүндүрмөлөрдөн апачык көрүнүп тургандай, Инжилде сүрөттөлгөн дажжал учурда бүт элдерге уусун жайган дарвинизмдин дал өзү. Тоорот менен Курандагы дажжал сүрөттөөлөрү да дарвинисттик идеологияга толук дал келет. Ыйык Китептердин баарында ар кандай сүрөттөөлөр менен бир эле дажжал кабар берилген. **Дажжал кээ бир евангелисттер ишенгендей бир өлкө, бир эл же бир коом эмес; коомдорду, элдерди жана өлкөлөрдү өкүмдарлыгы астына алган дарвинизм.**

# Дажжалды сүрөттөөдө жаңылыштыкка түшкөн бир катар евангелисттердин туура эмес такийе түшүнүгү

Бул жерде сөз кылынган бир катар евангелисттердин кооптуулук жараткан тарабы – бул алардын жакшылыкты, тынчтыкты жана сүйүүнү жактагандарды дажжал деши. Бул кызыктай көз-караш боюнча, Христиан эмес бир киши же коом потенциалдуу дажжал жана эгер тынчтыкты, бир туугандыкты, достукту, сүйүүнү жактаса, өзүнүн дажжал экенин жарыялаган болот. Евангелисттер Куран менен Тооротто билдирилген «куткаруучу Мехди» сүрөттөөсүн да туура эмес чечмелеп дажжал катары кабылдашууда. Мындай туура эмес дажжал түшүнүгү менен адамдарга «тынчтыкты жактабагыла», «адамдарды бир туугандыкка, жакшылыкка,

биримдикке чакырбагыла», «достукка жана бир туугандыкка чакырганды күмөн менен карагыла» деген пикирди сиңиришүүдө. Негизи өздөрү сезбей туруп, ал тургай балким каалабай туруп, дажжалдын каалаганын орундатып, жакшыны жаман көрсөтүп дажжалдын максатына кызмат кылышууда.

Кээ бир евангелист Христиандардын Мусулмандарга болгон туура эмес ишенимдеринин бири – бул такиййе жөнүндө айткан сөздөрү. Такиййе «коргонуу, сактануу» маанилерине келген бир сөз. Куранда Нахл Сүрөсүнүн 106-аятында **«Ким ыйманынан соң Аллахка (каршы) каапырдыкка адашып, -жүрөгү ыйманга ыраазы болгон абалда кысымчылык менен мажбурлангандан тышкары- каапырдыкка жүрөгүн ачса, мына ошолорго Аллахтан бир каар бар жана чоң азап ошолорго»** деп айтылат. Бул аятта ыйман кылганы менен кысымчылыкта калган бир кишинин өз жанына же башкалардын жанына коркунуч туулган оор абалдан кутула алуу үчүн утурумдук ыйманын тана алаары айтылууда. Башкача айтканда, жаны, мал-мүлкү, үй-бүлөсү же өлкөсү анык жана ыктымалдуу коркунучтарга туш болгондо бир адамдын убактылуу такиййе кылышы, б.а. тили менен ыйманынан кайтканын айтышы шариятка туура келет. Такиййенин мындан башка эч кандай мааниси жок.

Эмнегедир өкүмү ушунчалык ачык болгон бир түшүнүк кээ бир евангелисттер менен кээ бир Исламга каршы кишилердин башкача чечмелөөлөрүнө кабылган. Ал кишилер Куранда апачык айтылган бул түшүнүктү өз ойлорунда «тынчтыкты жактаган Мусулмандар бүт өмүрүн бир жалганга таяшат жана бүт адамдарды алдай алуу үчүн бул калпты жактап жашашат» деп чечмелешет. Негизи бул бир чечмелөө эле эмес, бул апачык бир доомат. Муну айткан кишилер Мусулмандарга «тынчтыкты жактап жатышат, бирок аягында чыныгы жүздөрүн көрсөтүп кыргын жасашат» деп доомат кылышууда, башка кээ бир Ислам душмандары болсо «тынчтыкты жана пикир жана ишеним эркиндигин жактагандай көрүнүшөт, бирок бүт адамдарды мажбурлап Исламга киргизүүгө аракеттенишет» деп муну бурмалашууда. Бул апачык бир ката, чоң бир жаңылыштык.

Эң биринчиден, чыныгы Мусулмандар Аллахтын Куранда билдиргенине эч шартсыз ишенип, орундатышат. Куранда болсо сүйүү, тынчтык, мээрим, кечиримдүүлүк билдирилген. Ислам дининин маңызы болгон чын ниеттүүлүк болсо жүрөктүн жана сөздүн бир болушу. Ошондуктан Мусулмандар Куранга туура келбеген бир мүнөздө болуудан өтө качынышат. Аллахтын буйруктарына ылайык дайыма тынчтыкты, сүйүүнү, бир туугандыкты, мээримди жакташат.

Такиййе – аяттан да көрүнүп тургандай, кысымчылыкта калган кишинин абалдан кутулуу үчүн тили менен ыйманын танганын айтышы. Бир Мусулман жашоосунда балким эч жолукпай турган өтө өзгөчө бир абалга тиешелүү болгон мындай бир сөздүн бир Мусулмандын бүт өмүрүнө тиешелүү нерсеге айландырылышы таң калыштуу. Бул жаңылыштыкка түшкөн кишилердин чыныгы Исламдан кабары жок, Куранда билдирилген дин ахлагынын чын ниеттүүлүккө, чынчылдыкка таянганын билишпейт. Мусулман өмүрүн жалган менен өткөрбөйт, бул арам. Мусулман бүт өмүрүн Мусулмандык алып келген чынчылдык менен жашайт. Сүйүү менен тынчтыкты болсо такиййе болсун деп эмес, Куранда Аллахтын буйругу болгону үчүн жактайт.

Бул жерде өтө чоң бир акылсыздык бар. Ойлонуп көрүңүз, бир адам Аллах ыраазылыгы үчүн бүт өмүрүн тынчтыкка, бир туугандыкка, адамдарды достоштурууга арнап, анан канчалаган кыйынчылык менен чогултуп, сүйүү биримдигин курган адамдарды кокустан өлтүрүүнү чечет. Эң биринчиден бул өтө акылсыз жана адашкан бир көз-караш. Бир адам эгер шайтандык пикирде болсо жана адамдарды өлтүргүсү келсе, анда кыргындар өтө кеңири тараган бүгүнкү күндө бул үчүн такиййе кылышынын эч кереги жок. Мындай дажжалдык жана шайтандык пикирин ансыз да ар кандай шартта жасай алат. Динди өз ойлорунда бир каражат катары колдонгон дажжал тараптары кишилердин бүгүнкү күндө муну каалагандай жасап жатканы белгилүү. Ал кишилер динди жамынып чыгышып, «диндин буйругуна ылайык» киши өлтүргүч болгонун айтышып, динге жана динчилдерге өтө чоң жалаа жабышууда жана жалган айтышууда. Чыныгы дажжалият мына ушул.

# Дажжалга чыныгы кызмат кылгандар – бул сүйүүгө, тынчтыкка, боорукердикке тыюу салгандар

«Тынчтыкты жактагандар такиййе кылып жатышат» деген логика боюнча, Христиан эмес бүт тынчтык тараптарлары дажжал деп жарыяланышы керек. Бүт сүйүү тараптарларына дажжал деп каралышы керек. Адамдардын дин, тил, раса, маданият, улут деп бөлүнбөстөн ынтымакта болушун каалагандардын баары дажжал. Боорукердикти жактаган дажжал. Достукту жактаган дажжал. Кыскасы, Куранда, Тооротто жана Инжилде Аллах мактаган бүт жакшы адептерди бир Мусулмандын жасашына кандайдыр бир мааниде тыюу салынган. Себеби бир Мусулман эгер жакшы адеп-ахлактуу болуп, тынчтыкты, сүйүүнү жактаса, анда евангелисттердин дажжал сүрөттөөсүнө кирип калат. Ошондуктан дүйнөдө ынтымак, бир туугандык жана диндер арасында биримдик түзүүгө аракеттенген чыныгы Мусулмандар менен бир евангелисттин дос болушу мүмкүн эместей көрүнөт. Себеби достук каалаган дажжал деп кабыл алынат, достук каалабаган болсо душман деп кабыл алынат. Бул кызыктай логика жакшы адеп-ахлактуу болууга тыюу салууда.

Бул көз-караш дүйнөнү балээге алып барууга жетиштүү. Бул көз-караштa дүйнөдө тынчтык калбайт, мээрим, кечиримдүүлүк калбайт. Мындай көз-караштa дүйнөдө тынчтыктын болушу, адамдардын сүйүү менен ынтымакта болушу мүмкүн эмес, себеби дүйнөнүн 23%ын түзгөн чоң бөлүгү дажжал тараптарлары деп каралууда. Дажжал тараптарлары менен биримдик түзүү мүмкүн болбогондуктан, Мусулмандардан дайыма алыс болуу, алардын тынчтык чакырыгына алданбоо, бир туугандык, достук, биримдик жөнүндө айтып жатышса ага ишенбөө зарыл деп кабыл алынат. Бир катар евангелисттер чыгарган жана миңдеген адамды ээрчиткен бузуку жана өтө кооптуу көз-караш мына ушундай.

Бул темадагы маанилүү мисалдардын бири – бул өздөрүн Мусулман көрсөткөн бир катар радикалдардын Иудейлер жөнүндөгү бузуку пикирлери. Алар да, жогоруда сүрөттөлгөн туура эмес көз-караштты Иудейлерге карата Мусулмандарда пайда кылууга аракеттенишкен. Алардын пропагандасы боюнча, Иудейлерди жек көрүү керек, алар менен эч дос болбош керек. Бул радикалдардын бул багытта өтө көп аракет кылганына карабастан, биз КУРАНГА МОЮН СУНГАН ЧЫНЫГЫ ДИНЧИЛДЕР КАТАРЫ Иудейлерге карата мындай көз-караш болбош керек экенин өтө жакшы билебиз. Биз жолуккан Тооротун маңыздуу өкүмдөрүнө моюн сунган Иудейлер «биз дүйнөгө тынчтык алып келүүнү каалайбыз, Тоорот бизге ушундай дейт» дегенде биз ошого гана ишенебиз. Себеби алар да, биз сыяктуу, диндин маңызын, б.а. тынчтык менен сүйүүнү жакташууда.

Бул абал Христиандарга да тиешелүү. Мусулманмын деген бир киши Аз. Иса (ас)дын келээрин күтүп жатам деген бир Христианды негизи такиййе кылып жатат, жакында келип мени өлтүрөт деп ишениши мүмкүн. Негизи бир катар Христиандардын Мусулмандарга болгон учурдагы көз-карашын караганыбызда мындай күмөнгө түшүү да өтө оңой. Бирок эч бир чыныгы Мусулман чыныгы бир Христиандан муну күтпөйт. Муну такиййе деп карабайт. Инжилге моюн сунган бир Христиандын чындыгында сүйүүгө жана боорукердикке толо экенин билет. Ошондуктан «жакшы нерсени жактап жатат, демек дажжал» деген көз-караш өтө акылсыз, өтө бузуку жана Аллах жараткан чыныгы дин ахлагына эч сыйбаган бир көз-караш.

Бир катар евангелисттер мындай сөздөрү менен негизи бүгүнкү күндө уланып жаткан жана бүт адамзатка балээ, бейпилсиздик жана коркунуч алып келген согуштарга кандайдыр бир мааниде колдоо көрсөтүүдө. Көпчүлүгү муну байкабашы мүмкүн, бирок келтирген зыяны чоң. Адамдарга эч тынчтык келбейт деген пикирди сиңиришип, массалык кыргындар, үрөй учурган сценарийлер уланат дешүүдө. Жапжаңы коркуу коомдорун пайда кылып, ал коомдорду Инжилдин чыныгысынан бүтүндөй алыс, жек көрүүгө толгон кишилерге айландырышууда. Муну Инжилге жана Христиандыкка кызмат деп ойлошууда, бирок негизи бул ыкма менен –билип же билбестен- учурда бүт дүйнөгө өкүмдарлык кылган дажжал системасына кызмат кылышууда. Мына ушул себептен бул кишилер бир салтка айланган жана кээ бир топтор эч ойлонбостон ишенген бул көз-караштын канчалык чоң коркунуч экенин эртерээк түшүнүшү зарыл.

# Мусулмандар Куран боюнча Иудей менен Христиандарды жакшы көрүп, боорукердик кылышат. Бул такиййе эмес, Курандын өкүмү

«Мусулмандар тынчтыкты каалап такиййе кылышууда» дегендердин чындыгында Куран өкүмдөрү жөнүндө жетиштүү маалыматы жок экени да анык. Куранда Иудейлер менен Христиандар Мусулмандардын коргоосу жана кепилдиги астына берилген. Бир Мусулман сөзсүз ахли китапка боорукердик жана сүйүү көрсөтүүгө милдеттүү. БУЛ ӨКҮМДӨР ТАКИЙЙЕ БОЛСУН ҮЧҮН ЭМЕС, СҮЙҮҮ МЕНЕН ДОСТУКТУН НЕГИЗИ БОЛГОН ЧЫНЫГЫ КУРАН АХЛАГЫ ОРНОСУН ҮЧҮН бар. Бир Мусулман чыныгы Куран ахлагында болгондуктан ахли китапты жакшы көрүп, боорукердик кылат.

Ал тургай, Куран өкүмү боюнча, бир Мусулман ахли китаптан бир аял менен үйлөнө алат, анын тамагын жей алат. Бир адам кантип үйлөнгөн, балдарынын апасы болгон, «жубайым», «аялым», «сүйүктүүм» деген бир адамын кокустан бир күнү өлтүрүүнү чечиши мүмкүн? Бул кандай бир көз-караш: көп жылдар бою жакшы мамиле кылып, чогуу үй-бүлө куруп, балдарын чоңойтуп, сүйүп, урмат көрсөткөн соң Мусулман эркек кокустан оюн өзгөртүп, «мен негизи такиййе кылдым, сени эми өлтүрөм» деп куралга чуркашы мүмкүн?

Бул жиндидей бир ишеним, жиндидей бир күмөн. Ал евангелисттер өздөрү жактаган көз-караштын акылсыздыктарын түшүнө алышпоодо. Чыныгы Куран өкүмдөрүн да билишпегендиктен, туура эмес түшүнүк чыгарышып, мунун натыйжасында көп адамдар билбестен Исламга каршы болуп калышууда. Ошондуктан дүйнө жүзүндө чыныгы бир тынчтык менен достук эч мүмкүн болбоодо.

# Аз. Мехди (ас) кан төкпөйт жана бул өкүмдүн сыртына эч чыга албайт

Бир катар евангелисттер белгилүү мөөнөттөн соң Аз. Мехди (ас)дын такиййе кылганы белгилүү болот дешүүдө. Аз. Мехди (ас) тынчтыкты жактаган саясатын таштап, үрөй учурган кыргындарды жасайт дешет. Бул акылга сыйбас пикирге эң сонун жооп Пайгамбарыбыз (сав)дын хадистеринде берилген. Мындан тышкары, хадистерге окшош сөздөрдү Төөрот тексттеринен да көрүүгө болот.

Мусулмандар ишенген жана Пайгамбарыбыз (сав)дан риваят кылынган хадистер аркылуу өтө терең сүрөттөлгөн Мехдинин эң чоң өзгөчөлүгү – бул башчы болгондо БИР ТАМЧЫ ДА КАН ТӨКПӨЙ ТУРГАН БОЛУШУ. Бул жерде баса белгилей кетчү бир жагдай бар: Мехдинин кан төкпөй турган болушу Пайгамбарыбыз (сав)дын буйругу. Пайгамбарыбыз (сав) муну ага билдирилген вахий менен айткан. Ошондуктан Аз. Мехди (ас)дын бул өкүмдүн сыртына чыгышы мүмкүн эмес. Эгер бир киши бул өкүмдүн сыртына чыгып, кан төксө, анда ал кишинин Мусулмандык менен байланышы калбаган болот. Аз. Мехди (ас) Пайгамбарыбыз (сав)дын буйругун сүйүп, каалап, чын жүрөктөн сөзсүз орундатат. Мунун сыртына чыгышы мүмкүн эмес, андай кылбайт дагы.

Бир киши Аз. Мехди (ас) болушу үчүн анда болушу керек болгон өзгөчөлүктөр хадистерде терең белгиленген. Аз. Мехди (ас)дын сүйүүнү, тынчтыкты, бир тууугандыкты, мээримди алдыңкы планга койоору, муну жайуу үчүн илим менен күрөш жүргүзөөрү, адамдардын ыйманына себепчи болоору кабар берилген. Мехди (ас) сонун Ислам ахлагынын орношуна себепчи болот.

Ислам булактарында билдирилген Мехди Иудей булактарында айтылган Хан Мошийах (Машайак) жана Инжилдеги Фараклит жана суу кумурасын көтөрүп жүргөн адам деп айтылган киши менен бир. Азыр Мехдийет доорунда жашап жатабыз. Аллахтын уруксаты менен Аз. Мехди (ас) жашап жатат жана иш-аракетин жүргүзүп жатат, биз анын чыгышын гана күтүп жатабыз. Ошондуктан биз жашап жаткан доор Мехди доору болгондуктан, МЫНДАН КИЙИН СОГУШ БОЛБОЙТ. ЧОҢ СОГУШТАР БҮТТҮ. Согуш болот деген сөздөр дагы белгилүү убакытка чейин уланат, бирок согуш болбойт. Ошондуктан бир катар евангелисттердин согуш күтүүлөрү эч натыйжа бербейт.

## Аз. Мехди (ас) курал-жарактарды жок кылат жана адамдарга пайдалуу абалга алып келет

Ислам боюнча, Аз. Мехди (ас)дын эң чоң өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул башчы болоор замат курал-жарактардын баарын жок кылышы. Бул Тооротто да айтылган бир өкүм, жана бул өкүм боюнча Хан Мошийах (Мехди) башчы болгондо бүт курал-жарактарды жок кылат. Бүт курал-жарактар ээритилип, өнөр-жайда колдонулат жана адамдарга пайдалуу абалга алып келинет. Кичинекей бир топтун согуш болот деген сөздөрдү жайышы Аллах бул дүйнө үчүн белгилеген сонун тагдырды өзгөртө албайт.

Бул дүйнөнүн тагдыры Алтын кылымды көздөй баратат. Ооба, учурда Мехди чыгаардан мурда Инжилде да айтылган чыгуу алааматтары болот жана болууда. Дүйнөдө болуп жаткан башаламандыктар ушул чыгуу алааматтарына ишарат кылууда. Бирок булардын эч бири чоң бир дүйнөлүк согушка алып келбейт. Хадистерде айтылышы боюнча согуш болот деген сөздөр болот, бирок согуш чыкпайт. Дажжал Аз. Мехди (ас) тарабынан жеңилүүгө дуушар кылынат. Бул кээ бир евангелисттер күткөндөй кан жана кыргындар менен эмес, сүйүү менен, мээрим менен, достук менен, илим менен болот.

## Аз. Мехдинин кан төкпөшү жөнүндө кээ бир хадистер

*Адамдар, бал аарыларынын башчылары айланасында чогулушу сыяктуу, Аз. Мехди (ас)дын айланасында чогулушат. (Аз. Мехди (ас)) Мурда зулумдукка толгон дүйнөнү адилеттикке толтурат. Адилеттиги ушунчалык болгондуктан,* ***уктап жаткан бир адам да ойготулбайт жана БИР ТАМЧЫ ДА КАН ТӨГҮЛБӨЙТ.*** *Дүйнө аср-ы саадет (бакыт кылымы) дооруна кайткандай болот. (El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, 29 жана 48-беттер)*

*Аз. Мехди (ас) Пайгамбар (сав)дын жолунан жүрөт,* ***уктап жаткан кишини ойготпойт, КАН ДА ТӨГҮЛБӨЙТ.*** *(Muhammed B. Resul Al-Hüseyni El Berzenci, Kıyamet Alametleri, Patuk Yayınları, Kıyamet Alametleri, б. 163)*

*Бул (Амир) болсо (Аз. Мехди (а.с.)) адамдар жер жүзүн мурда зулумдукка толтурган сыяктуу, ЖЕР ЖҮЗҮН АДИЛЕТТИККЕ ТОЛТУРАТ. (Sünen-i İbn-i Mace, 10/348)*

*Зулумдук менен бузукулукка толгон ДҮЙНӨ АЛ (АЗ. МЕХДИ (А.С.)) КЕЛГЕН СОҢ АДИЛЕТТИККЕ ТОЛУП ТАШАТ. (El Kavlu'l Muhtasar Fi Alamatil Mehdiyy-il Muntazar, б. 20)*

*Идиш сууга толгон сыяктуу ЖЕР ЖҮЗҮ ТЫНЧТЫККА ТОЛОТ. Эч кимдин арасында бир ДУШМАНДЫК КАЛБАЙТ. ЖАНА БҮТ ДУШМАНДЫКТАР, УРУШТАР, КЫЗГАНЫЧТЫКТАР СӨЗСҮЗ ЖОК БОЛОТ. (Sahih-i Müslim, 1/136)*

*... Анын (Аз. Мехди (а.с.)) доорунда жакшы адамдардын жакшылыгы көбөйөт, жамандарга да жакшылык кылынат.» (Kitab-ul Burhan Fi Alamet-il Mehdiyy-il Ahir Zaman, б. 17)*

## Аз. Мехди (ас) илимий күрөш менен адамдарга согушту унуттуруп, тынчтык менен сүйүүнү орнотот

Аз. Мехди (ас) эч кан төкпөйт жана бүт курал-жарактарды жок кылат, демек бир катар евангелисттердин айткандарынын негизсиз экени анык. Аз. Мехди (ас)дын кан төкпөө өзгөчөлүгү көп жылдар бою жүргүзгөн илимий күрөштүн натыйжасында келип чыгат. Адамдар бир тууган болуп бир-бирин кучакташат жана чыныгы сүйүү орнойт. Аз. Мехди (ас) мындай чөйрө түзүлүшү үчүн өмүр бою бүт адамдарды, бүт динчилдерди достук жана тынчтыкка чакырат. Дүйнө жүзү тынчтык пикирин кабыл алып, сүйүүнүн жакшы экени жөнүндө тарбияланат жана жек көрүүнү бир тарапка таштошат. Ошондуктан дүйнө бузулуп, башаламандык ичинде турган бир доордо сүйүү уруктары кыйынчылык жана өтө көп аракет менен ташталганда, евангелисттер айткандай Аз. Мехди (ас)дын кокустан бир күнү «бул болгону бир такиййе эле, негизи булардын баарын кыргын үчүн жасадым» деши хадистерге, Куран жана Тоорот өкүмдөрүнө туура келбейт, жана өтө логикасыз нерсе.

Курал-жарактар жок кылынып, бүт адамдар тынчтыктын зарылдыгына ишенип, бир-бирин сүйүп, адилеттик камсыздалган болот. Булардын баарына ар кандай кыйынчылыктар менен, дооматтарга, айыптоолорго, коркутууларга карабастан, көп жылдар бою жүргүзгөн илимий күрөшү менен жеткен Аз. Мехди (ас) кокустан оюн өзгөртүп, кантип Христиандар айткандай бир кыргынды жасашы мүмкүн? Аз. Мехди (ас) эч качан мындай кылбайт, бирок мындан тышкары шарттар да эми согушка мүмкүндүк бербей турган болуп өзгөргөн болот. Айланада тынчтыкты жактаган адамдар бар жана бир дагы курал жок. Куралдар ээритилип, жок кылынган болот. Бүт адамдар Куран боюнча тынчтыктын зарылдыгына чын жүрөктөн ишенген кезде кайсы маалымат менен адамдарды согуштун зарылдыгына ынандырууга болот? Адамдарга Курандан далилдер келтирилип, аяттар айтылып, Куран боюнча жер жүзүндө тынчтыкты орнотуу керек экени түшүндүрүлгөн болот. Христиандарга жана Иудейлерге сүйүү жана боорукердик менен мамиле кылуу керек экени түшүндүрүлгөн болот. Бүт адамдар булардын Аллахтын буйругу экенин түшүнгөн болот. Мындан соң ал адамдарды мунун тескерисине кантип ынандырууга болот?

Бул албетте өтө логикасыз бир нерсе. Адамдардын согушту унутушу, согушка ынандырууга мүмкүн эмес даражага келиши Аз. Мехди (ас) менен мүмкүн болот. Аз. Мехди (ас) доорунда Курандын туура өкүмү адамдарда орногон болот. Туура өкүмдү эч ким эч качан буза албайт. Мехдийет доору Курандын сүйүүгө толгон жылуулугу, тынчтык жана бейпилдик өкүм сүргөн сонун бир доор болот.

# Бүт ыймандуулар дүйнөнү сулуулуктун, сүйүүнүн, тынчтыктын мекени кылууга милдеттүү

Бул бөлүмдө кыскача каралган пикирлерди чыгарган евангелисттер Инжилди сүйгөн адамдар болгонуна карабастан, Инжилде кездешпеген үрөй учуруучу бир фантазияны туура деп кабыл ала турган абалга келишкен. Бул кишилер көрмөксөн болгон чыныгы дажжал ыймандуу адамдарга да ушунчалык үрөй учурарлык таасир бере алууда. Аттардын мойнуна чейин жете турган канды күткөн бир динчил үрөй учурарлык жашоодо жашап, өз тараптарларына да үрөй учурарлык жашоо жашатууда. Дажжалдык система мына ушул жерде өзүн дароо көрсөтүүдө.

Бир адам чыныгы Мусулман болсо тынчтыкты каалоого жана жактоого милдеттүү. Адамдар арасында сүйүү менен боорукердик биримдигин курууга милдеттүү. Бир адам чыныгы Мусулман болсо Христианды эч качан жек көрбөйт, Иудейди эч качан жек көрбөйт. Булар ага арам. Ал тургай, Мусулман ыйман кылбаган бир адамды да

жанын үрөп коргоого, аны аман-эсен бара турган жерине жеткирүүгө милдеттүү. Бул Мусулмандын Куранда билдирилген бир сыпаты:

> **Эгер мушриктерден бирөө сенден «амандык суранса», ага амандык бер; ошентип Аллахтын сөзүн уксун, анан аны «коопсуздук ичинде бара турган жерине жеткир.» Бул алардын албетте билбеген адамдар болушу себептүү. (Тообо Сүрөсү, 6)**

Мусулман Куран боюнча, ким болсо болсун ага корголонгонду коргоого милдеттүү. Эгер бир Мусулман мындан башкача бир мамиле кылса, анда Мусулмандык сыпатын жоготкон болот. Бул ал өмүр бою улантышы керек болгон бир сонун адеп-ахлак өзгөчөлүгү. Мындан тышкары, хадистерде Мусулмандар менен Христиандардын дажжалга каршы биримдик түзөөрү да кабар берилет. Аз. Иса (ас) келгенде Аз. Мехди (ас) менен чогуу иш-аракет жүргүзүп, дажжалды илим менен жок кылат. Дажжалияттын жок кылынышы жана дүйнөгө тынчтык орношу үчүн бул эки динди тутунгандардын биримдик түзүшү өтө маанилүү.

Бүт диндердин жана пайгамбарлардын ашыгы болгон Аз. Мехди (ас) чыкканда, Аллах ал күчтүү сүйүүнүн коолдугун да дүйнөгө алып келет. Дүйнө сүйүү менен тынчтыктын мекени болуп, сулуулуктар менен молчулуктардын жерине айланат. Евангелисттер туура эмес жана өтө кооптуу болгон жогорудагыдай үрөй учуруучу сценарийлерден кутулуп, чыныгы Мехди жана Месих кубанычын жашашы жана бул сонун тынчтыктын орношу үчүн сүйүү менен бир туугандыкты жайып, даярдык көрүшү зарыл. Аллахтын каалаганы ушул.

# КОШУМЧА БӨЛҮМ
# ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаралуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фосилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фосил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип**

**чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фосилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фосилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фосилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теорияm туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фосил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фосилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фосили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фосил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фосил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фосил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер

кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фосилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фосилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фосилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фосил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фосилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын

негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы

музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фосилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштьı, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок.**
**Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

# АРТКЫ БЕТ ТЕКСТИ

Бул китептин жазылуу максаты – эч Христиан бир туугандарыбызды сындоо, аларды жамандоо, Инжилди толугу менен жокко чыгаруу же Христиандык динин жок кылуу эмес. Куран Инжил менен Тооротту жокко чыгаруу үчүн эмес, аларды тастыктоочу катары жөнөтүлгөн. Бул китепте Христиан дини атынан туура эмес билингендер Инжил менен Куран аяттарынын негизинде сүрөттөлүп, Христиандар биримдикке чакырылууда. Муну унутпаш керек: Куранда Христиандар менен Иудейлер «Ахли китап» деген өзгөчө бир статуска ээ жана атеизмге каршы Мусулмандардын союздашы. Аз. Иса (ас)дын келиши сүйүнчүлөнгөн биз жашап жаткан доордо үч Ибрахимдик диндин биримдиги зарыл жана шарт. Ыймандуулардын биримдиги аркылуу Аллах бүт дүйнөнү бейпилдик менен коопсуздукка толтуруп, дүйнө адилеттиктин жана бактылуулуктун мекенине айланат.

**АВТОР ЖӨНҮНДӨ:** Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон Аднан Октар 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдаган. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги орток максаты – бул Куранга чакырууну дүйнөгө жайылтуу, ушундайча адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет күнү сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ойлонууга чакыруу жана каапырдык системалардын чирик фундаменттерин жана адашкан иш-аракеттерин көрсөтүү. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 60 тилге которулган 300дөн ашуун эмгектери дүйнө жүзүндө көп адамдар тарабынан окулуп жатат.

Харун Яхья эмгектери – Аллахтын буйругу менен- 21-кылымда дүйнө жүзүн Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болот.